ХАРУН ЯХЬЯ
(АДНАН ОКТАР)

УЧУРДАГЫ КАРАҢГЫ КООМДОРДУН
КАРАҢГЫ ДИНИ

# «АДАМ БОЛУУ» ДИНИ

Алар дагы эле караңгылык өкүмүн
издеп жатышабы?
Так илим менен (чындап) ыйман
келтирген бир коом үчүн өкүмү
Аллахтан да жакшы болгон ким?
(Маида Сүрөсү, 50)

## УЧУРДАГЫ КАРАҢГЫ КООМДОРДУН КАРАҢГЫ ДИНИ

# «АДАМ БОЛУУ» ДИНИ

**Алар дагы эле караңгылык өкүмүн издеп жатышабы?**
**Так илим менен (чындап) ыйман келтирген бир коом үчүн өкүмү**
**Аллахтан да жакшы болгон ким?**
**(Маида Сүрөсү, 50)**


# ХАРУН ЯХЬЯ
# (АДНАН ОКТАР)
# HARUN YAHYA
# (ADNAN OKTAR)

Bu kitapta kullanılan ayetler, Ali Bulaç'ın hazırladığı
"Kur'an-ı Kerim ve Türkçe Anlamı" isimli mealden alınmıştır.

**Beşinci Baskı: Mart 2004**
**Altıncı Baskı: Ekim 2004**
**Yedinci Baskı: Şubat 2005**
**Sekizinci Baskı: Ocak 2006**
**Dokuzuncu Baskı: Şubat 2006**
**Onuncu Baskı: Mart 2006**
**Onbirinci Baskı:Aralık 2009**

**ARAŞTIRMA**
**YAYINCILIK**

Talatpaşa Mah. Emirgazi Caddesi
İbrahim Elmas İş Merkezi
A Blok Kat 4 Okmeydanı - İstanbul
Tel: (0 212) 222 00 88

Baskı: Seçil Ofset / 100. Yıl Mahallesi
MAS-SİT Matbaacılar Sitesi
4. Cadde No: 77 Bağcılar-İstanbul
Tel: (0 212) 629 06 15

www.harunyahya.org - www.harunyahya.net

# МАЗМУНУ

**КИРИШҮҮ**

**АКЫЙКАТ ДИНГЕ КАРШЫ БОЛГОН «АДАМ БОЛУУ» ДИНИ**

**АДАМ БОЛУУ**

**«АДАМ БОЛУУ» ДИНИНДЕГИ ОРТОК ПСИХОЛОГИЯ**
**ЖАНА КЫЙМЫЛ-АРАКЕТ КАЛЫПТАРЫ**

1- Жасалма кыймыл-аракет, мамилелер
2- Сүйлөө бузуктуктары
3- Шылдыңчылдык
4- Маани бербестик, камырабастык
5- Заалымдык
6- Ачуусуна тийүү тактикалары
7- Жаңы пикирлерге жана сын-пикирге жабык болуу
8- Конокторго көз-караш
9- «Адам болуу» навсинде улгайуу психологиясы
10- «Адам болуу» дининде адамдарды бөлүү
11- «Адам болуу» дининде дос тандоо критерийлери
12- Өз кызыкчылыгын ойлоо
13- Кошоматчылык
14- «Адам болуу» дининде кабанаак аракеттер
15- Жигиттик түшүнүгү
16- Туура эмес урмат түшүнүгү

**«АДАМ БОЛУУ» ДИНИНДЕ «ЛИЦЕЙ ОКУУЧУСУ» ПСИХОЛОГИЯСЫ**

**«АДАМ БОЛУУ» ДИНИНДЕ «ФЛИРТ (ЖҮРҮҮ)» ПСИХОЛОГИЯСЫ**

**«АДАМ БОЛУУ» ДИНИНДЕ «ҮЙ-БҮЛӨ» ПСИХОЛОГИЯСЫ**

Той психологиясы
Үй-бүлө курган соң

**«АДАМ БОЛУУ» ДИНИНДЕ «АЯЛ БОЛУУ» ПСИХОЛОГИЯСЫ**
«Ойсоке» (обу жок жасанган, ажаан) мүнөзү

**«АДАМ БОЛУУ» ДИНИНДЕ «ЖУМУШ» ПСИХОЛОГИЯСЫ**

**«АДАМ БОЛУУ» ДИНИНДЕГИ ТУУРА ЭМЕС ИСЛАМ ТҮШҮНҮГҮ**
Жалган (батыл) динди таштоо

**ЖЫЙЫНТЫК**

**ДАРВИНИЗМДИН КЫЙРАШЫ**

# ОКУРМАНГА

Автордун эмгектеринде эволюция теориясынын кыйрашына атайын орун беришинин себеби – бул теориянын ар түрдүү динге каршы бир философиянын негизин түзүгөндүгүндө. Жаратылуу жана натыйжада Аллахтын бар экендигинен баш тарткан дарвинизм 140 жылдан бери көптөгөн адамдардын ыйманын жоготушуна же жүрөктөрүндө күмөн жаралышына себеп болуп келди. Ошондуктан, бул теориянын бир калп экендигин ачык далилдөө - абдан маанилүү ыймандык милдет. Бул маанилүү кызматтын бардык адамдарга жеткирилиши зарыл.

Дагы бир белгилей кетчү жагдай – бул китептердин мазмуну менен байланыштуу. Автордун бардык китептеринде ыйман темалары Куран аяттары негизинде түшүндүрүлүүдө, адамдар Аллахтын аяттарын үйрөнүүгө жана жашоого чакырылууда. Аллахтын аяттары менен байланыштуу бардык темалар окурмандын акылында эч кандай күмөн же суроо белгиси жаралбай турган негизде түшүндүрүлүүдө.

Түшүндүрүүдө колдонулган чынчыл, жөнөкөй баян китептердин жаш-кары дебей бүт адамдардын оңой түшүнүшүнө шарт түзүүдө. Таасирдүү жана жөнөкөй баян колдонулган китептер - «бир токтобой окулчу» китеп өзгөчөлүгүнө ээ. Динден баш тартуу бойунча өжөрлүк көрсөткөн адамдар да бул китептерде түшүндүрүлгөн чындыктардан таасирленүүдө жана түшүндүрүлгөндөрдү калпка чыгара албай келет.

Бул китеп жана автордун башка эмгектерин окурмандар жалгыз окуса да, маектешүү чөйрөсүндө окушса да болот. Бул китептенден пайдаланууну каалагандардын чогуу маек курушу, тажрыйба жана пикирлерин ортого койушу пайдалуу болот.

Ошондой эле, жалаң гана Аллахтын ыраазычылыгы үчүн жазылган бул китептердин таанылышы жана окулушуна себепчи болуу да чоң кызмат болмокчу. Себеби автордун бардык китептеринде далил жана ишендирүү тарабы абдан күчтүү. Ушул себептен динди түшүндүрүүнү каалагандар үчүн эң эффективдүү ыкма – бул китептерди окууга башка адамдарды да үндөө болмокчу.

Бул эмгектерде башка кээ бир эмгектерде байкалчу жазуучунун жекече ойлору, шектүү булактарга таянган сөздөрү, ыйык нерселерге болгон керектүү адап жана урматка көңүл бурбаган баяндар, үмүтсүз, күмөн жаратуучу түшүндүрүүлөрдү жолуктурбайсыз.

# АВТОР ЖАНА ЭМГЕКТЕРИ ЖӨНҮНДӨ

Эмгектеринде Харун Яхья атын колдонгон автор (Аднан Октар) 1956-жылы Анкарада (Түркия) төрөлдү. Башталгыч, орто мектеп жана лицейди Анкарада бүтүрдү. Андан соң Стамбул Мимар Синан университетинин Көркөм өнөр факультетинде жана Стамбул университети Философия бөлүмүндө билим алды. 1980-жылдардан бери ыйман, илимий жана саясий темаларда көптөгөн эмгектер даярдады. Мындан тышкары, автордун эволюция теориясынын жактоочуларынын алдамчылык ыкмаларын, алардын жактаган нерселеринин (эволюция теориясынын) туура эместигин жана Дарвинизмдин кандуу идеологиялар менен болгон караңгы (жашыруун) байланыштарын ортого койгон абдан маанилүү эмгектери бар.

Харун Яхьянын эмгектери дээрлик 30000 сүрөттү камтыган жалпысы 45000 беттик бир эмгектер жыйнагынан турат жана бул эмгектер жыйнагы дүйнөнүн 60 тилине которулган.

Автордун эмгектеринде колдонгон аты чындыктан баш тартуучу пикирлерге каршы күрөшкөн эки пайгамбардын урматына, алардын атын эскерүү үчүн Харун (Муса пайгамбардын жардамчысы) жана Яхья (Иса пайгамбардын жардамчысы) аттарынан куралган. Автор тарабынан китептеринин сыртында колдонулган Расулуллахтын мөөрүнүн колдонулушунун символикалык мааниси – китептердин мазмуну менен байланыштуу. Бул мөөр Куран-ы Керимдин Аллахтын акыркы китеби жана акыркы сөзү, Пайгамбарыбыз (С.А.В.)дын да хатем-ул анбия экендигин көрсөтөт. Автор жарыкка чыккан бардык эмгектеринде Куранды жана Расулуллахтын (С.А.В.) сүннөтүн өзүнө жол көрсөткүч кылууда. Ушундай жол менен баш тартуучу философия системаларынын бардык негизги жактаган нерселерин бир бирден жыгууну жана динге каршы багытталган каршы пикирлерди толугу менен оозун жабуучу «акыркы сөздү» айтууна максат кылууда. Абдан терең акыл (хикмат) ээси жана идеалдуу инсан Расулуллахтын (С.А.В.) мөөрү бул акыркы сөздү айтуу ниетинин бир дубасы катары колдонулуп келүүдө.

Автордун бардык эмгектериндеги орток, негизги максат – Куранга чакырууну бүт дүйнөгө жеткирүү, мындай жол менен адамдардын Аллахтын бар экендиги, жалгыздыгы жана акырет сыяктуу негизги ыйман темалары жөнүндө ой жүгүртүүлөрүнө түрткү болуу жана чындыктан (Аллахтан) баш тартуучу системалардын чирик фундаменттерин жана туура эмес иш-аракеттерин ачыкка чыгарып, адамзатка көрсөтүү.

Харун Яхьянын эмгектери Индиядан Америкага, Англиядан Индонезияга, Польшадан Босния-Герцоговинага, Испаниядан Бразилияга чейин дүйнөнүн көптөгөн өлкөлөрүндө жактырылуу менен окулууда. Англис, француз, немец, италия, испан, португалия, урду, арап, албания, орус, босния, уйгур, индонезия тилдери сыяктуу көптөгөн тилге которулган бул эмгектер Түркия сыртында да көптөгөн китеп окуучулар тарабынан окулуп келүүдө.

Дүйнөнүн бардык тараптарында окурмандардын көңүлүнөн орун алган бул эмгектер көптөгөн адамдардын ыйманга келишине, башкаларынын ыйманынын тереңдешине себепчи болууда. Китептерди окуп, анализдеген ар бир адам бул эмгектердин терең акыл, кыска-нуска, оңой түшүнүлө турган жана чын жүрөктөн чыккан сөздөр экендигин, акыл жана илимге таянгандыгын байкашууда. Бул эмгектер – ылдам таасир берүү, так натыйжа жаратуу, талашсыз жана толук илимий болуу өзгөчөлүктөрүнө ээ. Бул эмгектерди окуган жана булар жөнүндө терең ойлонгон адамдар материалисттик философия, атеизм жана ар кандай адашкан ой-пикир жана философиялардын чындыктан алыс экенин байкай алышат. Муну түшүнгөндөн кийин материализмди жактагандар ызалык, өжөрлүктөрү айынан гана жакташат, себеби илимий тараптан материализм жокко чыгарылды. Заманыбызда бардык чындыктан баш тартуучу агымдар Харун Яхья эмгектеринен илимий, идеялык жактан толук жеңилген абалда.

Шек жок, мындай өзгөчөлүктөр – Курандын терең мазмундуулугу жана өзгөчө баяндоосунун натыйжасы. Автор бул эмгектери менен мактанууну максат кылбайт, жалаң гана Аллахтын адамдарды туура жолго салуусуна себепчи болуу ниетинде. Мындан тышкары, бул эмгектердин жарыкка чыгып, таралышында акча табуу максат кылынбайт.

Бул чындыктарды эске алсак, адамдардын байкабаган чындыктарды байкашын камсыз кылган, алардын туура жолду табышына жардамчы болгон бул эмгектерди окууга үндөөнүн абдан маанилүү бир кызмат экендиги жакшы түшүнүктүү болот.

Бул баалуу эмгектерди таанытуу ордуна, адамдардын башын айланткан, пикирлерде кайчылаштыктар, күмөндөр жараткан, ыйманды куткарууда күчтүү жана так бир таасири болбогон демейки, монотондуу китептерди жайылтуу эмгек жана убакыт жоготуусуна алып келет. Негизги максат ыйманды куткаруу эмес, автордун адабий күчүн көрсөтүү болгон эмгектердин күчтүү таасирдүүлүккө жетиши кыйын. Бул бойунча шектенүү жаралгандар бар болсо, Харун Яхьянын эмгектеринин максатынын динсиздик менен күрөшүү жана Куран ахлагын жайуу гана экендигин бул кызматтын таасири, ийгиликтери жана окурмандардын ыраазы болгонунан байкашса болот.

Дүйнөдөгү зулум жана баш аламандыктар, Мусулмандар көрүп жаткан азаптардын негизги себебинин динсиздик пикирлеринин дүйнөдөгү өкүмчүлүгүнүн натыйжасы экендигин билүү зарыл. Бул абалдан кутулуу үчүн динсиздикти илим менен жеңүү, ыйман акыйкаттарын, чындыктарын ортого койуу жана Куран ахлагын адамдар түшүнө ала турган деңгээлде түшүндүрүү зарыл. Зулумдук, согуштар күчөгөн азыркы күндө бул кызматтын колдон келишинче ылдам болушу айдан ачык. Болбосо кеч болуп калышы мүмкүн.

Бул маанилүү кызматта алдыңкы ролду аркалаган Харун Яхья эмгектери, Аллахтын буйругу менен, XXI кылымда дүйнө инсандарын Куранда сүрөттөлгөн бейпилдик жана тынчтыкка, чынчылдык жана адилеттүүлүккө, сулуулук жана бактылуулукка жеткирүүгө бир себепчи болмокчу.

# Киришүү

Адамдардын көпчүлүгүн, алар байкабаса да, таасири астына алган жалган, негизсиз (батыл) бир дин бар. Бул - өзүн ачык тааныштырбаган жашыруун бир дин. Эч кандай жазылуу эрежелери жок. Аты да жок. Бирок адамдардын кыймыл-аракеттерин, ой-пикирлерин башкарат. Көп адамдар эч маани берип, байкабастан жашоолору боюнча бул диндин эрежелерин аткарышып, бул диндин буйрук жана тыюуларына ылайык жашашат. Бул жалган (батыл) дин – Мусулмандык, Христиандык же Мусевилик (Иудейлик) эмес. Бул жалган динге баш ийген адамдардан суралганда балким «Мен Мусулманмын» же «Мен Христианмын» деши мүмкүн. Кээ бир адамдар динсиз же ал тургай атеист болушу да мүмкүн. Бирок булардын баары чынында бул жашыруун динди тутунушат.

Бул жалган дин башында адамдардын алдына толугу менен коюлуп, аларга сунуш кылынбайт. Адамдар бул динди бул дүйнөгө келгенден баштап алган көп жылдык «тарбиянын» натыйжасында кабыл алышат. Ошондуктан, кыймыл-аракет, ой-пикир, мамилелеринин, ал тургай, мимикаларынын да бул динге таянганын байкашпайт.

Бул жалган дин аны тутунгандарга максат катары «адам болууну» көрсөтөт. «Адам болуу» - бул ошол диндин баалуулуктарын кабыл алуу, эрежелерин, тыюуларын жана кыймыл-аракет калыптарын жасоо, анын кулк-мүнөз өзгөчөлүктөрүнө ээ болуу дегенди билдирет. Коом тарабынан кабыл алынуу, алардан бөлүнүп калбоо, белгилүү бир жерге жетүү үчүн адам болуу шарт. Бул дин «адам болуу» дини. Биз бул динди «адам болуу дини» деп атайбыз. «Адам болуу» дини адамдарды жасалмалыкка, жасалма аракеттерге түртөт. Бул жалган динди тутунгандар көбүнчө чын жүрөктөн, көңүлү каалагандай эркин жана табигый аракет кыла алышпайт. Ичинде турган чөйрөгө ыңгайлуу деп ойлогон аракет калыптарын, сүйлөө калыптарын, мимикаларды колдонушуп, дээрлик дайыма роль ойношот. Ушуга карабастан, өздөрүн абдан табигый жана кадимки абалда өмүр сүрүп жатам деп ойлошот.

Бул жалган система натыйжада өзүнө да чын пейилден мамиле кыла албаган, жасалма бир адамдык кыял-жорукка ээ адам моделдерин чыгарат. Бүт тараптан азап жана кыйналуу бере турган мындай шайтандык бир диндин коомдун бардык тараптарын таасири астына алышынын эң маанилүү себеби – жогоруда айтылгандай, бул диндин атынын коюлбагандыгында. Бул шайтандык динди тутунгандар бул диндерин сынга алуу, аны таштоо же өзгөртүү жөнүндө бир саамга да ойлонушпайт. Себеби алар жашап жаткан системанын бир дин экенин билишпейт. Алар баш ийген системасын «жашоонун чындыктары, өзгөрбөс эрежелери» катары көрүүнү бир эрдик деп ойлошот.

Адам ичинде турган мындай абалдан баш тартмайынча, «адам болуу» дининен айрылмайынча, Исламды толук түшүнө албайт жана жашай албайт. Себеби Исламдын негизги шарттарынын бири – бул табигый болуу (жасалма болбоо) жана ыкластуулук. Бир адамдын Ислам менен жашашы жана натыйжада чыныгы бактылуулук жана кутулууга жетиши ал адам Аллахка, өзүнө жана башка адамдарга карата абдан ыкластуу,

табигый болгондо гана мүмкүн болот. Ыйман бир гана ыкластуулук, чын пейилдүүлүк үстүнө курулат. «Адам болуу» дининин таасиринен кутулуу үчүн болсо эң алгач бул шайтандык динди аныктап, сүрөттөө керек. Бул китептин максаты да ушул. Эмки бөлүмдөрдө «адам болуу» дининин өзгөчөлүктөрүн терең карайбыз.

Окурмандын милдети болсо бул жалган диндин өзгөчөлүктөрүн анализ кылып жатканда өзүн да таразалашы жана сындашы. Себеби канчалык адамдар мойнуна алгысы келбесе да, «адам болуу» дининин бүт адамдарга кандайдыр бир деңгээлде сөзсүз таасири тийип жатышы мүмкүн. Адамдын жашоосунун ар бир көз ирмемине кийлигишкен мындай караңгы динден кутулуу үчүн болсо эң алгач көңүл койуу жана чын ниеттүүлүк талап кылынат.

# АКЫЙКАТ ДИНГЕ КАРШЫ БОЛГОН «АДАМ БОЛУУ» ДИНИ

Пайгамбар Мырзабыз (сав) ага узатылган «дин эмне?» деген суроого «жүргөн жолуңар» деген жоопту берген. Бул жооп бул теманын маңызын эң даана сүрөттөйт. Дин бир адамдын жана натыйжада адамдардан турган коомдун бардык баалуулуктарын, ахлак эрежелерин, жашоо калыптарын өзүнө камтыйт. Мисалы, Йусуф Сүрөсүнүн 76-аятындагы «дин» сөзү ушул мааниде:

**Ушинтип (Йусуф) инисинин жүгүнөн мурда алардын жүктөрүнөн (издеп) баштады, кийин аны инисинин жүгүнөн алып чыкты. Биз Йусуфка ушундай амал үйрөттүк. (Себеби ал) Өкүмдардын дини боюнча инисин (жанында) алып кала алмак эмес... (Йусуф Сүрөсү, 76)**

Куранда каапырлардын да бир дин тутунушаары көптөгөн аяттарда кабар берилет. Мисалы Фараон Аз. Муса жөнүндө коомуна мындай дейт:

**... Койо бергиле мени, Мусаны өлтүрөйүн да ал (барып) Раббисине жалбарып-жалынсын. Себеби мен (анын) силердин диниңерди өзгөртүшүнөн же жер жүзүндө бузукулук чыгарышынан коркуп турам. (Момун Сүрөсү, 26)**

Башка аяттарда болсо каапырлардын пайгамбарлар алып келген акыйкат, чыныгы динге каршы эски батыл (жалган) диндерине «жабышкандыгы» мындайча баяндалат:

**Ичтеринен аларга бир эскертүүчүнүн келишине таң калышты. Каапырлар: «Бул калп айткан бир сыйкырчы. Кудайларды жалгыз бир Кудай кылат бекен? Бул өтө таң калыштуу нерсе» дешти. Алардын алдыңкыларынан бир топ: «Жүргүлө (кеттик), өзүңөрдүн кудайларыңарга карата (бекем) чечкиндүү болгула; себеби негизги максат ушул» деп басып кетишти. «Биз муну башка динде укпадык, бул – ойлоп табылган нерсе гана.» (Сад Сүрөсү, 4-7)**

Бул жерге чейин айтылгандардан байкалгандай, ар бир адамдын бир дини бар. Аллахтын динин карманбагандар, ал тургай өзүн атеистмин деп тааныштыргандар да чынында «динсиз» эмес, болгону жалган бир динди карманышат. Бул диндердин кээ бирлери учурда «дин» деп аталбашы мүмкүн. Бирок Куранда айтылгандай, алардын баары дин. Мисалы, марксизм да бир мааниде жалган бир дин, себеби бул идеология кээ бир адамдардын «жүргөн жолу». Марксисттер Маркс чыгарган ой-пикир системасын, анын ойлонуу ыкмасын кабыл алышкан. Дүйнөнү ал койгон пикирлерге жараша

таразалашат. Кантип жаралганын жана өлүмдүн эмне экенин да Маркстын (жана Энгельстин) илимге сыйбас логикаларына таянып түшүндүрүшөт. Кыскача айтканда, марксизмге ишенишкен жана жашоолорун да ошого ылайык багытташып, окуяларга ошого ылайык баа беришет.

Марксизм бир гана мисал. Ага окшогон жүздөгөн ар түрдүү дин (башкача айтканда, философия, ой-пикир системасы ж.б.) саноого болот. Марксизмге толугу менен карама-каршы идеологиялар да дин. Албетте, бул диндердин баары батыл (жалган, ойлоп чыгарылган) диндер жана түпкүрүндө адамдарды Аллахтын жолунан адаштыруу максатында ойлоп чыгарылган.

Бул жерде баса белгилей турган нерсе төмөнкүдөй: жер бетинде идеологиясы, философиясы, дүйнөгө көз-карашы эмне гана болбосун же ал тургай такыр жок болсо да, акыйкат динден алыстаган адамдардын бүт баары баш ийген жалгыз бир орток жалган дин бар. Бул дин киришүүдө сөз кылынган жана негизги маңызы баяндалган «адам болуу дини». Жана шайтандын адамдарды акыйкат динден адаштыруу жана алыстатуу үчүн кылган аракетинде колдонгон эң жашыруун жана эң таасирдүү куралдарынын бири.

# АДАМ БОЛУУ!

**«Сен эң алгач адам бол!»**

**«Адам сыяктуу адам болгонуңда мындай нерселерге кабылбайт элек!»**

Бул сөздөрдү өмүр бойу канча жолу укканыбызды ким билет. Өзгөчө жаш кезибизде улууларга жакпаган бир нерсени айтканыбызда же алар каалабаган бир нерсени кылганыбызда...

Бул сөздү айткан адам үчүн «адам болуу» бүт нерседен өйдө. «Адам болуу» деген сөздүн мааниси – бул коомдун көпчүлүгү тарабынан кабыл алынган бир түшүнүккө, маданиятка, кыймыл-аракетке жана жашоого ээ болуу, кадимки деп таанытылган белгилүү калыптарга ээ болуу. Бул баалуулуктар системасы, калыптары жана эрежелери менен коомдун көп бөлүгү тарабынан кабыл алынууда жана ишке ашырылууда. Бул калыптардын жана эрежелердин кайдан пайда болгону, канчалык туура экендиги болсо оңой оңой талашылбайт, канчалык маанисиз экени сындалбайт. Себеби коомдун көпчүлүгү тарабынан кабыл алынган бул түзүлүштү сындоо, көпчүлүккө каршы чыгуу көп адамдардын ага каршы чыгуу коркунучун да алып келет.

Туура экенине так ишенилген бул түзүлүш белгилүү коомдорго гана тиешелүү бир өзгөчөлүк деп түшүнүлбөшү керек. Бул система Чыгышта болсун, Батышта болсун ар кандай маданияттар орун алган чөйрөлөрдө өзүнө тиешелүү ишеним жана кабыл алуулар системасы катары жашап келүүдө; тыюулары, жазалары жана кеңештери менен өз алдынча, көз-карандысыз бир дин -адам болуунун дини- абалында ишке ашырылууда: «адам болуу дини».

«Адам болуу» - бул Мусулман болуу, Аллахка ишенүү, сонун ахлактуу болуу, ал тургай инсан болуудан такыр башка бир түшүнүк. Аллах Куранда сүрөттөгөн мамиле жана ахлактын бул динде эч кандай орду жок. Ансыз деле «адам болуу» дини Куран ахлагы чыныгы мааниде жашалбаган чөйрөлөрдө пайда болууда жана өнүгүүдө. Көбүнчө коомдо баары таңыркаган, аларды туураган, өйдө, урматтуу деп кабыл алынган адамдар – бул «адам болуу» динин абдан жакшы үйрөнгөн жана бул жалган системаны бардык эрежелери менен ишке ашырган адамдар.

Бул жерде Куранда кеңеш кылынган негизги ахлак принциптерине жана «адам болуу» дининин буларга толугу менен карама-каршы келген чирик логикасына басым жасоо туура болот. Куранда бүт адамдардын Аллахтын алдында жоопкерчиликтүү экени билдирилет. Демек, адам бир гана Аллахты ыраазы кылууга милдеттүү жана башка адамдардын суктануусу же жактыруусу артынан чуркабашы керек. Куран ахлагын жашаган бир момун «Аллах пендесине жетиштүү эмеспи? Сени Андан башкалары менен коркутуп жатышат...» (Зүмер Сүрөсү, 36), «...жол көрсөтүүчү жана жардамчы катары Раббиң жетиштүү.» (Фуркан Сүрөсү, 31) аяттарына жараша ойлонот жана жашайт. Бүт өмүрү Раббибизди ыраазы кыла алуу максатына арналат. Диндин негизи ушундай.

Куранда Аз. Ибрахимден бүгүнкү күнгө чейин узанган акыйкат диндин өзгөчөлүгүнүн бүт жашоосун Аллахка арноо экендиги кабар берилген. Бир аятта мындайча буйурулат:

**Айткын: «Раббим чындап мени туура жолго салды, түптүз тик турган бир динге, Ибрахимдин ханиф (муваххид, Аллахты жалгыз деп таануу) динине. Ал мушриктерден (Аллахка шерик кошкондордон) эмес эле.» Айткын: «Шексиз, менин намазым, ибадаттарым, жашоом жана өлүмүм ааламдардын Рабби болгон Аллах үчүн.» (Энам Сүрөсү, 161-162)**

Адамдын жашоодогу негизги максатынын Аллахтын ыраазычылыгы болушу анын башка адамдар менен болгон мамилелерин да сөзсүз тамырынан өзгөртөт. Бираз муда айтылгандай, адамдын башка адамдарга карата өз алдынча бир милдети жок. Бирок Аллах башка адамдарга кандай мамиле кылуу керек экенин Куранда билдирген жана Аллахтын алдындагы жоопкерчилик башка адамдарга карата да эң боорукер, эң мээримдүү, эң адилеттүү, эң чынчыл мамиле көрсөтүлүшүнө шарт түзөт. Аяттарда момундардын бул багыттагы көз-карашы мындайча сүрөттөлөт:

**(Алар) Назирлерин (Аллахка арнагандарын) аткарышат жана жамандыгы жайылган бир күндөн коркушат. Бей-бечараларга, жетимдер менен туткундарга өздөрү сүйүп (жегиси келип) турган тамактан жедиришип (мындай дешет:) «Биз силерди Аллахтын Жүзү (ыраазычылыгы) үчүн тамактандыруудабыз; силерден акы жана алкыш сурабайбыз. Себеби биз (жүрөктү) сыга турган, оор бир күн себебинен Раббибизден коркобуз.» (Инсан Сүрөсү, 7-10)**

Аяттардан да байкалгандай, момундардын башка адамдардан бир нерсе күтүү, алардан жооп күтүү сыяктуу бир мамилелери жок. Бул момунга абдан күчтүү жана бекем бир кыял-жорук тартуулайт. Момун ар кайсы чөйрөдө, кимдин алдында болбосун туураны, т.а. Аллахтын буйруктарын аткарат. Эч кимден суктануу, мактоо да күтпөйт, эч кимден тартынбайт да. Бир гана Аллахтын ыраазычылыгын каалайт. Аллах Куранда момундарды «сындагандын сынынан коркпогондор» (Маида Сүрөсү, 54) деп таанытат. Ушул себептен момундун окуяларга жана адамдарга карата кулк-мүнөзү жана мамилеси эч өзгөрбөйт. Ага берилген кызмат орду, даражадан улам көппөйт, кыйынчылык абалга кабылган болсо үмүтсүздүккө түшпөйт. Куранда момундардын мындай туруктуу мүнөзүнө көп көңүл бурулган жана көп мал-мүлк же бийликке жеткендеги мамилелери менен, кыйынчылык жана жакырчылык ичиндеги мамилелеринин бирдей экендиги аяттардан байкалат. Себеби момун ага келген ар түрдүү немат (бул мал-мүлк, бийлик, кызмат даражасы ж.б. болушу мүмкүн) же азап-кыйынчылыктын (адамдар тарабынан сындоого алынуу, кол салууга кабылуу, куугунтукталуу, кедей калуу, күнөөсүз түрмөгө камалуу ж.б. болушу мүмкүн) Аллахтан келгендигин жана бүт бул нерселердин аны тарбиялоо жана сыноо үчүн жаратылган «сыноолор» экенин билет.

Ал эми «адам болуу» дини болсо Аллахтын улуулугун, кудуретин зарыл деңгээлде түшүнө албаган, Аллахтын ыраазычылыгы ордуна адамдардын ыраазычылыгын максат кылган, акырет жашоосу ордуна бул дүйнөдөн үмүт кылган адамдардын дини. Бул шайтандык динде адамдар бири-бирибиздин алдыбызда жоопкерчиликтүүбүз деп ойлошот. Башка адамдарды ыраазы кылуу, башка адамдардын жактыруусуна жетүү, коомдо «статуска» ээ болуу – көбүнчө жашоонун эң негизги максаты.

Ошондуктан момундун мамилесинин тескерисинче, «адам болуу» дининдегилер окуялар жана адамдарга карата өзгөрмөлүү бир мамиле жана мүнөзгө ээ болушат. Башкача айтканда, «адам болуу» дини – бул бир «ылайыкташуу» дини. Жерге, убактысына, адамына, окуясына жараша мамиле, көз-караш жана үндөрдү ылайыкташтырып өзгөртүү керек болот. Чын пейилдүүлүк жана табигыйлык бул жалган динде жок. Бул адашкан ишеним боюнча коомдо ар бир жыныстын, жаштын, окуянын адамы ичиндеги абалга, ээ болгон «статусуна» жараша ар түрдүү мамилелер көрсөтүшү керек.

Аялдар аларга коюлган «эрежелерге» ылайык мамиле кылышы керек, эркектер жана жаш балдар да аларга берилген ролдорду аткарууга милдеттүү. Эгер адам бир окуучу болгон болсо «адам болуу» дини бир окуучунун эмнелерди жасашын талап кылса ошондой болушу керек. Бул абал бир кызматкер, доктор, окутуучу жана жумушчуга да тиешелүү. «Адам болуу» динин тутунгандар коом ичиндеги статусун өздөрүнө жеке кишилик, кулк-мүнөз кылып алышат жана ушул кишиликке ылайык кыймыл-аракет жасашат. Ал эми момундун кишилигин болсо ишеними калыптандырат, бираз мурда айтылгандай, коомдун ага болгон көз-карашы, анын статусу бул кишиликке эч таасир этпейт.

«Адам болуу» дининин коомунда чоңойгон адамга бул ахлак жана кишилик түзүлүшү өзүнөн-өзү жайгашат жана бул жалган диндин эрежелери ошол замат ишке ашырылып баштайт. Коом ичинде өтүмдүү болуунун, жогору болуунун жолдору ушулардан, бул мамиле жана аракеттерден өтөт.

Кийинки бөлүмдөрдө «адам болуу» дининин адамдар тиешелүү болгон чөйрөгө, жаш курагына, социалдык жана маданий абалдарына, жынысына жараша адамдарга үйрөтүлгөн кыял-жорук, мамиле жана сүйлөө калыбын, руханий жана кишилик түзүлүштөрүн, психлогияларын анализ кылабыз. Булардын Куранда сүрөттөлгөн идеалдуу мамиле калыптарынан, кишилик жана ахлак түзүлүшүнөн канчалык алыс экендиги Куран аяттары менен салыштырылганда апачык көрүнүүдө. Натыйжада шайтандын жалган диндеринин бири болгон «адам болуу дининин» Исламдан алыс бир адамга жашоосунун ар бир баскычында кандайча буйруктар бергени ортого чыгат.

**«АДАМ БОЛУУ» ДИНИ БОЮНЧА АДАМ БОЛУУ**
**(УРМАТТУУ АДНАН ОКТАРДЫН КАНАЛ 35ТЕГИ**
**(ИЗМИР) ТҮЗ МАЕГИ, 18-январь 2009-ж.)**

**АДНАН ОКТАР:** «Адам болуу» дини адамдар арасында бар. Мисалы, ал чыныгы адам дешет, карайсың, кыймыл-аракеттери, сөздөрү, мимикалары, мамилеси абдан жасалма, бир театрдын оюнчусу сыяктуу. Адамды уялта тургандай даражада, абдан жасалма, сөздөрү жасалма, услубу жасалма, т.а. чын көңүлдөн эмес. Муну менен байланыштуу жүздөгөн мимика, жүздөгөн услуп бар. Мисалы, бирөө келсе, «жылдардан бери сизди күтүп жатканбыз, сиз каяктарда жүрдүңүз» сыяктуу абдан жасалма сөздөр айтылат. Мунун ордуна адам чын жүрөктөн сагынганын, абдан жакшы көрөөрүн айтса болот, ачык айтат. Ал жердеги жасалмалыктын кандай зарылчылыгы бар? Мына ушул – «адам болуу» дини, мен ушуну айтып жатам.

Жасалмалык адамды чарчатат. Табигыйлык абдан сонун, чын пейилдүүлүк абдан сонун, чын жүрөктөн сүйүү абдан сонун, чын жүрөктөн айтылган сөздөр кандай сонун. Ошол үчүн Аллах «чын пейилдүү, ыкластуу пенделерим кутулат» дейт, шайтандан Аллахка корголоном. Чын пейилдүүлүктүн ырахаты менен жасалмалыктын жамандыгы арасында Мусулманга тандоо жаса десе, Куранда бир өкүм болбосо да адам ансыз деле табигыйлыкты тандайт. Себеби табигый, чын пейилдүү адам абдан сулуу, табигый бир аял каякта, жасалма бир аял каякта, туурабы, абдан жаман көрүнөт.

# «АДАМ БОЛУУ» ДИНИНДЕГИ ОРТОК ПСИХОЛОГИЯ ЖАНА КЫЙМЫЛ-АРАКЕТ КАЛЫПТАРЫ

«Адам болуу» дининин жашоо философиясы жана эрежелери Куран ахлагына толугу менен карама-каршы келген жалган, негизсиз бир ишенимге таянат. Бул шайтандык ишеним адамдын бүт жашоосуна өкүмчүлүк кылган, коомдо да табигый жана жарактуу сыяктуу көрүнгөн бир көз-караш. Курандын көп жеринде жаман ахлак модели катары сүрөттөлгөн мамиле жана кыймыл-аракеттер «адам болуу» динин жашагандар тарабынан көбүнчө өзгөчөлөнүү катары кабыл алынат.

Бул жалган дин – эрежелерге толгон бир жашоо калыбы. Коом көп бөлүгү ата-бабаларынан мурас калган бир катар эрежелерге ээ. Бул эрежелер болсо «...Чынында биз аталарыбызды бир үммөт (дин) тутунганын көрдүк жана чынында биз алардын жолун жолдогон адамдарбыз.» (Зухруф Сүрөсү, 23) деген каапыр коомдорго окшоп, Кудайдан келген бир өкүм сыяктуу корголууда.

Бул эрежелер оңойу менен бузулбайт. Тамак жеш адебинен баштап жатуу убакыттарына, сүйүү жана урмат көрсөтүү калыптарынан баштап дос тандоого, конок тосууга чейинки бүт нерселер мурдатан аныкталган эрежелерге ылайык жасалат. Бул

жалган динди тандаган жана бул жалган диндин адамы болуу жолунда алдыга жылган ар бир адам коомдун көпчүлүгү тарабынан кабыл алынган орток бир услупту жана мамилени кабыл алууга мажбур. Ал тургай бул мамилелердин чеберчилик менен аткарылышы бир жогорулук көрсөткүчү катары кабыл алынат. Тандоолор Аллахтын ыраазычылыгына ылайык эмес, «адам болуу» дини койгон, чыныгы эмес, жалган өлчөөлөргө ылайык жасалат. Бул адашкан көз-караш «адам болуу» динин тутунгандардын кыял-жорук жана мамилеринде кеңири масштабдуу бузулууларга себеп болгон. Төмөндө булардын эң белгилүүлөрү жалпысынан анализ кылынмакчы.

# 1- ЖАСАЛМА КЫЙМЫЛ-АРАКЕТ, МАМИЛЕЛЕР

Ислам дининдеги ак пейилдүүлүк, табигыйлык жана чын көңүлдүүлүк ордуна «адам болуу»灵 

«адам болуу» дининде табигыйлыктан абдан алыс, ар бири атайын ылайыкташтырылган жана убакыт ичинде адамдын кыялынын бир бөлүгү абалына келген жасалма мамиле жана кыймыл-аракеттер бар.

«Адам болуу» динине тиешелүү адам мындай туура эмес түшүнүктүн натыйжасы болгон бул жасалма кыймыл-аракет жана мимикалары, жасалма сөздөрү менен эң башында эле өзүн байкатып койот. Мындай жасалма мамиле жана кыймыл-аракеттердин баары белги берүү, көңүл буруу, өзүн көрсөтүү, кызыкчылык көздөө сыяктуу белгилүү максаттарды көздөп жасалат.

## Белги берүү

«Адам болуу» дининде сезимдер көбүнчө сөз аркылуу эмес, көз-караш жана кыймыл-аракет аркылуу билдирилет. Мунун себеби адамдын көптөгөн сезимдерин апачык билдирүүнүн намысыма тийет деп ойлоп, бой көтөрүшү. Ушул себептен сезимдерин кыймыл-аракет жана мамилелери менен белги кылып, билдирет. Мындай кыймыл-аракет бузуктуктары «адам болуу» дини адамынын кулк-мүнөзүнүн негизин түзөт. Ачуулануу, жүзүн бузуу, кызгануу, тууроо, суктануу сыяктуу сезимдер көбүнчө ушундай кыйыр жолдор менен билдирилет.

Ачуусу келгенде эшикти катуу жабуу, ачууланганын билдире турган көз-караш менен кароо, эч жооп бербестен жолун улантуу, ачууланганын билдирүү үчүн үнүн мүмкүн болушунча кысып сүйлөө «адам болуу» дининдеги адамдын сезимдерин билдирүү кыймыл-аракеттеринин кээ бирлеринен. Көбүнчө ачык жана чын көңүлдөн сүйлөп билдирүү ордуна белги берүү аркылуу билдирүү жолу тандалат.

Ислам дининдеги акылдуулуктун, табигыйлыктан ордуна «адам болуу» дининде кыймыл-аракеттерде төмөндүк (туурамчылык) өкүмчүлүк кылат. Достор арасындагы талаш-тартыштарда ачууланып, башын буруу, сүйлөбөй койуу, эшикти катуу жаап сыртка чыгуу, кокустан артына бурулуп ал чөйрөдөн айрылуу, кабак чытуу жана муну белгилүү бир мөөнөткө улантуу сыяктуу үн-сөзсүз каршы чыгуу аракеттери, күлкүлүү

нерселерге атайлап күлбөй койуу, узатылган суроого угуп туруп жооп бербөө же тескери жоопторду берип маңдайындагы адамды тажатуу сыяктуу туурамчы, көнүмүш кыймыл-аракеттер булардын кээ бирлери.

## Өзүн өйдө көрсөтүү жана башкаларды басынтуу

«Адам болуу» динин кармангандар эртеден кечке тынымсыз бири-биринен өйдө болууга, колдорунан келишинче маңдайындагы адамды басынтууга аракет кылышат. Себеби маңдайындагы адамды басынтканда гана өзүм өйдө болом деп ойлошот.

Ачуулуу жана терс көрүнүү, абдан көп жумушу бардай болуп, башкаларга убакыт бөлө албачудай көрүнүү сыяктуу мамилелер көбүнчө фирма ээси же жогорку кызматтагы адамдар тарабынан карамагында иштегендерге карата жасалат. Маңдайындагы адамды адам ордуна койбогонун көрсөткөн мамиледе болуу да - «адам болуу» дининде кадимки кабыл алынган мамиле түрлөрүнөн. Коом ичинде сүйлөп жатканда белгилүү адамдарды гана карап сүйлөө, белгилүү адамдарды ал чөйрөдө жок сыяктуу мамиле кылуу да «адам болуу» дининин басынтуу иш-аракеттеринен. Маңдайындагы адамга тиешеси бар экенин билип турган бир тема жөнүндө сөз кылып жатканда, ага маани бербегенин көрсөтүү үчүн аны карабастан, жанындагыларга сүйлөө да көп жасалган мамилелердин бири.

Маңдайындагы адам бир теманы түшүндүрүп жатканда, анын жүзүнө карабастан колундагы иши менен алектенүүсүн улантып, мүмкүн болушунча көңүл бурбаган сыяктуу мамиле кылуу, ал сураган суроого угуп туруп жооп бербөө «адам болуу» дининде бир аброй белгиси катары кабыл алынат жана жогору боло алуунун, кээ бир нерселерден «өйдө» экенин көрсөтүү жолдорунун бири катары кабылданат. Көңүл бурбаган сыяктуу көрүнүү бир басынтуу ыкмасы катары жашоонун ар кайсы баскычында абдан тыкандык менен ишке ашырылат. Мисалы, салам берилген адам болуу абдан маанилүү. Маңдайындагы адамдын биринчи салам беришине абдан маани берилет. Саламды укмаксан болуу да маңдайындагы адамды басынтуу ыкмасы катары колдонулат. Ал эми Куранда билдирилген ахлак көрсөткүчү болсо такыр башкача:

**«(Силерге) бир салам айтылганда, силер андан коозураак кылып салам бергиле же ошол даражада жооп кайтаргыла...» (Ниса Сүрөсү, 86)**

Бир катар жасалма аракет жана мамилелер менен башка адамдардан өйдө болууга, өзүнүн кемчиликтерин жашырууга аракет кылуу – бул бир гана Аллахка жана акыретке толук ишенбеген адамдарда байкалган бир көз-караш бузуктугу. Аллахты зарыл деңгээлде аңдап-түшүнө албаган «адам болуу» дининин адамдары, бир гана Аллахка ишенип таянган жана Аллахтан башка эч нерседен тартынып коркпогон момундардын тескерисинче, дайыма коркуу, бейпилсиздик, тынчсыздануу жана кыял-жорук бузуктугу ичинде жашашат. Башка адамдардын алдында уят болуу, төмөн болуп калуу, басмырлануу, башкалардын көңүл бурбай калышы сыяктуу тынчсыздануулар бул адамдардын күнүмдүк жашоолорунда маанилүү бир маселе болот. Ушул себептен, өз

ичтеринен буга каршы өз ойлорунда бир коргонуу механизмин иштеп чыгышат. Бул алардын эң маанилүү алсыздыктарынын бири. Көбүнчө коомдун ичинде мындай алсыздыктарын жаап-жашыруу үчүн «эң жакшы коргонуу – бул кол салуу» сыяктуу туура эмес бир логика менен аракет кылышат.

**«АДАМ БОЛУУ» ДИНИН ЖАШАГАН АДАМДАРДЫН КЫЙМЫЛ-АРАКЕТ БУЗУКТУКТАРЫ: «БОЙ КӨТӨРҮҮ» (УРМАТТУУ АДНАН ОКТАРДЫН КАНАЛ 35ТЕГИ (ИЗМИР) ТҮЗ МАЕГИ, 1-февраль 2009-ж.)**

**АДНАН ОКТАР:** Фараондор, Немруттарда да бул нерсе бар, адамдын бой көтөрмөйү бар. Ал бүт денени каптаганда адам акылдан азат. Аң-сезими жабылат. Шайтандашат, Даждальдар, Фараондор жана Немруттардын өзгөчөлүгү ушундай. Кээде адамдарда да болот, ал. Б.а. ал дене башкаруусун жоготот, акылдан азат адам, бой көтөрүү жана өзүн жакшы көрүү себебинен. Аны контролдой албайсың, андан соң аң-сезими толук жабылгандай болуп калат. «Толук көбөт» дейт Саид Нурси Азреттери, б.а. бүт денеси толук көбөт дейт. Бой көтөрүүдөн жиндиге айланат, өзүн жакшы көрүүдөн. Бүт нерседе өзүн жакшы көрөт, ар бир пикирим туура деп ойлойт, бар ушундай адамдар, билбейм сиз жолуктуңузбу? Б.а., «бүт нерсени мен билем», «эң жакшы мен билем», «эң акылдуу менмин», «эң сонун мен сүйлөйм», «эң туура анализди мен жасайм, туура жыйынтык чыгарам», «менден өйдө жок» деген пикирдегилер бар. Чынында болсо Аллах айтат, шайтандан Аллахтын коргоосун сурайм, «Ар бир билүүчүдөн жакшыраак билүүчү бирөө бар» дейт. Бирок ал адамдын ою боюнча болсо, эң жакшы билүүчү ал гана.

## Башкалардын көңүлүн буруу

Көпчүлүк чогулган чөйрөлөрдө адамдардын көңүлүн бура алуу, бар экенин сездирүү, өзүн көрсөтүү максатында колдонулган жасалма кыймыл-аракет жана мамилелерден эң кеңири тараган түрлөрү төмөнкүлөр:

Чөйрөгө терс кыймыл-аракеттерди кылып, өзгөчө көрүнүүгө, өзүн өзгөчө көрсөтүүгө аракет кылуу, көңүлдүү, чын пейилдүү бир чөйрөдө оор басырыктуу болуп көрүнүү, аз сүйлөө же олуттуу болуш керек болгон бир чөйрөдө жеңил ойлуу кыймыл-аракеттерди жасоо... Окуяларга ашыкча реакция көрсөтүү же ашыкча көңүлкош мамиле кылуу аркылуу башкалардын көңүлүн буруууга аракет кылуу. Ичинен күйүп жатса да, бир окуяны абдан сабырдуу кабылдаган сыяктуу көрүнүү. Кыймыл-аракеттерин кокус өзгөртүү, күлүп жатып кокустан эч себепсиз эле олуттуу болуп калуу же тынч турган жеринен кокустан ар кандай кыймылдарды жасап баштоо, каткырып баштоо. Кадимкидей сүйлөп жатып эле бир заматта услубун обу жок өзгөртүү, мисалы үнүн көтөрүү же ашыкча эле кысып сүйлөп баштоо. Ошол эле учурда мимикаларын жана колунун кыймылдарын обу жок өзгөртүү. Өзгөчө калыпта отуруп, туруу көргөзмөлөрүн жасоо. Ушундай жолдор менен башкалардын көңүлүн өзүнө дайыма бурдурууга аракет

кылуу. Бирөө ага көңүлүн бурганга чейин ага жакындык көрсөтпөө, андан соң ага маани берүү, ага чын пейилден мамиле кылган, жакындык көрсөткөндөргө көңүлкош мамиле кылуу, бой көтөрүү менен кароо, ага көңүл бурбаган, аны басынткандарга жагынууга, алардын көңүлүн буруугa аракет кылуу...

Көп адамдуу чөйрөлөрдө көңүл буруу үчүн колдонулган ыкмалардын кээ бирлери болсо төмөнкүлөр: «өзүн абдан жумушу көптөй көрсөтүү», «өзүн ооруп, кыйналып жаткандай көрсөтүү», «атайылап ката жасоо, проблема чыгаруу», «көрбөгөн бир нерсесин көргөн сыяктуу болуп баяндоо»... Ага маани берилбеген же көңүл бурулбаган чөйрөлөрдө башкалардын көңүлүн буруу үчүн же башкалардан айырмалуу жана өзгөчө бир мамиле көрө алуу максатында өзүн көрсөтүү да бул ыкмалардын бири. Мындай көрсөтмөлөрдүн баары рол ойноого таянат. Бир канча мисалдар берели:

Калп эле таң калгандай, ачуулангандай, сүйүнгөндөй же жактыргандай болуп көрүнүү, буларды көрсөтүүчү мимика жана кыймыл-аракеттерди жасоо. Каштарын көтөрүү, каштарын чытуу, жаман кароо, ишарат менен кароо, эриндерин чүйрүү, көздөрүн кысуу ж.б... Каршы чыккан кыймыл-аракеттерди жасоо, мисалы, бир темада өзү да ошол эле пикирде болгонуна карабастан, атайылап каршы чыгуу сыяктуу...

Билинген кээ бир өзгөчөлүктөргө ээ болгонуна карабастан, булар жөнүндө атайылап сөз кылбай, башкалардын сөз башташын күтүү, бул өзгөчөлүктөрү айтылганда болсо жөнөкөй болуп көрүнүү, жана ушундайча башка айтылбаган, билинбеген көп артыкчылыктары бар, бирок уялчаактыгынан айта албай жүргөн сыяктуу болуп көрүнүү.

## Кызыкчылык күтүү

Чын көңүлдөн жасалбаган, жасалма кыймыл-аракеттерди кылуунун себептеринин бири – адамдардан күтүлгөн ар кандай кызыкчылыктар. Жактырбаган, бирок бир кызыкчылыгы болгон бир адамга жагынууга аракет кылуу, кошоматчылык кылуу, ар бир мүмкүнчүлүктө ага көрүнүүгө аракет кылуу, башчысына же директоруна карата жасалма урмат көрсөтүү, шарттар өзгөргөндө болсо эч уялбастан «сатып кетүү» «адам болуу» динин тутунгандардын көз-карашы боюнча кадимки эле нерсе болуп саналат.

Мындан тышкары, тартынуудан улам же коркkондуктан чындыкты айта албоо жана муну бүт адамдарга укук берүү, демократ болуу сыяктуу калп сөздөр менен жашырууга аракет кылуу да көп жасалган кыймыл-аракеттерден.

## Өзүн көрсөтүү

**Билгиле, дүйнө жашоосу жалаң гана бир ойун, «жагымдуу бир алаксуу», бир коoздук, өз араңарда бир мактануу, мал-мүлк жана бала-чаканы «көбөйтүү каалоосу» гана... (Хадид Сүрөсү, 20)**

Жогорудагы аятта «адам болуу» дининин маанилүү бир өзгөчөлүгү болгон мактануу жана өзүн көрсөтүү аракетинин адамдар арасында канчалык кеңири тараганына

көңүл бурулууда. Ислам growing динунде жашоонун эң негизги максаты – бул Аллахтын ыраазычылыгына жете алуу, ал эми «адам болуу» дининде болсо жашоонун эң негизги максаты – бул адамдардын ыраазычылыгына жете алуу. Ушул себептен «адам болуу» дининде өзүн көрсөтүүнүн мааниси зор. Чөйрөсү тарабынан жактырылган, суктанылган же урмат көрсөтүлгөн адам болуу бүт нерседен маанилүүрөөк болот. Бул жалган динде адамдар чөйрөлөрү үчүн кийинишет, чөйрөлөрү үчүн сүйлөшөт, үй жасалгалашат, кесип тандашат, китеп окушат. Бул нерселерди кылуудагы эң негизги максат – бул адамдардын урмат-сыйына, суктануусуна жете алуу. Мисалы, китеп саткан дүкөнгө барып, китеп алууда эң кызыккан темадагы китепти эмес, эң көп сатылган китепти карашат. Кайсы китепти окуганда мактанганга болооруна жана учурдун модасына кайсы китеп ылайыгыраак экенине карашат. Себеби бул жерде китеп окуунун максаты бир нерселерди үйрөнүү, маалымат алуу же өзүн өнүктүрүү эмес, максат - чөйрөсүнө баяндап бере турган бир нерселерди табуу.

Көп адамдар баласын тарбиялаганда анын сабырдуу, толеранттуу, ыймандуу, мээримдүү, жоомарт бир адам болушу үчүн аракет кылуунун ордуна, туура эмес болсо да чөйрөсү тарабынан кадыресе кабыл алынган өзгөчөлүктөргө ээ болушу үчүн аракет кылышат. Мисалы, эң атактуу мектепке киргизе алуу үчүн аракет кылышат, таланты болбосо да пианино курсуна жөнөтүшөт, досторуна мактануу үчүн гана балдарынын «апа» деген сөздүн ордуна «мами», «мама» сыяктуу эне тилинде колдонулбаган сөздөрдү колдонушун каалашат, баласынын бой көтөргөн адам болуп чоңойушун кадыресе көрүшөт. Себеби «адам болуу» дининде бала абдан маанилүү бир «мактануу» темасы болуп саналат. Баласынын жакшы бир окуу жайында окушу, бир канча чет тил билиши, сулуу болушу, жакшы кийиниши, досторунун арасында популярдуу болушу же таланттуу болушу ата-эненин чөйрөдөгү кадыр-баркы үчүн абдан маанилүү. «Адам болуу» дини маектеринде ата-энелер балдарынын канчалык бой көтөрбөгөн, жөнөкөй, боорукер же жумшак экенин эмес, адамдар көз арта турган жогоруда айтылган өзгөчөлүктөрүн айтууну туура көрүшөт. Ошондуктан балдарынын ахлагына эмес, көрүнүшүнө көңүл бурушат.

Мактануу темаларынын дагы бир түрү – бул «суктандыра турган бир үй» ээси болуу. Адамдар үй тандоодо өзүнө ыңгайлуулугуна эмес, чөйрөлөрүнүн көз-карашына маани беришет. Кайсы жерде жана канча кабаттуу болсо, кандай пейзаждуу, канча метр квадрат болсо аларды көбүрөөк абройлуу кылаарына карашат. Үйүнүн ичин да толугу менен чөйрөлөрүнүн көз-карашына ылайык жасалгалашат. Башка түс көңүлдөрүнө жакса да, мода болгон түстү тандашат. Креслолор абдан ыңгайсыз болсо да, кымбат баалуу жана көз арттыра турган болсун деп гана ошондойлорун сатып алышат. Атактуу бир адиске кылдырдык деп мактануу үчүн гана эч жакпаган келбетте үйүн жасалгалаганга мажбур болушат. Көп убактысы үйүндө өткөнүнө карабастан, мынчалык көп акча короткон бөлмөсү эскирип, көрүнүшү начар болуп калбасын деп конок келбеген учурларда ал бөлмөгө эч кимди киргизишпейт. Ал тургай кээ бир адамдар эмеректердин үстүн материалдар менен жаап, өздөрү башка кичинекей бир бөлмөдө жашашат. Т.а.

үйүнүн бир жарымын мактанууга, элге көрүнүүгө, бир жарымын болсо жашаш үчүн колдонушат.

Мактануу адамдар үчүн ушунчалык чоң бир каалоо болгондуктан, эң жакын көргөн адамдарына да сөзсүз мактангылары келет. Муну эң жакшы ишке ашыруунун бир жолу – бул конок чакыруу. Келген адамдарды көргүсү келген үчүн эмес, бир гана аларга «өздөрүн көрсөтүү» үчүн конок чакырышат. Чакыруунун ар бир майда-чүйдөсү ушул максатта даярдалат. Тамактар да даамына жараша эмес, бай көрсөтүү өзгөчөлүгүнө жараша тандалат. Бул жерде максат коноктордун бул тамактан ырахат алышы эмес, максат алардын бул тамакка коротулган акчага көз артышы. Мындай чөйрөдө бүт адамдар бири-биринин кийимине, бут кийимине, сумкасынын маркасына, эмеректерге, тагынган баалуу таштарына же колдонулган атырларына карашат.

Конокко келгендердин бардык сөздөрү «мактануу жарышын» элестетет. Маектерде бүт адамдар бир темада өзүн көрсөтүүнү каалайт. Аялдар башка өлкөлөргө жасаган саякаттары, барган өлкөнүн сулуулуктары, кызматчы табуунун кыйынчылыктары, сатып алган кийимдеринин маркалары, чачтарачтары, зергерлерге заказ кылган жасалгалары жөнүндө сөз кылышып, өздөрүн көрсөтүүгө жана башка аялдарды басынтууга аракет кылышат. Эркектер жумушунда жетишкен ийгиликтери, чөйрөсүнүн көп болушу, экономика жана саясий темалардагы жоромолдору же бир теманы абдан жакшы билген адамдай болуп айткан сунуштары менен алдыга чыгууга аракет кылышат. Ошондуктан, мындай «адам болуу» дини маектеринде чын жүрөктөн, ысык жакындык, достуктун жаралышы эч мүмкүн эмес. Чынында эле мындай коноктор коноктон кайтканда, артта калгандарды сындоо менен кечени жыйынтыкташат. Маектешкен адамдарынын жасалмалыгынан, мактанууларынан аябай тажашканын, үй ээсинин табитинин жок экенин, үйдүн жасалгасынын начар, тамактардын даамсыз экенин айтышат. Натыйжада «адам болуу» дини өкүмчүлүк кылган мындай меймандыктан абдан тажаган, сыгылган жана кыйналган абалда кайтышат.

## Калп билерман, акылдуу көрүнүү

«Адам болуу» дининде жашаган бир адам Куранда билдирилген акыл жана түшүнүк кескиндигинен абдан алыс. Ошого карабастан, бул адамдар өз акылдарын абдан жакшы көрүшөт жана башка адамдардан өздөрүн абдан акылдуу элестетишет. «Адам болуу» дининин адамы бүт адамдарга бүт темаларда пикир бере ала турган бир акылга ээмин деп ойлойт. Ондон солдон уккан жарым-жартылай, ар кимден уккан нерселерди башынан өткөргөн окуяларынан өз оюнча чыгарган жыйынтыктарына аралаштырып, чоң бир жашоо тажрыйбасына ээмин деп ойлошот. Бүт адамдарга ар бир мүмкүнчүлүктө бул тажрыйбасын далилдөөгө аракет кылат. Бул жерде акыл, мээ, ахлак жана маданият сыяктуу өзгөчөлүктөр экинчи планда калат. Эң маанилүү шарттардын бири – бул адамдын жашы. Мындай калп жогорулукка «мен сенден көп кийим жыртканмын», «мен канча иштерди кылып жүргөндө сен жаш бала болчусуң» сыяктуу сөздөр менен басым жасалат.

Пикир айткан, өзүнчө билерман болгон адамдын кандайдыр бир темада жаңылганы байкалса да, аны мойнуна алган учуру абдан аз кездешет. «Адам болуу» дининин адамы жаңылууну, ката кылууну, жаңылганынын билинип калышын эч каалабайт. Себеби эң негизгиси - натыйжа алынышы, чындыктын, тууранын табылышы эмес, көбүнчө өз комплекстеринин канааттанышы.

Мындай чөйрөдө чоңойгон балдарда да кичинекей жаштан баштап мындай өзгөчөлүктөр орун алып баштайт. Мисалы, маданияттуу, интелектуалдуу, бай, бирок Ислам ахлагынан алыс бир түзүлүшкө ээ бир үй-бүлөнүн баласы көбүнчө калп билерман, калп акылдуу, адамдарды басынткан, өзүн бүт темаларда туура жана жетиштүү деп ойлогон бир кыялга ээ болот. Кичинекейинен эле «чоңойуп кайра кичирейгендей» бир көрүнүшү болгон мындай жаш балдар, Ислам ахлагы менен тарбияланбаса, бул негизсиз кулк-мүнөздү өмүр бойу өздөрү менен алып өтүшөт.

**«АДАМ БОЛУУ» ДИНИН ЖАШАГАН АДАМДАРДЫН КЫЙМЫЛ-АРАКЕТ БУЗУКТУКТАРЫ «ЭГОИСТТИК ЖАНА ӨЗҮМЧҮЛДҮК»**
**(УРМАТТУУ АДНАН ОКТАРДЫН БУЙУКХАБЕР МАЕГИ, 12-декабрь 2008-ж.)**

**АДНАН ОКТАР:** Материалисттик-дарвинисттик көз-караш өзү менен бирге эгоист жана өзүмчүл маанайды, башкача айтканда, өзүмчүлдүк философиясын алып келет. Мен кутулайын, башкалар эмне болсо ошол болсун, мага тийбеген жылан миң жыл жашасын деген түшүнүк өнүгөт. Эгоизм абдан коркунучтуу нерсе. Абдан тынчсыздандыруучу бир нерсе. Өзүмчүл коомдор, өзүмчүл адамдар. Өзүмчүл топтор эгоист мамиле кылышкандыктан, дайыма өз кызыкчылыктарын гана көздөшөт. Натыйжада албетте мыйзамды тебелешет. Укукту тебелешет, сулуулук, сүйүү, боорукердик, мээрим, урмат сыяктуу сезимдерди эч керексиз деп ойлошот. Ошондуктан азыр дүйнөдө болуп жаткан экономикалык кризис да болгон күчү менен ушул себептин негизинде өнүгүп жатат. Адамдар абдан тобокелдүү болушса, Аллахка тобокел кылышса, бүт нерседе бир жакшылык көрүшсө, мээримдүү болушса, коңшусун өзүнөн көбүрөөк коргоп колдошсо, «коңшусу ач кезде ток болгон бизден эмес» сөзүн, Пайгамбарыбыз (сав)дын бул сонун сөзүн сонун бир ахлак эрежеси катары көңүлдөрүнө түйүшсө, такыр башка бир чөйрө болот. Мисалы, садака берилбей жатат, зекет дээрлик эч мүмкүн эмес, чындыгында болсо Мусулмандар жакырларды колдошу керек, адамдарга жакшылык кылышы керек. Өзгөчө карыздарды кечишет, карыздардын кечилиши абдан маанилүү. Жана коркуп, амбиция кылып бир нерсе чогултушпайт, алтын, күмүш, акча жыйнашпайт, аны Аллах жолунда колдонушат, себеби Аллахтан келээрин үмүт кылышат. Ошол себептен азыр бир кысылуу болду бүт дүйнөдө. Себеби бардык адамдар акчаларын сактап жатышат, баары алтын күмүшүн сактап жатат, эч ким өндүрүш жасагысы келбей жатат, бүт адамдар коркуу жана тынчсыздануу менен натыйжаны

күтүп жатат. Мындай болбойт. Бул бир коллапс, башкача айтканда, толугу менен бир кыйроо. Бул бир оору.

**(УРМАТТУУ АДНАН ОКТАРДЫН ЧАЙ ТВдеги ТҮЗ МАЕГИ, 28-февраль 2009-ж.)**

**АДНАН ОКТАР:** ... мисалы улгайган нурдуу бир чоң атага да, туурабы, ага мээрим менен мамиле кылат, жолдон өтүшүнө жардам бергиси келет, колунда оор бир буюму бар болсо аны алгысы келет, автобуста орун берет. Бирок динсиз тарбияланган, эгоист, өзүмчүл тарбияланган бир адам улгайган бир адам көрдүбү, көзүн буруп сыртты карап баштайт. Мисалы, жолдо баратса көзүн бурат, мисалы адам эңкейип, кыйналып баратат, сен болсо арстан сыяктуу күчтүүсүң, ал колдорунан пакеттерди, «ата, каерге чейин десеңиз, алып барып берейин» де, туурабы, урмат жана сүйүү көрсөт, адам ушулардан бактылуу болот. Аллах ага ошондо күч-кубат берет, бакыт берет, кубаныч берет. Өзүн ал жерде акылдуу элестетет, чындыгында болсо ал заалымдыктын, өзүмчүлдүктүн азабына ошол замат кабылган болот. Ошол замат анын таягын жеген болот.

## Тең салмаксыз, кокус кыймыл-аракеттерди жасоо

«Адам болуу» дининде адамдардын тең салмаксыз тараптарынын болушу кызык жана кадыресе кабыл алынат. Ушул себептен көп адамдар өздөрү абдан нормалдуу бир кулк-мүнөзгө ээ болгонуна карабастан, атайын «тең салмаксыз» кыймыл-аракеттерди жасайт. Себеби бул чөйрөсүндөгү адамдар арасында урмат көрүшүнө жана аброй топтолушуна себеп болот. «Адам болуу» дининин мындай туура эмес түшүнүгү себебинен башкалардын көңүлүн буруу үчүн өз жанын коркунучка салгандар да болушу мүмкүн. Өзгөчө жаштар досторуна мактануу жана адамдар суктансын деп акылсыздык менен эр жүрөктүк көргөзмөлөрүн жасашат. Мисалы, машинасын катуу айдашат. Абдан кооптуу бир жерде алдындагы машинадан өтүүгө аракет кылат. Атайылап алдында келе жаткан машинаны көздөй айдап, акыркы мүнөттө башка тарапка буруп жиберет. Өз жашоолорун да, башка адамдардын жашоосун да көзгө албай, өзүн «жиндидей эр жүрөк, өлүмдөн да коркпойт» деп айттыргылары келет. Чынында болсо бир адам түпкүрүндө өлүмдөн коркпогондуктан эмес, «адам болуу» дининин таасиринде калгандыктан, мындай аракеттерге барат. Бирок унутпоо керек, машинаны акылдан азгандай ылдамдык менен айдап, бир эр жүрөктүк көргөзмөсү жасаган бир жаш жигит дал ошол учурда бир кырсыкка кабылса, жүзүндөгү ал көпкөндүк жоголуп, абдан корккон бир жүзгө айланат. Жардам сурап, өлбөш үчүн дуба кылып баштайт. Ал кезде «адам болуу» дини толугу менен өз таасирин жоготот жана анын ордуна Аллах коркуусу келет.

«Тең салмаксыз» көрүнүүнүн башка бир ыкмасы болсо – башкалар корккон, тартынган, ошондуктан, суктанган бир адам боло алуу үчүн кээ кээде ачуусун жеңе албаган адамдай болуп көрүнүү. Бир нерсеге ачууланганда, муштумун түйүп, дубалды

уруу, айнекке муштуму менен уруп колун канатуу, жүзүн колдору менен жаап бир мөөнөткө чейин өзүн басуу, ошол замат алкоголь ичип баштоо - «адам болуу» динине ылайык жасалган белгилүү кыймыл-аракеттерден. Ал тургай көп адамдар «менин жинди тарабым бар» же «караңгы бир тарабым бар, бирок кээ кээде чыгат» сыяктуу сөздөрдү айтып, өздөрүн жарым жинди көрсөтүү менен адамдар арасында абройлуу болууга аракет кылат.

Адамдын жашоосун коркунучка салган кээ бир спорт түрлөрү да көбүнчө бул имиджди жаратуу үчүн жасалат. Көп адамдар жаракат алуудан, майып болуп калуудан же өлүмдөн коркконуна карабастан, чөйрөсүнө мактануу үчүн гана мындай спортторго барышат. Бул тарабынан «адам болуу» дини кадыресе, нормалдуу акылга ээ адамдарды да анормалдуу кыймыл-аракет жасоого жана оорулуу бир кулк-мүнөзгө мажбурлаган болот.

## Эпсиз, жөндөмсүз болуп көрүнүү

«Адам болуу» дининде бай адамдар колунан жумуш келбеген адамдар болушу керек деген бир туура эмес ишеним бар. Мындай ишенимдин логикасы мындай пикирге таянат: бай адамдардын кара күч талап кылган жумуштарын кыла турган кызматчылары болот. Мисалы, тамактарын өздөрү жасабайт, ашчылары бар. Үйлөрүн өздөрү тазалашпайт, тазалык кызматкерлери бар.

Кийимдери айрылганда, өздөрү тигишпейт, бир буюм сынганда аны жерден жыйнаштыруу үчүн өздөрү аракет кылышпайт, бир жерге барыш керек болгондо адрести айдоочуга берип койуп, жолду табууну ага таштайт, соода-сатыкка өздөрү барбайт, үйгө чакыртышат, ооруганда докторду үйгө чакырат, оорукана процедураларынын эмнелер экенин билишпейт. Машинасы бузулса, дөңгөлөгү жарылса, кандайдыр бир буюмуна зыян келсе, буларды оңдоо үчүн сөзсүз жанындагы кызматкерин жумшашат. Бул нерселердин баары бай адамдарга тиешелүү жашоо калыбы. Ушул себептен башкалардын жардамы менен жашоого көнгөн мындай адамдар өздөрү жумуш жасап үйрөнүүгө аракет кылышпайт.

Мындай көз-караш өзүн бай кылып көрсөтүп, мактангысы келген көп адамдын чынында колу абдан эптүү болгонуна карабастан, «жөндөмсүз туурамчылыгын» жасашына себеп болот. Ушул себептен өзгөчө аялдар арасында «колу көнгөн эмес, эч нерсе билбеген адам» болуп көрүнүү абдан кеңири тараган. Мисалы, бир жаш кыз чындыгында билсе да, «мен чай демдегенди билбейм, мен такыр тамак жасай албайм, өмүрүмдө ашканага кирип бир тамак даярдаган эмесмин, мен эч тиккенди билбейм, бүгүнкү күнгө чейин колума ийне-жип кармабадым» сыяктуу сөздөрдү айтышынын түпкү себеби ушунда. Ушундай жол менен бүт ишин башкасына кылдырганга мүмкүнчүлүгү бар, бай бир адам болуп көрүнүүгө аракет кылышат.

## Жактырбоо

Бир адам бир буюмду эмне үчүн жактырбайт жана ага маани бербейт? Себеби анын колунда андан жакшыраагы бар. Мисалы, сарайда жашаган бир адам бир квартираны жактырбай, анын жасалгасын сындашы мүмкүн. Бирок жеркепеде жашаган бир адам үчүн кооз бир квартира чоң бир сарайга окшошот. Себеби ал мындан бир топ жаман шарттарда жашап жатат.

Бир адам башка бир адамдын акылын эмне үчүн жактырбайт? Себеби өзүн андан акылдуураакмын деп ойлошу мүмкүн. Бир адам башканын пикирин эмне үчүн жактырбайт? Себеби өзүнүн жакшыраак пикирлери бардыр. Бир адам башка адамдын кылган ишин эмне үчүн жактырбайт? Себеби өзүн ал ишти жакшыраак кыла алам деп ойлоп жаткандыр. Ошондуктан, бир нерсени жактырбоо көбүнчө ал нерсенин жакшыраагы менде бар деген мааниге келет.

Ушул себептен чөйрөлөрүнө бүт нерсенин эң сонунуна ээ адамдай болуп көрүнүүнү каалагандар көргөн нерселеринин эч бирөөсүн жактырышпайт. Ал тургай жактырышса да, муну байкатышпайт, бир кемчилик таап сөзсүз сындагысы келет. Мисалы, достору менен бирге бир люкс ресторанга барган бир адам өмүр бойу мынчалык люкс бир ресторанга барбаган болсо да, ал жердин тамактарында же жасалгасында же болбосо официанттарынын кыймыл-аракетинде бир кемчилик табууга аракет кылат. «Менимче тамактары анчалык жакшы эмес эле, көрүнүшү начар эле, жасалгасы начар экен» сыяктуу сөздөр менен сындоо аркылуу мындан алда канча жакшы жерлерди көргөм деген көрүнүштү жаратууга аракет кылат.

Жаш кыздар өздөрүнөн сулуураак бир кыз көрүшкөндө, сөзсүз ал адамда бир кемчилик таап өздөрүнүн өйдө экенин көрсөткүсү келет. Мисалы, чачтарынын сулуу экенине ишенген бир кыз өзүнөн сулуу бир кызды көргөндө, «чачтары кандай, чачтарынын өрүмү эч жарашпаптыр же чачтары суюк окшойт» сыяктуу сөздөр менен сындап түпкүрүндө өзүнүн сулуураак экенин көрсөтүүгө аракет кылат. Мойну узун бир кыз өзүнөн мойну бираз кыска, бирок сулуу бир кызды көргөндө ошол замат «бойу кыска» сыяктуу сөздөр менен ал кызды басынтууга аракет кылат.

«Адам болуу» дининин мындай туура эмес түшүнүгүнөн улам бир адамдын өзүнөн өйдө көргөн, акылдуураак, сулуураак, таланттуураак деп көргөн бир адам жөнүндө анын мындай өзгөчөлүктөрүн мактаган бир негизде сөз кылганын көрбөйсүз. Мисалы, бир гезит кабарчысынын өзү теңдүү башка бир кабарчыны мактаган, өзүнөн акылдуу көргөн же анын пикирлеринин, услубунун жакшыраак экенин баяндаган бир макаласын көрүү абдан кыйын. Бир ырчынын өзүнө тең деп көргөн башка бир ырчыны макташы, анын сулуураак жана таланттуураак экенин айтышы абдан сейрек кездешет. Көбүнчө, тескерисинче, бул адамдардын бири-бирин абдан сындашканын көрөсүз. Мисалы, бир психолог башка психологдун сунуштарын жактырбайт, бир диета адиси башка адистин ыкмасын сындайт, бир телевизор алып баруучусу башка алып баруучулардын сөзсүз бир кемчилигин табат. Мунун себеби – бул өзүнүн талантын, акылын же даражасын өйдө коюу аракети.

## 2- СҮЙЛӨӨ БУЗУКТУКТАРЫ

Сүйлөө адамдардын ой-пикир, көз-караш жана сезимдерин, каалоолорун тышкы дүйнөгө билдиришине, бири-бири менен кеңири байланыш курушуна жардамчы болот. Ал эми «адам болуу» dининде болсо сүйлөө бул негизги максаттан алыстап, «адам болуу» дининин адамынын бузук психологиясын сыртка чыгаруу куралы абалына келген. «Адам болуу» динindеги адамдын бардык комплекстери, кыял-жоругундагы бузуктуктар, психологиялык проблемалары, маанайы ал сүйлөп жатканда ортого төгүлөт. Көп адамдар өзүн сыртка чыныгы абалынан башкача жана өйдө көрсөтүүнү каалайт. Мындай өзүн көрсөтүү болсо, кыймыл-аракеттер аркылуу болгон сыяктуу эле, көбүнчө сүйлөө аркылуу да ишке ашырылат. Бул бөлүмдө «адам болуу» динindеги адамдардын сөздөрүн услуп, мазмун, кыймыл-аракет, мимика жана башка өзгөчөлүктөрү тарабынан карайбыз.

**«АДАМ БОЛУУ» ДИНИН ЖАШАГАН АДАМДАРДЫН**
**КЫЙМЫЛ-АРАКЕТ БУЗУКТУКТАРЫ**
**«ТАБИТСИЗДИК ЖАНА ТУУРАМЧЫЛЫК ТҮШҮНҮГҮ»**
**(УРМАТТУУ АДНАН ОКТАРДЫН КРАЛ КАРАДЕНИЗдеги ТҮЗ МАЕГИ, 6-март, 2009-ж.)**

**АДНАН ОКТАР:** Кээде ушундай адамдарды көрөм, чындап эле табитсиз жана сабатсыз, бирок кулагына сөйкө таккан, чачын өзгөчө жасалгалаган, футболка кийген, сөздөрдү өзгөчө чоюп чоюп сүйлөйт, кызыктай бир сүйлөө калыбы чыгарышыптыр, жаңы. Бир кызыктай. Сөздөрдү созуп сүйлөп, кулагына волкманбы эмне, ошондон тагып алган, бир кыймылдарды жасап жүрөт. Ультра модерн көрүнүштө, өз оюнда, бирок толугу менен сабатсыз жана табитсиз. Мен чачын жасалгалаганына каршы эмесмин, же кыскартышына. Көңүлүнө жагып атса, кылсын. Футболка кийишине да, волкман тагышына да. Көңүлүнө жакса, кылсын. Бирок муну менен модерн болдум деп ойлоп жатышы абдан караңгылык. Себеби модерн болуу – бул сүйүү толо болуу, мээримдүү, боорукер болуу, башкалардын көңүлүнө кароо, сөздү ойлонуп сүйлөө, сөзүнүн каякка бараарын билүү, тазалыкка көңүл бөлүү, башка адамдардын тынчын албоо, Жаратуучу себебинен жаратылгандарды сүйүү, гүлдөргө, өсүмдүктөргө, балдарга, сулуулуктарга, бүт нерсеге суктануу, аларды коргоо, окуялардын ички тараптарын көрүү – мына ушул – модерн, заманбап болуу.

### Жасалма жана чын көңүлдөн чыкпаган сөздөр

«Адам болуу» дини – бул бир «калыптар» дини. Адам бул калыптарды кабыл алып, ишке ашырса гана, коом тарабынан кабыл алынып, урмат көрөт. Адамдардын мамилелеринде абдан маанилүү бир орду болгон сүйлөөнүн да бул жалган динде өзүнө

тиешелүү сансыз калыптары бар. «Адам болуу» дининде сүйлөнгөн сөздөр да чөйрөгө жана абалга жараша бул калыптардан тандалып катарга тизилиши аркылуу куралат. Сүйлөп жаткан адамдын ал сөздөрүн чындап жүрөгүнөн сезип сезбей жатышы эч маанилүү эмес. «Адам болуу» дининдеги адамдын жүрөгүндө сезгендери менен сыртка айткан сөздөрү эки башка болгондуктан, башкача айтканда, ичи-сырты бир болбогондуктан, бир мааниде «эки жүздүүлүк» кылган болот. Кадимки бир адам үчүн эки жүздүүлүк канчалык уят нерсе болсо да, «адам болуу» динин жашаган бир адам мындай абалга кабылганын байкабайт дагы.

Адам «адам болуу» дининде жаман көрүп турса да сүйгөн сыяктуу көрүнүүнү, сүйүп турса да маани бербеген сыяктуу болуп көрүнүүнү, маани бербей турса да урмат көрсөтүүнү, кайгырбаса да кайгырган сыяктуу, кубанбаса да кубанган сыяктуу болуп көрүнүүнү, каалабаса да каткырып күлүүнү же ыйлоону, эч таасирленбесе да абдан таң калган сыяктуу болуп көрүнүүнү үйрөнөт. Шартка жараша бул үйрөнгөндөрүн ишке ашырат.

Жанындагылар да ушундай абалда болгондуктан, жасалмалыкты жектешпейт, кадыресе кабыл алышат. Кезек аларга келгенде алар да ошондой жасалма кыял-жорук көрсөтүүдөн тартынышпайт. Жасалма сүйлөө түрлөрүнүн кээ бирлери төмөнкүлөр:

Окуяларды баяндап жатканда көбүрөөк көңүл бура алуу үчүн аша чапкан бир услуп колдонуу. Жөнөкөй бир нерсени маанилүүдөй, маанилүү бир нерсени болсо жөнөкөйдөй баяндоо. Сүйлөп жатканда, сөздүн эне тилдегиси бар болсо да, башка тилдеги сөздөрдү колдонуп, чет тил билгенин көрсөтүү...

Билбеген бир темада сөз болуп жатканда, байкатпастан билген сыяктуу көрүнүү, ал тема жөнүндө билген бир нерсесин кошумчалап, бул теманы толугу менен билчүдөй болуп көрүнүү. Баяндалган нерселер эч таасир этпесе да, жасалма обу жок реакция берүү жана ичинен сезбесе да таң калган, жактырган, сындаган, кайгырган, тастыктаган, колдогон сөздөрдү колдонуу. Мисалы, чынында таң калбаса да, «шок болдук», «абдан таң калыштуу», «ай ишенбейм»... сыяктуу сөздөрдү айтуу.

Булардын көпчүлүгү ичинен сезгендиктен улам айтылбайт. Чынында маңдайындагы адам да бул сөздөрдүн жасалма экенин билиши мүмкүн. Бирок эң негизгиси – бул калыптардын орду ордунда усталык менен колдонулушу. Башкасы маанилүү эмес. Жасалмалык жана эки жүздүүлүк «адам болуу» дининде ушунчалык табигый абалга келгендиктен, ушунчалык сиңгендиктен, адамдар ачык сөздүү, ичи-сырты бир, чын көңүлдөн сүйлөгөн бир адамга кабылса, анын мындай өзгөчөлүгүн таң калаарлык бир окуя сыяктуу сөз кылышат. «Адам болуу» дини жашалган чөйрөлөрдө адам жасалмалыкта канчалык ийгиликтүү болсо, коом ичинде ошончолук ийгиликтүү болот. Коомдо адамдар суктанган кызмат орундарына жеткен көп адамдарга көңүл бурулганда, бул эрежелерди ишке ашырууда абдан усталык кылганы байкалат. Эркектерде иш карьерасында бир көтөрүлүү куралы болгон жасалма сөздөр аялдарда дос, курдаштар арасында бир мактануу себеби катары колдонулат. Күйөөсүнүн кызмат орду, байлыгы, балдарынын мектептеги абалы, эс алууга барган жерлери, коомдук

мамилелери жана иш-аракеттери аша чабуу менен баяндалат. Жасалма сүйлөө түрлөрүнө мисал катары төмөнкүлөрдү да саноого болот:

Бир адамдын тамашаларына, туура эмес болуп калбасын деп же андан тартынгандыктан же ага жагынуу үчүн зордукча күлүү, каалабаса да жасалма каткыруу. Ачуусу келгенде ашыкча сый бир услупка өтүп, ачууланганын үн тону менен билдирүү да «адам болуу» дининде көп кездешкен кыймыл-аракет бузуктуктарынын бир түрү.

**«АДАМ БОЛУУ» ДИНИН ЖАШАГАН АДАМДАРДЫН КЫЙМЫЛ-АРАКЕТ БУЗУКТУКТАРЫ**

**«ЖАСАЛМАЛЫК»**

**(УРМАТТУУ АДНАН ОКТАРДЫН КАЧКАР ТВдеги ТҮЗ МАЕГИ, 12-март, 2009-ж.)**

**АДНАН ОКТАР:** «Адам болуу» дини коомдун көп бөлүгүндө бир туугандарыбыз жолуккан бир чындык. Ашыкча жасалмалык, ашыкча жасалма сөздөр, б.а. табигый болбоо. Мисалы, бирөөгө жолугат, «ай-ий, сен каяктарда жүрөсүң, мен сени аябай сагындым.» Аллах жолуктурду, алхамдүлиллах деп айт, чын көңүлдөн бир маек болот. Кайра кайра «чындап абдан кубандым, чындап абдан бактылуу болдум.» Калп айтып ишендирүүгө аракет кылып жаткан сыяктуу. Ант ичет мисалы, ант ичем абдан кубандым дейт. Кайгырышың керек беле, албетте сүйүнөсүң, ушул сыяктуу жасалма, өзүн зордоп айтылган сөздөрдү айтып жатам да. Бул коомдун көп бөлүгүндө адамдарды тынчсыздандырган, жасалма сүйлөө услубу. Чын көңүлдөн сүйлөгөн адамдар да бар. Бул болсо адамга бейпилдик, ырахат берет. Чын көңүлдөн, жүрөгүндөгүн айтат. Бирок жасалма адамда, эртерээк мунун сөзү токтосо, түгөнсө деп ойлойт адам. Мындай сүйлөө калыбына чыдоо абдан оор. Бул жерден да түшүнсө болот адам, эгер ичинен сыгылып атса демек ал «адам болуу» дининде, бирок чын көңүлдөн жана көңүлү ырахат жактырып угуп жатса анын сөздөрүн, анын бар экенинен бейпилдик сезсе, анда ал «адам болуу» дининде эмес, иншаАллах.

**(УРМАТТУУ АДНАН ОКТАРДЫН КАНАЛ 35теги (ИЗМИР) ТҮЗ МАЕГИ, 14-февраль 2009-ж.)**

**АДНАН ОКТАР:** Мисалы абдан жасалма, бир театр артисти сыяктуу акылсыз мимикалар, акылсыз услуп жана бир ыр окуп жаткан сыяктуу услуп. Ушундай кызыктай адамдар болот, абдан жасалма кыймыл-аракеттерди жасайт жана кызыктай бир шоу жасайт, шоуну эске салган абдан кызыктай бир услуп менен баяндайт динди. Жакшылап карагандар, бираз акылын башкаргандар ошол замат байкашат. Акылсыздык менен, дин жөнүндө сөз кылганда атайын бир услуп талап кылынган сыяктуу, көздөрү менен бир чекитти карап, бир нерселерди жасайт, аркасында жеңил бир музыка, чыйылдаган сыяктуу. Булардын кандай зарылчылыгы бар? Дин апачык чындыктын дал өзү.

Чындап көңүл ачып жаткандыгы адамдын да жүзүнөн байкалат. Баары эч бактылуу эмес. Бири-бирине, баарын аруулаймын да, бирок көпчүлүгү бир шоу көрсөтүшөт жана бактылуулук шоусу сыяктуу бир нерсе бул.

## Бош жана максатсыз маектер

«Адам болуу» дининин маектериндеги эң белгилүү өзгөчөлүк – бул маектердин бош жана максатсыз болушу. Адамдардын 90%ынан көп бөлүгүндө «жөн эле, сүйлөшүп туруу үчүн эле сүйлөшүү» кааланбаган бир кыймыл-аракет абалына келген. Натыйжа чыкпай турган, калыптанып калган белгилүү темалар мындай бош маектердин негизин түзөт. Мындай маектердин мазмуну абдан кенен. Мындай маектер «адам болуу» дини адамынын күнүмдүк жашоосунун маанилүү бөлүгүн ээлейт. Маектердин көп өзгөрбөгөн калыптанган ачылыштары бар: «Дүйнөнүн эч жеринде жок...», «Европалыктар, башка улуттар мындай кылбайт...», «24 саатта...» деп башталган маектер, «мен өкмөт башчысы болгонумда...», «биз адам болбойбуз...», «алардын баары менин жанымда чоңойду...» сыяктуу маектер менен узайт, кеңейет, бир темадан башка темага өтөт. Билинген же билинбеген ар түрдүү темада пикир билдирүүгө багытталган маектер да көп кездешет. Эч кандай натыйжа чыкпаган, чыгарылса да эч кандай пайда алып келбеген мындай маектер көбүнчө жанындагы адамдарга пикир, көз-караш, жоромол ээси экенин сездирүү комплексине таянат.

## Эч нерсе чечпей турган жана хикматсыз (терең мазмунсуз) маектер

«Адам болуу»材 дининде чындап маектешип, чечилиши керек болгон темалар да татаал жана чечилбей турган тарапка түртүлөт. Абдан кыска мөөнөттө чечиле турган маселелер сааттар бойу узайт. Маектер өз пикирин жактоо, өзүнүкүн бербөө жана өзүн көрсөтүүгө айланат. Жумуштук чогулуштар, достордун чогулушу, үй жашоочуларынын чогулушу дайыма ушундай көрүнүштөргө сахна болот. Хикматсыздык (сөздөрдүн кыска нуска болбошу) маектерди толук камтыйт. Теманы мазмундуу, хикматтуу, акылдуу бир негизде баяндоо эч мүмкүн болбойт. Себеби хикмат бир гана Аллах каалап, тандаган пенделерине берген бир артыкчылык. Бир Куран аятында мындай буйурулат:

**Кимге кааласа хикматты ошого берет; шексиз ага хикмат берилгенге чоң бир жакшылык да берилген болот. Таза акыл ээлеринен башкасы сабак алып-ойлонбойт. (Бакара Сүрөсү, 269)**

Куранда билдирилген акыл жана хикматка ээ болбогон «адам болуу» динindеги адам бир канча сүйлөм менен түшүндүрүүгө мүмкүн болгон бир теманы кээде сааттар бойу түшүндүрө албайт. Кээде кыска мөөнөттө баяндала турган теманы атайылап узартып, «даамын чыгарат». Телевизордогу ачык маектерде абдан кыска мөөнөттө

чечиле турган маселелер жөнүндө сааттар бойу талаш-тартыш жасалат, бирок эч кандай жыйынтык чыкпайт. Бул жөнүндө Куранда мындайча билдирилген:

**Адамдардын арасында ушундайлар бар, билбестен туруп, Аллахтын жолунан адаштыруу жана аны бир оюн-күлкү кылуу үчүн сөздүн «бош жана максатсызын» сатып алышат. Мына ошолор үчүн басмырлоочу бир азап бар. (Локман Сүрөсү, 6)**

«Адам болуу» done адам сөздү узатып, теманын маңызына эч кире албайт. Көп сүйлөгөнүнө карабастан эч нерсе түшүндүрө албайт. Керексиз кириштер, маанисиз байланыштар менен абдан жөнөкөй бир теманы да ичинен чыга албай турган бир абалга салат. Сөздөрүнүн арасына өзүнө көңүл буруууга, ой-пикирлерин маанилүү көрсөтүүгө же билимин, маданиятын көрсөтүп, мактанууга багытталган сөздөрдү колдонууга аракет кылат. Эң маанилүү темаларда да өзүн алгачкы планга, маек кылынган теманы экинчи планга койот. «Билгиле, дүйнө жашоосу жалаң гана бир ойун, «жагымдуу бир алаксуу», бир кооздук, өз араңарда бир мактануу, мал-мүлк жана бала-чаканы «көбөйтүү каалоосу» гана...» (Хадид Сүрөсү, 20) аятында кабар берилген өзгөчөлүктөр «адам болуу» дининин маектеринде абдан көп кездешет.

Буларга дайыма сөз талашуу, бири-биринин сөзүн бөлүү, теманы жарым токтотуп сөздү өз оюнда маанилүү көргөн башка бир темага буруу, орунсуз, билип билбеген бүт темага аралашуу сыяктуу кыймыл-аракеттерди да кошууга болот.

## Ойлонбой сүйлөө

«Адам болуу» дининин маектеринде ойлонбостук көп кездешет. Айтып жаткан темасы же колдонгон услубу маңдайындагы адамды кызыктырбаса да муну байкабастан бирдей темпте сөзүн улантуу, мурда айтып берген нерсесин унутуп кайра кайра айтуу, бүт адамдар билген нерселерди аябай оригиналдуу бир теманы айтып жаткандай айтып берүү, убактысы тар бир адамды сөзгө тартып алагды кылуу «адам болуу» динине тиешелүү ойлонбой сүйлөөнүн эң белгилүү мисалдарынан. Ошондой эле, орунсуз жана жаман тамашалар маектердин андан да хикматсыз бир абалга келишине себеп болот.

Ойлонбой сүйлөө сүйлөө калыптарынын бири. Туура эмес түшүнүп калына турган сөздөрдү айтуу, сөздүн каякка, кимге тийерин эсептей албоо, сүйлөп жатканда орунсуз сүйлөө ушул топко кирет. Көбүнчө атайылап басынтуу же шылдыңдоо максаты болбогонуна карабастан, байкабастан айтылган сөздөр менен адамдарды капа кылуу «адам болуу» динине тиешелүү бир кыймыл-аракет. Көп адамдуу чөйрөлөрдө ал жердеги адамдардын ар түрдүү материалдык же денесиндеги кемчилик же майыптыктарын көңүлгө албастан, зарыл бир сөз да болбогонуна карабастан, бул темалар жөнүндө сөз кылуу ал адамдарга тийиши мүмкүн. Мисалы, чачы таз же бойу кыска же жакыр бир адамдын жанында мындай өзгөчөлүктөрү менен байланыштуу керексиз темалар жөнүндө сөз баштоо, басынта турган тамашаларды айтуу «адам болуу» динине тиешелүү ойлонбой сүйлөөнүн мисалдары арасында.

## Урмат-сыйга туура келбеген абалда шылдыңчыл сүйлөө

Кандай гана тема болбосун өзүнүкүн бербеген жана талашкан бир услуп менен сүйлөө «адам болуу» дининин өзгөчөлүктөрүнөн. Ошондой эле, үнүн көтөрүү аркылуу талаштарда жеңүүгө аракет кылуу өзгөчө берки адамга өз пикирин таңуулоонун бир зарылчылыгы катары колдонулат.

Өзүнүн жанында эле отурган адамдарга көңүл бурбастан, алар жөнүндө «бул», «булар» сыяктуу сөздөрдү колдонуу, маңдайындагы адамдын жүзүнө карабастан сүйлөө, тамаша менен сөзүн бөлүү, сөз тийгизүү да «адам болуу» désinде башка адамдарды басынтуу ыкмаларынан. Укканына карабастан, өзүн оор басырыктуудай көрсөтүү үчүн, узатылган суроолорго жооп бербөө, укпамыш болуу да кээ бир колдонулган ыкмалардан. Мындан тышкары, уккан нерсесин атайылап кайталатуу, түшүнүп туруп түшүнбөгөндөй болуу, бир адам бир нерсе айтып берип жатканда ага көңүл бурбаганын жана укпаганын байката турган абалда башка бирөө менен башка бир темада сөз баштоо да – урматсыз жана шылдыңчыл маек мисалдарынын кээ бирлери.

Бир адам айтып берип жаткан темага кызыкпаганын, маани бербегенин көрсөткөн сөздөрдү айтуу «ооба ооба туура айтасың», «ушул темп менен улант» сыяктуу... сөздөрдү колдонуу, мындан тышкары, жогорулук услубун колдонуу («берчи көрөйүн», «келчи бери көрөйүн» сыяктуу...) да бул темага бериле турган мисалдардын кээ бирлери.

## Телефондук сүйлөшүүлөр

Телефондо сүйлөшүп жатканда, кадимки үн тону жана услубунан башкача бир үн тонун жана услупту колдонуу да «адам болуу» дининин өзгөчөлүктөрүнөн. «Ало» сөзүн турган жеринин статусуна жараша, башкача жасалма бир абалда айтуу, мисалы башчы же директор болгон болсо үнүн атайылап жоон жана ток бир тонго келтирип, жай жана ашыкча олуттуу бир услуп менен телефонго жооп берүү сыяктуу.

«Адам болуу» désinде телефон менен сүйлөшүп жатканда байкалчу башка аракеттер төмөнкүлөр: бетме-бет сүйлөшкөндө кенен айта албаган нерселерди телефондо кубаттанып айтуу, кызыкчылыгы болгон бирөөнүн телефон чалышын күтүп телефондун жанында турганына карабастан, ал телефон чалганда ылдам жооп бербөө, көпкө чыңгырагандан кийин жооп берүү...

Бирөө менен сүйлөшүп жатканда айланасындагыларга каш көзүн кыймылдатып ишараттар берүү. Өзүн тааныштыруу жана коштошуу убагында жасалма калыптарды колдонуу, ачууланганын билдирүү үчүн аппаратты катуу коюу, сүйлөшүп жатканда ал адамды калп эле мактап, телефонду койгондон кийин ал адам жөнүндө жаман же шылдыңдаган сөздөрдү айтуу сыяктуу кыймыл-аракеттер да «адам болуу» динине тиешелүү.

## Артынан уруштуруу жана ушак айтуу

Калем Сүрөсүнүн 10-13-аяттарында «адам болуу» динин тутунгандардын пас, төмөн аракеттери катары менен сүрөттөлөт. Ал аяттар төмөнкүлөр:

**Ушулардын эч бирине баш ийбе (ээрчибе): Ант ичип турган, төмөн (пас адам). Болушунча (бирөөлөрдү) айыптап жамандаган, сөз ташыган. Жакшылыкка бут тосуусун уланткан, урушчаак, болушунча күнөөкөр (күнөөгө баткан). Орой, урматсыз жана да сөз тыңшаар. (Калем Сүрөсү, 10-13)**

Аяттардын башында айтылган «болушунча айыптап жамандоо» «адам болуу»板 динде көп кездешет. Бул шайтандык динди тутунгандар арасында адамдарга өз көзүнчө жакшы мамиле кылып, кийин аркасынан уруштурган адам модели абдан кеңири тараган. Эч ким бири-биринин кемчиликтүү, туура эмес тараптарын аны оңоо максатында сөз кылбайт. Ансыз деле башкалардын каталарын оңдоону көп адамдар каалашпайт. Бир адамдын кандайдыр бир катасы жөнүндө бир гана шылдыңдоо же ушактоо үчүн сөз кылынат.

«Адам болуу» дининде бир көңүл көтөрүү жана алаксуу темасы абалына келген ушак айтуунун коомдук жашоодо маанилүү орду бар. Коомдо мындай жаман кыял-жорук сындалып, андан баш тартуунун ордуна тескерисинче көбүнчө жактагандар байкалат. Куранда болсо бул жөнүндө мындай өкүм берилет:

**Эй ыйман келтиргендер, күмөндөн (божомолдон) абдан качынгыла; себеби күмөндүн бир бөлүгү күнөө. Бири-бириңердин жашыруун тарабын изилдебегиле. Кээ бирөөңөр кээ бирөөлөрдү гыйбат кылып (жамандап) аркадан уруштурбасын, силердин бирөөңөр өлүү бир тууганынын этин жегенди жактырабы?... (Хужурат Сүрөсү, 12)**

**«АДАМ БОЛУУ» ДИНИН ЖАШАГАН АДАМДАРДЫН КЫЙМЫЛ-АРАКЕТ БУЗУКТУКТАРЫ «БОШ МАЕКТЕР»**
**(УРМАТТУУ АДНАН ОКТАРДЫН КАНАЛ 35теги (ИЗМИР) ТҮЗ МАЕГИ, 1-февраль 2009-ж.)**

**АДНАН ОКТАР:** Бош маектер канчалык кыйын, кандай оор, болгондо да жасалма бир адамдын бош сөздөрүн угуу, андай адамдарга көңүл бурсаңыздар дайыма нокдаун болушат. Акылы ордунда бир адам абдан кыйналып кетет андайдан. Эң сонун нерсе ал жерден чыгып кетүү. Ушак кылынып жатканда болсо ушак кылынып аткан адамды мактасаңыз, ушактаган адамдын ырахаттануусун тамагына тыгып койосуз, абдан жакшы болот. Үч беш мактоолуу сөздөрдү айтсаңыз, ушактын эч кандай мааниси калбайт ал үчүн.

# 3- ШЫЛДЫҢЧЫЛДЫК

Жасалмалык менен бирге шылдыңчылдык да «адам болуу» дининдеги адамдардын орток кыймыл-аракет бузуктуктарынан. Куранда апачык тыюу салынган шылдыңчылдыктын канчалык качынуу керек болгон кыймыл-аракет экендиги бир аятта мындайча билдирилет:

**Аркадан (адамдарды) уруштуруп турган жана каш көз ишараттары менен шылдың кылган ар бир адамдын абалы оор (тозок)... (Хумаза Сүрөсү, 1)**

Ал эми «адам болуу»დининде болсо бир адамдын мүмкүнчүлүк болгондо эч тартынбастан башка бирөөнү шылдыңдашына жана аны басынтышына тоскоол болгон эч кандай эреже жок. Тескерисинче, шылдың кылган адамга кошулуу бүт адамдарга жаккан бир абал. Шылдыңчыл жана басынтуучу кыймыл-аракеттерге төмөнкү мисалдарды берүүгө болот:

Бир коом ичинде жакын адамдары менен каш-көз ишараттарын жасашып, башка кээ бир адамдарды шылдыңдоо, коом ичинде адамдарды басынтуу максатында алардын каталарын, кемчиликтерин айтуу жана буларды шылдың темасы кылуу, адамдын денесиндеги өзгөчөлүктөрүн шылдыңдоо, маңдайындагы адамдын кемчиликтүү өзгөчөлүктөрүн ал адамды бул өзгөчөлүктөрүнүн тескерисин айтып мактоо менен шылдыңдоо.

Мындан тышкары азил-тамашалар менен же жаман ат жана сыпаттарды ыйгаруу аркылуу адамдарды басынтуу, көз-караш жана мимикалары менен адамдарды басынтуу, алдындагы адамды уят кыла турган абалда аны тууроо, услуп, үн тону жана тандаган сөздөрү менен алдындагы адамды басмырлоого аракет кылуу аркылуу өзүн өйдө көтөрүү, бирөө бир нерсе айтып жатканда анын кемчиликтерин жаңсап башка бирөөлөр менен күлүү, ал укпай турган абалда ал адам жөнүндө шыбырашуу сыяктуу аракеттер «адам болуу» дининде көп кездешет.

Мындан тышкары, чөйрөдө ката же кемчилик кетирген бир адамды жалпылай шылдыңдоо, көңүл көтөрүү үчүн көңүлүндө кири жоктугу же жакшы ниети менен таанылган бир адамга атайылап тийишип, анын ар бир аракетинен, ар бир сөзүнөн шылдыңдай турган бир нерселерди чыгаруу, жактырбаган, басынткысы келген бир адамды атайылап көпчүлүккө таянып басынтуу да «адам болуу» дининин өзгөчөлүктөрүнөн. Чындыгында болсо Куранда шылдыңчылдык, басынтуу, кошумча ат ыйгаруу сыяктуу аракеттер абдан катуу эскертилип, тыюу салынган:

**Эй ыйман келтиргендер, бир коом (башка бир) коомду шылдыңдабасын, балким алар булардан жакшыраактыр; аялдар да аялдарды (шылдың кылбасын), балким алардан жакшыраактыр. Өз напсиңерди (өзүңөрдү өзүңөр) бөлүп-**

**басынтпагыла жана бири-бириңерди «начар ылакаптар (тагылган аттар) менен» чакырбагыла. Ыймандан кийин фасыктык (бузукулук) кандай жаман. Ким тообо кылбаса, мына ошолор заалымдардын дал өзү. (Хужурат Сүрөсү, 11)**

# 4- МААНИ БЕРБЕСТИК, КАМЫРАБАСТЫК

«Адам болуу» дининин эң негизги пайдубалдарынын бири – бул маани бербестик. Себеби бул жалган динде маани бербестик акыл, талант жана жеке адамдык жогорулугун көрсөтүү ыкмасы катары колдонулат. Адамдар абдан өзгөчө, маанилүү жана баарынан өйдө бир адам болуп көрүнүүнүн жолу «маани бербестик» деп ишенишет. Ушул себептен өзгөчө жаштар арасында маани бербеген кыймыл-аракеттер кеңири тараган.

Бир лицейдин эң популярдуу кыздарын же эркектерин элестетиңиз. Көбүнчө бул адамдарда жөнөкөй, бүт адамдарга сүйүү, урмат көрсөткөн жана ысык бир мамиле байкай албайсыз. Себеби сонун ахлактын эң маанилүү өзгөчөлүктөрү болгон мындай кыймыл-аракеттер караңгы коомдо уят нерседей кабыл алынат. «Адам болуу» динин тутунгандар арасында популярдуу боло алуу үчүн мүмкүн болушунча бой көтөргөн жана маани бербес (дөңгөч) болуш керек. Баарына салам бербөө, ага гана салам берилген адам болуу болсо абдан маанилүү. Сүйүү көрсөтүүчү эмес, бир гана ага сүйүү көрсөтүлгөн адам болуу да. Чөйрөсүндөгүлөргө маани бербегендей болуп көрүнүү, бир адам чын көңүлдөн бир мамиле жасаганда, суз мамиле кылуу, жакын бир канча досу менен гана жакын мамиледе болуп, башка бүт адамдарга маани бербөө да мындай анормалдуу кыймыл-аракеттерге мисал болот.

Маани бербестиктин дагы бир тарабы бар. «Унутуп коюу, бейкапар болуу» катары билинген бул тарап коомдун дээрлик бүт тарабына жайылган. Мындай маанайдагы адамдар коркунучту байкашпайт, байкашса да акылсыздык менен маани беришпейт. Себеби «адам болуу» дини коркунучка карата бейкапар мамиле кылууну бир артыкчылык катары көрсөтөт. Ушул себептен караңгылыкта камырабастыктан келип чыккан өлүмдөр, майыптыктар, ооруга чалдыгуулар абдан көп кездешет. Мисалы, кабели ток ура тургандай болуп эскирип калган бир аппаратты оңдоонун ордуна «көңүлгө алба, биз мындай нерселерден коркпойбуз» деп, ушул бойдон колдоно берүү маани бербестик, камырабастыктын бир көрсөткүчү. Же болбосо электрдик ток бөлгүчү эскирип, от чыгып кетүү коркунучу бар бир үйдө жашагандардын «эч ойлонбо, бул үй – бекем үй, эчтеке болбойт» сыяктуу сөздөрдү айтып мындай коркунучка маани бербеши... Ал тургай адамдардын көпчүлүгү «биз эски адамдарбыз, бизге эчтеке болбойт» деп жылдар бойу докторго барышпайт, ооруганда эч дарыланбайт. «Адам болуу» дининин мындай камырабастыгы себебинен денесиндеги ракты, шишикти, вирустарын билбестен жашаган жана ал оору аныкталганда болсо өлүмдүн эшигине келип калган адамдар абдан көп.

Мындай маани бербестик себеп болгон дагы бир коркунуч болсо – бул чөйрөгө зыян берүү ыктымалдыгы. Мисалы, кээ бир адамдар 3-4 жашындагы балдарын «эчтеке

болбойт» деп үйдө жалгыз калтырып коюшат. Келгенде болсо баласынын мешке жабышканын же газды ачкандыгы үчүн майып болгонун же болбосо дары ичип же терезеден кулап кетип өлүп калганын көргөн адамдар да көп. Мындай кабарлар дайыма гезит барактарына чыгат. Бирок «адам болуу» дининин маани бербестиги бул жерде да көрүнөт. Бул кабарларды окуган адамдар мындай окуяга мен кабылбайм деп ишенгендиктен, андай кылыгын уланта беришет.

Караңгылык ахлагында «бейкапардык» ушунчалык жайылгандыктан, адамдар бири-биринен дайыма «ойлонбо, көңүлүңө алба, эчтеке болбойт» сыяктуу сөздөрдү угушат. Ал тургай, бул диндин бузуку түшүнүгүнөн улам адамдар кандайдыр бир коркунучка каршы чара көрүүдөн же чара сунуштоодон уялышат. Себеби коркок деген айып тагылат. Мисалы, өрт коопсуздугу начар ири ишканада иштегендердин керектүү каражаттарды алып келүүсүн суранышы же эскирген лифттин жаңыга алмаштырылышын суранышы абдан кыйын. Себеби мындай кылса ал жерде иштеген башка адамдар, чоң бир ыктымалдуулук менен, бул адамга коркок адамга мамиле кылгандай мамиле кылышат. Чынында болсо акылсыздык менен «өзүн далилдөө» аң-сезими менен жасалган мындай камырабастыктардын жыйынтыгы көбүнчө бул адамдардын зыянына натыйжаланат.

Бирок бул жерде маанилүү бир нерсени айта кетүү керек. Албетте бир коркунучка кабылганда, ашыкча паника болуу, бир заматта өзүн жоготкондой даражада коркууга кабылуу сыяктуу мамилелер туура эмес. Аллах адамдарга Куранда тобокелдүү болууларын, т.а., оор кырдаалдарда, коркунуч абалдарында да Аллахка ишенип, таянышы керек экенин буйруган. Бул темадагы кээ бир аяттар төмөнкүдөй:

**Момундар бир гана ушундай адамдар, Аллах эскерилгенде жүрөктөрү титирейт. Анын аяттары окулганда ыймандарын көбөйтөт жана бир гана Раббилерине тобокел кылышат. (Энфал Сүрөсү, 2)**

**Айткын: «Аллах биз үчүн жазгандарынан башка, бизге сөзсүз эч нерсе келбейт. Ал биздин Мевлабыз. Жана момундар бир гана Аллахка тобокел кылышсын.» (Тообо Сүрөсү, 51)**

**... Ким Аллахка тобокел кылса, Ал ага жетиштүү. Албетте Аллах Өз буйругун аткарып-ишке ашыруучу. Аллах бүт нерсе үчүн бир өлчөө кылган. (Талак Сүрөсү, 3)**

**Жана (Аз. Йакуб) айтты: «Эй балдарым, жалгыз бир эшиктен кирбегиле, башка башка эшиктерден киргиле. Мен силерге Аллахтан эч нерсе бере албайм (кетире албайм). Өкүм бир гана Аллахтыкы. Мен Ага тобокел кылдым. Тобокел кылгандар бир гана Ага тобокел кылышсын.» (Йусуф Сүрөсү, 67)**

Жогорудагы аяттан байкалгандай, Аз. Йакуб (Жакып) балдарына «тобокелдүү болгула» деп кеңеш берүүдө, бирок ошол эле учурда «чара кабыл алгыла» деп да эскертүүдө. Ыкластуу бир Мусулмандын мамилеси да ушундай болушу керек. «Адам болуу» дининин зарылчылыгы болгон маани бербестик, камырабастык да, Аллах жаман деп билдирген тобокелсиздик да туура эмес. Адам ар бир жолуккан коркунучка каршы акылын колдонуп, чара көрүшү керек, бирок ошол эле учурда Аллах кааламайынча, эч кандай коркунучту токтото албашын билип, Раббибизге өзүн тапшырып, тобокел кылышы зарыл.

## 5- ЗААЛЫМДЫК

«Адам болуу» дини коомго абдан айоосуз жана адамгерчиликсиз бир система алып келет. Ушул себептен адамдардын көпчүлүгү чөйрөсүнө эч кам көрбөгөн жана мээримсиз болушат. Натыйжада адамдардын күн сайын бир канча жолу көңүлү чөгөт, сынат, жүрөгү сыгылат. «Адам болуу» дининин заалымдыгы себебинен абдан ачуулуу, стресстүү, азап толо жашоо жашашат. Бүт адамдарга абдан шайыр жана ачык-айрым көрүнгөн адамдардын да дээрлик баары кечинде төшөккө жатканда сааттар бою ыйлаган, ичинен терең стресске кабылган адамдар. Себеби коомдун көп бөлүгүнө «адам болуу» дини өкүмчүлүк кылат жана бул жалган дин алып келген ар бир мамиле жана ар бир мимика адамдар үчүн, өздөрү да ошол нерсени кылып жатышса да, абдан оор бир азап.

Мисалы, материалдык абалы жакшы (анча бай) болбогондуктан жумушуна күн сайын бир эле кийим менен барууга мажбур болгон бир адамды элестетели. Бул адам үчүн күн сайын бир эле кийимди кийип жүрүү көп азап берет. Себеби сөзсүз айланасындагы адамдар бул нерсени өз араларында сөз кылышат, мындай абалдан улам ага маани беришпейт жана «бул кийим сенин үстүңдө айрылат окшойт», «сенин башка кийимиң жок окшойт» сыяктуу эч ойлонбогон, көңүлгө тийе турган тамашалар менен шылдыңдаган бир мамиледе болушат.

Бир жумушта, мектепте, эс алчу жайда, курста же адамдар чогулган кандайдыр бир жерде сөзсүз адамдардын аркасынан сүйлөгөн, аны сөз кылган бирөөлөрдүн болушун билүү да абдан азап берүүчү. Себеби адамдар сөзсүз алардын аркасынан сөз кылгандардын сөзүн бир себеп менен угат жана ушул себептен жүрөктөрүнөн чоң азап сезишет.

«Адам болуу»招 динде адамдар абдан назик ыкмалар менен бири-биринин көңүлүн чөктүрүшү мүмкүн. Мисалы жаңы кийим кийген бир адамга «сонун кийим экен, бирок сага анча жарашпаптыр, кечээки кийимиң жакшыраак жарашкан» деп айтуу көбүнчө ал адамды басынтуу үчүн жасалат. Себеби «адам болуу» дининде мактоо, алкоо же жакшы нерселерди айтуу жок. Ушул себептен адамдар бири-биринин жакшы тараптарын макташпайт. Чачын башкача кылып жасаткан бир адамга абдан жагып турса да «бул да жарашыптыр, бирок мурункуң сага жакшыраак жарашчу» деп айтуу да «адам болуу»

дининин көзөөчү услуптарынын бири. Бүт сулуулукта бир кемчилик табуу жана сонун нерсенин ордуна кемчиликтүү нерсени айтуу «адам болуу» дининин бир эрежеси. Мисалы абдан сулуу бир адамды «сулуу, бирок мындан сулууларды да көргөм», «сулуу, бирок бул жеринде кемчилик бар», «сулуу, бирок көздөрү жашыл болгондо, мындан да сулуу болмок экен» сыяктуу сөздөрдү айтып мактоодон качуу бул эреженин бир шарты.

Башкалардын каталары, кемчиликтерин айтып күлүү да «адам болуу» дининде жасалган бир заалымдык түрү. Мисалы бир адамдын көзүндөгү бузуктукту, ача болушун шылдың кылуу жана артынан «сени карап жатабы же мени карап жатабы, эч түшүнбөдүм», «көзүн түз карай албайм» деп каткырып күлүү... Одоно бир адамдын колуна бир нерсе берип жатып, «акырын ай, бекем карма» сыяктуу тамашаларды айтуу... Чачтары түшкөн бир адамга дайыма базардагы жаңы чыккан дарыларды санап күлүү, «жаңы чач эгүү ыкмаларын чыгарышыптыр, сени да жөнөтөлү», «бүгүн бир-эки чачың дагы түшкөн окшойт» сыяктуу тамаша-шылдыңдарын айтып өзүнчө каткыруу... Бою кыска бир адамга «төмөнкү тарапта аба кандай», «төмөндөн дүйнө кандай көрүнөт экен» сыяктуу караңгы сөздөрдү айтуу... Булардын баары «адам болуу» дининен чыккан зулумдук ыкмалары. Мындан тышкары, жыгылган адамга күлүп, аны шылдың кылуу, кийими айрылган бирөөнү шылдыңдоо, бир сөздү туура эмес айтып алган бирөөнү тууроо да бул жалган диндин заалымдыктарынын кээ бирлери.

Мындай абалдарда тамаша-шылдың кылынган адам да көбүнчө ага жасалган мындай тамашаларга «адам болуу» дининин мамилелерине ылайык жооп берет. Мисалы, таарынбады деп ойлошсун деп күлүп жооп берет. Бирок ичинен айтылгандардын азабын, кыйноосун сөзсүз сезет. Же ал да берки адамдын бир кемчилигин бетине айтат жана мындай жаман мамилелер эки тараптуу уланып кетет.

## 6- АЧУУСУНА ТИЙҮҮ ТАКТИКАЛАРЫ

Адамдардын ачуусуна тийүүгө аракет кылуу «адам болуу» дининин башка бир өзгөчөлүгү. Эл арасында көп адамдар ар кандай себептер менен бул ыкманы колдонот. Кээ бири жактырбаган бир адамды тынчсыздандыруу, кээ бири болсо ага кылган жамандыгы үчүн өч алуу максатында ачуусуна тийе тургандай мамиле кылат. Кээ бирөөлөр үчүн болсо башкалардын ачуусуна тийүү бир жашоо калыбына айланып калган. Адамдардын алсыздыктарын ачыкка чыгаруудан жана ачууланганын кароодон ырахат алат жана ушундай жол менен напсисин канааттандырат. Апасына, атасына, мугалимдерине, досторуна жасаган ар бир мамилесинин түпкүрүндө ачууга тийе турган бир тарабы болот. Бирок «адам болуу» дининин мындай өзгөчөлүгү адамдар тарабынан апачык ишке ашырылбайт. Ачуулантуунун белгилүү ыкмалары бар. Булардын кээ бирлери төмөнкүлөр:

## «Оор басырыктуу көрүнүү»

Башкаларды ачуулантуудан ырахат алган адамдар бул ыкманы абдан көп колдонушат. Адамдар абдан маани берген, толкунданган, тынчсызданган темаларда ашыкча эле оор басырыктуу бир мамиле көрсөтүп башка адамдарды ачуулантат. Өзгөчө жаштардын ата-апаларына болгон мамилесинде муну көп жолуктурасыз. Мисалы бир жакка барышына уруксат бербеген апасынан өч алууну каалаган бир жаш кыз апасынын бардык суроолоруна абдан шашпай жана акырын үн менен жооп берет.

Апасы тынчсызданып жоготкон бир нерсесин издеп жатканда жана кызынан жардам сураганда, кызы акырын гана «көрбөдүм» деп башын бурат да, гезит окуусун улантат. Апасы телефондо сүйлөшүп жатып бир нерсени жазып алайын деп кагаз калем сураса, акырын ордунан туруп, жай басып калем-кагазды алып, шашпай буларды апасына алып барат. Апасы чын жүрөктөн жана көңүлдүү бир маанайда мектепте эмнелер кылганын сураганда, бир гана «эч нерсе» деп жооп берет. Күнүнүн кандай өткөнүн чын көңүлдөн сураганда «жакшы» деп жолун улантат. Себеби бул мамилелеринин баарынын апасын ачуулантаарын билет.

Шашып жаткан бир адамга анын ишине тоскоол боло турган жана убактысын ала тургандай негизде шашпай мамиле кылуу да «адам болуу» дининдеги ачуулантуу ыкмаларынан. Мисалы жумушунан кечиккен бир адам эшиктен чыгып баратып, жогорку кабаттагы бөлмөдө сумкасын унуткандыгын айтканда, эч шашпаган кадамдар менен тепкичтерден көтөрүлүп, сумканы алып, уйкусурап акырын алып келүү берки адамды ачуулантуу үчүн гана жасалган бир аракет. Окуучусуна болгон аракети менен бир теманы түшүндүрүүгө аракет кылып жаткан бир мугалимди көңүл бурбаган бир көз-караш менен угуп, аягында болсо жай гана «мен эчтеке түшүнбөдүм» деп айтуу – мугалимин ачуулантып, напсисин канааттандырууну каалаган караңгы адамдын мамилеси.

«Оор басырыктуу көрүнүүнүн» дагы бир түрү – бул узатылган суроолорго толук жооп бербөө. Мисалы «үйдүн бүт тарабын карадым, бирок бут кийимимди таппадым. Сен көргөн жоксуңбу?» деген суроого бир гана «ооба» деп жооп берүү бир ачуулантуу тактикасы. Мунун аркасынан «каерден көрдүң» суроосуна бир гана «бөлмөдө» жообун берүү жана кайсы бөлмө экенин да, анын кайсы жеринде экенин да айтпоо берки адамдын бир канча суроо узатышын талап кылат. «Кайсы бөлмөдө, бөлмөнүн кайсы жеринде, кайсы шкафта, шкафтын кайсы койгучунда» сыяктуу суроолорду сураш керек болот. Натыйжада жалгыз бир сүйлөм менен чечиле турган тема бир канча мүнөткө узартылып, берки адамды убара кылып ачууга тийе турган абалга келет. Ушул себептен суралган суроолорго толук жана так жооп бербөө - «адам болуу» дининин ачуулантуу ыкмаларынын бири.

## Укмаксан, көрмөксөн, түшүнмөксөн болуу...

Караңгы коомдордо бул ыкманы көбүнчө урушкан адамдар бири-биринен өч алуу үчүн колдонушат. Урушкан адамдын ачуусуна тийип тынчсыздандыруу, анын көңүлүн

чөктүрүү үчүн жасашат. Ушундайча бираз болсо да өч алдым деп ойлошот. Мисалы урушуп кеткен бир адам турган бир көпчүлүк арасында ал адам тарапка карап сүйлөбөө, ал жерде андай адам жок сыяктуу мамиле кылуу, бүт адамдардын тамашасына күлүп жатып аныкына күлбөй койуу, баарына салам берип ага салам бербей койуу, баары менен коштошуп аны менен коштошпоо, баарынын ал-абалын сурап анын жанынан унчукпай өтүп кетүү «адам болуу» дининин эрежелери боюнча «сага маани бербейм, билип кой» маанисине келет.

Бул ыкма ачуулантууну жашоо калыбы кылып алган адамдар тарабынан да абдан көп колдонулат. Ага сүйлөгөн бир адамдын сөздөрүн абдан жакшы угуп туруп укмаксан болуу, «кечир, сен акыркы жолу эмне дедиң эле», «бир нерсе дедиңби» сыяктуу суроолор менен ал адамга көп маани бербегенин көрсөтүү бул адамдар жасаган бир «адам болуу» дининин мамилеси. Түшүнүп туруп бир теманы кайра кайра айттыруу да ачуулантуунун бир ыкмасы. Мисалы ага «бираз жай кыймылдап жатасың, батыраак кыймылдасаң ийгиликке жетесиң» деген бир адамдын эмне айткысы келгенин абдан жакшы түшүнүп туруп «кандайча жай» сыяктуу суроо узатуу берки адамга кыйынчылык жаратуу жана аны бул айткан сөзү үчүн бушайман кылуу үчүн жасалат. Апасынан тыканыраак болушу эскертилген бир жаш кыз жооп катары «кантип мындан да тыканыраак болоюн» сыяктуу сөздөр менен жооп бериши да бул сынга каршы иштеп чыгылган бир ачуулантуу тактикасы. Чынында болсо ар бир адам батыраак кыймылдоонун же тыкан болуунун эмне экенин жаш бала кезинде үйрөнөт жана буларды аткаруу абдан оңой.

## «Сөз тийиштирүү»

Ачуулантуунун башка бир ыкмасы «сөз тийиштирүү» деп билинген бир мамиле бузуктугу. Мисалы тааныган бирөө аркылуу фирмага кирген жана жогорку кызмат ордуна көтөрүлгөн бир кызматкер катышкан бир чогулуш учурунда «биздин колдоочуларыбыз да күчтүү болсо, биз да кыска жолдон көтөрүлсөк кана» деп айтуу буга бир мисал. Же каалабастан болгон бир ката себебинен зыянга себепчи болгон бир адамдын жанында «кээ бир адамдардын катасынын зыянын биз тартып жатабыз, көрүп турганыңыздай» сыяктуу сөздөрдү айтуунун максаты да «сөз тийиштирүү». Бул жерде атын атабоо, атайылап «кээ бир адамдар» деп айтуу «адам болуу» дининин жаман, пас эрежелеринен.

Досунун сынактарда дайыма андан жакшыраак баа алышын кызганган бир окуучу бул досунун жанында «эрте мененкиге чейин окуп, байкатпаган канчалаган адамдар бар» деп айтышы сөз тийиштирип аны ачуулантуу үчүн жасалат.

## Көз-караш менен ачуулантуу

Адамдар көбүнчө сөз менен түшүндүрө албаган нерселерин көз-караштары аркылуу түшүндүрүү жолун тандашат. Себеби көз-караш менен жасалган бир ишаратты эч качан далилдөөгө далил жок жана адамдар көз-караштарындагы маанини оңой гана жокко чыгарып коюшу мүмкүн. Мисалы маңдайындагы адамды өч алууну көксөгөн бир

көз менен караган бир адам «ошол учурда толкундандым, көз-карашым ошол үчүн өзгөргөн болушу мүмкүн, өч менен эч байланышы жок» десе муну бүт адамдар кабыл алышы керек болот. Же көз-карашында шылдыңчылдык болгон бир адам «жоок, мен сени чындап угуп жатам, кокус эсиме бир нерсе түшүп кетти да, ошондон балким күлгөн сыяктуу көрүнүп кеткендирмин» десе буга эч ким каршы чыга албайт. Себеби көз-караштагы шылдыңчылдыктын ачык бир далили жок. Бирок адам көз-карашы аркылуу башкаларга ар түрдүү оң же терс пикирин билдире алат. Ушул себептен караңгы коомдордо ачуулантуу ыкмасы катары бир гана көз-караштарын колдонгон көп адамдар бар.

Мисалы адамдар көбүнчө урушуп кеткен бир адам менен сүйлөшүүгө мажбур болгондо, анын көздөрүнө эч маани бербегендей, муздак карашат. Бул көз-караш – ал адамга маани бербегенин көрсөткөн жана натыйжада аны ачууланткан бир көз-караш. Көңүлүнө жакпаган жана абройун төмөндөткөн бир нерсе айтылганда, көзүн жарым жумуп, жай ачып жаап жана ошол эле учурда маани бербегендей карап, угуу да «адам болуу» дининин бир бөлүгү.

Берки адамга маани бербегенин байкатып ачуулантуу үчүн болсо көздөрүнө шылдыңчыл карашат. Бул ыкма жүзү күлбөй турганда, көздөрдүн күлүшү аркылуу болот. Маңдайындагы адамдын олуттуу бир сөзүн олуттуу бир жүз менен, бирок көздөрүндө күлүмсүрөө менен караган бир адам мындай мамилеси менен «айта бер, бирок айткандарың бир кулагымдан кирип, экинчи кулагымдан чыгып жатат» деген сөздү башкача билдирген болот.

# 7- ЖАҢЫ ПИКИРЛЕРГЕ ЖАНА СЫН-ПИКИРГЕ ЖАБЫК БОЛУУ

«Адам болуу» динин жашаган бир адам кулк-мүнөзү жана ахлагы жагынан өмүр бою эч кандай алдыга жылбайт. Себеби «адам болуу» дини сын-пикирге жана жаңы пикирлерге толук бир тыюу койгон. Бир адамдын өзүнөн чоң, бай, маданияттуу, жогорку кызматтагы, сулуу жана тажрыйбалуу бир адамга сын-пикир айтышы же ага жаңы пикирлерди сунушташы дээрлик эч мүмкүн эмес. Ал тургай «адам болуу» дининде ушунчалык катуу эрежелер бар болгондуктан, 20-30 жылдык достуктар жалгыз бир сын-пикир себебинен бир заматта толук үзүлүп калышы мүмкүн.

Мисалы, «адам болуу» дини боюнча бир адамдын кыймыл-аракети, ахлагы, кыял-жоругу же мимикалары менен байланыштуу башка адамдын пикирин алышы жана андан кеңеш сурашы абдан уят нерсе. Ушул себептен көбүнчө караңгы коомдордо адамдардын өзү менен байланыштуу темаларда башка адамдын пикирин алганын жана андан кеңеш сураганын жолуктура албайсыз. Мисалы, «менин кыял-жоругумда сага жакпаган бир нерсе барбы? Күлүшүмдө, мимикамда же басышымда кандайдыр бир кемчилик барбы?

Мага кулк-мүнөзүм менен байланыштуу бере турган кеңешиң барбы? Кандай адам болсом силерге көбүрөөк жагат? Тандаган кийимдеримди кандай дейсиң, бул жөнүндө кеңешиң барбы?...» сыяктуу суроолорду угуу дээрлик эч мүмкүн эмес. Себеби бир адамдын өзүн өнүктүрүү үчүн чөйрөсүнөн пикир алышы «адам болуу» дининин аң-сезимине толук карама-каршы. Бүт адамдар өзүн «эң жакшы, эң маданияттуу, эң көптү билген, эң акылдуу» деп элестетишет. Кемчиликтери жана өзүн өнүктүрүшү керек болгон тараптары бар экенин билсе да муну чөйрөсүнө байкаткысы келбейт.

«Адам болуу» дини пикир суроого жабык болгондой эле, сын-пикирге да толугу менен жабык. Мисалы өз чөйрөсүндө адис бир доктор же бир инженерди элестетели. Ага келген бир адам эгер башка бир адистин пикиринин аныкынан башкача экенин айтса, сөзсүз «анда бар ошого көрүн же анда бар үйүңдү ошого оңдот» сыяктуу жоопторду беришет. Өз чөйрөсүндө адис болгон адамдар көбүнчө кесиптештеринин пикирлерин уккулары келбейт жана сөзсүз өзүнүн айтканынын аткарылышын каалашат.

Бул ишеним боюнча бир адамдын өзүнөн кичине бирөөдөн, мисалы жээнинен сын-пикир алышы эч мүмкүн эмес. Дээрлик эч бир өспүрүм таякесине же тайежесине кыял-жоругу менен байланыштуу бир кеңеш айта албайт. Бир тууганынын сабырдуураак, чыдамкайыраак же жумшагыраак болушун каалаган бир өспүрүм муну ага айтканда, чоң бир ыктымалдуулук менен, же шылдыңчыл, же маани бербеген же болбосо ачууланган бир мамилеге кабылат. «Бул жашымда сенден кеңеш алмак белем» деген көз-караш менен жашаган адамдар өздөрүнөн кичүүлөрдүн акылына муктаж эмесмин дешет. Чындыгында болсо сонун ахлактуу, ыймандуу бир жаш өспүрүм ыймансыз, бирок улгайган бир адамдан эсе эсе акылдуу, абийирдүү жана руханий жактан жетилген болушу мүмкүн.

Куранда билдирилген Аз. Ибрахимдин атасын туура жолго чакыруу үчүн айткандары бул темага бир мисал боло алат:

**Китепте Ибрахимди да эсте. Чындыгында ал – чындыкты сүйлөгөн бир Пайгамбар эле. Атасына айткан эле: «Атаке, укпаган, көрбөгөн жана сени кандайдыр бир нерседен көз-карандысыз кылбаган нерселерге эмне үчүн сыйынып жатасың?» «Атаке, чындыгында мага сага келбеген бир илим келди. Эми мени ээрчигин, сени туура бир жолго жеткирейин.»**

**«Атаке, шайтанга кулчулук кылба, шексиз шайтан Рахман (болгон Аллах)ка баш көтөргөн.» «Атаке, чындыгында мен сага Рахман тарабынан бир азаптын келишинен корком, анда (сен) шайтандын досу болосуң.» (Атасы) Айткан эле: «Ибрахим, сен менин кудайларымдан жүз үйрүп жатасыңбы? Эгер (мындай мамилеңди) токтотпосоң, ант болсун, сени ташбараң кыламын; узун бир убакытка менден алыста, (бир жерлерге) кет.» (Ибрахим:) «Сага салам болсун, сен үчүн Раббимден кечиришин тиленем, себеби Ал мага абдан берешен» деди. (Мерйем Сүрөсү, 41-47)**

«Адам болуу»,  дининде кызматтык даража жана маданият да сын-пикир алууга тоскоол болот. Бир жумушчу өзү иштеген заводдун мүдүрүнө эч кеңеш айта албайт. Иш менен байланыштуу болсун, ал адамдын кулк-мүнөзү менен байланыштуу болсун, же башка темада болсун. Мисалы, чөйрөсүндөгүлөргө карата таш боор жана диктатордук мамиле кылган бир мүдүр эгер жумушчуларынын биринен бул жөнүндө бир кеңеш алган болсо, чоң бир ыктымалдуулук менен, анын эң биринчи иши бул жумушчуну кызматтан чыгаруу болот. Себеби «адам болуу» дини боюнча бул чоң бир шылдың болуп саналат.

Чындыгында болсо бул абдан туура эмес бир көз-караш жана Куран ахлагы менен эч байланышы жок. Мындай сын-пикир келиши ар бир адам үчүн абдан чоң бир жакшылык жана жакын достуктун бир көрсөткүчү. Куранда адамдарга бири-бирин жакшылыкка чакыруулары жана жамандыктан тосуулары буйрук кылынган. Аллахтын бул буйругун аткарган бир адамга тоскоол болуу, өзүнө сунушталган бир жакшылыктан жүз буруу, албетте абдан жаман бир мамиле.

# 8- КОНОКТОРГО КӨЗ-КАРАШ

Бир адамдын руханий баалуулуктарын жоготушу менен бирге бул боштуктун ордун динсиздик системасына таянып курулган «адам болуу» дини толтурат. Ислам ахлагы болбогон бир жерде сөзсүз «адам болуу» дини бар. «Адам болуу» дини болгон жерде болсо адамгерчилик, башкалардын көңүлүн байкоо, эч нерсесин аябоо сыяктуу сонун ахлакка ылайыктуу мамилелер жок.

Бул абалды «адам болуу» дининин адамдарынын конокко болгон көз-карашын мисал кылып түшүндүрүүгө болот. Бирок «адам болуу» дининин көз-карашынан мурун Ислам ахлагы конок жөнүндө сунуштаган сонун өзгөчөлүктөрдү айтып берүү пайдалуу болот.

Куран ахлагын жашаган бир адамдын үйүнө конок болуп бардыңыз дейли. Сизди үйүндө тоскон адам келгениңизге абдан кубанат. Себеби Ислам ахлагында конок тосуу сонун нерсе жана конок абдан жогору коюлат. Ушул себептен үйгө киргениңизден баштап сиз менен жаңы таанышкан адамдар болушса да жылмайган жүз менен, жакын жана ысык кабыл алынасыз. Сизди коноктогон адамдын мүмкүнчүлүктөрү чектүү болсо да колундагы болгон нерсесин сизге сунат. Себеби Куранда Аллах конокко ал али каалай электе муктаж нерселеринин сунулушун бир конок күтүү адеби катары үйрөтөт. Куранда билдирилген Аз. Ибрахимдин конокторго болгон мамилеси Ислам ахлагында конокко кандай көз-карашта болуу керек экенин көрсөтүүдө. Аяттарда мындай буйурулат:

**«Сага Ибрахим тоскон конокторунун кабары келдиби? Анын жанына киришкенде: «Салам» дешкен эле. Ал да: «Салам» деген эле. «(Мен тааныпбаган) Жат бир топ.» Ылдам (аларга) сездирбестен үй-бүлөсүнө барып, көп өтпөстөн семиз**

**бир торпок менен (кайра) келди. Анан аларга жакындатып (тамак сунду); «Алыңыздар (жеңиздер)» деди. (Зарият Сүрөсү, 24-27)**

Аяттарда байкалгандай, Аз. Ибрахим тааныбаса да конокторуна абдан назик мамиле жасаган жана аларга сездирбестен, аларды уялтпастан аларга даам узаткан.

Бирок «адам болуу» дининдеги адамдардын мамилеси мындай абалда абдан өзүмчүл жана адамгерчиликсиз болот. Эгер «адам болуу» дининин таасири астында болгон бир адамдын үйүнө конокко барсаңыз, ал жерде «жүк болуу» сезимин эң көп сезесиз. Себеби караңгылык ахлагында конок ашыкча бир «тамак жегич» катары кабылданат. Эки тараптуу кызыкчылык алып-берүүсү болгон адамдар араларындагы мамилеси бузулбашы үчүн мажбур бири-бирине кезек менен белгилүү убактарда барып турушат. «Адам болуу» дининин эрежелери боюнча бир адам башка адамдын үйүнө барганда, кезек сөзсүз ал адамга келет. Эки-үч жолу катары менен бир тарап экинчи тарапка конок болбойт.

Бул көз-караштын натыйжасында коноктун эртерээк үйүнө кайтышы күтүлөт. Бир канча сааттан ашык ал адамга чыдалдайт. Эгер тамакка чакырылбаган болсо алдына эч качан тамак коюлбайт. Мүмкүн болушунча эң аз чыгым менен конокту үйүнө узатуу көз-карашы менен каралгандыктан, эң арзан негизде тыштан сатып алынган бир канча нерсе дасторконго коюлат. Үйдөгүлөр көбүнчө тамактардын жакшыларын өздөрүнө калтырып, жамандарын сунуу жана ушундайча пайда алуу аракетин кылышат. Коноктун бир чыныдан ашыкча жеши абдан терс кабыл алынат жана эгер бираз көбүрөөк тамак кааласа, үй ээлери артынан «абдан көп жеди, эртерээк кетсе, жакшы болот эле» сыяктуу сөздөр менен коноктун канчалык «тарбиясыз» экенин сөз кылышат. Коноктун үйдү кыдырышы да эч жактырылбайт, канчалык көпкө турса да отурган бөлмөнүн чегинен чыгылышы кааланбайт. Бөлмөдөн чыкканда үйдө бир тынчсыздануу болгону ага сездирилет.

Эгер конок алыс бир жерден келген болсо жана бир канча күн калышы керек болсо, анда үй ээлеринин чыдамы абдан кетет. Бир мөөнөттөн кийин коноктун жеген ар бир тамагы, кылган ар бир кыймылы, кийген ар бир кийими тынчсыздандырып баштайт. Идишиндеги жеген зайтун данектеринен ичкен чайынын санына чейин, канча чыны тамак ичкенинен канча жолу жуунганына чейин жана канчалык суу колдонгонуна чейин баарын эсептеп чыгышат. Ар бир кыймылында коноктун үйдө ашыкча экенин ага сездиришет. Ушул себептен мындай үйдө бейпил жашоо эч мүмкүн эмес.

Бирок албетте бул абалдын башка тарабы да бар. Үйдө конок катары жүргөн адам да «адам болуу» дининин эрежелерине ылайык мамиле кылат. Ал да конок болгон үйдө максимум пайда алууга аракет кылып, чөйрөсүндөгүлөрдү тынчсыздандырганын ойлонбойт. Ал да бир тараптан «ойлонбостук» кылат.

Натыйжада «адам болуу» growth

менен «адам болуу» дининин караңгы ахлагы арасындагы карама-каршылык, бул мисалдагы сыяктуу, күнүмдүк жашоонун бүт чөйрөлөрүндө апачык байкалат. «Адам болуу» дини пайда кылган адамгерчиликсиз, ойлонбос, өзүмчүл мамилелерден улам көп адамдар бейпил жашай алышпайт, ичтери сыгылат, жакын, ишенимдүү жана абдан жакшы көргөн бир дос таба албайт. Бирок ушуга карабастан «адам болуу» дини дүйнөдө миллиондогон адамдар тарабынан абдан бир өжөрлүк менен улантылат. Жана ушундайча адамдар өздөрүн өздөрү азапка салышкан болушат. Бул абал Куранда адамдарга мындайча баяндалат:

**Шексиз, Аллах адамдарга эч нерсе менен зулумдук кылбайт. Бирок адамдар өздөрүнө өздөрү зулумдук кылышууда. (Йунус Сүрөсү, 44)**

# 9- «АДАМ БОЛУУ» ДИНИНДЕ УЛГАЙУУ ПСИХОЛОГИЯСЫ

«Адам болуу» дининин ар бир жаш категориясы үчүн аныктаган бир мамиле калыптары бар. Мунун жазылуу бир тексти жана түшүндүрмөсү жок. Бирок адамдар дүйнөнүн кайсы жеринде жашабасын муну билишет жана ишке ашырышат. Мисалы, 50 же 60 жаштарга келип калганда жашоо калыптарын, сөздөрүн, кийимдерин, үн тондорун, услуптарын «адам болуу» дининин калыптарына ылайык өзгөртүшү керек экенине ишенишет.

Бул өзгөрүүнүн негизги принциби дүйнө жакшылыктарынан кол тартуу, арызданyу жана көңүлсүздүккө таянат. Мындай жашка келген адамдар көбүнчө жашоодон арызданып башташат. «Кандайсың?» деген суроого бул жашта берилчү жооп көбүнчө «эптеп жүрөбүз, билгениңдей» же «эмне кылалы, оорулар менен алпурушуп жүрөбүз» сыяктуу терс жооптор. Себеби жашоодон ырахат алууга укугум жок жана бул жаштан кийин бардык жакшылыктардан алысташым керек деген жалган бир ишенимдери бар. Өзгөчө аялдарда менопауза жана эркектерде андропауза доорлору – «адам болуу» дини боюнча кыймыл-аракет толугу менен өзгөрүшү керек болгон бир доор. Бул баскычка кирген көп адамдар сулуулуктардан толугу менен баш тартат. Денесин карабай коюшат. Көрүнүшүнө да, тазалыгына да маани бербей калат. Күңүрт кийимдер кийип башташат, көбүнчө кара, кара-боз сыяктуу түстөрдү тандашат. Бул бир «улгайуу азасы» сыяктуу.

Жандуу, көзгө жагымдуу түстөр, мисалы кызыл, сары, жашыл, ачык кызыл сыяктуу өңдөгү кийимдер керек эмес деп ойлошот. Чындыгында болсо бул толугу менен акылга сыйбас бир эреже. Адамдар Аллах жараткан өңдөрдү ар кандай жашта колдоно алат жана бул немат-жакшылыкты канча жашта болсо да пайдалана алат. Бул жаштарда кээ бир адамдардын мамилелери жана услуптары да толугу менен өзгөрөт. Денесинде алсыздык болбогонуна карабастан көп адамдар мындай жашка келгенде жай, акырын кыймылдаган, алсыз бир адам болуу керек деп ишенишет. Ушул себептен жооптору

жайлап калат, чындыгында абдан ылдам сүйлөй алганына карабастан, атайылап шашпай, акырын сүйлөп баштайт. Кыскача, бат эле айтып бере турган бир нерсени шашпай кыймылдап көпкө баяндайт. Муну улгайгандыктын бир талабы деп ойлойт.

Жаш кезинде абдан ачык көңүл, жайдары болгон бир адам улгайганда бир заматта кубанычын, үмүтүн, кыймылдуулугун, жандуулугун өз эрки менен жок кылат. Мисалы, кооз бир пейзаж, сулуу бир адам, сонун бир ыр же ага кылынган сонун бир мамиледен кубанбайт жана толкунданбайт. Тескерисинче мындай көз ирмемдерде кубануунун ордуна кайгырат.

«Адам болуу» дини алып келген жалган эрежелер боюнча адамдар бул жаштардан кийин өлүмдү күтүп башташы керек. Ушул себептен 60 жаштарга келген дээрлик бүт адамдардын жашоосун өлүмдү күтүү менен өткөргөнүн көрөсүз. Бул жаштан кийин кыла турган эч нерсе калбады деген ишеним өкүмчүлүк кылгандыктан өндүрүш толугу менен токтойт. Албетте мындай жаштар - өлүм адамга абдан жакындаган жана бул чындык унутулбашы керек болгон бир доор. Бирок «адам болуу» динин жашагандар бул жерде да жаңылууга кабылышып, ахлактарын оңдоп, Аллахтан абдан коркуп жана Аны абдан сүйүү менен өлүмгө даярдык көрүшпөйт. Тескерисинче, алардыкы – одоно бир акылсыздык менен акыретти да унутуп, бүт нерседен өзүн тартып «убакыт өлтүрүү» деп айтылган, бир гана өлүмдү күтүп өткөрүлгөн бош бир жашоо.

Жаш кезинде пикир, сунуштар чыгарган бир адам бул талантын колдонбой калат, абдан мээлүү жана таланттуу болгон бир адам жашы өтүп калган үчүн гана эч нерсе түшүнбөгөн, угушу начарлаган, ой жүгүртүшү кыйындаган, эч нерсе колунан келбеген бир адам сыяктуу көрүнүп баштайт. Көп адамдар акыркы жыйырма жылын терезенин түбүндө отуруп сыртты кароо менен же эртеден кечке телевизордогу сериалдарды көрүү менен, дүйнөгө тиешелүү кооздуктардын баарынан кол үзүү менен өткөрөт. Мунун зыяндарынын бири болсо – бул өзүн ойлонбоого, кыймылдабоого жана мүмкүнчүлүктөрүн колдонбоого көндүргөн бул адамдардын мээсинин иштешинин бара бара жайлашы жана эрте акылдан азууга алып келиши. Албетте мындай бир ахлакты жана жашоо калыбын тандаган бир адамдын акыреттеги жоготуусу бир топ жогору болот.

Бүт адамдардын денесинин мүмкүнчүлүгүнө жараша, чындап бир оорусу болмоюнча, денесин да, мээсин да иштетиши жана дүйнөдө акырет үчүн жакшылык, соопторду кылууну улантышы туура болот. Аллах бир аятында «Андай болсо, бошогонуңда, эч (бош) отурбастан (дуба жана ибадат менен) чарчоону улант» (Инширах Сүрөсү, 7) деп буйрук кылууда. Эч шексиз, Аллахтын буйругу ар кайсы курактагы адамдардын баарына тиешелүү.

# 10- «АДАМ БОЛУУ» ДИНИНДЕ АДАМДАРДЫ БӨЛҮҮ

«Адам болуу» дининин эң маанилүү өзгөчөлүктөрүнүн бири – бул адамдарга баа берүү жолу. Бул шайтандык динде адамдар түпкүрүндө бай жана кедей деп экиге бөлүнөт. Эки топко өз-өзүнчө бир көз-караш бар жана натыйжада башка-башка мамиле кылынат. Бай жана кедей адамдарга кылынган мамиленин ар түрдүүлүгү бардык мимикаларга, үн тонуна жана ал тургай кароо калыбына чейин дүйнөнүн дээрлик бүт тарабында окшош. Бир америкалык да бул жалган диндин талабына ылайык мындай кыймыл-аракетти жасайт, бир орус да, бир француз да...

Кыскача мындай мамиле айырмачылыктарын төмөнкүдөй топтосок болот:

1- Өздөрүнөн байыраак жана атактуураак адамдарга карата көбүнчө караңгы адамдар жумшак жана акырын бир үн тонун колдонушат жана мүмкүн болушунча назик сүйлөшөт. Кедей бир адамга карата үн тону табигый болот, адамдын чыныгы үнү кандай болсо ошонусу ортого чыгат. Сөздөрү катуулашат, назик болуу муктаждыгы жоголот. Айтыла турган нерсе абдан кыска жана так айтылат. Бир жумуш ордунда мүдүргө карата колдонулган үн тону жана услуп менен ал жерде иштеген чай ташыгандарга колдонулган услуп арасындагы айырма буга бир так мисал боло алат. Мүдүрдөн бир кызыкчылык күткөндүктөн кызматкерлер ага баа беришкенин сездирүү максатында мүмкүн болушунча назик, жөнөкөй жана урмат көрсөткөн бир үн тонун жана услуп колдонушат. Бирок чай ташыган кызматкерден бир кызыкчылык күтүшпөйт жана ушул себептен ага сүйлөгөндө ага баа бербеген бир услупту тандашат.

2- Бай бир адам келгенде кыймыл-аракеттер шашкалактуу жана тыкан болот. Бүт нерсенин ал каалагандай болушу, бүт каалоолорунун аткарылышы, ага жакпаган бир абал пайда болбошу үчүн бүт баары шашкалактап калышат. Кедей бир адам келгенде болсо көбүнчө эч ким ага маани бербейт. Абдан шашпай, акырын кыймылдашат. Бай адам эшиктен киргенде ордунан турушат, үстү-башын оңдошот, өзүн оңдоп отурушат. Кедей адамга болсо ордунан турушпайт, ал тургай аны карашпайт да, оңдонуп отурушпайт.

3- Байга көбүнчө «сиз» деп кайрылышат. Кедей бир адамга болсо түз эле «сен» деп кайрылышат. Мисалы, бир дүкөнчү дүкөнгө келген бай бир кардарды сөзсүз «эмне каалайсыз» сыяктуу урмат көрсөткөн бир сүйлөм менен тосуп алат. Бирок эгер эшиктен кирген бир кардардын кедей экенин байкаса «эмне аласың» же «эмнени карап аттың эле» сыяктуу басынткан бир сөз айтат.

4- Байга карата абдан тыкан бир урмат көрсөтүлөт. Бай адамдын жашы кичүү болсо да ага карата улууга көрсөтүлгөндөй урмат көрсөтүлөт. Ал тургай жашы кичүү адамдардын да колунан өбүлөт жана ордунан туруп орун берилет. Жакыр адамга болсо жашы улуу болсо да жаш балага мамиле кылынгандай мамиле кылынат. «Эмне кылып жатасың», «эмне кааладың эле, айт көрөлү» сыяктуу жаш балдарга колдонулган сөздөр колдонулат.

«Адам болуу» дининин адамдарды бөлүшүн жана бул көз-караштын адамдардын мамилелерине кандайча чагылганын кандайдыр бир дүкөнгө киргенде эле апачык көрүүгө болот. Бир кийим дүкөнчөсүнө бай жана атактуу бир кардар кирди дейли. Мындай кардар кирээр замат бүт дүкөн кызматкерлеринин көңүлү ал адамда болот. Жылмайыңкы жүз менен ылдам салам беришип, эмне каалаганын сурашат. Көргүсү келген кийимдер бир же бир канча кызматкер тарабынан ылдам алдына жайылат. Ал бирин көрүп бүтө электе экинчиси алынып келинет. Кызматкерлер дайыма жылмайып карашат жана урмат көрсөтүшөт. Эгер жанында баласы болсо ал тынымсыз макталат. Канчалык жагымдуу жана сулуу бир бала экендиги, канчалык акылдуу экендиги айтылат. Бала тентек жана кыялы начар болсо да ар бир кыймыл-аракетине назик мамиле менен жооп берилет. Дүкөндө бир нерсени сындырып койсо, «эчтеке болбойт» деген сөз кайра кайра айтылат.

Ушул эле дүкөнгө жакыр бир кардар кирди дейли. Эгер кийимдеринен жана кыймыл-аракетинен кедей адам экендиги байкалса, бул адамдын дүкөнгө киришине эч ким көңүл бурбайт. Ал бирөөнүн жанына барып бир нерсе сурамайынча, эч ким ага келбейт. Бир нерсени көргүсү келгенде, эч көңүлсүз жана шашпай кыймылдап, сураган нерсеси көрсөтүлөт. Сатуучулар көбүнчө сурагандан башка нерсесин өз алдынча көрсөтпөйт. Мындан тышкары, кардарлардын каалагандарын көрсөтүүдө жүзүндө абдан жактырбаган жана кыйналган бир көрүнүш болот. Бул адамдын эртерээк дүкөндөн кетишин каалагандыктан, бир тараптан ага каалаганын көрсөтүп жатып, экинчи тараптан атайылап сыртты карайт же дүкөндөгү башка адам менен сүйлөшөт. Кардарга эч маани бербегенин жанындагы кызматкер бир адам менен маегин эч бөлбөө аркылуу байкатат. Эгер бул адамдын жанында баласы болгон болсо жана тентек болсо, ачуулуу абалда «балаңды кара» деп айтат.

Бул мисал «адам болуу» дининин адамдарга көз-карашын абдан так ортого койот. Бул жердеги логиканы жана мамиле калыбын бир банк кызматкеринде, бир официантта, сатуучуда, дүкөнчүдө же бут кийим оңдоочуда көрүүгө болот. Дүйнөнүн кайсы тарабына барбаңыз, ушуга окшогон мамилелердин көпчүлүгүнүн дин ахлагынан узак жашаган адамдарга өкүмчүлүк кылганын көрөсүз.

«Адам болуу» growth дининде бир адамга урмат көрсөтүп, көңүл буруу үчүн ал адамдын белгилүү бир материалдык күчү болушу шарт. Байлык көбөйгөн сайын «адам болуу» динине тиешелүү адамдардын ал адамга болгон суктануусу да өсөт. Мисалы бир ресторанга барганыңызда, байлыгы менен таанылган бир кардарга абдан маани берилгенин көрөсүз. Ал тургай эгер өлкөнүн саналуу байларынын бири болгон болсо андан акча да алынбашы мүмкүн. Анын бул ресторанга келиши бир аброй болуп эсептелет жана эч качан кызмат акы төлөшү талап кылынбайт. Ал эми жакыр бир кардардын акыны төлөөгө акчасы жетпесе, чоң чуугa айланат. Акчасы жетпеген үчүн шылдың кылынып, басмырланып, ал жерден куулат. Б.а., бай адамдан акча талап кылынбай, жакыр адамдын болсо акыны акыркы тыйынына чейин төлөшү талап кылынат.

Бул эки адам арасындагы жалгыз айырма – бул байлык. Ушул себептен бул жерде көрсөтүлгөн урмат жана өзгөчө мамиле да түпкүрүндө бай адамдын кыял-жоругуна жана ахлагына эмес, бир гана акчасына болууда. Бул дагы «адам болуу» дининин кир, жаман тараптарынын бирөөсү.

Ислам growing динде болсо адамдарга бир гана ахлагына жараша баа берилет. Жакыр, бирок сонун ахлактуу бир адам, бай бирок Аллахтын буйруктарына каршы келген бир адамдан эсе эсе жогору. Ошондуктан Ислам growing динде адамдарды бөлүүгө эч жол берилбейт. Байлык, атак-даңк, күч эмес, сонун ахлак маанилүү болгон бир түшүнүк бар. Аллах бир аятында мындай буйурат:

**Биздин Кабатыбызда силерди (Бизге) жакындата турган силердин мал-мүлкүңөр же бала-чакаңар эмес; бир гана ыйман келтирип, ыкластуу амалдарды кылгандар башка. Мына ошолор; алар үчүн кылгандарынын акысы катары эсе эсе сыйлыктар бар жана алар бийик сарайларында бейпилдик (тынчтык) ичинде (болушат). (Саба Сүрөсү, 37)**

# 11- «АДАМ БОЛУУ» ДИНИНДЕ ДОС ТАНДОО КРИТЕРИЙЛЕРИ

Ислам growing динде дос тандоодо жалгыз критерий – бул адамдын ахлагы. «Адам болуу» growing динде болсо дос тандоо критерийи такыр башкача. Ар бир маданияттын өзүнө тиешелүү көптөгөн эрежелери бар. Мисалы, «бой көтөргөн», «модерн» көрүнгүсү келген бир чөйрөдөн бир адам өзүнө дос тандоодо сөзсүз өзүнүн маданиятына туура келген бирөө болушуна көңүл бурат. Ошондуктан эң алгач сырткы көрүнүшүнө карайт. Таза, жарашыктуу, кийимдери үтүктөлгөн, классикалык кийим кийген бирөөнүн ордуна «өзгөчө» кийимдер кийген, мойнуна жоолук байлаган, бутунда калың, чоң спорттук бут кийим болгон, тазалыгына көңүл бурбаган, күмүш тагынган, эчки сакалдуу же кырмызы лак койгон бирөө менен достошууну тандайт. Себеби «адам болуу» growing динде көбүнчө мындай көрүнүш чагылдырган белгилүү бир «маданият» бар. Бул - дүйнөгө маани бербеген, ахлактык баалуулуктарга көңүл бурбаган, адамдарды баалабаган, «эч ким мага кийлигише албайт жана эч кимдин алдында жоопкерчиликтүү эмесмин» деп ойлогон жалган (батыл) бир жашоо көз-карашы.

Достук критерийин адамдардын бир гана материалдык абалына карап аныктаган чөйрөлөр да бар. Мындай «адам болуу» дининин чөйрөлөрүндө бир адамдын аны менен сүйлөшүүгө, пикирин алууга, достошууга боло турган адам болуп болбогонун түшүнүү үчүн алгач кийимдеринин бааларына жараша бир бирден баалоо керек. Костюмунун, бут кийиминин, сумкасынын, атырынын, кол саатынын, көйнөгүнүн, ал тургай байпактарынын да маркасы абдан маанилүү. Кийимдеринен кийин, эгер көрүнөө жерде болгон болсо, унаасынын бар же жок экенин билүү, эгер бар болсо анын маркасын билүү

маанилүү болот. Булар алгачкы кадам үчүн керектүү талаптар. Экинчи кадамда болсо бул адамдын үй-бүлөсү менен байланыштуу маалымат алуу керек болот. Атасынын кесиби, кайсы жерде билим алганы, апасынын чөйрөсү, барган чачтарачы, эс алууга барган өлкөлөрү, дачаларынын каерде экендиги, шаардын кайсы районунда жашаары сыяктуу өзгөчөлүктөр – узак мөөнөткө достошуп достошпоо үчүн чечим алуу баскычында талап кылынган маалыматтардан. Эгер бир адам бардык мындай өзгөчөлүктөрдөн «жарактуу баа» алган болсо, анда бул адамдын ахлагы, кыял-жоругу, ишеними же дүйнө көз-карашы кандай гана болбосун, эч айырмасы жок, сөзсүз достошууга боло турган адам категориясына кирет.

Бардык мындай өзгөчөлүктөргө ээ, бирок эч кайсы багытта маданияты, илими жок, эч адамгерчиликсиз, орой, эч кимдин көңүлүнө карабаган же ахлагы абдан начар адамдар бар. Чөйрөлөрүн шылдың кылып, дайыма эң алгач өзүнүн кызыкчылыктарын коргошот. Көңүл алууну, кечирим суроону, катасын мойнуна алууну билишпейт. Кызыкчылыктарына туура келбегенде, эч тартынбастан жалган айтышат, башкалардын көйгөйлөрүнө маани беришпейт. Эч кимдин бейпилдиги, бактылуулугу же ден-соолугу үчүн кандайдыр бир кыйынчылыкка киришпейт, башкалар үчүн өз мал-жанын сарптоону билишпейт. Бирок, ушуга карабастан, мындай адамдардын чөйрөсүндө көп адамдар топтолгонун көрөсүз. Түпкүрүндө ахлагынын бузуктугун билип туруп бүт адамдардын бул адамга жакын болушунун жалгыз себеби – бул «адам болуу» дининдеги туура эмес критерийлер.

Ушул себептен караңгы коомдордо көбүнчө ар түрдүү коомдук топтордон келген, материалдык абалы бири-бирине окшошпогон адамдардан турган бир достор тобун жолуктура албайсыз. Байлар сөзсүз байлар менен, орто абалдагылар орто абалдагы адамдар менен, маданияттуулар маданияттуулар менен, жакырлар болсо өздөрүнө окшош адамдар менен достошушат.

Куран ахлагы боюнча достук жана курдаштыктын жалгыз бир критерийи бар: адамдын чын көңүлдүүлүгү, сонун ахлагы, Аллах сүйүүсү жана коркуусу. Момундар арасында кимдин мал-мүлкүнүн канчалык экендиги, кимдин кайсы окууну бүтүргөнү, кимдин эмне кесипке ээ экендиги, кимдин шаардын кайсы бөлүгүндө жашагандыгынын эч кандай мааниси жок. Себеби момундардын достугу мындай дүнүйөлүк баалуулуктардын эч кандай мааниси болбогон, чыныгы мекен акыретке карата болот. Бир момундун башка момунга болгон сүйүүсүнүн жана боорукердигинин чыныгы булагы болсо – бул Аллахтын ал момундагы көрүнүшү, күчтүү бир Аллах сүйүүсү жана чыныгы бир Аллах коркуусу.

## 12- ӨЗ КЫЗЫКЧЫЛЫГЫН ОЙЛОО

Куранды жол көрсөтүүчү катары кабыл алган бир адамдын эң белгилүү өзгөчөлүктөрүнүн бири – бул анын өз мал-жанын башкалар үчүн эч аябашы. Себеби

мындай бир адам бүт мал-мүлктүн Аллахка тиешелүү экендигин жана Анын ыраазычылыгына жетүү үчүн ага аманат катары берилгенин, ошондуктан Раббибиз көрсөткөн негизде сооп, жакшылык жолунда каржашы керек экенин билет. Мындай каржоо – Исламдын эң негизги ибадаттарынын бири.

Момундардын ээ болгон мал-мүлктөрүн колдорунан келишинче каржашы, б.а. Аллах Куранда санап көрсөткөн адамдарга «... жакырлар, кедейлер, зекет иши боюнча жооптуулар, көңүлдөрү Исламга бурулушу үмүт кылынгандар, кулдар, карыз болуп калгандар, Аллах жолундагылар жана жолдо калгандарга» (Тообо Сүрөсү, 60) бериши зарыл. Аллахтын ыраазычылыгы үчүн жасала турган мындай ибадат момундар үчүн чоң бир ырахат, кубаныч жана бактылуулук булагы болот. Куранда көптөгөн аяттарда бул ибадаттын маанисине басым жасалат.

Бакара Сүрөсүнүн 177-аятында чыныгы жакшылыктын «мал-мүлккө болгон сүйүүсүнө карабастан, аны жакындарга, жетимдерге, кедейлерге, жолдо калганга, сурап-тиленгенге жана кулдарга (азаттыкка чыгуу үчүн) бергендердин мамилеси» экендиги; Инсан Сүрөсүнүн 8-аятында момундардын «аны сүйүп (жегиси келип) турганына карабастан, тамакты кедейге, жетимге жана туткундарга жедиришээри» билдирилет. «Жакшы көргөн нерселериңерден кайыр-садака бергенге чейин эч жакшылыкка жете албайсыңар. Эмне кайыр-садака кылсаңар, шексиз Аллах аны билет» (Али Имран Сүрөсү, 92) аяты да бул нерсенин маанисин көрсөтүүдө.

Момундардан турган бир коомдун да эч шексиз эң маанилүү өзгөчөлүктөрүнүн бири – бул Аллахтын ыраазычылыгына жетүүнүн маанилүү жолдорунан болгон кайыр-садака жана өз мал-жанын аябоону аткаруу болуп саналат. Коомдун мүчөлөрү өзүнүн жеке кызыкчылыктарын эмес, момун коомдун жалпы кызыкчылыктарын ойлонот жана ошого жараша мамиле кылышат. Өз кызыкчылыктары менен башка бир момундун кызыкчылыгы туура келбеген учурда болсо, Аллахтын ыраазычылыгына жетүү үчүн, өзүнүн эмес, ал момундун кызыкчылыгына ылайык мамиле кылат. Куранда Мединага көчүп келген момундар менен Мединалык момундар арасындагы жогорку ахлак мисалдары төмөнкүдөй сүрөттөлөт:

**Алардан мурда ал мекенди (Мединаны) даярдап, ыйманды (көңүлдөрүнө) жайгаштыргандар болсо, хижрат кылгандарды (көчүп келгендерди) сүйүшөт жана аларга берилген нерселерден улам ичтеринде бир муктаждык (сезимин) сезишпейт. Өздөрү муктаж болуп турушса да, (Мусулман бир туугандарын) өз напсилеринен өйдө тутушат. Ким напсисинин «сараң жана өзүмчүл каалоолорунан» сактанган болсо, мына ошолор фелах (кутулуу)га жетишкендер. (Хашр Сүрөсү, 9)**

Ал эми «адам болуу» дини толугу менен жеке кызыкчылыктарга таянган бир коом моделин курушат. «Адам болуу» дининде чоңойгон бир адамга жаш кезинен баштап өз кызыкчылыгын ойлогон жана өзүмчүл бир мүнөздүү болушуна түрткү берилет. Үй-бүлөсүнөн, досторунан, коомдун көпчүлүгүнөн көргөн өрнөк адам модели – бул өзүмчүл,

ар кандай чөйрөдө өз кызыкчылыгын карап коргогон адам модели. Мындай «тарбия» натыйжасында убакыттын өтүшү менен «кемесин куткарган капитан» болууну үйрөнөт.

«Тыңдык» (эпчилдик) жана «шуулдактык» «адам» болушу керек болгон бир адамда болуучу өзгөчөлүктөрдөн болуп саналат. Ар кандай чөйрөдө жана жумушта өз кызыкчылыгына максимум пайда ала алуу тыңдыктын бир көрсөткүчү катары каралат. Буга ылайык адам ар кандай чөйрөдө өзүнүн жеке кызыкчылыктарын ойлошу керек жана «эң көп пайда» принциби менен аракет кылышы зарыл. Адамдар арасындагы мамилени да эң көп пайда принциби калыптандырат. Жумуш ордунда башчы кызматкерлерден, кызматкерлер башчылардан колдон келишинче көп пайда «чыгарууга» аракет кылышат. Соодада кардар сатуучудан, сатуучу кардардан, достор бири-биринен эң көп пайдаланууга аракет кылышат.

«Адам болуу» дини жашалган коомдордо ашыкча иштетүү кадыресе көрүнүш кабыл алынат жана коомдун жалпы ахлагы абалына келген. Бүт адамдар кызматтык укуктарына ылайык кол алдында иштегендерди мүмкүн болушунча көп иштетүүгө аракет кылат. Коомдо мындай мүмкүнчүлүктөрдү колдонбоо болсо акылсыздык, адамдар айткандай «келесоолук» деп бааланат. «Бул дүйнөгө бир келесиң» философиясына таянган мындай көз-караш адамдарда Аллах коркуусунун жок болушунан келип чыгат. Мындай кызыкчылык жарышы адамды төмөн, пас бир кулк-мүнөздүү кылат.

Ошол эле учурда «адам болуу» динине тиешелүү кээ бир адамдардын да кээде башкалар үчүн өз мал-жанын сарптаганын, жардыларга, муктаж адамдарга жардам бергенин жолуктурууга болот. Бирок бул жерде маанилүү бир нерсе бар: «адам болуу» дининин мындай калп «берешен» адамдары кылган каржоолорун, момундардыкы сыяктуу Аллахтын ыраазычылыгы үчүн жана чын көңүлдөн эмес, адамдарга көрүнүү үчүн жасашат. Бир аятта мындай адамдардын абалы төмөнкүчө билдирилет:

**Эй ыйман келтиргендер, Аллахка жана акырет күнүнө ишенбестен, адамдардын көзүнө (мактануу үчүн) мал-мүлкүн садака кылган сыяктуу миннет (садака берилгендерден алкыш сыяктуу бир нерсе үмүт кылып) жана (аларды) басмырлап садакаларыңарды жараксыз (соопсуз) кылбагыла. Мындайдын абалы үстүндө топурак турган бир таштын абалына окшойт; үстүнө себелеген бир жамгыр жааса эле, аны (ал ташты) жыпжылаңач кылып койот. Алардын тапкандарынан эч нерсеге күчтөрү жетпейт. Аллах каапырлар коомун туура жолго баштабайт. (Бакара Сүрөсү, 264)**

Мындай адамдарды жакырларга же жетим балдарга жардам берүү үчүн курулган уюмдарга чоң көлөмдөрдө жардам бергенин көрүүгө болот. Бирок бул жардамдары сөзсүз маалымат каражаттарында жарык көрөт жана жүз миңдеген адамдар бул кишилердин «боорукердигине» күбө болушат. Ансыз деле максаттары ушул. Бул адамдар чынында абдан сараң болушат жана башка адамдарга кичинекей да жардам беришпейт. Кылган мындай көрсөтмө жардамдары аркылуу чындыгында бир соода

кылган болушат. Берген акчасына коомдо жакшы бир имидж сатып алышууда. Бул бир тараптан мактаныч, экинчи тараптан болсо пайдалуураак инвестициялар жасашы үчүн бир «капитал» болот. Куранда мындай адамдардын чындыгында сараң экендиги жана кылган кайыр-садакаларынын да эл көзүнө экендиги мындайча кабар берилет:

**Алар сараңдык кылышат, адамдарга да сараңдыкты буйрушат (кеңеш кылышат). Аллах берешендиги менен аларга бергенин жашырышат. Биз ал каапырларга басмырлоочу бир азап даярдап койгонбуз. Жана алар мал-мүлктөрүн адамдарга мактануу үчүн садака кылышат, Аллахка жана акырет күнүнө болсо ишенишпейт. Шайтан кимге дос болсо, ал кандай жаман дос. Аллахка жана акырет күнүнө ишенип, Аллах аларга берген ырыскыдан садака кылышса, бул аларга зыян алып келмек беле? Аллах аларды жакшы билет. (Ниса Сүрөсү, 37-39)**

Сараңдыктын динден баш тарткандардын мүнөзү экендиги бир аятта мындайча билдирилет:

**Эми, ал жүз үйрүгөндү көрдүңбү? Аз гана берди жана калганын колунда таштай бекем тутту. (Нежм Сүрөсү, 33-34)**

Калем Сүрөсүндө «адам болуу» динindеги мындай сараң кыялдуу бакча ээлеринен сөз кылынат. Ал аяттар төмөнкүдөй:

**Чындыгында, Биз ал бакча ээлерине балээ бергендей, буларга да балээ бердик. Алар эрте менен (эртелеп жана эч кимге кабар бербестен) аны (бакча мөмөлөрүн) сөзсүз жыйнап алууга ант ичишти. Алар сөзсүз ушундай кылабыз дешкен эле. (Калам Сүрөсү, 17-18)**

**Анан таң азанда бири-бирин чакырышты: «Эгер түшүмүңөрдү жыйнап ала турган болсоңор, эртерээк туруп-жөнөгүлө.» Ошентип шыбырашып жолго түшүштү: «Акырын, бүгүн ал жерге эч бир кедей кирип, бизге жолукпасын». (Калам Сүрөсү, 21-24)**

Аяттарда сүрөттөлгөн бакча ээлери жардыларга көрүнбөстөн жумуштарына барууга аракет кылышууда. Себеби жардыларга жардам бергилери келген жок, бирок бир жардыга жолукканда ага акча берүүгө мажбур болушат. Аларды мындай кылууга «адамдар биз жөнүндө тескери ойлоп калбасын» деген тынчсыздануулары мажбурлоодо. Кыскача айтканда, жасалма, эл көзүнө жана пас бир кыял-жорукка ээ болушат. Бул – «адам болуу» дининин жалпы кыял-жоруктарынын бири.

Момундун адамгерчилиги жана жогорулугу болсо бир гана Аллахтын ыраазычылыгын каалагандыгына жана алардын дүйнөдө бир жакшылык жана сооп

жарышы ичинде болушуна таянат. Аллахты ыраазы кылуу үчүн адамдардын мал-мүлккө ээ болуу жолунда кылган «тың аракеттери» эмес, кылган иштеринде Анын ыраазычылыгын канчалык деңгээлде максат кылганы маанилүү. Аллах Кабатында туура болгон тыңдык болсо – бул Исламдын, момундардын кызыкчылыктарын дайым коргоо, момундардын жыргалчылык жана бейпилдигин жогорулатуу, Аллахтын ыраазычылыгынын дайыма эң көбүн максат кылуу, напсисинин жаман каалоолоруна алданбоо, шайтандын жана напсисинин тузак жана азгырыктарына алданбоо, ыйманын жана акылын барган сайын тынымсыз өстүрүү, ахлагын барган сайын сонун кылуу жолунда толук көңүл коюу. Натыйжада Аллахтын ыраазычылыгынын эң көбүн каалаган момундардын өзгөчө, сонун мүнөзү алардын көрүнүшүнө да чагылат. Куранда бул абал мындайча сүрөттөлөт:

**Мухаммед – Аллахтын элчиси. Жана анын жанындагылар да каапырларга карата катуу, өз араларында болсо мээримдүү. Алардын рүку кылгандарын, сажда кылгандарын көрөсүң; алар Аллахтан бир фазл (берешендик жана ихсан) жана ыраазычылык каалашат. (Алардын) Белгилери жүздөрүндөгү сажда изи. Алардын Тоороттогу мүнөздөрү ушундай: Инжилдеги мүнөздөрү болсо: бир эгинге окшош; өнүп чыккан, анан кубаттандырган, анан калыңдашкан, анан бутагында түздөлүп бийик өскөн (жана бул) эгин сепкендерге жагат. (Бул мисал) Аны менен каапырларды ачуулантуу үчүн. Аллах араларынан ыйман келтирип, салих (чын ыкластуу) амалдарды кылгандарга бир кечирим жана чоң бир сыйлык убада кылган. (Фетих Сүрөсү, 29)**

## Адам байлоо психологиясы

«Адам болуу»動ининде жашоосун уланта алуу үчүн сыртка карата өзүн чыныгы абалынан башкача көрсөтүү маанилүү жана зарыл болгон сыяктуу эле, башкаларды өзү каалаган абалга киргизүү, аны көзөмөлгө алуу жана башкаруу, өзү каалагандай багыттоо да ошончолук маанилүү. Муну кыскача «адамды байлоо» деп коюшат. Адам байлоонун өзүнүн ыкма жана тактикалары бар жана «адам болуу» дининде алдыга чыгуунун жолдорунун бири да адам байлоо чеберчилигиндеги усталыкка байланыштуу. Адам байлоо «адам болуу» дининде ушунчалык маанилүү болгондуктан, атайын ушул темада акыл үйрөтүү үчүн көптөгөн китептер жазылган.

Албетте адам байлоодо колдонулган эң чоң курал – бул адамдардын «адам болуу» дининин өзгөчөлүктөрүнөн келип чыккан алсыздыктары. Адам канчалык «адам болуу» дининин рухуна ээ болсо, ошончолук байлануу мүмкүнчүлүгү өсөт.

«Адам болуу» дининдеги адамдын бой көтөрмөлүгү, өзүн көрсөтүү жана мактанууга болгон кызыгуусу, макталууну, башкалардын суктануусун жакшы көрүшү, сезимталдыгы, өзүн чыныгы абалынан башкача көрсөтө алуу, жагына алуу аракети сыяктуу алсыздыктары башкалардын аны «чебер» ыкмалар менен каалаган багытта колдонушун жеңилдетет.

«Байлана турган» адамдын бир адам үчүн кызыкчылык ала турган бир мүмкүнчүлүккө ээ болушу аны байлоо үчүн жетиштүү себеп болот. Бул мамлекеттик кызматкерден баштап үй-бүлө куруу үчүн «көзгө урунган» бир күйөө талапкерине чейин ар кандай адам болушу мүмкүн. Ар кандай коомдук тармактарда- жумуш, окуу жай, соода, саясат, коомдук жашоо, үй-бүлөлүк... сыяктуу- байланганда кызыкчылыкка ээ болушуна, социалдык же экономикалык абалынын жогорулашына жардамчы боло ала турган адамдар бар. Ал адамды шарттарга жана абалга жараша туура байлай алса гана болгону!

Байлоонун даражалары байлагандын чеберчилиги, таланты, аракети жана чечкиндүүлүгү менен түз байланышта. Ошол сыяктуу байлана турган адамдын мээси, тыңдыгы, комплекстери, күтүүлөрү жана алсыздыктары болсо анын байланып калышына жана байлануу даражасына таасир эткен факторлордон.

# 13- КОШОМАТЧЫЛЫК

«Адам болуу» дини ортого койгон төмөн, пас адам мүнөздөрүнүн дагы бирөө - бул кошоматчылык (жандоочулук). Кошоматчылардын эң белгилүү өзгөчөлүктөрү – бул алардын бай болбогонуна карабастан бай сыяктуу жашашы, сатып алуу мүмкүнчүлүгү жетпесе да кымбат кийимдерди кийиши, жакшы үйлөрдө жашашы, үй-бүлөлөрү экономикалык жактан оор абалда болгонуна карабастан бай бир чөйрөдө жашашы. Кошоматчылар мындай мүмкүнчүлүктөргө кээ бир адамдардын «эсебинен» ээ болушат. Өздөрүнө дос кылган ал адамдын акчасы, чөйрөсү, мүмкүнчүлүктөрү, үйү, машинасы жана ал ээ болгон ар түрдүү мүмкүнчүлүктөн пайдалануу менен жашоосун улантышат. Мунун «акысы» үчүн болсо кошоматчылыгын кылган адамдын ар түрдүү кошоматын кылуу, аны мактоо, напсисин ыраазы кылуу, ага болгон ишенимине жетүү сыяктуу кызматтары бар.

Эгер чөйрөңүзгө жакшылап көз чаптырсаңыз, коом ичинде дээрлик ар бир бай же атактуу адамдын жанында бир кошоматчыны көрө аласыз. Негизи экөө тең окшош кийинсе да, бирдей услуп менен сүйлөшсө да, кайсысынын кошоматчы, кайсысынын кошоматчылык кылынган адам экенин ошол замат байкай аласыз. Себеби кошоматчылар көбүнчө басмырланган, шылдыңдалган, кызмат кылган, берки адамды дайыма мактаган, сөздөрүн тастыктаган, каалоолорун аткарган, анын көңүлүнө караган, үстүнөн «айланган» адам болушат. Беркиси болсо макталган, каалоолору аткарылган, сөздөрү тастыкталган жана басмырлаган тарап болот.

Кошоматчынын эң чоң кызматы – бул жанындагынын көңүлүн көтөрүү, күлдүрүү, ага болгон ишенимин сактоо. Өзүн жаман сезгенде анын жакшы, сулуу экенине ишендирүү, көңүлү чөккөндө көңүлүн көтөрүү, тамаша айтканда күлүү, көйгөйлөрүн угуу, ага чечүү жолдорун чыгаруу же эч ким сыйлабаган адамга сый-урмат көрсөтүп аны ыраазы кылуу.

Ушул себептен бул эки адам күнүн толугу менен бирге өткөрүшөт. Бүт жерге чогуу барышат, соода-сатыкты да бирге жасашат, көңүл ачуучу жайларга чогуу барышат, үйдө чогуу жашап, ал тургай түндөлөрү да бирге болушат. Кошоматчылар соода-сатыкта көбүнчө кошоматчылык кылган адамынын кийимдерди кийип көрүшүн күтөт, кийинишине жардамчы болот, сумкасын кармап турат, чөнтөк телефонуна чалгандарга анын атынан жооп берет, айткандарын жеткирет, кийимдеринин кайсысынын жарашканын айтат жана бардык каалоолорун аткарышат. Кийимдерди кийип көргөн адам болсо өзүнө көптөгөн нерселерди алган соң, кошоматчысына да бир канча кийим алып берип, анын кылган кызматынын акысын төлөгөн болот. Көбүнчө тамактанууга, чачтарачка же бир көңүл ачуу борборуна барышканда, бай тарап сөзсүз кошоматчысынын да эсептерин төлөйт.

Кошоматчылардын дагы бир белгилүү өзгөчөлүгү өз үйлөрүндө эмес, көбүнчө кошоматчылыгын кылган адамдардын үйүндө турушат. Ал үйдүн мүмкүнчүлүктөрүнөн пайдаланышат, курдашынын гардеробундагы кийимдерин кийишет, ошол үйдө тамактанышат, ал үйдүн кызматчыларын өзүнө да кызмат кылдыртат. Бирок буларды кыла алуу үчүн курдашынын апа-атасын тынымсыз мактайт, көңүлдөрүн алат, абдан элпек мамиле кылат. Чындап эле ата-эне балдарынын көңүлү жана жалгыз калбашы үчүн бул адамды үйдүн бир мүчөсүндөй көрүп башташат жана бул абалга моюн сунушуп аны карап башташат. Мындан тынчсызданышпайт, себеби адамдарды «байлоо» өзгөчөлүгү кошоматчынын эң таланттуу тараптарынын бири. Кошоматчы - өз кызыкчылыгы үчүн ар кандай калыпка кире алган бир адам. Эл оозунда айтылгандай «ар кимге көңүлүнө жараша ширин сүйлөөнү» жана алдамчылыкты жакшы билет. Ким кандай услупту жактырса, ылдам ошол услупту колдонот. Өзүнүн жеке бир кишилиги, мүнөзү жок. Мындай жаман, пас ахлакка ээ адамдар көбүнчө намыссыз жана уятсыз болгондуктан, кызыкчылыктары үчүн ылдам мүнөзүн өзгөртө беришет.

# 14- «АДАМ БОЛУУ» ДИНИНДЕ КАБАНААК АРАКЕТТЕР

«Адам болуунун» дагы бир шарты – бул урушчаак бир мүнөзгө ээ болуу. Себеби урушта жеңген тарап болуу «адам болуу» дининде абдан маанилүү бир кадыр-барк маселеси катары кабыл алынат. «Адам болуу» дини боюнча, жеңүүчү тарап болуу акылдын, күчтүн же кулк-мүнөздүн жогорулугун көрсөтөт. Жеңилген тарап болуу болсо алсыздыктын көрсөткүчү. Ушул себептен адамдар кандайдыр бир уруш же талаш болсун, өзү туура эмес болсо да сөзсүз жеңүү үчүн колунан келишинче аракет кылат. Уруштун маанилүү болушунун дагы бир себеби – бул уруштун жеке кишилик көрсөткүчү катары кабыл алынышы. Бир адам көңүлүнө жакпаган бир нерсе болгондо, адамдарга каршы чыга алса, «адам болуу» дини боюнча бул анын күчтүү бир кулк-

мүнөзгө ээ экенин көрсөтөт. Ошондуктан акыйкат динди жашабаган адамдар арасында уруш-талаштарды көп жолуктурууга болот.

Адамдар көп урушкан жерлердин бири – бул унаа жол. Ошондуктан «адам болуу» дининин миңдеген майда-чүйдөлөрүн жолуктурууга болгон жерлердин бири да – бул жол. Жолдо болгону 10-15 мүнөт унаа айдасаңыз эле жүздөгөн «адам болуу» дининин мамилелерин көрө аласыз.

Мисалы, жолдо адамдар көбүнчө чөйрөлөрүн басынтышат жана адамдарды баалабаганын көрсөтүү үчүн колдорунан келгенин кылышат. Бири-бирине жол беришпейт. Ал тургай эгер артында сигнал берген же чырагын жандырып өчүргөн болсо муну кадыр-барк маселеси катары көрөт жана «басынбоо» үчүн шашып жатса да атайылап акырын кыймылдайт. Чөйрөсүндөгү ар бир айдоочуну сындайт, айланасындагы адамдарга улам улам колдору менен ишараттар кылып унаасынын ичинен кыйкырат. Бир таксиге, маршруткага же кимдир бирөөнүн унаасына түшкөнүңүздө көп көп «эмне кылып жатасың, көрсүңбү, алдыңды кара алдыңды, бул жерден өтүп эмне боюң узарып кетеби, эмне сигнал берип жатасың дүлөй эмесмин, ким берди сага праваны, биз да шашып жатабыз, сен эле шашып жаттың беле» сыяктуу сөздөрдү угасыз жана бул сөздөргө ылайыктуу мимикаларды көрөсүз.

Жолдо эң чоң уруштар жана натыйжада эң күчтүү «адам болуу» дининин реакциялары кырсык учурунда көрүнөт. Бир бурулушта эки унаа сүзүшүп кеткенде көбүнчө эки айдоочунун тең бири-бирин айыптаганын көрөсүз. Жол күзөт инспектору аралашмайынча, көбүнчө күнөөкөр тарап эч күнөөсүн кабыл албайт. Көбүнчө мындай кырсыктарда эки тарап тең ачууланып көрүнүп баштайт. Катуу кыйкырып берки адамды басууга аракет кылат, эгер мында ийгиликке жете албаса ачуудан жиндиге айлангандай көрүнүп баштайт. Муну менен берки адамды коркутам жана күнөөсүн мойнуна алдырам деп ойлойт. Эгер бул да жетиштүү болбосо, жеңгенин далилдөө үчүн кара күчкө салат жана өз оюнда ушундайча абройун коргоого аракет кылат.

Көбүнчө мындай учурларда адамдар чындап өзүн токтото албагандыктан урушуп жатат деп ойлошот. Чындыгында болсо мындай кыймыл-аракеттердин баары «адам болуу» дининин талаптарына ылайык жана эң майда детальдарына чейин пландалып жасалат. Кырсыкка кабылган адамдар унааларынан түшүп жаткандагы үн тонунан баштап мимикаларына жана ал тургай айта турган сөздөрүнө чейин бүт нерсени жатка билишет. Кырсык болоор замат, жаттап алган бул эрежелерди жасап баштайт. Натыйжада дүйнөнүн бүт тарабында орток болгон мындай мимика жана кыймыл-аракеттерди «адам болуу» дининин бир талабы катары орундатышат.

## 15- ЖИГИТТИК ТҮШҮНҮГҮ

«Адам болуу» дининин эркектери арасында кеңири тараган орток бир кулк-мүнөз бар: «жигиттик».

Эркектерде бойго жеткенден башталган жана көбүнчө орто жаштардын аягына чейин уланган жигиттик маанайы адамдын кыймыл-аракеттерине көп таасир берет. Негизги өзгөчөлүгүн «жигиттик» деп атаган бул адамдардын орток кыймыл-аракет, мамиле калыптары бар.

Өзүнө жараша ар түрдүү принциптери болгон мындай кулк-мүнөздүн бара бара философия жана ахлак системасына айланганы байкалат. Өзүнө жараша туuралары, туура эместери жана эрдиктери болгон бир жигиттик кулк-мүнөзү бар. Бул система боюнча досунун, коңшусунун, жакын кошуналарынын кыздарын кароо чоң бир ахлаксыздык. Бирок таанымаган бирөөгө жасалганда болсо бул жигиттик болуп саналат. Жакындарынын, кошуналарынын аял жана кыздарына карата эл көзүнө бир коргоо, колдоочу мамиле кылышат. Сөз жүзүндө чынчылдык, тууралык жигиттиктин негизги өзгөчөлүгү катары айтылат, бирок жолун тапса ар кандай алдамчылык кылуу тыңдык, эпчилдик катары кабыл алынат.

Жалпысынан өзүн көрсөтүүгө таянган бул жаман маданиятта урушчаак, жырткыч бир маанай өкүмчүлүк кылат. Стресстүү жана психопат болуп көрүнүү, өйдө-ылдый, күтүлбөгөн кыймыл-аракеттерди жасоо, дайыма уруш чыгарууга даяр болуу канчалык жигит, кызуу кандуу экендигинин бир көрсөткүчү болот. Башкалар тартына турган адам боло алуу үчүн өзүн «жиндидей» көрсөтүү да көп колдонулган ыкмалардын бири.

Маектери көбүнчө матч, мушташ же жыныстык мамилелер жөнүндө болот. Ар кимден уккан, гезит кабарларынан алган чала-чарпы маалыматтары менен саясий, экономикалык же социалдык темаларда сүйлөө да жакшы нерсе болуп саналат.

Эч кимге маани бербөө, ээнбаштык сыяктуу жеке өзгөчөлүктөргө ээ «жигит» коомдук жана идеологиялык каалоолорун болсо «тараптарлык, фанаттык» көз-карашы менен канааттандырат. Фанаттык бир тараптар болуу психологиясы бар. Тараптарлык футболдук команда, достор тобу, бир көчөнүн баласы болуу, кесиптештик сыяктуу нерселердин биринде же баарында болушу мүмкүн. Тараптарлар арасында бири-бирин коргоо жана колдоо жигиттик ахлагынын бир бөлүгү болуп саналат.

Жашы өткөн сайын адам социалдык, экономикалык жана маданий чөйрөдө жеткен баскычына жараша жигиттик кулк-мүнөзүнөн алыстап, жаңы шарттардын талабына ылайык «адам болуу» дининин башка кулк-мүнөзүнө көчөт. Мисалы, социалдык даражада көп алдыга жыла албаган, төмөнкү маданият деңгээлиндеги адамдарда сабатсыздык себеп болгон комплекстин бир натыйжасы катары жигиттик кулк-мүнөзүн толугу менен кабыл алуу байкалат. Жумушу, кесиби, байлыгы, маданияты жана мээси менен коом ичинде мактанып, алдыга чыга албашын түшүнгөн адамдар да көбүнчө жигиттикке жабышууга «мажбур» болушат. Өмүрүнүн аягына чейин ушул кулк-мүнөздө жашап өтөт. Ал жашаган коомдун көпчүлүгү да ушул абалда болгондуктан, жигиттик кулк-мүнөзү көпчүлүк кабыл алган орток кулк-мүнөзгө айланат жана көпчүлүк кабыл алган бир система болуп калат.

Бирок бир нерсени баса айта кетүү керек: жигиттик кулк-мүнөзүнүн өзгөчөлүгү катары көрсөтүлгөн баатырдык, башкаларды коргоо, чынчылдык – албетте сонун

өзгөчөлүктөрдөн. Бирок бул жерде айтылган жигиттик кулк-мүнөзүндө бардык мындай өзгөчөлүктөр чындап эмес, көрсөтмө бир канча өрнөгү жасалат жана булар сонун ахлак өзгөчөлүгү катары кабыл алынып, Аллахтын ыраазычылыгы үчүн жасалбайт.

## 16- ТУУРА ЭМЕС УРМАТ ТҮШҮНҮГҮ

«Адам болуу» дининдеги туура эмес урмат түшүнүгү жөнүндө сөз кылуудан мурда Куранда билдирилген урмат түшүнүгүнө токтолуу керек. Куранда билдирилгендей, бир момун эң алгач Аллахка карата жүрөгүнөн абдан чоң урмат көрсөтөт.

Али Имран Сүрөсүнүн 199-аятында «... Аллахка терең урмат көрсөткөн ыйман келтиргендер» жөнүндө сөз кылынат. Анбия Сүрөсүнүн 90-аятында болсо Пайгамбарлар жөнүндө сөз кылынганда «...чындыгында алар сооптуу (жакшы) иштерде жарышышчу, үмүт жана коркуу менен Бизге дуба кылышаар эле. Бизге терең урмат көрсөтүшөөр эле» деп айтылат. Мүминун Сүрөсүндө да момундар жөнүндө «Раббилерине болгон хашйеттеринен (ичтен коркууларынан) улам урмат менен корккондор» (Мүминун Сүрөсү, 57) деп айтылат. Урмат башка аяттарда да Аллахка карата болгон ичтен бир коркуунун (хашйет) бир бөлүгү катары колдонулган.

Ошондуктан момун ээ болгон урмат сезиминин булагы – бул Аллахка болгон урматы. Башка адамдарга көрсөткөн урматы да ушул чыныгы урматтын бир чагылуусу болот. Момун Аллахка урмат көрсөткөндүктөн, Ага баш ийген, Анын ыраазычылыгына жетүүгө аракет кылган башка адамдарга, т.а. бардык момундарга урмат көрсөтөт. Урматка ылайык болбогондорго, т.а. Аллахка баш көтөргөн, Анын ыраазычылыгына терс аракет кылган, Аллахты таанымбаган каапырларга болсо чын жүрөктөн урмат сезбейт. Бул адамдарга да сый менен жана жакшы сөз менен мамиле кылат, бирок чын жүрөктөн урмат көрсөтүшү мүмкүн эмес.

Ал эми «адам болуу» дининдеги урмат түшүнүгү болсо, албетте Куранда сүрөттөлгөн мындай чыныгы урмат түшүнүгүнөн абдан алыс. Момундардагы урмат, мурдараак да айтылгандай, негизи Аллахка болгон урматтан келип чыккан чын көңүлдөн, жүрөктөн болгон бир сезим. «Адам болуу» growing диниде болсо үстүртөн, белгилүү калыптарга салынган, толугу менен жасалма жана эки тараптуу кызыкчылыктарга таянган эл көзүнө кыймыл-аракеттер катары байкалат.

«Адам болуу» дини боюнча «урмат» көрсөтүү – бул чөйрөгө жараша сылык мамиле кылуу жана ар кандай чөйрөлөргө жараша эрежелештирилген сөз жана кыймыл-аракет калыптарын жасалма аткаруу. Урмат көрсөтүү адамдын коомдо бир орунга жетишине жардамчы болгон, чөйрөсүнө жана адамына жараша калыбы, мөөнөтү өзгөргөн жана көңүл каалабаса да жасалышы керек болгон бир мамиле катары кабыл алынат.

«Адам болуу» дининин жашоо философиясы эки жүздүүлүккө жана алдамчылыкка таянгандыктан, урмат да мажбурдуу түрдө жана эч каалабастан көрсөтүлөт. Адам урмат

көрсөтүшү керек болгон мөөнөткө өзүн кармап чыдайт. Урмат – кулк-мүнөздүн бир бөлүгү эмес. Ошондуктан «адам болуу» дининде адам эң көңүлү тынч болгон чөйрө – бул эч кимге урмат көрсөтүүгө мажбур болбогон жана чыныгы кулк-мүнөзүн каалагандай көрсөтө алган чөйрөлөр. Мындай чөйрөлөрдө адамдын сүйлөө калыбынын бузуктугу, ахлак түшүнүгүнүн бузуктугу, адамдар жөнүндөгү чыныгы пикирлери жана чыныгы мамилеси ортого чыгат.

Урмат түшүнүгү жерге жана чөйрөгө жараша өзгөргөндөй эле, жашка жараша да өзгөрөт. «Адам болуу» дининде бир адамдын өзүнө ишенгенин, эч кимге маани бербегенин, ошондуктан эч кимден коркпогонун, т.а. кулк-мүнөзүнүн абдан өнүккөнүн далилдеши «эркиндик» атына жамынган абдан төмөн жана сый-урматсыз кыймыл-аракеттери аркылуу болот. «Эркин» катары кабылданган чөйрөлөрдүн өзүнө тиешелүү кыймыл-аракет жана сүйлөө калыптары бар. Эч таанibаган бирөөнүн үйүндө муздаткычты ачуу, досуна барганда анын бөлмөсүн тинтүү, шкафын ачып кийимдерин кийүү, буттарын мүмкүн болушунча өйдө көтөрүп, жамбаштап жаткан сыяктуу отуруу, чын көңүлдөн мамиле кылып жатам дегенди жамынып көп тентектик кылуу, жакын жерден кыйкырып сүйлөө, сөгүнүп сүйлөө, бардык тамашаларына жыныстык мамилелерди кошуу – бул жаман өзгөчөлүктөрдүн эң атактуулары.

Бул жерге чейин байкалгандай, «адам болуу» дини Куран аркылуу адамга берилген ахлактык принциптердин дээрлик баарына тескери бир ахлак моделин өзүнө камтыйт. Бул эч шексиз, Аллахка эсеп берилээри унутулган жана адамдардын көпчүлүгү капылет ичинде дүйнө жашоосунун утурумдук кооздугуна алданган бир коомдо ортого чыгат. Бул коомдун Курандагы аты «жахилия» (караңгы) коому, толугу менен караңгы, сабатсыз, себеби бул коом Аллахтын бар экендигинен жана акыреттен кабарсыз сыяктуу жашашууда.

Бул коомдун адамдары үчүн дүйнө жашоосу жалгыз критерий. Чындыгында болсо дүйнө жашоосу адамга алдануудан башка эч нерсе бербейт:

**Билип койгула, дүйнө жашоосу жалаң гана бир ойун, «жагымдуу бир алаксуу», бир кооздук, өз араңарда бир мактануу, мал-мүлк жана бала-чаканы «көбөйтүү каалоосу» гана. Бир жамгыр мисалындай. Ал (жамгыр) өстүргөн эгин эккендердин көңүлүнө жагат, кийин куурайт. Бир карасаң, сапсары болгон болот, кийинчерээк болсо ыпыр-сыпырга айланат. Акыретте болсо оор азап; (же) Аллахтан бир кечирим жана бир ыраазычылык бар. Дүйнө жашоосу – алдоочу бир кооздуктан башка нерсе эмес. (Хадид Сүрөсү, 20)**

Аллахты унуткан коом кыска мөөнөт ичинде дүйнө жашоосун жалгыз критерий кабыл алган караңгы маданиятты өндүрөт. Бул маданияттын ичинде ата-бабалардан мурас калган батыл (жалган, негизсиз) ишенимдер, кызыкчылыктарга таянган сансыз эрежелер орун алган. «Адам болуу» дини – ушул караңгы маданияттын аты.

Бул коом ичинде төрөлгөн адам болсо бул маданиятты көп жылдык бир тарбия процесси ичинде кабыл алат. Аң-сезимге ээ болуп баштагандан баштап, алгач үй-бүлөсү, кийин жакын чөйрөсү тарабынан «адам болуу» дининин маданияты менен жуурулат. Барган сайын өзүнүн жеке кызыкчылыктары үчүн башка адамдарды колдонууну, «кемесин куткарган капитан» болууну, мал-мүлк жана кызмат, даражага болгон күчтүү каалоону үйрөнөт. Караңгы коом адамдары ага «адам» болуу үчүн эмнелерди кылышы керек экенин бир-бирден үйрөтүшөт.

адамдары, кийимдер жана бойонуу жөнүндө сөз кылышса, эркектер кыздар, кийим, матч, мугалимдер жана сабактар жөнүндө сүйлөшүшөт.

Адамдарды кулк-мүнөз жана ахлагына карап эмес, байлыгы менен баалоонун да алгачкы мисалдары лицей доорунда ортого чыккан «адам болуу» дининин ооруларынын бири. Лицейлерде бай көрүнүү абдан маанилүү. Бул үчүн атайын аракет жасалат.

Көбүнчө бүт баары атактуу маркалардан кийинген бир топко жупуну кийимдүү бирөө жакындай албайт. Же көбүнчө жарашыктуулугу же сулуулугу менен атактуу бир топтун арасына сулуу эмес бирөө кошула албайт. Топко кошулуу үчүн сулуу же бай болуу шарт. Сулуу жана бай болгондордун эркеликтерине, көпкөндүктөрүнө көбүнчө көз жумулат. Себеби алар топтун мактаныч жана престиж себептери. Мектепке атайын лицей автобустары менен баруу да белгилүү бир жашка чейин байлыктын көрсөткүчү катары кабыл алынат. Бай көрүнүү үчүн мектеп формаларына мүмкүн болушунча кошумчалар жасалат. Кыздар сапаттуу, кымбат жасалгаларды тагуу аркылуу байлыктарын көрсөтүүгө аракет кылышат. Кыз-эркек дээрлик баарында атактуу маркаларга кызыгуу бар. Форманын үстүнө кийилген марка жемпирлер, байпактар, галстуктарга тагылган кошумчалар бай экенин далилдөө аракетинен келип чыгат. Ушул себептен бул доордо үй-бүлөнүн баласына кымбат маркалуу кийим сатып алышы аны абдан кубандырат. Материалдык абалы жакшы болбогондор да кыйынчылык менен акча чогултуп сатып алган бир канча марка кийимдери менен өздөрүн кабыл алдыруу жарышына киришет. Себеби эң негизги баалуулук – бул акча жана анын көрсөткүчтөрү. Айланадан урмат-сый көрүүнүн, «популярдуу» болуунун жолу акчада.

Жаман ахлак өзгөчөлүктөрү жакшыдай кабылданып, жакшы өзгөчөлүктөр болсо жамандалып баштайт. Жөнөкөйлүк, чынчылдык сыяктуу мүнөздөр жактырылбай баштайт. Аракетчилдикке да мектеп ичи мамилелерде гана маани берилет. Мектепте баа алуу, сабакты түшүнүү сыяктуу себептер кээ бир жакшы окуган, бирок коом менен байланышы начар адамдар менен достошууга мажбур кылат. Дос тандоодо аны эң көп күлдүрө турганды тандоо маанилүү. Биринчи планда ахлактык өзгөчөлүктөрү каралбайт. Эң алгач аны күлдүрүшү, «тамашалар» айтышы маанилүү. Ушул себептен достуктар дайыма убактылуу болот, бекем негиздүү эмес. Чыныгы кулк-мүнөздөр калыптанып баштаганда, бүт баары бири-биринен бөлүнүп баштайт. Себеби жаш өткөн сайын күлдүрүүдөн көрө күчтүүрөөк кызыкчылыктар зарыл болуп баштайт.

Бүт адамдардын «эң жакшы досу» сөзсүз бар. Ага сүйлөшкөн жигит же кызы экөө арасында болгондорду айтып берет, досунун бул жөнүндө билген маалыматтарынын көптүгү ага жакындыгын көрсөтөт, аны менен сырларын бөлүшөт. Бүт адамдар жөнүндөгү көз-караштарын бир гана ага айтат жана анын да айтып беришин күтөт. Бул бир сыр достугу. Экөө бири-биринин эч ким билбеген тараптарын билиши экөөнө тең бир ырахат берет. Башкаларды кызгандырып бир нерселерди билген болуп көрүнүү үчүн жакын достор бири-бири менен шыбырашышып, көпчүлүктүн арасында бири-бирин карап шыңкылдашат.

Достун сонун ахлактуу болушу, момун болушу, ыйманы, чынчылдыгы акылына да келбейт. Себеби мындай нерселердин мааниси лицей убагында көбүнчө билинбейт. Динчил окуучу караңгылык менен шылдыңдалат. Ушул себептен эч ким ишенимдери жөнүндө оңойчулук менен сөз козгобойт.

Кыз-эркек арасындагы мамилелер бири-биринен пайдаланууга таянат. Эркектер чын көңүлдүү жакындык шылтоосу менен тынымсыз кыздарга тийишкен тамашаларды кылышат. Дос чөйрөсүндө эң абройлуу кыла турган кыз менен достошууну каалашат. Кыздар үчүн да класстын эң байы, эң жрашыктуусу менен «жүрүү» достору арасында өзүнчө бир мактануу себеби болот. Кыздар менен эркектер түзгөн топтор арасында дос алмашуулар да болот. Бири-биринен тажашканда бөлүнүп башка бирөөнүн эски досу (кызы же жигити) менен «жүрүп» башташат. Ажыраганынын аркасынан да көбүнчө сөздөр чыгарышат.

Бүт баары дүйшөмбү эрте менен мектепке барганда айтып бере турган бир нерселери болсун үчүн жуманын аягында кыдырууга мажбур болот. Эгер ал дем алыш күндөрү эч жерге барбаган болсо жуманын башында андан басынбоо үчүн сценарийлер ойлоп чыгарат жана муну чындыктай айтып берет. Кыздар да, эркектер да кеңири услуп катары «сөз тийиштирүү» жана кыйшык сүйлөөнү тандашат. Бул башкалардын катуу сөздөрүнө каршы бир коргонуу абалында адамда калыптанат жана кадимки сүйлөө калыбына айланат. Мектептерде көбүнчө көпчүлүк психологиясы өкүмчүлүк кылгандыктан, түпкүрүндө абдан жоош бир маанайга ээ адам да мектепке барганда бир заматта ал топтун маанайына кирет. Эч кылбаган нерселерин кылып, эч айтпай турган сөздөрдү сүйлөп баштайт. Бир адамдын кылган туура эмес жана жаман бир кыймыл-аракети топ арасында жакшы кабыл алынат. Өзү жалгыз кылууга эрки жетпеген нерселерди топ менен бирге кылууга колу барат. Унаасын катуу айдайт, керек болсо тобу арасында абройлуу болуу үчүн жашоосун да коркунучка салат. Мугалимдери менен кайым айтышат, кыздарга сөз таштайт, ушундайча топ арасында калууга аракет кылат.

«Адам болуу» дининин эң маанилүү өзгөчөлүктөрүнүн бири болгон адамдардын ыраазычылыгына жетүүгө аракет кылуу да лицей жашы курагында үйрөнүлөт. Окуучуларда өзүн көрсөтүү аракети кеңири тараган. Окуучулар дайыма мугалимдерине, досторуна, үй-бүлөлөрүнө жагынууга аракет кылышат. Булардын баарын бир-бирден ыраазы кылуу керек болгондуктан, ар түрдүү кулк-мүнөздөргө ээ болушат. Натыйжада абдан өзгөрмөлүү бир кулк-мүнөз келип чыгат, «адам болуу» дининин адамга жана чөйрөгө жараша кулк-мүнөз өзгөртүү өзгөчөлүгү ушул жаштарда калыптанат. Адамдын кулк-мүнөзүн калыптандыруусунда өз эрки эмес, чөйрөсүнүн андан күткөнү негиз алынат. Ар бир адамдан жана ар бир чөйрөдөн ар кандай талап келгендиктен, туруксуз, өзгөрмөлүү бир ахлак келип чыгат. Бул – шексиз, бир гана Аллахка пенделик кылган, бир гана Анын ыраазычылыгына жетүүнү максат кылган, бир гана Аны ыраазы кылууга аракет кылган жана ушул себептен абдан бекем жана туруктуу бир кулк-мүнөзгө ээ болгон момун ахлагына толугу менен карама-каршы. Куранда момундар менен каапырлар арасындагы мындай айырма төмөнкүдөй билдирилет:

**Аллах бир мисал берди: өз ара ынтымаксыз жана пикир келишпес, аны талашкан көп ээлери бар бир адам менен жалгыз бир адамга баш ийген бир адам. Бул экөөсүнүн абалы бирдей болмок беле? Мактоолор Аллахка тиешелүү. Жок, алардын көпчүлүгү билишпейт. (Зүмер Сүрөсү, 29)**

Окуучулардын арасындагы ар кандай түрдөгү кулк-мүнөздөрдү «адам болуу» дининин ар кандай версияларында жолуктурууга болот. Буларды төмөнкүдөй топторго бөлүүгө болот:

«Жулунган» тип: булардын эң негизги өзгөчөлүгү бүт нерсеге карата маани бербес жана баатыр «көрүнүүлөрү». Ар кандай маек, окуя жана чөйрөдө каршы чыккандыгы менен таанылышат. Мугалимдер менен айтышып, тынымсыз ар кимди шылдыңдашат, өздөрүнө ашыкча ишенишип, дайыма шылдың-тамашаларды айтышат. Бул типтер чындыгында көбүнчө сезимтал жана басынган болушат, бул басынгандыгын кыйшык жана «өзгөчөлөнүү» аракеттери менен жабууга аракет кылышат. Сыртка сезимталдыгын эч байкатпайт, катуу сөздөрдү сүйлөшөт жана сезимсиз сыяктуу көрүнүүгө аракет кылышат. Класстын алардан күткөн кыймыл-аракетти көрсөтүшү керек болгон үчүн эч качан коркконун жана капа болгонун байкатышпайт. Көбүнчө кечелерге мындайлар сөзсүз чакырылышат, себеби булар бүт адамдардын күлдүргөн, көңүлүн көтөргөн адамдар.

«Стресс» тип: дайыма стрессте, эч кайсы чөйрөгө көнө албаган, пессимист адамдар. Тынымсыз бүт нерсе жөнүндө арызданган бир кулк-мүнөзгө ээ. Эч нерсени жактырышпайт жана бүт адамдарда бир кемчилик табышат. Жабык жана ой-пикирлерин көп айтпаган бул адамдардын көбүнчө дос чөйрөлөрү көп болбойт. Көңүл көтөрө турган тараптары да көп болбогондуктан мындай адамдарга көп маани берилбейт.

«Билерман» тип: булар көбүнчө үй-бүлөлөрү бай болгон адамдар. Бүт жерде жана ар кандай учурда байлыгы менен алдыга чыккылары келет. Уруштарда, сабактардан баа алууда, сөз сүйлөгөндө үй-бүлөсүнө таянып маселени чечүү жолун тандашат. Кулк-мүнөзүн үй-бүлөлөрүнүн байлыгына карап калыптандырышат.

«Көп окугандар»: Өздөрүн ар кандай материалдык кемчиликтеринен улам курдаштарынын төмөн көрүшөт. Муну жабуу үчүн атайылап билимин көрсөтүү менен жана сабактарын көп окуу менен өзгөчөлөнүүгө аракет кылышат. Кээде атайын темаларда адистешип башкалардын көңүлүн бурууга аракет кылышат. Мотоциклдер, кино, электрондук, компьютер, коллекция кылуучулук ж.б. сыяктуу. Ар бир чөйрөдө бул темалар жөнүндө сөз баштоо жана билимдүүлүгүн көрсөтүү мүмкүнчүлүгүн күтүшөт.

Лицей (же болбосо, 7-11-класстар) доору – бул жерде бир канчасы саналган топтордон турган жана «адам болуу» дининин баалуулуктары мээлерден орун алган бир доор. Күлдүргөн, бай, чогуу жүргөндө мактанууга мүмкүн болгон адам боло алуу сыяктуу факторлор – бул доордун эң негизги баалуулуктары болот. Бир өспүрүм башка адамдарды ахлактык өзгөчөлүктөрүнө (мисалы, чынчылдыгына, чын көңүлдүүлүгүнө,

башкалар үчүн өз мал-жанын аябастыгына жана эң маанилүүсү ыйманына) эмес, ага алып келе турган кызыкчылыктарга жараша баа берүүнү ушул жерде үйрөнөт. Жаш өткөн сайын болсо лицейдеги күлдүрүү, көңүлүн көтөрүү, чогуу мактануу сыяктуу кызыкчылыктардан күчтүүрөөк кызыкчылыктар максат кылынып баштайт.

Себебин билбеген эрежелерге эч таразалабастан баш ийүү адатына ээ болгон адамдардын акыл жана абийир механизмдери да кийинки орунга ташталат жана бул өзгөчөлүктөрдү өнүктүрүүгө мүмкүнчүлүк эң жакшы болгон доордо булар тебеленет.

# «АДАМ БОЛУУ» ДИНИНДЕ «ФЛИРТ (ЖҮРҮҮ)» ПСИХОЛОГИЯСЫ

Лицей жаштарында же бул доордон кийинчерээк башталган дагы бир «адам болуу» дининин маданияты – бул флирт (жүрүү) психологиясы. Флирт доору – бул өз кызыкчылыгын ойлогон жана өзүмчүл болуп чоңойгон жаш кыз жана эркектердин туура эмес аял-эркек мамилесин куруп баштаган жана кийинки баскыч болгон туура эмес үй-бүлө куруу түшүнүгүнө даярданган доор.

Бир кызга аны менен флирт кылышын же болбосо «аны менен жүрүшүн» сунуш кылган бир эркек кыймыл-аракети, сүйлөө калыбы, проблемалары, каприздери, кыдырган жерлери жана жакындоо калыбы, т.а. толугу менен аныкталган бир программа жыйнагын сунуштаган болот. Бул программа эки тараптуу ишенбестикке таянган жана ишке ашырылганда эки тарапты тең уят кылып, кулк-мүнөзүн буза турган сыпатка ээ. Мындай мамиле модели жылдар бойу адамдар арасында өз «каада-салттарын» коргоп, бир гана убакыттын шарттарына жараша адамдардын бара турган жерлери жана кийимдери, услуп жана кыймыл-аракеттери гана өзгөрүлгөн абалда ишке ашырылып келет.

Флирт доору убагында эки тараптын да маанайы, аң-сезими, окуяларга көз-карашы бирдей. Ансыз деле мындай доор жашалышы үчүн биринчи шарт – бул доор талап кылган маанайда болуу. Кадимки бир маанай ичинде бул система талап кылган кыймыл-аракеттерди сиңирүү эч мүмкүн эмес. Бул өзгөчө психология эки тараптын тең сезимдери гана өкүмчүлүк кылган, акыл жана ахлактык баалуулуктар маанисиз болгон бир чөйрөдө гана жашалышы мүмкүн.

Айланага мындай «достошуу» менен канчалык мактана алаары бирге жүрүп баштоо чечими алынып жатканда эң көп таасир эткен фактор болуп саналат. Чогуу жүргөн адамды жактырбаса да, айланадагы адамдарга эч тартынбастан көрсөтө ала турган бирөөнүн болушу, бир жерге жалгыз барбоо маанилүү. Жүргөн адамынын болбошу ал адам үчүн уят нерсе катары каралат. Эки тарап тең бири-бирине жакындоо үчүн өзүнүн жеке кулк-мүнөзүн колдонушпайт, чыныгы жүзүн көрсөтүшпөйт. Башка бир кулк-мүнөз менен мамиле кылышат.

Бири-бири менен достошууну каалаган эки адамдын таанышып, жолугушуп, сүйлөшүп жана көрүшүп башташы дайыма бирдей калыпта болот:

Кыз (же эркек) жактырган адамы менен таанышуу үчүн белгилүү чөйрөлөргө барып баштайт. Алгач бир конокто, мектепте же эс алчу жайда бир адамды тандайт. Ага көрүнүү үчүн айланасында басып, көңүл бура тургандай каткырып баштайт, анын тобуна кирүүгө жана достору менен таанышууга аракет кылат. Бул кадамдарды жасап жатканда өзгөчө жактырган кызга (же эркекке) болгон кызыгуусун сездирбеши шарт, бирок өзүнүн болгон көңүлү анда болот.

Таанышкандан кийин эң биринчи тышкы көрүнүшү жана байлыгына каралат. Унаасынын маркасы, жашаган району, эс алчу жайлары, окуган жери, атасынын кызматы, кийимдеринин маркасы, таккан жасалгалары алгачкы таанышууда аны менен мамиле куруп курбоо жөнүндө дээрлик толук пикир берет. Булардын баары мээде бааланат жана пайда-зыян эсеби жасалып, ал адам менен жүрүп-жүрбөө чечими алынат.

Таанышкан соң кезек телефон номерлерди алып, бир жерге чакырууга келет. Алгач эркектин чакыруусу маанилүү. Барган жерлерде акчаны эркек төлөөгө милдеттүү. Эртеси күн кыз күн бою телефон чалышын күтөт жана көбүнчө үйдөн сыртка чыкпайт. Эркек болсо абдан маани бергенин көрсөтпөө үчүн атайылап эрте чалбайт, кечирээк чалат. Телефон менен сүйлөшүп жатканда көп тасмаларда орун алган кызыктай кыймыл-аракеттер жасалат (мисалы, радионун кабели колго оролот) жана айланадагы эч нерсеге көңүл бурулбайт. Кыз каалабаса да бираз жай кыймылдашы зарыл. Бири-биринен көбүрөөк убакытка алыста болгондо, эки тарап тең романтикалык кыймыл-аракеттерди жасайт. Сезимтал көрүнгөн ырларды көпкө угуп, ыйлашат жана өздөрүн жасалма бир стресс абалына киргизишет.

Жолугушуп баштагандан кийин бүт жактырган нерселери өзгөртүлүп ылайыкташтырылат. Берки адамга жаккандай кийинүү, музыка угуу, түшүнбөгөн нерселерди түшүнгөндөй болуп көрүнүү, бири-бирине жагынуу, кыскача айтканда, бир көз бойомочулук процесси башталат. «Адам болуу» дининдеги негизги психология болгон «бири-биринин ыраазычылыгын максат кылуу» абалы эң жогорку деңгээлде жашалат. Окуянын олуттуулугу өскөн сайын эки тараптуу белек бермейлер башталат жана барган сайын алынган белектердин баасы өсөт. Ал ортодо алынган белектер үй-бүлөлөргө, досторго көрсөтүлүп, мактанылат. «Мени ушул белектерге ылайыктуу даражада жактырат» дегендей сөздөр айтылат. Эки тарап тең бири-биринин үй-бүлөлөрү жана чөйрөлөрү жөнүндө маалымат алууга аракет кылат. Үй-бүлөсү эгер бай болсо, эртерээк берки адамга үйүн көрсөткүсү келет. Үй-бүлөсү бай эмес болсо, үйүнөн алыс кармоого аракет кылып, калптарды айтып баштайт. Ээ болбогон нерселерин өзүнүкүндөй кылып, барбаган жерлерине бардым деп айтып баштайт. Беркинин аны ушуга жараша баалаарын билгендиктен, муну абдан чеберчилик менен жасаганга аракет кылат. Чөйрөсүн көпчүлүк кылып көрсөтүү да бир байлык алааматы. Таанытбаган адамдарды таанышы сыяктуу айтып берет. Сүйлөшүлгөн темалар да дайыма белгилүү.

«Адам болуу» copies динde, башка тармактардагы сыяктуу эле, аял-эркек мамилелеринде да Аллахтын ыраазычылыгын максат кылуу, Аллах койгон критерийлерге ылайык чечим алуу багытында эч аракет жасалбайт. Динчил жана Аллахтан корккон адам катары таанылуу бул караңгы жана төмөн көз-караштa кадыресе кабыл алынбайт. Бул тема «ар бир адамдын ишеними өзүнө» сыяктуу маанисиз сөздөр менен жабылат.

«Жүрүү» окуясы – дос чөйрөсүнө мактана алуу үчүн да абдан маанилүү. Бир эркектин канча көп кыз менен жүргөнү көрүлсө, ошончолук суктанылып, мактанат. Ошондой эле бир эркектин сулуу бир кыз менен жүрүшү да досторунун көзүн күйдүрүү

максатында болот. Кыздар да көбүнчө кымбат, кооз унаасы бар эркектер менен жүрүүнү каалашат. Себеби мектептин жанында курдаштарынын унааны көрүшү алар үчүн бир кадыр-барк болот. Жүргөн адамынын үйүнүн жакшы болушу да курдаштарынын суктанышы жагынан маанилүү.

Бирге жүрүүлөр сүйүү жана сый-урматка таянбайт. Мамилелер дайыма бош убакыт өткөрүү, кыдыруу, тамактануу, айланадагыларга мактануу жана бири-биринен пайдаланууга таянгандыктан, убакыт өткөн сайын мамилелерде уруш-талаштар жана тажоо байкалып баштайт. Кыздар көбүнчө ар бир урушта ыйлашат, эркектер болсо маани бербей, сезимсиз көрүнүүгө аракет кылышат. Бири-бирине ээ чыгуу, бири-бирин кысымга алуу жана өз ара ишенбестик чөйрөсү бираз мөөнөттөн кийин азапка айлана баштайт.

Араларында бекемдик, туруктуулук сыяктуу түшүнүктөр болбойт. Эки тарап тең бирге жүргөн адамынын андан сулуураак же жарашыктуураак, байыраак жана атактуураак бирөөнү тапканда, ошол замат аны таштап кетээрин билет жана дайыма мындан тынчсызданат. Ансыз деле ар бир мүмкүнчүлүктө бул нерсе айтылып, бир коркутуу куралы катары колдонулат. Бири-бирин урматтоо да бир убактан кийин жоголуп баштайт. Бири-бирин ашыкча өйдө коюп алышканын, бири-биринин алсыз бир адамдар гана экенин убакыттын өтүшү менен байкашкандыктан, бирөөсүнүн алсыздыгы биразга байкалганда эле андан сууйт жана ага болгон сүйүүсүн жоготот. Анын уйкудан жаңы турган абалы, тердеши, жүзүнө бүдүр чыгышы, ооруп калышы ага болгон сүйүүсүнүн азайышына себеп болот.

Көпчүлүктүн арасында бири-бирин дайыма басынтышат. Өзгөчө «келесоо» абалына түшпөө үчүн досторунун жанында аны жактырбаганын көрсөткөн, кемчиликтерин ортого койгон сөздөр, шылдыңдар айтылат.

Бүт бул нерселерге карабастан андан жакшысын таба албоо коркуусу мамилелерди улантат. Ортодогу уруш жана ажыроолорго карабастан, башка бирөөнү таба алышпаганда кайра бири-бирине кайтышат. Жакшы-жаман болсун жүргөн бир адамынын болушу айланага жалгыз көрүнүүдөн жакшыраак.

Ажырашуу учурунда биринчи кимдин ташташы да абдан маанилүү. Биринчи таштаган өзү болуу үчүн да ажырашкандар көп болот. Ортодо уруш чыгаруу жана каприз көрсөтүү болсо «оңой бирөө эмес» экенин көрсөтүү үчүн абдан маанилүү. Ажырашуунун аркасынан эгер жараша турган болсо ала турган белеги абдан маанилүү. Себеби ала турган белегинин баасы аны канчалык сүйгөнүн көрсөтөт. Флирт доору – кыздын да, эркектин да жеке кулк-мүнөзүнүн, ахлактык баалуулуктарынын, өздөрүнө болгон урмат-сыйынын акырын акырын жоголуп баштаган бир доору болот. Негизинен мактануу, материалдык көз-караш, жыныстык мамилелер, пессимизм жана жасалмалык үстүнө курулган мындай бир доордун бүт нерсени жаңыдан үйрөнүп тарбияланып баштаган бир адамдын келечектеги жашоосуна таасир берген кыйратуучу жана туруктуу таасирлери болот.

Бул жерде саналгандардын баары «адам болуу» днинде «флирт» же болбосо «жүрүү» катары билинген мамиле моделинин чындыгында канчалык бош, канчалык азап берүүчү экендигин көрсөтүүдө. Сырттан караган көп адамдар үчүн болсо флирт дүйнөнүн эң таттуу, эң сонун нерсеси сыяктуу көрүнөт. Мындай имидж өзгөчө бул темадагы тасмалар аркылуу жаратылган. Миңдегени которулган мындай тасмаларда флирт эки адамды абдан бактылуу кылган, жашоону гүлзарга айланткан, адамга жашоосунун эң жакшы көз ирмемдерин жашаткан бир мамиле катары көрсөтүлөт. Бирок мындай кооздолгон көрүнүш чындыктарга эч качан туура келбейт. Себеби «адам болуу» днинде, башка бардык мамилелер сыяктуу, аял-эркек мамилеси да жасалма жана өз кызыкчылыктарын ойлогон бир көз-караш менен жүргүзүлөт. Эки тарап тең бой көтөрүүнү жакшы көрүшү, жасалмалыгы, ишенимсиздиги себебинен азап берүүчү бир маанайга кабылат.

Бул – чындыгында абдан бош болгон дүйнө жашоосунун адамга кооз көрсөтүлгөн болушунун бир натыйжасы. Куранда дүйнө жашоосунун кооз көрсөтүлгөндүгү көп жолу айтылат. Адамдарды адаштыруу үчүн кыяматка чейин аракет кыла турган шайтандын да негизги өзгөчөлүгү – бул адамга дүйнөнү кооз көрсөтүшү. Шайтандын бул жөнүндөгү убадасы төмөнкүдөй:

**(Шайтан) Айтты: «Раббим, мени күүлөгөн (адаштырган) нерсең үчүн, ант болсун, мен да жер бетинде аларга (Сага баш көтөрүүнү жана дүнүйөлүк арзууларды) кооздоп-сулуу көрсөтөм жана алардын баарын сөзсүз күүлөп-адаштырам.» (Хижр Сүрөсү, 39)**

Эгер адам акылын колдонбосо шайтандын сөзүн угат жана дүйнөдөгү бош, утурумдук жана азап берүүчү нерселердин тышкы көрүнүшүндөгү адаштыруучу кооздугуна алданат. Бул флирт же болбосо «жүрүү» мамилесине да тиешелүү. Жаш кыз же эркек тасмаларда көргөн, айлана-чөйрөдөн үйрөнгөн сезимталдык атмосферага кирет жана флирт кылуу менен дүйнөнүн эң бактылуу адамы болом деп ойлойт. Чындыкта болсо кыска бир мөөнөттөн кийин ортодо эч ал ойлогондой кемчиликсиз бир мамиле жок экенин түшүнөт. Бирок бул да аны ойлонууга багыттабайт, мурдакы сүйгөнүмдөн тажадым жана жаңысын табышым керек деп ойлойт. Же болбосо үй-бүлөлүк жашоону оюнда чоң бир максат катары койот жана чыныгы сонун күндөр үйлөнгөндөн кийин башталат деп ойлойт. Мына ушул жерде чыкпас бир айлампага кирген болот жана акылын колдонмоюнча өлгөнгө чейин бул айлампанын ичинде калат. Эми ал Курандагы «Чындыктан баш тарткандарга дүйнө жашоосу жагымдуу (кооз) көрсөтүлдү...» (Бакара Сүрөсү, 212) аятындагы абалга кирген жана «Жамандык катары жасагандары өзүнө жагымдуу-кооз кылынып, аны кооз көргөн»дөргө кошулган болот (Фатыр Сүрөсү, 8). Башка бир аятта болсо бул адамдардын абалы төмөнкүчө билдирилет: «Акыретке ишенбегендер; Биз аларга кылгандарын кооздоп койгонбуз, ошондуктан алар сокурлук ичинде адашкан абалда кезип жүрүшөт» (Намл Сүрөсү, 4).

Дүйнөнүн кооздугу алдамчы, себеби чыныгы жана түбөлүктүү эмес. Дүйнөдөгү немат-жакшылыктар акыреттеги немат-жакшылыктардын кемчиликтүү бир мисалы, бир өрнөгү катары жаратылган. Жана бул нематтардан чындап ырахат алуу аларды Аллах бергендигин жана акыреттин кемчиликтүү бир мисалы катары жаратылганын түшүнүү менен гана мүмкүн болот. Дүйнөдө бейпилдик жана бакытка жетүүнүн жалгыз жолу да – бул Аллахка багытталуу. Себеби аятта да билдирилгендей, «...жүрөктөр бир гана Аллахты эстөө менен тынчтанат (бейпил болот).» (Рад Сүрөсү, 28)

«Адам болуу» динин тутунгандар муну түшүнүшпөгөндүктөн, Аллахты унутуп, дүйнөнүн утурумдук кооздугун чыныгы, бекем жана түбөлүктүү деп ойлошуп жаңылышууда жана азапка кабылышууда. Бир аятта каапырлардын дүйнө жашоосуна алдануусу мындайча сүрөттөлөт:

**Каапырлар болсо; алардын амалдары түптүз бир талаадагы закымга окшойт; суусаган аны бир суу деп ойлойт. Аягында ага жеткенде эчтеке таба албайт жана жанында Аллахты табат. Анын эсебин толугу менен берет. Аллах эсепти абдан так тутуучу. (Нур Сүрөсү, 39)**

Бул жерге чейин да каралгандай, «адам болуу» дининин критерийлери ичинде жашаган жана Аллах ыраазычылыгынан алыс болгон бир аял-эркек мамилесин үмүт, кыял жана күтүүлөр тарабынан караганда алыстан кооз, сонун көрүнгөн бир закымдан (мираж) айырмасы жок. Бирок бул нерсенин чыныгы жүзү байкалганда, бул күтүү жана кыялдардын бош, эч баркы жок, азап жана кыйынчылыктарга толо экендиги көрүнөт. Себеби бул сүрөттөлгөн моделде адамдар өз табиятына тескери абалда жашашууда. Чындыгында болсо адам Куранда билдирилген сонун ахлактан жана ага бул ахлакка ылайык мамиле кылынышынан ырахат алат. Куранга тескери келген мамиле, сөз жана кыймыл-аракет табиятка тескери келгендиктен, ар бир адамды сыгат, тынчсыздандырат. Мисалы, Куранда билдирилген сүйүүдө мээрим, ишеним жана толеранттуулук бар. «Адам болуу» дининдеги сүйүүдө болсо кызганычтык, таш боордук жана көбүнчө сый-урматсыздык да орун алат.

Бул система – суктануу керек болгон эмес, тескерисинче качуу керек болгон бир сүйүү түшүнүгү. Эң туурасы – бул Аллах жараткан адам табиятына жараша мамиле кылуу, мээрим жана сүйүү көрсөтүү.

## «АДАМ БОЛУУ» ДИНИНДЕ ФЛИРТ ПСИХОЛОГИЯСЫ (УРМАТТУУ АДНАН ОКТАРДЫН КРАЛ КАРАДЕНИЗ ТВдеги ТҮЗ МАЕГИ, 30-январь 2009-ж.)

**АДНАН ОКТАР:** Эң биринчиден, романтик болуп көрүнүү оюнунун өзү күлкүлүү. Бир адамдын театр оюнчусу сыяктуу көрүнүштөргө кириши, оюн ойношу, чыныгы жүзүн жашырып, толугу менен жасалма мимикалар менен, услуп, сөздөрү менен

бир театр сахнасында бир оюн коюп жаткандай жашашы бир тараптан күлкүлүү, бир тараптан оор, бир тараптан азап. Мындай адам менен сүйлөшүү да абдан кыйын. Мен адамдардын көпчүлүк бөлүгүнүн жасалма экенин көрөм. Акылдуу бир адам жасалмалыктан абдан тартынат, жасалма бир адамды кароо, аны менен сүйлөшүү абдан тынчсыздандыра турган нерсе. Мисалы аялдарда да кээде эркектерге карата андай мамилелер болот, эркектерде да аялдарга карата жасалма мамилелер болот. Чоң эле жигит аялдай болуп ыйлайт, анормалдуу аракеттерди жасап, сезимтал сөздөрдү сүйлөйт, бул аялдын абдан ачуусун келтирет, абдан тынчсыздандырат. Аялдын да жасалмалыгы, сүйбөй туруп сүйгөн сыяктуу көрүнүшү, кээде бай бирөөнү көргөндө, колу-бети да кыйшык болбосо, унаасы да болгон болсо, кокустан «ашык» болуп калганын, жашоодо биринчи жолу мындай нерсеге кабылганын, мурда мындай сезимге эч кабылбаганын айтып, ал байкушумду алдап, бир мөөнөттөн кийин өзү каалагандай абалга алып келе алат... Б.а. чынын айтканда дүйнөнүн көп бөлүгүндө чоң бир театр көрсөтүлүүдө. Бул театрдын көптөгөн аткаруучулары бар. Бири-бирине көптөгөн ролдорду ойношууда. Бул туура эмес. Мына акыр заманда, Аз. Мехди (ас) доорунда бул театрдын сахнасы жабылат жана адамдар андан соң чыныгы адам болушат, чыныгы сүйүү менен мамиле кылышат, чыныгы акылды ортого чыгарышат, чыныгы жүзүн көрсөтүшөт. Андан соң маскалар алынып салынат. Адамдардын көпчүлүгү маска менен жүрүшөт. Бул маскалар алып салынат. Ушул маскалардан улам адамдар бактылуу эмес. Мен сыртка чыкканда адамдардын көпчүлүгүнүн күлгөн жүзүн көрө албаймын, бактылуу көрбөймүн. Себеби маскага жолугам. Чыныгы адам адамга жагат. Чыныгы жүз адамга жагат. Маска адамга эч жакпайт. Жасалмалык адамга такыр жакпайт.

Б.а. бир чыныгы гүл бар, мисалы чыныгы бир роза бар, анан пластикадан жасалган роза бар, сатылат, пластикадан жасалган. Азыр адамдар ошол жасалмаларын колдонушууда көп жерде. Чыныгы розаны жасалмасын жасоого, тууроого аракет кылышат, ашыктыкты тууроого аракет кылышат, ашык көрүнүшүндө бир театр артисти сыяктуу бир нерселер жасоого аракет кылышат, бирок берки адам муну ошол замат байкайт, б.а. эмне үчүн сүйөсүң дегенде, унаасы үчүн, үйү үчүн жана көрүнүшү үчүн дейт. Ал жерде ансыз деле ашык деген нерсенин калбаганы ачык белгилүү, себеби адамдын көрүнүшү дегенде, көрүнүшүнө бир нерсе болсо аны жаман көрүп калаары жана ылдам качаары белгилүү. Акчасынан айрылганда да андан качаары белгилүү, унаасынан айрылганда да андан качаары белгилүү. Андай болсо бул оюндун эмне кереги бар? Бирок кээ бир байкуш адамдарды ушинтип алдашууда, ал болсо чындап ишенет.

# «АДАМ БОЛУУ» ДИНИНДЕ «ҮЙ-БҮЛӨ» ПСИХОЛОГИЯСЫ

«Адам болуу» дининде үй-бүлөлүк доору жаш кыз жана эркектин белгилүү бир жашка келиши менен башталат. Эми ата-эне балдарынын «кубанычын» көрүүнү жана көп жылдар берген эмгегинин натыйжасын акырын акырын алууну каалашат. Демейде «адам болуу» дининин үй-бүлө куруулары флирттен айырмаланып, кадимки таанышуулар менен болбойт. Белгилүү жашка келген эркек менен кыздар сөзсүз үй-бүлө курушу керек деген түшүнүк бар болгондуктан, муну ишке ашыруу үчүн бир канча ыкма колдонулат. Эгер адамдар мында ийгиликке жете алышпаса, анда жумуш үй-бүлөлөргө, туугандарга жана досторго түшөт. Бирок бул адамдар жакшы аракет кылышпаса, анда үй-бүлө куруу үчүн жасалма жолугушуу жана таанышуулар уюштурулат. Мындай жолугушуулардын да ар жерде таанылган, билинген чеберлери бар. Чөйрөдө жаштарды жолуктуруу менен аты чыккан, көбүнчө жашы өтүп калган мындай адамдар убакыттарын ылайыктуу маданияттагы, ылайыктуу бай, ылайыктуу сулуу жана ылайыктуу райондо жашаган жаштарды издөө менен өткөрүшөт. Дээрлик ар бир үй-бүлөнүн мындай бир чоңу же таанышы болот.

Ушундайча үй-бүлөлүк доордун таанышуу баскычы башталган болот. Таанышуу уюштурулгандан кийин эки тарап тең бири-бирин үй-бүлөлөрү аларга үйрөткөн сүзгүчтөн өткөрүп баштагат. Үй-бүлөсүнүн кичинесинен бери ал үчүн короткон убакыт жана мүмкүнчүлүктөрүнүн акысын аларга берүү убактысы келген болот. Жакшы бир үй-бүлө куруу чөйрөсү үчүн да, өзү үчүн да, үй-бүлөсү үчүн да керектүү жана шарт. Таанышкан соң эгер эки тарап тең бири-биринин жашаган районун, социалдык статусун, кийиминин маркасын же унаасын жактырышкан болсо, бир тамак жана жолугушуу уюштурулат. Бул жолугушуу үчүн кийим жактыруу мөөнөтү абдан көп убакыт алат. Эки тарап тең жолугушууда эмне кийээрин эртеден кечке ойлонот. Ал тургай мындай ойлонуу процессине үй-бүлөлөр жана курдаштар да кошулушат жана кийиле турган кийимдерди баары жабыла тандашат.

Эки тараптын үй-бүлө курууга макулдук бериши анчалык көп убакыт талап кылбайт. Аял бул эркек мени бага алат деген пикирге келсе, турмушка чыгат. Эркек болсо ал аялдын аны жумуш же коомдук чөйрөсүндө жакшы көрсөтөөрүнө, жанында жакшы көрүнөөрүнө ынанышы зарыл. Сөйкө салуу чечими алынат. Сөйкө салуу – бул «жүрүүнүн» коом тарабынан тастыкталган абалы.

Жасалмалык эң башынан баштап окуянын эң негизги өзгөчөлүгү болот. Эркек алган гүлдөрү, белектери менен чектүү чөнтөгүн кыйнайт, кызга жана анын үй-бүлөсүнө көрүнүү менен өзүн бай жана жоомарт көрсөтүүгө аракет кылат. Себеби ал кыз менен үйлөнүшү анын байлыгы жөнүндөгү имидждөн көз-каранды. Бул доордо акча коротуудан тартынбаш керек болот, себеби коротулган акчалар келечекте эки тарапка

тең үй, акча, кийим, атак-даңк ж.б. катары ашыкчасы менен кайра келет. Үй-бүлө кыска убакыт ичинде күйөө бала талапкери жөнүндө бир коомдун пикирин сурамжылоону баштаган болот. Бүт адамдардын күйөө бала жөнүндөгү көз-караштары алынат. Негизги максат «кандай, айланадагылар жактырган бир талапкерби?» суроосуна жооп алуу. Күйөө бала талапкеринин киреше деңгээли, мал-мүлкү жөнүндө маалымат алынып, адамдарга айтып берилет. Эгер материалдык абалы жакшы болсо сырткы көрүнүшү жана ахлагы анчалык маанилүү болбойт.

Андан соң үй-бүлөлөр жолугуп башташат. Бул жолугушуу бир соода жолугушуусу сыяктуу болот. Кыздын үй-бүлөсү кызы үчүн эмне алаарын эсептейт. Бул түздөн-түз акча болбосо деле атак-даңк, аброй, үй, эмерек сыяктуу бир акы.

Чечим алынгандан кийин той үчүн акча чогултула баштайт. Кызга белектер алынат. Сөйкө салууну кыз тарап кылат. Анын акысы катары кымбат бир той күтөт. Кайсы тараптын той үчүн канча акча каржаары алдын ала аныкталган. Толугу менен чыгымдар бөлүшүлөт. Тойдогу ичимдиктерге чейин кайсы тараптын эмне алаары белгилүү. Үй-бүлөнүн материалдык абалы чыгымдарды каржылоого жетээрлик болбосо да үй-бүлө карыз алып же болбосо бир нерселерин сатып муну сөзсүз төлөйт. Берки тарапка уят болбоо, жакыр көрүнбөө бул критикалуу убакта абдан маанилүү.

Эки тараптын тең жакын чөйрөлөрү акысыз жеп-ичип көңүл ачуу үчүн тойдун болушун төрт көздөп күтүшөт. Бирок бир тараптан келин жана күйөө балага алтын-күмүш тагышы, белек алышы керек болгондуктан, мунун азабын тартышат. «Эң арзанга кандай белек ала алабыз?» проблемасы башталат. Келин менен күйөөнүн аталарынан кызыкчылык күткөндөр жакшы белек беришип, үй-бүлөнүн жакын досу болуп көрүнүшөт.

«Адам болуу» динининин үй-бүлө куруу менен байланыштуу тойлорун карасак, дүйнө жашоосунун алдамчы кооздугу болгон мактануу жана адамдардын ыраазычылыгын максат кылуу оорусунун эң жогорку деңгээлде болгонун көрөбүз. Үй-бүлөлөрдүн сөйкө салуу, той сыяктуу салтанаттуу тойлор өткөрүшүнүн негизги себеби – бул адамдарга көрүнүү. Мисалы, сеп ачылган күнү бүт коңшулар үйгө чакырылат. Буюмдар бүт баарына көрсөтүлүп, курдаш, дос, коңшуга мактанылат. Чакырылгандар болсо көбүнчө абдан жактырганын айтышып обу жок макташат. Бирок көбүнчө үйүнө кайтышканда болсо абдан начар, жарыбаган буюмдар берилгенин айтышат.

## Той психологиясы

«Адам болуу» дининде адамдардын жашоосунда абдан маани берилген белгилүү бурулуш чекиттери бар, булардын бири – бул той. Той өзгөчө кыздар үчүн ушунчалык маанилүү болгондуктан, ал күн келгенде бүт нерсе өзгөрөт, бүт кыялдар орундалат деп ойлошот. Бирок көп адамдар үчүн той күнү жашоосунун эң азаптуу жана эң стресстүү өткөргөн күнү болот. Себеби көпчүлүк адамдарда болгон стресс жана тобокелсиздик себебинен тойлордо дээрлик чоң бир «желмогуз» жашалат. Мунун кээ бир себептери төмөнкүлөр.

Тойдо келин, күйөө жана үй-бүлөлөр белгилүү бир кызыкчылыктарды эсептеп жатышканда, коноктор да өздөрүнчө кызыкчылык эсептешет. Сөйкө салуулар жана тойлор үй-бүлөлөрдүн балдары үчүн жакшы талапкер табышына идеалдуу жерлер болот. Ушул себептен кыздарын же балдарын мүмкүн болушунча кымбат баалуу кийимдерди кийгизип, чогуу ала барышат.

Тойдо сезимтал сөздөр айтылат. Кээ бирөөлөр орунсуз, себепсиз эле ыйлашат. Эмнеге ыйлаганын өзү да билбейт. Үй-бүлөнүн эң жакындары жана чоңдору эң көп ыйлашат. Ал ортодо «колумда чоңойду» деген сөздү да сөзсүз айтышат. Келиндин эрте мененден баштап кийим жана чач даярдыгы башталат. Ал күндүн чачтарач чыгымдары болушунча кымбат болот. Бүт баары ал күнү кубанычтуу жана жоомарт болушат. Кыз тарап чачтарачтагы кызматкерлерге ал күнгө чейин эч бербегендей көп акчалар берип, аристократ жана бай көрүнүүгө аракет кылат. Ал күнү бүт баары профессионалдуу бир уюштуруучу сыяктуу болушат. Айланага буйруктар берип, акчаларын чачышат. Эне керектүү-керексиз бүт нерсеге жана бүт баарына акча берет; ата мындан улам уруш чыгарат. Бул убакыт ичинде бурчка барып ыйлагандар көп болот.

Андан соң кезек сүрөткө түшүүгө келет. Сүрөтчүнүн алдындагы үстүндө булут сүрөттөрү болгон кызыл, көк, ак түстүү кездемеден болгон фондун алдына келин бир столго отургузулат. Күйөө келиндин жанында койкойот. Жасалмалыгы апачык көрүнүп турган сүрөттөр тартылат. Бул сүрөттөр кийин өмүр бойу адамдарга көрсөтүлөт. Ансыз деле сүрөткө түшүү максаты да ошол. Келин кандай той кылып, кандай келин көйнөгү менен тою болгонун, күйөө болсо жаш кезинде кандай «мактанаарлык» экенин келечекте бүт адамдар көрүшү зарыл.

Никеге кирип баратканда унаанын айланасы аары уюгундай толот. Унаанын арткы айнегинде торт калдыктары жабышкан, үстүндө жалтырак капталган кардон тамгалар. Булар келин менен күйөөнүн баш тамгалары. Унаанын номеринде «үйлөнүп жатабыз», «үйлөндүк» же «бактылуубуз» сыяктуу калыптанып калган жазуулар орун алат. Көп унаалардын алдына пластикадан жасалган бир куурчак коюлат. Бул кийинчерээк төрөлө турган наристенин ишараты. Үй-бүлөлөр келин менен күйөөнүн каерде, эмне кылышаарын, кимдерге эмне жооп беришээрин, каерде күлүмсүрөп, каерде ыйлашаарын алдын ала чечип коюшкан.

Тойго келген коноктор да кичинекей кызыкчылык эсептерин жасашат. Жакында кызынын сөйкө салдысын кыла турган же күйөөгө узата турган бар болсо, жакшы алтын-күмүш тагат, келечекте кызына да кымбат нерселер тагылсын деп. Алтын-күмүштөрдү эң жакшы көрүнө турган абалда, той салонунун ортосуна чейин келип бүт баарына көрсөтүп тагышат. Коноктордун баары кеченин жылдызы болууну каалашат. Кийимдер ошого жараша тандалат. Тараптар алтын-күмүш тагуу жөрөлгөсүн атайылап видео камера менен тартышат. Максат – кимдин эмне такканын аныктоо. Коноктордун бири бир нерсе такканда, кийин ага да аныкына тең нерсе алып барыш керек болот. Андан жакшысын тагуу «келесоолук», жаманын тагуу болсо жакырдык белгиси катары кабыл алынат. Ушинтип бүт баары өз милдетин аткарган болот. Коноктор бекер тамактан

бактылуу. Үй-бүлөлөр бир тараптан мактануунун, экинчи тараптан жакшы бир «соода» кылган болуунун бакытын жашашат. Келин менен күйөө болсо абдан чарчаңкы жана кыйналган болушат. Бүт столдорду кыдырып кол өбүү, кол алышуу жөрөлгөлөрү жасалат. Бүт адамдардын көзү аларды карайт. Абдан этият кыймылдаш керек болот.

Биз сүрөттөгөн түрдөгү тойлордогу адамдардын дээрлик баарынын акылында окшош нерселер бар: башка адамдарга көрүнүү, материалдык эсептер жана этияттык менен аткарылышы керек болгон жасалма кыймыл-аракеттер. Ошол эле учурда бул адамдардын дээрлик эч биринин оюнда Аллах жок. Эч бири ичине сүңгүгөн алагдылыктан суурулуп Аллахты ойлоону, Аны тасбих кылып аруулоону, Раббибизге мактоо айтууну ойлонбойт. Кыймыл-аракеттеринин Аллахтын ыраазычылыгына туура келип келбеши жөнүндө да эч салыштыруу жасашпайт. Керексиз короткон акчаларынын ысырапкорчулук өкүмүнө кирээри мүмкүн экенин ойлоп да койбойт.

Буга чейин айтылгандар – «адам болуу» дини коомунун ичинде маданий, социалдык жана материалдык тараптардан стандарттуу деңгээлдеги бир адамдар тобунун үйлөнүү учурунда көрсөткөн кадимки мамиле жана кыймыл-аракеттеринин, психологияларынын бир баяны. Албетте мындан айырмалуу психологияда жана чөйрөдө үйлөнгөн адамдар да болгон. Коомдун ар кайсы катмарларынын үйлөнүү темасында таанышуу болсун, тойго даярдык болсун, той болсун бири-биринен абдан айырмалуу тараптары болушу мүмкүн. Кээ бирөөлөр үй-бүлөлөр же ортомчулар аркылуу таанышса, кээ бирөөлөр болсо университетте же иштеген жеринде же болбосо дос чөйрөсүндө турмуш кура турган адамы менен таанышат. Кээ бирөөнүн тоюу жөнөкөй бир той салонунда (мисалы кафеде), кээ бирөөнүкү беш жылдыздуу отелде абдан мактанаарлык, атактуу өтөт. Кээ бирөөлөр адат-салттарга ылайык өткөрөт, кээ бирөөлөр болсо Батышты туурап, кээ бирөөлөр өзгөчө бир нерселерди кылып көңүл бурууга аракет кылат. Бирок өзгөчөлөнгөн нерселер – жерлер, жасалгалар жана жуптардын бири-бири менен таанышуу жолдору гана. Эң негизги нерсе «адам болуу» дининин коомдорунун бардык тармактарында турмуш куруунун такыр туура эмес логика менен жүргүзүлүшүндө. Үйлөнүү – бири-бирин сүйгөн жана урматтаган эки адамдын нике аркылуу байланышы эмес, ичинде жүздөгөн караңгы адат жана кызыктай жөрөлгөлөр орун алган, мактанычка, кызыкчылык эсептерине таянган, жасалма жана эл көзүнө кыймыл-аракеттерге толгон бир кызыктай окуя абалына келип калган.

Маданий жана коомдук статустары кандай гана болбосун, бүт катмарлардагы «адам болуу» дининдегилердин мактаныч, күтүүлөрү жана кызыкчылыктары менен үйлөнүү окуясына болгон көз-карашы, психологиялары дээрлик баарыныкы окшош: б.а., «Билип койгула, дүйнө жашоосу жалаң гана бир ойун, «жагымдуу бир алаксуу», бир кооздук, өз араңарда бир мактануу, мал-мүлк жана бала-чаканы «көбөйтүү каалоосу» гана...» (Хадид Сүрөсү, 20) аятында билдирилген көз-карашка ээ жана аны толугу менен ишке ашырышат. Ансыз деле «адам болуу» дининде Аллахтын ыраазычылыгынын эң көбүн максат кылуу, Аллахтын койгон чектеринен чыкпоо, Ал аныктаган негизде өмүр сүрүү сыяктуу түшүнүктөр жок болгондуктан, жалгыз бир жол катары напси, каалоо,

амбициялардын жолу калган болот. Калыптар, ыкмалар өзгөрсө да, көз-караш дайыма бирдей бойдон кала берет.

## Үй-бүлө курган соң

Жогоруда сөз кылынган туура эмес көз-караш үйлөнгөн соң да уланат. Биринчи күнү эрте менен бир-биринин төшөктөн турган абалын көргөн аял менен эркек алгачкы бушаймандыгын татышат. Көбүнчө андан мурда бир-бирин ал абалда көрбөгөндүктөн, бири-бирине жагымсыз көрүнүп баштайт. Бир үйдө чогуу жашап баштаганда, бири-биринин мурда билбеген ар кандай адаттарына жана кулк-мүнөзүндөгү кадыресе болбогон тараптарына күбө болуп баштажат. Мурда оюнда улуктап, «идеалдуу» кылып алган адамынын акырындап баркы кетип баштайт жана натыйжада кыска мөөнөттө аралары сууп баштайт. Ичинен сезген мындай терс сезимдер барган сайын өсүп отурат. Ортодогу сүйүү түшүнүгү үстүртөн болгондуктан, бираздан кийин сүйүү деп ойлогон сезимдери мажбурдуу бир көнүмүш адатка айланганын көрүшөт.

Биринчи айларда туура эмес болуп калбасын деп мындай сезимдерин сездирбеген жана жакшы мамиледе жашоого аракет кылган аял-күйөө убакыттын өтүшү менен урматтарын жоготуп, катуу, көңүл калтырган, сиркеси суу көтөрбөгөн жана бири-биринин көңүлүнө карабаган абалга айланып, бири-биринен сууганын байкаткан мамилелер кылып башташат. Бирок муну айланага сездирбегенге аракет кылышат. Бирок чөйрөлөрү ансыз деле муну байкап турушат жана бул процесс табигый бир окуя катары кабыл алынат. Үй-бүлөлүк жашоонун алгачкы күндөрүнүн «бал айы» деп аталышы мунун кызыктуу бир көрсөткүчү; демек кыска мөөнөттөн кийин бал айынын аяктаары, тажоо, азап, ал тургай уруш толо айлар жана жылдардын башталаары белгилүү.

Жылдардын өтүшү менен бирге балдар, акча сыяктуу жалпы көйгөйлөр жана булар себеп болгон психологиялык чөйрө үйдө өкүмчүлүк кылат. Үй тургундары арасында тынымсыз бири-бирине ачууланган мамилелер болот. Акча дайыма сөз кылынган темага айланат. Күйөө-аял арасындагы бири-бирине ээ чыгуу, кызганычтык сыяктуу темалар бүтпөс бир уруш-талаштарга себеп болот. Эркектин дайыма жумушу жөнүндө сөз кылышы, аялынын сөздөрүн укпашы, дайыма телевизор көрүшү, аялына жана балдарына көңүлкош жана алыс мамиледе болушу үйдүн кадимки чөйрөсүнө айланат.

Үй көбүнчө жыйналбаган абалда болот. Ошондой эле тазалыкка да маани берилбейт. Ошондуктан адамдар сырттан бирөөнүн үйдүн кадимки абалын көрүшүн каалашпайт. Үйдөгү эмеректер, гарнитуралар, дасторкон сыяктуу буюмдар үй тургундарына ылайыктуу эмес, көбүрөөк коноктор суктана тургандай негизде алынып жасалгаланат. Конокторго атайын бир бөлмө даярдалат. Бул бөлмөдө үй тургундары көп отурушпайт; ал бөлмө үйдүн көрсөтмө тарабы. Үйдүн эң кымбат жана эң жакшы буюмдары ал жерде конокторго көрсөтмөгө коюлат. Албетте бир адамдын конокторy үчүн атайын чөйрө даярдашы жана алардын бейпилдигин максат кылышы – сонун бир ахлак өзгөчөлүгү болот. Бирок, мурдараак да айтылгандай, «адам болуу» динин жашаган

адамдарда конокко атайын бөлмө даярдалышынын себеби ал адамдын бейпилдиги жана көңүлү эмес, ага мактануу максатында болот.

Үйдөн башка мактана турган эң чоң нерсе – бул балдар. Ансыз деле балага болгон көз-караш башынан туура эмес. Ата-эне балага ээ чыгышат, ага жашоо берген бизбиз деп ойлошот жана ошол көз-караштa мамиле кылышат. Бүт нерсени Аллах жаратқандыгын жана бүт нерсенин чыныгы ээсинин Ал экендигин эч ким ойлонбойт. Балага ээ чыккан ата-эне белгилүү мөөнөттөн кийин аны колдонуп айланага мактанып башташат. Баласынын акылдуу же сулуу экенин көп айтып, ал баладагы сулуулук же акылды алар жасап койгонсуп, мактанышат. Ал тургай баланын кандайдыр бир жакшы тарабы жөнүндө «мени тарткан да, ошол үчүн ошондой болгон» деген сыяктуу жоромолдорду жасап, «менин да тиешем бар» дегендей пикир айтышат. Убакыт өткөн сайын бала менен мактануу чөйрөсү кеңейет. Окуган жерлери, дос чөйрөсү, кыдырган жерлери бир мактануу темасы катары тааныш, курдаштарга айтып берилет. «Адам болуу» дининин үй-бүлөлөрүндө бала менен мактанып гана тим болбостон, баланы жашоонун максаты жана маңызы кылып алуу адаты да кеңири тараган. Кээ бир ата-энелер балдарын жашоосунун жалгыз максаты катары көрүшүп, бүт өмүрүн ага жакшы бир келечек даярдоого арнашканын айтышат. Чындыгында болсо бүт адамдардын жашоосунун жалгыз максаты Аллахка пенделик кылуу болушу керек. Жашоо бир гана Аллахка арналышы зарыл. Бир адамдын баласын карап, чоңойтушу да бир гана Аллах ыраазычылыгы үчүн кылына турган ибадат болот.

Аялдардын бүт өмүрү үй-бүлө куруу максатына ылайыкташкан. Жаш кыз кезинен баштап бул максат жашоонун эң негизги максаты катары кабыл алынат. Кыздардын салмагы, кийимдери, окуусу, жактырган нерселери, чөйрөлөрү дайыма жакшы, ийгиликтүү, пайдалуу бир турмушка чыгууга ылайыкташтырылат. Жаш кыздардын көпчүлүгү университетке «күйөө табуу» үчүн барышат. Себеби күйөө, өзгөчө бай бир күйөө жашоонун гарантиясы катары кабыл алынат. Жаш кыз кыялында аны багып, коргоп, карай турган бир күйөө модели жаратат жана бүт жаштыгын аны издөө менен өткөрөт. Ал эми Куранда бизге билдирилгени боюнча, адамга ырыскы берүүчү, колдоп-коргоочу, андан жардам үмүт кылууга ылайыктуу – бул бир гана, жалгыз Аллах.

Мындай көз-караш боюнча турмуш куруу эки адамдын бири-бирине болгон сүйүүсүн көрсөтүүнүн шариятка ылайык бир жолу катарынан чыгат жана, көп айтылгандай, бир «ишкана, уюмга» айланат. Үйлөнүү учурунда болсо мындай «соода» келишимин ийгиликтүү жыйынтыктоонун толкундануу жана бактысы баштан өткөрүлөт. Бирок кыска мөөнөттөн кийин ортого чыккан сүйүүсүздүк, урматсыздык жана мамиле бузуктуктары адамдарда бир нерселерди туура эмес кылганы жөнүндө сезим пайда кылат. Аллахка багытталып, Куран ахлагы менен мамиле кылмайынча мындан артка кайтып кутулуунун жолу көбүнчө жок. Болсо да ал жол маселени чечпейт. Себеби турмушту бузуу да, турмуш куруу сыяктуу эле, «адам болуу» дининин эрежелери менен жүргүзүлүп, андан кийинки жашоо да «адам болуу» дининин эрежелерине ылайык улантылат.

Эгер бир ката изделе турган болсо, окуяларды бир-бирден анализ кылбастан, бүт мындай окуялардын түбүнөн орун алган, бүт мындай бурмаланган системанын таянычы болгон жана адамдарды дайыма бактысыздыкка, азапка жана жоготууга түрткөн батыл (негизсиз) философиядан, т.а. «адам болуу дининин» өзүнөн издөө керек.

**«АДАМ БОЛУУ» ДИНИНДЕ ТУРМУШ КУРУУ ПСИХОЛОГИЯСЫ (УРМАТТУУ АДНАН ОКТАРДЫН КАЧКАР ТВдеги ТҮЗ МАЕГИ, 29-январь 2009-ж.)**

**АДНАН ОКТАР:** Мисалы кыз турмуш кураарда карай турган белгилүү шарттары бар. Алгач акчасы, акча биринчи даражада. Андан соң билими, кийин жакшы бир кызматта болушу, унаасы, дачасынын болушу, б.а. улам көбөйгөн өзгөчөлүктөрдү карашат. Минтип караганда, Аллах ага берген күчтүү ашыктык сезимин колдоно албайт ал адам. Натыйжада ал үйдүн ага эч кандай пайдасы болбойт. Үй бопбош бир жердей гана сезилет ага. Эч кандай таасири болбойт. Унаасы да аны бир жерден башка жерге алпарган тунуке жыйындысы, бир металл жыйындысындай сезилет. Булар Аллахка болгон сүйүү жана Аллахка болгон ашыктык менен гана бир мааниге ээ боло турган нерселер. Ошондуктан Пайгамбар Мырзабыз (сав) айтат, мал-мүлкү үчүн турмуш курган мал-мүлкүнөн айрылат, сулуулугу үчүн турмуш курган сулуулугунан айрылат дейт. Бир күнү грипп болот, сулуулугу бир заматта жоголот, жийиркениши мүмкүн, адам эч күтпөгөн нерсесинен да жийиркениши мүмкүн. Мисалы анын бир алсыз абалын көрүп көңүлү калат жана эч качан андан кутула албайт.

...Акча андай адамдарга тескерисинче азап алып келет, себеби акчаны сактоо үчүн көп чара көрүү керек болот. Мисалы чектерим төлөнбөдү дейт, андан азап чегет, акчасын банкка койот, банк банкрот болсо эмне кылам дейт, жаздыгынын астына койот, дагы эле болбойт, сейфке койот, аны таап алышса эмне болот дейт. Б.а. абдан азап тартат, абдан тынчсызданат. Аллахты сүйүү менен гана адам бейпил боло алат, тобокелдүү жана көңүлү тынч боло алат. Акча көбөйгөн сайын адамдардын көпчүлүгүндө бейпилсиздик жана азап да көбөйөт. Муну сыртта да, айланада да көрүп жатабыз, көп окуялар бар, бир-бирден мисал бербей эле койойун, бирок адамдар муну айланаларында көп көрүшөт.

# «АДАМ БОЛУУ» ДИНИНДЕ «АЯЛ» ПСИХОЛОГИЯСЫ

«Адам болуу» дини коомго сиңирген эң маанилүү аң-сезимдердин бири – бул адамдарга аял же эркек болушуна жараша бул дин койгон бир катар ар түрдүү жана кызыктай кулк-мүнөздөрдү кабыл алдырышы. Ал эми момундар арасында болсо кулк-мүнөз жыныска карап өзгөрбөйт. Жалгыз жана орток болгон идеалдуу момун кулк-мүнөзү бар. «Адам болуу»材 дининде болсо адамдын кулк-мүнөзү аял же эркек болушуна жараша жасалма негизде, коомдун айтканына карап өзгөрөт.

Аялдар «адам болуу» дининин коому тарабынан чыгарылган күчтүү бир пропаганданын натыйжасында абдан алсыз, жөндөмсүз бир кулк-мүнөзгө ээ болушат. Эр жүрөктүк, акыл, чечкиндүүлүк, аракеттүүлүк, мээ, азап жана кыйынчылыктарга чыдамкайлык сыяктуу өзгөчөлүктөр - «адам болуу» дини аялга берген ролдо орду жок, болсо да дайыма аз өлчөмдө болгон өзгөчөлүктөрдөн. Бүт бул өзгөчөлүктөр эркектерде болушу керек деген түшүнүк эркектер тарабынан да, аялдар тарабынан да кабыл алынган. Кызганчаактык, эркелик, алсыздык, сезимталдык сыяктуу өзгөчөлүктөр болсо аялдыктын көрсөткүчтөрү катары кабыл алынат.

«Адам болуу» дини аял кулк-мүнөзүн аялдарга алсыздык, акылсыздык, караңгылык, жөндөмсүздүк (колунан эч нерсе келбестик) катары сездирет. Аял бул диндин туура эмес эрежелерине ылайык мындай көрүнүшкө кирүү жана бул кулк-мүнөздү жашоо мажбурдугун каалаcа каалабаса кабыл алат. Ага даярдалган мындай кулк-мүнөз анын кыймыл-аракет, мамилелерине толук таасир этет. Мындай руханий жана психологиялык алсыздык, кемчиликтер анын аял болушунун бир талабы жана табигый нерсе деген туура эмес түшүнүк анын көңүлүнүн түпкүрүнө орноп калган. Коом ага аныктаган акылсыздык, караңгылык, жөндөмсүздүк ролун кабыл алган аял бара бара чындап эле акылсыз, жөндөмсүз жана сабатсыз адамга айланат.

Бул батыл дин аныктаган түшүнүк боюнча аялдын алдыга чыга турган тараптары – бул бир гана аны «аял» кылган өзгөчөлүктөрү. Акыл жана ахлак сулуулугу ордуна кебете жана дене сулуулугу, жарашыктуу болушу, жасанышы, сезимталдыгы сыяктуу... Өздөрүн коомдун эң маданияттуу, эң модерн катмарына тиешелүүмүн деп ойлогондор да бул эрежеге баш ийишет.

«Адам болуу» дининин өзүнө тиешелүү туура эмес ахлак эрежелери да ушундай начар, туура эмес түшүнүктөр үстүнө курулат.

«Адам болуу» дини аялдар үчүн койгон өзгөчөлүктөрдүн башында «ойлонбоо» турат. Ушул себептен бул батыл ишенимди кабыл алган бир аял көбүнчө акылын эч кайсы темада иштетүүгө өзүн зордобойт. Башкалардын пикирлерин колдонуу менен жашайт. Эч кайсы нерсеге чечим таппайт, ага айтылган чечимдерди ишке ашырат. Мисалы, эгер үй-бүлөсү экономикалык оор абалга түшкөн болсо аны чечүү көйгөйүн

күйөөсүнө таштайт. Өзү болсо кайсы жумуштун аларга пайдалуу болоору, каражат табуу үчүн кандай жолдор бар экендиги жөнүндө эч кандай сунуш айтпайт. Күйөөсүн гана үйгө акча алып келбейсиң деп күнөөлөө менен өзүн буга тиешеси жок деп эсептейт.

«Адам болуу» дининдеги аял кулк-мүнөзүнүн дагы бир өзгөчөлүгү – бул анын «өнүгүүгө жана алдыга жылууга жабык болушу». Ушул себептен көп аялдар маданиятын, билимин, тажрыйбасын жогорулатуу үчүн аракет кылууга өзүн мажбур сезбейт. Ошондуктан көбүнчө илимий ачылыштар, технология, экономика, саясат жаатындагы жаңылыктарды көрбөйт. Кызыккан тармагы сырткы көрүнүшү же бир гана өз кесибине тиешелүү темалар менен чектелет.

Ал тургай «адам болуу» дининде ишеним да аялга даяр абалда сунулат. Турмуш кура турган кишисинин ишеними кандай болсо өзүн да ошого ылайыкташтырат. Эгер турмушка чыга турган адамы динчил бирөө болсо динди үйрөнүп баштайт, эгер ыйманы жок болсо же Аллахтын буйруктарын жакшы аткарбаса, аял да жүрөгүнөн Аллахтын бар экенин билсе да, күйөөсү сыяктуу жашап баштайт. Болочок күйөөсүнүн ой жүгүртүүсүн, жашоого көз-карашын, жактырган нерселерин, дүйнө түшүнүгүн, баалуулуктарын даяр модел катары толугу менен өзүнө сиңирет жана ушуга ылайык жашоосун улантат. Ушул себептен «адам болуу» динин жашаган көп аялдардын өзүнө тиешелүү бир «туура-туура эмес» түшүнүгү болбойт. Же күйөөсүнүкүн, же досунукун же болбосо ата-апасынын баалуулуктарын кабыл алып, өзүнө жол кылып алат.

Бул шайтандык динди жашаган аялдардын жашоолорун улантышы үчүн сөзсүз колдоого жана коргоого муктаждыгы бар. Ошондуктан көбүнчө чөйрөлөрүндөгү алсыз, чарасыз калган адамдарды, алардын акысын коргогон жана алар үчүн күрөшкөн бир кулк-мүнөздө болушпайт. Эч кимди коргобойт, бирок өзү корголот, эч кимдин проблемасын ойлонбойт, бирок анын проблемаларын бирөөлөр чечет, эч ким үчүн күрөшүп аракет кылбайт, бирок анын бейпилдиги үчүн күрөшүп аракет кылгандар болот.

Коркоктук да бул батыл диндин аял кулк-мүнөзүнүн бир бөлүгү. Көп аялдар чындыгында эч корпогон учурларда да корккон сыяктуу болушум керек деп ишенгендиктен, кыйкырып, обу жок кыймылдарды жасап бетин жабат же толкунданган сыяктуу болуп көрүнөт. Мисалы, коркунучтуу кино тасманы көрүүгө барган бир аял тасмадан эч таасирленбесе да корккон сыяктуу көрүнүшү мүмкүн. Чындыгында корко турган эч нерсеси жок, жаш бала да коркпой турган окуяларда кыйкырып, жасалма реакция бериши мүмкүн. Себеби караңгы коомдордо коркуу аялга жарашат же аял болуунун бир талабы деген ишеним бар. Чынында болсо Аллахтан башка коркула турган эч нерсе, эч кандай окуя жок. Бул чындыкты түшүнүү жана (дене рефлекстеринен башка) чын жүрөктөн муну ишке ашыруу бүт адамдардын милдети.

Караңгы коомдун аялдар үчүн берген дагы бир кулк-мүнөз өзгөчөлүгү – бул жөндөмсүздүк. Көп кыздар кичинекейинен баштап «сен жөндөмсүзсүң» деген ишеним менен тарбияланат. Ушул себептен колунун жөндөмү начар болот жана өзүн өнүктүрүүгө аракет кылбайт. Мисалы, «адам болуу» дининде бир аялдын бузулган бир электрондук буюмдун кандайча оңдолоорун үйрөнө албашы же татаал бир буюмду

кандайча иштетүүнү түшүнө албашы толук табигый нерседей кабыл алынат. Же болбосо үзүлгөн бир ременди алмаштыра албашы, кол жөндөмүн талап кылган көп ишти кыла албашы кадыресе кабыл алынат. Чындыгында болсо бул – толугу менен «адам болуу» дини аялдарга таккан бир өзгөчөлүк. Көп аялдар чындыгында абдан жөндөмдүү боло алганына карабастан, ушул пропагандадан улам өзүн жөндөмсүзмүн деп ишендиргендиктен мындай иштерди кыла албайт. Албетте күчү жетпеген жумуштарды кыла албашы кадыресе көрүнүш, бирок мындан тышкаркы бүт нерселер пропаганданын натыйжасы.

«Адам болуу» дини аялга карата абдан басынткан көз-карашка ээ. Себеби «адам болуу» дининде кыз кичинекейинен баштап «жакшы тамак даярдоону үйрөнө албасаң, тыкан болбосоң, окубасаң, эч ким сени албайт, күйөөсүз, үйдө калбаш үчүн келбетиңе жакшы кара» сыяктуу түшүнүктөр менен тарбияланат. Үй-бүлөлөр кыздарын атайын мектептерге жөнөткөндө, илимин жогорулатканда, китеп окушун, бир музыка инструментин ойноп үйрөнүшүн же искусство менен алектенишин кеңеш кылганда, максат кылган жалгыз нерсеси – бул анын жакшы бирөөгө турмушка чыгышы. Ушул себептен кичинекейинен баштап өзүн ушул көз менен карап көнгөн бир жаш кыз чоңойгондо да сөзсүз бардык өзгөчөлүктөрүнүн материалдык акысынын төлөнүшүн каалайт. Ошондуктан акча дайыма мындай кыздар үчүн эң маанилүү нерсе болот. Ээ болгон өзгөчөлүктөрүнүн акысын материалдык төлөй албаган бирөө менен эч турмуш кургулары келбейт. Мындай адам менен жашаганда «теңим болбогон бирөө менен жашап жатам» деп ойлошот. Ошондуктан эгер «адам болуу» динин жашаган бир аялдын күйөөсү жетиштүү айлык ала албаган болсо, бул сөзсүз урушка себеп болот. «Мени жакшы бага албадың», «кааласам башка бирөө менен турмуш курмакмын, бирок сага тийгем», «сендейге турмушка чыгып, билип туруп өмүрүмдү суу кылдым» сыяктуу сөздөр менен «кадырына» жете албаганын билдирет. Ушул себептен «адам болуу» дининде турмуш курууда «акча» сөзсүз проблема жаратат.

Куранда караңгы аял кулк-мүнөзүнүн «интрига чыгаруучу жана пландар түзүүчү» экендиги жөнүндө көп аяттарда айтылат. Аз. Юсуфту интригалары менен түрмөгө каматкан аялдын кылгандары жөнүндө түшүрүлгөн бир аятта дин ахлагынан алыс жашаган аялдардын ушундай тарабына көңүл бурулууда:

**Анын көйнөгүнүн артынан тартып-айрылганын көргөндө (күйөөсү): «Чынында, бул силердин пландарыңардан (бири). Чынында, силердин план-тузактарыңар чоң» деди. (Йусуф Сүрөсү, 28)**

Коом ичинде да белгилүү болгондой «аял интригасы» бир адамды алдоого жана эки жүздүүлүккө таянат. Бирок «адам болуу» дини аял интригасын кадыресе абалга алып келген бир модел түзгөн. Мисалы, эркекти жумшартуу үчүн аялдын өзүн күнөөсүз көрсөтүүгө аракет кылышы же жасаткысы келген бир иш болгондо көздөрүн жашка толтуруп ыйлап башташы... Кызганган бир аял жөнүндө тымызын тескери пропаганда

жүргүзүшү, мактаган сыяктуу көрүнүп чындыгында аны жамандашы сыяктуу... Бир адамдын анын көңүлүн карашы жана натыйжада өзүн барктуу көрсөтүү үчүн ага муздак, кошкөңүл мамиле кылуу, ага бирөөлөр чалып жаткандай же көңүл буруп жаткандай көрүнүүгө аракет кылуу, атайылап телефон чалбай койуу, учурашпай койуу, аз сүйлөп, көңүлсүз көрүнүү сыяктуу тактикалар да – «адам болуу» дининин аял интригаларынан. Бир кыздын жигитин кызгандыруу үчүн башка эркек курдаштары менен да көп жолугуп баштаашы, айланасындагы эркектерге жакыныраак мамиле кылып баштаашы, эч мамилеси болбогон бир адам менен мамилеси бардай көрүнүшү – ал кыздын жаш кезинен үйрөнгөн «аял интригаларынын» бир бөлүгү.

«Адам болуу» дининин аял кулк-мүнөзү түпкүрүндө тымызындыкка таянат. Ушул себептен бул ишенимде тарбияланган бир аял башкаларга көз жаштуу, күнөөсүз, жумшак бир адамдай көрүнүп жатканда, ичинен абдан заалым болуп турушу мүмкүн. Мисалы, материалдык оор абалда турган күйөөсүнөн эс алуу акчасын ала алуу үчүн көз жашын көлдөтүшү мүмкүн. Же кымбат кийим алуу үчүн каприз көрсөтүп, уруш чыгарышы мүмкүн. Сырттан абдан назик бир адамдай көрүнгөнү менен, чындыгында кыйын абалда турган бир адамга өз кызыкчылыгы жана бейпилдиги үчүн гана көп жүк жүктөп, абдан заалым мамиле кылат.

«Адам болуу» done динде аялдардын биригип, кызматташып күйөөлөрүн кантип башкара алабыз деп пландар курганын да көп жолуктурууга болот. Бул толугу менен шайтан тарабынан багытталган бир мамиле бузуктугу болот. Бири-биринен үйрөнгөн тактикалары менен күйөөлөрүн белгилүү темаларда башкаруу үчүн саясат жүргүзүшөт. Бул багытта бири-бирине кеңештерди беришет. Мисалы, «кечинде анын эң жактырган тамагын даярда, күлүмсүрөп тосуп ал, жактырган бир программасын көрүп отурганда ала турган кийимиңдин баасын айт», «алгач бир чай сун, тамекисин күйгүзүп бер, ар нерсе жөнүндө сөз козго, бейпил отурганда керектүү сөздү баштайсың» сыяктуу кеңештер аялдардын күйөөсүнүн артынан аныктаган тактикаларынан. Же болбосо «кызгандыргың келсе, жасанып көчөгө чык жана кеч кел», «үстүңө үйрүлүшүн кааласаң анча маани бербе», «канчалык жакын мамиле кылсаң, ошончолук бат сууйт, унутпа» сыяктуу жасалма кеп-кеңештер аялдардын бири-бирине үйрөткөн интригаларынан.

«Адам болуу» дини адамдарды тышкы көрүнүшү, бири-биринен айырмачылыктарына жараша ар башка кулк-мүнөз жана психологияда болууга түртсө, Куранда сүрөттөлгөн дин, мунун тескерисинче, адамдарды жыныстык айырмаларга карабастан, жалгыз жана кемчиликсиз кулк-мүнөзгө, идеалдуу адам сыпатына, бийик ахлак түшүнүгүнө багыттайт. Аялдарга башка, эркектерге башка белгиленген ар түрдүү ахлактык жана психологиялык моделдер Аллахтын дининде жок. Куранда ыйман келтирген эркектер менен ыйман келтирген аялдардын- «адам болуу» дининин тескерисинче- жалгыз, орток жана идеалдуу момун ахлагына жана кулк-мүнөзүнө ээ экендиги билдирилет:

**Шексиз, Мусулман эркектер жана Мусулман аялдар, момун эркектер жана момун аялдар, чын көңүлдөн (Аллахка) баш ийген эркектер жана чын көңүлдөн (Аллахка) баш ийген аялдар, чынчыл эркектер жана чынчыл аялдар, сабыр кылган эркектер жана сабыр кылган аялдар, урмат менен (Аллахтан) корккон эркектер жана урмат менен (Аллахтан) корккон аялдар, садака берген эркектер жана садака берген аялдар, орозо кармаган эркектер жана орозо кармаган аялдар, намыстарын коргогон эркектер жана (намыстарын) коргогон аялдар, Аллахты көп зикир кылган (эстеген) эркектер жана (Аллахты көп) зикир кылган аялдар; (мына) ушулар үчүн Аллах бир кечирим жана улуу бир сыйлык даярдаган. (Ахзаб Сүрөсү, 35)**

**Момун эркектер жана момун аялдар бири-биринин досу (велиси). Жакшылыкка чакырып, жамандыктан тосушат, намазды туптуура кылышат, зекетти беришет жана Аллахка жана Элчисине баш ийишет. Аллах аларга рахматын төгө тургандар мына ушулар. Шексиз, Аллах – Улуу жана Күчтүү, Өкүм жана Хикмат Ээси. (Тообо Сүрөсү, 71)**

Жогоруда да айтылгандай, албетте аялдар менен эркектер арасында дене түзүлүшүндөгү айырмачылыктардан келип чыккан кээ бир коомдук эмгек бөлүшүү, милдет бөлүшүү сыяктуу жөнгө салуулар жасалышы мүмкүн. Бирок мындай жөнгө салуулар дегенде бүт адамдар түшүнгөндөй-жана түпкүрүндө толугу менен «адам болуу» дининен келип чыккан- аялдын тамак бышырып, идиш, кийим жуушу сыяктуу бөлүнүүнү түшүнбөш керек. Себеби Ислам бул темаларда аялдарга атайын милдет жүктөгөн эмес. Аллах аял менен эркек арасында бир бөлүүчүлүк жок экендигине мындайча көңүл бурган:

**Раббилери аларга (дубаларын кабыл алып) жооп берди: «Шексиз Мен эркек болсун, аял болсун, силерден бир (сооптуу) иш кылгандын ишин текке кетирбейм. Силер бири-бириңерденсиңер. Хижрат кылгандардын, мекендеринен сүрүлүп-чыгарылгандардын жана (Менин) жолумда кыйноого кабылгандардын, согушуп өлтүрүлгөндөрдүн сөзсүз жамандыктарын жашырам жана аларды астынан суулар аккан бейиштерге киргизем. (Бул) Аллах Кабатынан бир акы (сооп). (Ал) Аллах, акынын (сооптун) эң сонуну – Анын Кабатында.» (Али Имран Сүрөсү, 195)**

Жыйынтыктасак эркек менен аялдын ар кандай ишти өз ара келишип, уюштурушу эң туура чечим болот.

Аялдардын оор иштерде, алардын күч-кубат жана мүмкүнчүлүгү жетпеген жумуш тармактарында иштеши өзгөчө бир кырдаал болмоюнча, албетте туура болбойт. Бирок муну аялдар алсыз, жардамга муктаж, кемчиликтүү жандыктар деп жоромолдоп, алардын ушундай кулк-мүнөзгө оронушун пропагандалоо Куранга эч туура келбеген көз-

караштын натыйжасы. Бул «адам болуу» дининин көз-карашы жана ал өзүнө дене түзүлүшү, күч-кубаты жагынан алсызыраак жаратылган аялдын кулк-мүнөзү да алсыз болуш керек деген кыйыр жана түз көп пропаганданы камтыйт. Чындыгында болсо аял менен эркек арасында дене түзүлүшүнөн келип чыккан булчуң күчүндөгү айырмадан башка эч кандай айырма жок. Аял да, эркек да Аллах Кабатында бирдей жоопкерчиликтүү жана бирдей суракка алынат.

«Адам болуу» дини аялдарга сунган мындай «алсыздык модели» толугу менен кадыресе, ден-соолугу жайында, акылдуу жана тең салмактуу кулк-мүнөзгө ээ боло ала турган аялды байкуш абалына салат. Бул алсыздык акырын акырын кулк-мүнөзгө таасир этет.

Ушул себептен «адам болуу» дининин аялы момун аялдарга тиешелүү оригиналдуу жана акылдуу кыймыл-аракет жана көрүнүштөн абдан алыс. Бул дин калыптандырган аялдын кулк-мүнөзү Куранда момун аял жана момун эркек качынышы керек болгон, кулк-мүнөз бузуктугу жана анормалдуулук катары таанытылган дээрлик бүт кыймыл-аракет, мамилелерди өзүнө камтыйт.

# «ОЙСОКЕ» (ОБУ ЖОК ЖАСАНГАН, АЖААН) МҮНӨЗҮ

Окуган китептериңизде, маектерде же мектеп-университетте «ойсоке» сөзүн сөзсүз уккан болушуңуз керек. Белгилүү бир адам моделин сүрөттөө үчүн колдонулган бул сөз түпкүрүндө «адам болуу» дининин маанилүү кулк-мүнөз түрлөрүнүн бири. Бүт өзгөчөлүктөрү дин ахлагына терс болгонуна карабастан, эл арасында көпчүлүк тарабынан кабыл алынып, ал тургай кээ бир чөйрөлөр тарабынан урмат менен кабыл алынган. Мунун себеби балким бул кулк-мүнөздүн терс тараптарынын, акылдуу жана логикага таянган жол менен, Куран ахлагы менен салыштырылып сүрөттөлүп, адамдарга көрсөтүлбөгөн болушудур. Бирок төмөндөгүлөрдү окуу менен бул кулк-мүнөздүн бардык начар тараптарына күбө болосуз жана сиз жолуккан дин ахлагынан алыс көп адамдын бул кулк-мүнөздү толук эрежелери менен жасашканын көрөсүз.

## Ойсокелик кулк-мүнөз жасалмалыкка таянат

Ойсоке мүнөзүнүн эң маанилүү өзгөчөлүктөрүнүн бири – бул кулк-мүнөзгө ээ адамдын эч качан чыныгы жүзүн, кулк-мүнөзүн колдонбошунда. Бүт өмүрү жасалмалыкка таянат. Эч качан окуяларга карата чын көңүлдөн, табигый жооп көрсөтпөйт. Сүйүүсүн чын көңүлдөн көрсөтпөйт, жүрөгүнөн өткөндөрдү болгонун болгондой айтпайт, чыныгы маанайын көрсөтө турган абалда карабайт жана сүйлөбөйт.

Жасалмалык – ойсоке мүнөздөгү адамдардын негизги өзгөчөлүктөрүнөн. Мындай жасалмалык себеп болгон алдамчы бир маанай ичинде болушат. Мисалы, ойсоке

мүнөзүн көрсөткөн бир адам эч таасирленбеген бир окуядан абдан кайгыргандай көрүнүшкө кириши мүмкүн. Ичинен эчтеке сезбесе да караңгылык эрежелерине ылайык «пай, пай», «ай-ий, кийин эмне болду», «кара ээ, эмне болуптур» сыяктуу сөздөр менен угуп жаткан окуянын ал үчүн канчалык өкүнүчтүү экенин көрсөтүүгө аракет кылышы мүмкүн. Бирок мындай жооп көрсөтүп жатканда, сүйлөгөн сөздөрү эле эмес, үнүнүн тону, көз-карашы, мимикасы, колунун кыймылдары, ал тургай отуруу калыбы да жасалма болот. 40 жыл бою чогуу жүргөн жана бүт өмүрүн чогуу өткөргөн эң жакын досуна да өмүр бою бир жолу да чыныгы жүзүн көрсөтпөгөн, чыныгы үнү менен сүйлөбөгөн же чыныгы кулк-мүнөзүн көрсөтпөгөн болушу мүмкүн.

Ойсоке мүнөзүнө ээ адам эч качан эч бир адамга карата чыныгы сүйүү сезбейт жана көрсөтпөйт. Себеби бул кулк-мүнөздө жасалмалык менен бирге өзүмчүлдүк да өкүмчүлүк кылат. Бул кулк-мүнөзгө ээ бир адамдын жашоодо эң жакшы көргөн адамы – бул өзү. Бүт адамдардан көбүрөөк өзүн жактырат. Бүт баарынан акылдуу жана маданияттуу өзүммүн деп ойлойт. Жашоодо эч кимди өзүнөн көбүрөөк барктабайт. Балдарын, күйөөсүн же ата-апасын да... Ушул себептен эч кимди чын жүрөктөн, ичинен жана чыныгы бир сүйүү менен сүйө албайт. Ошондуктан сүйүү көрсөтмөлөрү да абдан жасалма. Мисалы, эч качан бир адамды чын көңүлдөн кучактай албайт, мактай албайт, анын жакшы тараптарын көрүп айта албайт. Мактоолору дайыма эл көзүнө жана жасалма болот. Бул кулк-мүнөздөгү адамдар көбүнчө бир адамдын жакшы кийимин гана мактап, аны каяктан же канчага алганын сурайт. Же чач жасалгасын жактырып, каерде жасатканын билүүгө аракет кылат. Бир алтын-күмүш көңүлүн бурат, ошону мактайт. Бирок эч качан бир адамдын ахлагы же көрүнүшүнүн жакшы тараптарын мактабайт. Мисалы, жөнөкөйлүк, мээрим, сабыр, абийир, Аллах коркуусу, эр жүрөктүк, жоомарттыкты айтпайт. Адамдардын дене өзгөчөлүктөрүн да мактагысы келбейт. Ушул себептен башкаларга сүйүү көрсөтүүнү жана башкалардын көңүлүн алууну билбейт.

Бул кулк-мүнөздү жашаган адамдын дайыма эки жүзү, эки үнү, эки кулк-мүнөзү бар. Булардын бири өзүнүкү, экинчиси болсо сыртка көрсөткөнү. Мисалы эч качан жүрөгүндөгү нерсесин бир адамга ошол замат айта ала турганчалык чынчылдыкка ээ эмес. Бир адамды сүйбөсө да ага карата жасалма сүйүү көрсөтүшү мүмкүн. Караңгы адамдай көргөн бир адамды алдамчылык менен маданияттуусуң деп айтышы мүмкүн, эч жактырбаган бир кийимди аябай макташы мүмкүн. Ушул себептен ойсоке мүнөз көрсөткөн адамдардын сөзүнө көбүнчө ишенүүгө болбойт. Алардан кеңеш суралбайт, себеби сөзсүз чыныгы пикирин жашыраары жана чөйрөгө эң ылайыктуу деп ойлогон сөздү айтаары белгилүү. Мындай адамдын сүйүнгөнү, күлгөнү да табигый жана чын жүрөктөн болбойт. Чындап кубанган, ырахат алган үчүн эмес, күлүшүм керек деп ойлогон үчүн күлөт. Жүрөгүнөн кыйналып, азап чегип турганда жүзү жылмайат. Эч көңүлүнө жакпаган адамдардын жанында, абдан сыгылган чөйрөлөрдө да- эгер кызыкчылыгы муну талап кылып жатса- кубанычтуу болуп көрүнөт. Намысына тийген бир абалда, басмырланганын сезген бир учурда же адамдар аны баалабаган чөйрөлөрдө да жасалма каткырыктар жасашы мүмкүн.

**«АДАМ БОЛУУ» ДИНИНДЕ ОЙСОКЕ МҮНӨЗҮ**
**(УРМАТТУУ АДНАН ОКТАРДЫН ТЕМПО ТВ МАЕГИ,**
**31-март 2009-ж.)**

**АДНАН ОКТАР:** Акыр заманда көчөлөрдөн да көрүп жатасыздар, ушундай ойсоңдогон, динсиз, урушчаак, чириген эттүү аялдар пайда болду. Оозунан жек көрүү чачыраган, көздөрүнөн жек көрүү чачыраган, урушчаак, кычкыл, бүт нерседе бир жамандык издеген, фитна, бузукулук издеген, ичиндеги сүйүү куурап калган, махабат куурап калган, жок болгон адамдар. Ушундай кир, кислотадай сары адамдар. Ошол аят ошол эле учурда ушулар жөнүндө. Динсиз, атеист болушу, сабатсыз, караңгы болгонуна карабастан динге, Исламга, Куранга карата жек көрүү жана кек менен мамиле кылышы – булардын жалпы өзгөчөлүгү. Өз ара бири-бирине да душман болушат. Ушакка абдан жакын, кектүү жана «кир» болушат. Бул адамдар Куранда кир, начар деп сөз кылынган аялдар тобу. Ушундай ичи кекке толгон, эл арасында ойсоке, ажаан деп айтылган, урушчаак картайган короздорго окшогон, ачуулуу эти, кир тырмактары менен бир жезкемпирди элестеткен адамдар бар. Алар күнү-түнү бузукулук чыгаруу менен алек болушат. Каерде бир жакшылык бар болсо, аны бузганга аракет кылышат жана жиндидей энергиялуу болушат бул адамдар. Эң оор ооруга чалдыкса да, күнү-түнү Исламга, Мусулмандарга кол салышат. Каерде жакшы бир нерсе бар болсо келип аны бузганга аракет кылышат. Б.а. жезкемпирге окшогон, бузукулук чыгарган аял мүнөзү. Мына ушулардан Аллахка корголонуу керек. Булардын түйүндөргө дем салышы ошол, б.а. булар кылган сыйкыр деген нерсе, ошол эле учурда, жаман сөздүн кайра кайра кайталанышын билдирет. Жаман сөздөрдү көп кайталашат булар. Жамандыктын артынан чуркашат жана жамандыктын жайылышы үчүн аракет кылышат. Булар – акыр замандын сыйкырчылары.

**(УРМАТТУУ АДНАН ОКТАРДЫН КАЧКАР ТВдеги ТҮЗ МАЕГИ,**
**22-январь 2009-ж.)**

**АДНАН ОКТАР:** Көбүнчө ошондой билинет, бирок кээ бир адамдар чындап эле ошондой. Мисалы тырмагы төрт кабат лак болот, чачын жасатат, бир жума он күн чачы ошол бойдон жүрөт. Мисалы, бир канча жума бою ич кийимин алмаштырбайт, бирок абдан жарашыктуу кийиндим деп ойлойт, аябай эле сонун кийинем деп ойлойт. Мисалы сөйкөлөрүн дат баскан, кулагында инфекция пайда кылып баштаган, алары менен мактанып, бой көтөргөн абалда жүрүшөт, менимче ошолор аталат болуш керек «ойсоке» деп.

**(УРМАТТУУ АДНАН ОКТАРДЫН АКС МАЕГИ,**
**14-апрель 2009-ж.)**

**АДНАН ОКТАР:** Мисалы, аялдарда да мен көрөм, демейде 50 жаштагы, 60 жаштагы аялдар абдан жагымдуу, жакшынакай болушат, ыймандуу аялдар. Бирок ойсоке мүнөздүү аялдар пайда болду акыркы убактарда. Жийиркеничтүү, урушчаак. Игуанага (сойлоочу жандык түрү) окшошот. Адамды үркүтөт. Көз-караштары үркүтөт, жек көрүүгө толо. Сүйлөгөн сөзү же ушак, же бузукулук же доомат же уруш. Тууганым, рухунда сүйүүдөн эч нур жокпу? Бир гүлдү сүй, адамга карата бир сүйүү сез. Бир мышыкка карата, бир адамга карата боорукердик сез. Досуң, сырдашың болсун. Бүт баарын жек көрөт. Баласы менен урушат, күйөөсү менен урушат, апа-атасына сүйлөнөт. Кошуналары менен урушат. Ушундай адамдар пайда болду, бул албетте абдан жаман.

## Ойсоке мүнөзүнө ээ адамдар тазалыкка маани беришпейт

Бул адамдар сырттан караганда абдан өздөрүн карангандай көрүнүшөт. Себеби ойсоке мүнөзүндө өзүн көрсөтүүнүн мааниси чоң. Бирок башка нерселерде болгон сыяктуу тазалыкта да эл көзүнө деген түшүнүк болгондуктан, бул адамдар эч ким көрбөгөн учурда абдан начар жашоодо жашашат. Бул кулк-мүнөзгө ээ бир адам үчүн тазалык бир гана башка адамдарды суктандыруу үчүн кылынган машакаттуу иш болуп саналат. Ошондуктан мындай көз-караш боюнча, эч ким жок кезде таза болуу зарылчылыгы да жоголгон болот.

Мисалы, ойсоке мүнөздүү адамдардын үйлөрүндө көбүнчө бир гана коноктор бөлмөсүнүн тазалыгына көңүл бурулат. Бирок бул бөлмөнүн да бир гана көрүнгөн жерлерин тазалашат. Креслолор бир караганда абдан таза көрүнөт, бирок көбүнчө креслолордун арка тараптарынын же ылдый жактарынын айлар бою сүртүлбөгөнүн, бүт жерди чаң басканын көрө аласыз. Жылыткычтардын жапкычтары тазаланган, бирок жапкычын ачып караганыңыздагы көрүнүш абдан начар болот. Бул мүнөздөгү адамдардын үйлөрүндө балким жылдар бою адам колу тийбеген жерлер болушу мүмкүн. Эски буюмдар турган эмеректер, килемдердин асты, мончонун дубалдары сыяктуу жерлер көбүнчө микропко толо жерлер болот.

Бирок эң негизгиси бул адамдардын жеке тазалыкка болгон көңүлкош мамилеси. Ойсоке мүнөздөгү адамдын эң негизги тараптарынын бири – бул кир, канча күндөн бери жуулбаган денесине көп атыр сээп, кирин жашырууга аракет кылышы. Сырттан караганда сонун жана кымбат баалуу атыр жыттары менен жүргөн бул адамдар көбүнчө канча күндөп жуунбаган болушат. Чачтарачка баргандан кийин кайра акча төлөбөш үчүн жана чачтары бузулбашы үчүн көп күн бою башын жуубай жүрүшөт. Бир жерге жөнөп жатканда көрүнгөн жерлерин гана тазалашат, бирок кийиминин астында калган жерлерин карашпайт. Ушул себептен көбүнчө тынымсыз бактерия жана микроптор себеп болгон инфекцияларга кабылышат, бирок муну да байкабастан жылдар бою бул

оорулары менен бирге жашашат. Сунган тамагынын тазалыгына маани беришпейт, кылган тамактарын көбүнчө жакшы жуулбаган жашылчалар, эски майлар, эскилери менен жаңылары аралаштырылган буюмдар менен арзан кылууга аракет кылып даярдашат. Өз кызыкчылыгы үчүн башка адамдын ден-соолугуна зыян келтирүүдөн тартынбайт. Ал тургай тазалыкка маани бербестен даярдаган бул тамактарынын адамдардын ден-соолугуна зыян бериши мүмкүн экенин ойлоп да коюшпайт. Себеби ойсоке мүнөздүү адам белгилүү мөөнөттөн кийин кир жашоого көнүшөт жана муну кадыресе жашоо катары кабыл алат.

Булардын баары ойсоке мүнөздүн динсиздик системасынын үстүнө курулганынын натыйжасы. Ушул себептен алар абийирин колдонушпайт жана мажбур болмоюнча, Аллах буйрук кылгандай таза, башкалар үчүн өз мал-жанын аябаган, башкалардын көңүлүн караган адамдардан болушпайт.

## Динге болгон туура эмес көз-карашы

Ойсоке мүнөзүндө дин Куранда сүрөттөлгөн абалынан такыр башкача кабылданат. Бул мүнөздөгү көп адамдардын туура эмес көз-карашы боюнча диний ишеним адамдын Аллахка болгон жакындыгынан эмес, коом тарабынан кабыл алынуу каалоосунан келип чыгат. Б.а. бул туура эмес логикадагы адамдар үчүн белгилүү бир деңгээлде динчил болуу – бул коомдун жалпы каада-салты катары орундатылышы керек болгон бир жашоо эрежеси. Ушул себептен, ойсоке мүнөздүү адам динчил адам болууну да өзүнүн төмөн акылында бир адамдарга көрүнүү жолу катары колдонот. Кээде Аллахты эстейт, Аллахка ишенем, Куранды кабыл алам деп айтат, бирок дин талап кылган сонун ахлакты жана жашоо калыбын кабыл алып, аткарбайт. Аллах мындай адамдардын бар экенин, Куранда Маун Сүрөсүндө билдирген. Аяттарда Аллах мындай буюрат:

**Динди жалганга чыгарганды көрдүңбү? Жетимди түртүп-урушкан; Кедейди тойгузууга (башкаларды) чакырбаган мына ошол. Мына (ушул) намаз кылгандардын абалы кандай жаман. Алар намаздарында жаңылыштыкта. Алар эл көзүнө (намаз) кылышууда. Жана кичинекей бир жардамга (же зекетке) да тоскоол болушууда. (Маун Сүрөсү, 1-7)**

Бул мүнөздүн өзүнө тиешелүү, Курандан толугу менен алыс, туура эмес бир дин түшүнүгү бар. Бул мүнөздөгү адамдар динчилбиз деп айтышса да, арам жана адалдарга дээрлик эч маани беришпейт. Аллахтан зарыл деңгээлде, ичи титиреп коркушпайт. Ушул себептен, диндин өз ойлорунда оңой өкүмдөрүн аткарышып, өздөрүнө оор келген же кызыкчылыктарына туура келбеген өкүмдөрүн билмексен болушат. Мисалы, намаздын бирөөсүн кылат, бирок күндүн башка бөлүгүндө эгер кечеге чакырылган болсо же уйкусу келсе же болбосо базарга, дүкөнгө барыш керек болсо оңой гана бир өкүм чыгарып, «баарын кылыштын кажети жок, бир убак кылуу жетиштүү» деп койо алышат. Албетте бул такыр туура эмес, Куранга да сүннөткө да туура келбеген бир көз-караш. Же болбосо

«менин ниетим маанилүү, эмне кылганым эмес» деген сыяктуу туура эмес чечим чыгарышы мүмкүн. Чындыгында болсо Аллах Куранда мунун туура эмес экенин бизге билдирген.

Бул туура эмес көз-карашта дин белгилүү күндөрү, белгилүү адамдардын жанында же белгилүү окуялар убагында гана эстелет. Мисалы, жаназа же диний майрамдар ойсоке мүнөздүү адамдар динди эстеген жер жана окуялар болот. Себеби мындай абалдар алар үчүн жасалма динчилдиктерин көрсөтүү мүмкүнчүлүгүн берет. Өлгөн бир адамдын артынан дуба кылуу же анын акырети менен байланыштуу сөз козгоо - чөйрөлөрүнө динге маани бергенин көрсөтүү үчүн маанилүү. Албетте булардын баары чын жүрөктөн жасалса жакшы иш-аракеттер болот, бирок ойсоке кыялдуу адамдардын айырмачылыгы – бул алардын өлгөн кишинин акырети менен байланыштуу сөз кылып жатканда же анын артынан дуба кылып жатканда, Аллахты унутуп, өлүмдү жана акыретти өздөрүнөн алыс көрүп, бир гана чөйрөдөгү адамдарга көрүнүү максатында кылышы.

Ойсоке кыялдын философиясын жашагандардын көпчүлүгү мындай абалдарда башына ичке бир жоолук байлап, көбүрөөк жери кара болгон жарашыктуу жана кымбат кийимдерди кийип жаназага барышат. Жаназа ээлерин көргөн жерде кайгылуу жана айоолуу жүз көрсөтүп «арты кайырдуу болсун» дешет. Өлгөн адамдын ажалынын жеткендиги, артта калгандардын ден-соолукта болушу айтылат. Бирок буларды кылып жатканда, ичинде Аллахтын алдындагы алсыздыгын сезген, өлүмдүн ага да абдан жакын болушу мүмкүн экенин билген жана эсеп берүүдөн корккон бир адамдын маанайы болбойт. Тескерисинче ошол учурда жаназа аземи абалы жана эрежелери башкача бир конок чакыруу сыяктуу кабылданат. Жакшы кийинүү жарышы, ушактар ал жерде да улантылат. Алардын ойлорун ким келиптир, ким эмне кийиптир, ким кандай маркадагы жоолук байлаптыр, кимдин көз айнеги кандай маркада экен деген сыяктуу нерселер ээлейт.

Ойсоке мүнөздүн маанайы менен дин алып келген маанай бири-бирине толугу менен карама-каршы. Ойсокелер Аллахты көп эстеген сыяктуу көрүнүшү мүмкүн. Өзгөчө кырсык, оору же өздөрү үчүн маанилүү көргөн окуялар учурунда. Бирок Аллахтын бүт жерди, бүт тарапты ороп курчаганын, аларды дайыма башкарып турганын, тагдырга баш ийишкенин, сурак беришээрин, диндин аларга жоопкерчилик жүктөгөнүн, Аллахтын азабын, адилеттүүлүгүн, күч-кудуретин көбүнчө эч ойлонушпайт. Балким жашоолору боюнча бул темаларды терең терең эч ойлонушкан эмес болуш керек. Көбүнчө Куранда буйурулган ахлакты билишпейт, билишсе да эч жасашпайт.

Ойсоке мүнөздүүнүн мындай адашкан тарабын аныктоо чынында абдан оңой. Алардан бир гана Аллах ыраазычылыгы үчүн мал-жанынан коротуусун сурансаңыз, алардын туура эмес көз-карашы көбүнчө толугу менен ачыкка чыгып калат. Себеби ойсокелер Аллахты ыраазы кылуу үчүн бираз кыйынчылыкка да түшкүлөрү келбейт. Жашоо калыптары, көнгөн люкс жашоосу, чөйрөсүнөн бөлүнүп калууну элестете да алышпайт. Мисалы эгер диндин бир өкүмүн аткарганда чөйрөсүнөн терс бир мамилеге кабылам деп ойлосо, Аллахтын ыраазычылыгы ордуна адамдардын ыраазычылыгын

тандашат. Өзгөчө дин үчүн байлыктарынан, оюн-күлкүлөрүнөн, саякаттарынан, кийим калыптарынан же көнүмүш адаттарынан эч качан баш тарта алышпайт. Чындыгында болсо, мындай мамилелери, эгер өздөрүн өзгөртүп тообо кылышпаса, бир гана дүйнөдө эмес, акыретте да аларга чоң бир жоготуу алып келет. Аллахтын ыраазычылыгына жетүү үчүн дүйнө жашоосунда кичинекей кыйынчылыктан да качынган бир адам акыретте чоң бир бушаймандыкка кабылат.

Чыныгы дин ахлагы адамдын бүт жашоосуна жана ахлагына таасир этиши керек. Аллахка ишенген бир адам бүт өмүрүн Аллахтын ыраазычылыгына ылайык Анын динине баш ийип жана Куран ахлагы менен өткөрөт. Эч качан Аллахтын динин дүнүйөлүк кызыкчылыктарына туура келип келбешине карап баалабайт. Антип баалаган болсо анда бул чыныгы динчилдик эмес. Ошондуктан ойсоке мүнөздүн динге болгон туура эмес көз-карашы Исламдын рухунан жана логикасынан абдан алыс. Аллах болсо аяттарында диндин бир гана Аллахка калыстык менен баш ийилиши керек экенин мындайча билдирет:

**Шексиз, сага бул Китепти акыйкат менен түшүрдүк; демек сен да динди бир гана Ага калыс кылып Аллахка ибадат кыл. Кабарың болсун; калыс (кошумчасыз) болгон дин бир гана Аллахтыкы. Андан башкаларды өзүнө дос туткандар (мындай дешет:) «Биз буларга бизди Аллахка көбүрөөк жакындаштырсын деп ибадат кылып жатабыз.» Албетте, Аллах өз ара (Ал) жөнүндө талашкан нерселеринин өкүмүн берет. Чындыгында Аллах жалганчы, каапыр адамды туура жолго баштабайт. (Зүмер Сүрөсү, 2-3)**

**Айткын: «Мен динимди бир гана Ага калыс кылып Аллахка ибадат кыламын. Силер Андан башка каалаганыңарга ибадат кылгыла.» Айткын: «Чындыгында кыйроого кабылгандар – бул кыямат күнү өздөрүн да, жакындарын да кыйроого жолуктургандар. Кабарыңар болсун, бул апачык кыйроонун дал өзү.» (Зүмер Сүрөсү, 14-15)**

**Демек, каапырлар жактырбаса да, динди бир гана Ага калыс кылгандардан болуп Аллахка дуба (кулчулук) кылгыла. (Момун Сүрөсү, 14)**

## Абдан оор учурларда да ойсоке мүнөзүн таштaшпайт

Ойсоке мүнөзүнүн дагы бир өзгөчөлүгү – бул мындай мүнөздүн адамдын бүт жашоосун ээлеши. Мындай өкүмчүлүк ушунчалык күчтүү болгондуктан, ойсокелер эң оор абалдарда да өз эрежелеринен кайтышпайт. Жогоруда сөз кылынган жаназа темасы бул абалга бир мисал болот. Себеби мындай адамдар эң жакын курдаштары өлгөндө, ал тургай өз түгөйлөрү же балдары өлгөндө да Куран ахлагына толугу менен карама-каршы мүнөздөрүн таштaшпайт.

Мындай начар мүнөздүү адамдар ой жүгүртүү мүмкүнчүлүктөрүн эч колдонбогондуктан, Аллахтын улуулугун жана кудуретин толугу менен түшүнө алышпайт, жана ушул себептен Аллахтан коркушпайт. Ошондуктан эч кайсы окуя аларга терең таасир бербейт, аларды чын жүрөктөн, чын көңүлдөн мамиле кылып баштоого жана жөнөкөйлүккө багыттабайт. Жакын бир курдашынын абдан коркунучтуу бир ооруга чалдыгышы, балдарынын майып болушу, жолдошунун өлүмдөн аман калышы жана ушул сыяктуу окуялар аларга терең таасир бербейт. Бул адамдардын абалынан эч сабак алышпайт. «Мен да бир күнү ушундай бир окуяга кабылышым мүмкүн» деп ойлонуп, ахлактарын, каталарын оңдоого аракет кылышпайт.

Ойсоке мүнөз эч кача албаган жана түбүнөн кыйраган бир гана окуя бар: өз өлүмү. Ойсокелердин жашоодо эң корккон нерсеси – бул өлүм. Өлүмдүн аларга чындап жакындаганын сезишкенде олуттуу коркууга кабылышат. Мындай начар мүнөзүн ошондо гана ташташып, чыныгы жүзүн көрсөтүшөт. Мисалы бир жер титирөө убагындагы дүрбөлөң ойсоке мүнөздү ташташына себеп болушу мүмкүн. Мындай учурда бул мүнөзгө ээ адамдын мимикасы, үнү, мамилеси жана Аллахты эстөө калыбы кокустан өзгөрөт. Алсыздыгын билген, жөнөкөй, абдан корккон, чын жүрөктөн мамиле кылган бир абалга келет. Бирок жер титирөө бүтөөрү менен мындай таасир бир заматта жоголот жана ойсоке мүнөзү мурдакысындай кайтып келет. Себеби бул жерде мүнөзүнүн бир көз ирмемге болсо да өзгөрүлүшүнө себеп болгон күч – Аллахтан болгон коркуу эмес, өлүм коркунучу. Өлүм коркунучу өтүп кетээри менен бул начар мүнөз толугу менен кайра уланат.

## Ойсоке мүнөз камырабастык, жөндөмсүздүк жана караңгылыкка (сабатсыздыкка) себеп болот

Ойсокелер көбүнчө эч нерсеге колунун эби келбеген, жөндөмсүз, сабатсыз адамдар болушат. Себеби бул мүнөз адамга сунган дүйнө абдан кичинекей. Жашоонун белгилүү чөйрөлөрүнө гана кызыгат, мындан башка эч кайсы темада маалыматтары болбойт.

Ойсокелердин кызыккан чөйрөлөрү – кийимдер, макияж буюмдары, парфюм маркалары, чөйрөлөрүндөгү адамдардын жеке жашоолору, жасалгалоо моделдери, саякат программалары, чачтарачтардын даректери сыяктуу темалар. Булардан башка аларды терең кызыктырган көп тема жок. Мисалы Чыгыш Түркстанда Мусулмандарга көрсөтүлгөн кыйноолор, Палестинадагы зулумдук, Иракта күн сайын өлтүрүлгөн күнөөсүз адамдар, Африкада ачкадан өлгөн адамдар, дүйнөдө динсиздиктин жайылышы, адамдардын Куран ахлагын ташташы же жаштар арасындагы ахлактык бузулуу – ойсокелерди эч кызыктырбаган темалар. Себеби алар бир гана өз көйгөйлөрүн ойлогон адамдар. Башкалардын көйгөйлөрү, эң жакын курдаштары болсо да, аларды эч кызыктырбайт. Бирок анын кызыкчылыктарына да таасир эткен бир тарабы болсо гана көңүл бурушу мүмкүн.

Мисалы өздөрү же үй-бүлөсүнөн бирөө ооруп калмайынча оорулуу адамдарга жакындык сезишпейт. Өздөрү жакыр болуп калмайынча жакыр адамдардын абалын эч ойлонушпайт. Өздөрү ачка калмайынча ач адамдардын абалын түшүнүшпөйт. Ойсокелердин бир темада көңүл буруп ойлонушу үчүн алгач ал окуяны өз баштарынан өткөрүшү керек. Аларга тийбеген жана аларды тынчсыздандырбаган эч кайсы көйгөй алар үчүн маанилүү эмес. Алардын бир көйгөйгө чечүү жолун издеши, бул көйгөйгө кабылган бир адамдын кутулушу үчүн аракет кылышы жана колдорундагы мүмкүнчүлүктөрдү бул көйгөйдү чечүү үчүн колдонушу бул абалдын аларга да зыян берип-бербешинен көз-каранды. Эгер согуш же ачарчылык болгон бир өлкөдө жашап жатышса жана мындай абал аларга да таасир берип жатса, анда ал жердеги көйгөйдөн чыгуу жолун издеши мүмкүн. Бирок ошол эле мүнөзүн улантышкан болсо, акылдуу жана логикалуу бир чечүү жолун чыгарышы мүмкүн болбойт. Эгер мурдараак сөз кылынган өлкөлөрдөн алыс бир жерде бардарчылык ичинде жашап жатышкан болсо, ал жерлердеги адамдардын абалы аларды эч кызыктарбайт. Бул жагынан караганда ойсоке мүнөзү – абдан таш боор жана заалым бир кулк-мүнөз.

Мындан тышкары, ойсоке мүнөзү адамга сунган маданият да бир гана элдерге көрүнүүгө таянгандыктан, мындай адамдар абдан караңгы жана сабатсыз болушат. Китеп окууга, акылын иштетүүгө, ой жүгүртүүгө эч убакыт бөлүшпөйт. Бүт убактысын жана мээсин адамдарга кантип көрүнүү темасына арнашат. Ушул себептен акыл талап кылган темаларда сунуш, пикир чыгара албоо, чөйрөлөрүнө пайда бере албоо жана өз чөйрөлөрүнө бир коздук кошо албоо – ойсокелердин эң белгилүү өзгөчөлүктөрүнөн.

Ал тургай ойсоке мүнөздүү адамдар көбүнчө шашылыш учурларда акылы ордундагы адамдарга тоскоол болуп, жумуш чыгарышат. Кооптуу бир учурда чара алыш керек болгондо, эч пайдасы болбогону аз келгенсип, акылсыз жана жөндөмсүз болушкандыктан, аларды да коргоп-колдоо үчүн убакыт бөлүш керек болот. Мисалы бир кырсык учурунда ылдам доктор чакырып, айланада топтолгон адамдарды таратуунун ордуна ыйлап, кыйкырып, ар кандай кыймылдарды жасап окуяны андан да татаалдаштырышат. Ушул сыяктуу шашылыш окуяларда акылын колдонуп, чечүү жолун чыгара алышпайт. Ал жердеги адамдардын жумушун көбөйткөнгө гана жарашат. Ушул себептен ойсоке мүнөзү адамдын өзүнө гана зыян бербестен, ал адамды чөйрөгө да зыянын тийгизген бир адамга айлантат.

Ойсокелердин жашоодо бир мүдөөсү, идеалдары, сонун максаттары болбогондуктан ошол эле учурда камырабас да болушат. Көбүнчө кечеге, чачтарачка, спортко, дүкөнгө же бир конокко үлгүрүүдөн башка эч кандай шашылыш иштери жок. Өзү менен байланыштуу темаларда гана ашыгышат. Башкалардын бейпилдиги, ден-соолугу, коопсуздугу үчүн ашыгышпайт. Убакыт алар үчүн кымбат эмес, убакытты шашпай колдонушат. Күндөрдү, айларды, ал тургай жылдарды эч пайдалуу бир иш кылбастан, бир гана өздөрү жана өз чөйрөлөрү менен алектенип өткөрө алышат. Ушул себептен абдан камырабай кыймылдашып, көпкө сүйлөшүшөт, кичинекей бир маселени да сааттар бою чече алышпайт. Мисалы, үйүндөгү кандайдыр бир жасалганы өзгөртүү

маселесин жумалап, ал тургай айлап чече алышпайт. Кайсы кийим кийээри, чачтарын кандай кылып жасатаары, кайсы билерикти тагаары, кайсы бут кийимди алаары жана ушул сыяктуу темаларга көптөгөн күндөрүн, айларын коротушат.

Ойсоке мүнөздүн мындай камырабастыгы бул адамдардын мээсинин иштешине да ушундай таасир берет. Акылдары абдан жай иштеп калат. Туура менен туура эмести оңой айырмалай алышпайт, терең маанилүү сүйлөй алышпайт жана акылын колдонуп, эч бир адамдын ахлагынын, кулк-мүнөзүнүн, жашоо калыбынын жакшы тарапка өзгөрүшүнө салым кошо алышпайт.

## Ойсоке мүнөзүнүн төмөндүгү

Мындай мүнөздүү адамдардын эң жактаган нерселеринин бири – бул «интеллектуалдуулук, кадырдуулук». Кадырдуулук тышкы көрүнүш, мамиле жана бир катар жүрүм-турум эрежелерин жасоодон гана турат деп ойлогон мындай адамдар өздөрүн чөйрөлөрүнө карата абдан кадырдуу адамдар катары көрсөтүшөт. Байлык адамдарга табигый бир кадырдуулук берет, жана жок дегенде тамактануу, отуруп туруу же кийинүү менен байланыштуу кээ бир эл аралык эрежелерди үйрөнүп мындай кадырдуулукка жетүүгө болот деп ойлошот.

Чындыгында болсо ойсокелердин назик көрүнүшүнүн түбүндө көбүнчө абдан заалым, төмөн жана кадырдуулуктан алыс бир мүнөз бар. Кызыкчылыктарына туура келбеген бир окуя болгондо кылган мамилеси же баалабаган адамдарга болгон мамилеси муну апачык көрсөтөт. Мисалы, чөйрөсү тарабынан абдан назик адам катары таанылган бир ойсоке бир дүкөндө сумкасын жоготкондо абдан начар мамиле кылып баштайт. Сатуучуларга кыйкырып, алыс-жакын адамдарга уурулук айыбын тагышат. «Ылдам сумкамды тапкыла, болбосо бул жердеги баарыңарды сотко берем» дейт. Абдан начар сөздөрү жана үнү менен сөз түшүнбөй, тиешеси жок адамдарга кыйкырат. Ал учурда кадырдуулук жана этика толугу менен жоголот. «Кызыкчылыгыма зыян келет» деп ойлогондуктан чыныгы жүзү ошол замат ачыкка чыгат.

Мээрим, кадырдуулук, этика сыяктуу өзгөчөлүктөрдүн ойсоке мүнөзүндө туурамчылыкка таянганын түшүнүү үчүн көп мисалдарды берүүгө болот. Мисалы, бир ойсоке өзүнө конокко келген жакын бир курдашынын баласын абдан жакшы көрүп мамиле кылат. Аны кучактап, сүйөт, мээрим көрсөтөт, ал баланын жыгылбашы же зыян көрбөшү үчүн абдан аяр мамиле кылат. Бирок үйүнө кедей бир үй-бүлөнүн баласы келгенде мамилеси такыр башкача болот. Анын бөлмөдөгү креслолорго отурушун, жакшы идиштерден тамак жешин, үйдүн ичин кыдырышын каалабайт. Бул баланы кармап, сүйгүсү келбейт. Мээрим көрсөтпөйт, ал тургай терс, катуу мамиле кылат.

Мындай мүнөздөгү адамдар жашоо калыптарында кандайдыр бир өзгөрүү болушуна эч чыдашпайт, ошондуктан оңой ачууланышат. Мисалы, абдан жарашыктуу кийинген жана чакырылган кечеге үлгүрүүгө аракет кылып жаткан бир ойсокени элестетели. Чөйрөсүндөгүлөр менен абдан назик сүйлөшкөн жана аларга назик мамиле кылган бул адам эгер чакырылган жердин унаа токтотуучу жайынан орун таба албаса

бир заматта мамилеси өзгөрөт. Унаасын алыс бир жерге токтотуп басыш керек экенин түшүнөөрү менен унаа токтотуучу жайдын кызматкерин күнөөлөп баштайт. Бул адамды басынтып максатына жетүүгө аракет кылат. Каалаганы орундалбаса, ылдам катуу мүнөз болуп баштайт, үнү, сөздөрү өзгөрөт. Кичинекей бир кызыкчылык үчүн бүт ушундай төмөндүктөргө барат. Себеби ойсокенин кадырдуулугу бир гана тышкы көрүнүшкө таянган.

Чыныгы кадырдуулук ыймандан келип чыгат жана рухта жашалат. Аллахка ыйман келтирген, бүт нерсенин сообун Аллахтын күткөн, Куран ахлагы талап кылган рух коолдугун жашай алган бир адам гана чыныгы кадырдуулукка ээ боло алат. Мындай адам шарттарга жана адамдарга жараша өзгөрбөгөн, кызыкчылык артынан чуркабаган, намыстуу, жөнөкөй, барктуу жана кадырлуу бир мамилеге ээ болот. Аллах Куранда чыныгы кадыр-барктын Аллахка жана Аллахтын тараптарларына тиешелүү экендигин билдирет:

**«Ант болсун, Мадинага кайтсак, күчү жана кадыр-баркы көп болгон, кедей жана алсызды, албетте, ал жерден сүрүп-чыгарат.» дешет. Чындыгында болсо иззет (күч, кадыр-барк жана улуулук) Аллах, Анын Элчиси жана момундарга тиешелүү. Бирок мунафыктар билишпейт. (Мунафикун Сүрөсү, 8)**

**Алар момундарды таштап, каапырларды дос (вели) кылышат. «Кубат жана кадыр-баркты (иззетти)» алардын жанынан издеп жатышабы? Шексиз, «күч-кубаттын жана кадыр-барктын баары» Аллахка тиешелүү. (Ниса Сүрөсү, 139)**

# «АДАМ БОЛУУ» ДИНИНДЕ «ЖУМУШ» ПСИХОЛОГИЯСЫ

Китептин киришүү бөлүмүндө бир Мусулмандын жалгыз маанилүү кулк-мүнөзүнүн Мусулмандыгы экендигин жана өзүн башка дүнүйөлүк критерийге карап баалабашын айткан элек. «Мусулман» - Аллахтын ыйман келтиргендерге берген аты (Хаж Сүрөсү, 78) жана бир адам үчүн бул ысымга ээ болуу чоң сыймык. Ошондуктан Мусулмандыкты түшүнгөн бир адам башка ар кандай ат-даражаларды тагынып, кулк-мүнөзүн калыптандырууга аракет кылбайт. Бул оюна да келбейт. Башка дүнүйөлүк критерийлер, мисалы, бир адамдын ата-бабалары, тууган-уругу, коомдук статусу, тили, өңү, чөйрөсү ж.б. сыяктуулардын Аллах Кабатында жана ыйман келтиргендер үчүн бир мааниси жок. Бир аятта бул мындайча баяндалат:

**Эй адамдар, чындыгында, Биз силерди бир эркек жана бир аялдан жараттык жана бири-бириңер менен таанышсын деп силерди улуттар жана уруулар (абалында) кылдык. Шексиз, Аллах Кабатында силердин эң жогоркуңар (керим болгонуңар) – бул (улут же ата-баба жагынан эмес) такыбалык (Аллахтан коркуу) жагынан эң алдыңкыңар. Шексиз, Аллах – билүүчү, баарынан кабардар. (Хужурат Сүрөсү, 13)**

Муну билген бир момун ичинде жашап жаткан дүнүйөлүк шарттарга жараша мамиле жана кулк-мүнөзүн өзгөртпөйт. Мисалы, чоң бир материалдык байлыкка ээ болгондо, эсирип көппөйт же болбосо жакыр калганда басынып чөкпөйт. Куранда бул жөнүндө мисалдар берилип, Аз. Сулаймандын көп байлыкка ээ болгонуна карабастан жөнөкөйлүгү жана Аллахка болгон баш ийүүчүлүгүнөн жазбаганы баяндалат. Мусулмандардын тескерисинче, төмөн жана алсыз кулк-мүнөзгө ээ адамдар ар бир чөйрө жана шарттарга жараша өзгөрүшөт.

«Мага мал-мүлк берилди» деп көпкөн Карун же болбосо кичинекей бир кемчилик алдында дүрбөлөңгө түшүп, үмүтсүздүккө кабылган башка каапырлар – «Адамга бир немат-жакшылык бергенибизде жүзүн буруп кетет; ага бир жамандык келгенде болсо үмүтсүздүккө түшөт» (Исра Сүрөсү, 83) аятында сүрөттөлгөн терс мүнөздүн мисалдарынан.

Каапырлардын кулк-мүнөзүндөгү мындай туруксуздук «адам болуу» growdininde бир жеке кулк-мүнөзгө ээ болуу аракети катары ортого чыгат. Себеби «адам болуу» дини – бул «адам болуу», б.а. коомдо бир статуска, орунга ээ болуу дини. «Адам болуу» динин тутунгандар Мусулмандык сыяктуу чыныгы жана туруктуу бир кулк-мүнөзгө ээ болушпагандыктан, ар кандай дүнүйөлүк наам-даражаларды өзүнө кулк-мүнөз катары кабыл алышат.

Мындай наам-даражалардын эң белгилүүсү – бул кесиптер. «Адам болуу» дининдегилер өз кесибине жараша өзүнө кулк-мүнөз чыгарышат. Албетте Мусулмандардын да кесиптери бар, бирок Аллахка чын жүрөктөн ыйман келтирген бул адамдардын кулк-мүнөздөрүнө жумуш орду, статусу сыяктуу нерселер таасир этпейт. Мусулмандар бир кесип себеп болгон өзгөчө бир маанайга кирбейт, дайыма өзүн карманган мамилесинен жазбайт.

«Адам болуу» дининде адамдар жумушу жана кесибине жараша бааланат. Тапкан акчасына жараша кадыр-баркка ээ болот. Ошондуктан бир адам менен таанышкан соң алгачкы он мүнөт ичинде сөз учугу айланып же анын же атасынын жумушуна келет. Себеби муну билүү ал адамды баалоо үчүн абдан маанилүү. Бир адамды адам ордуна коюп койбоштун критерийи – бул анын карьерасы же алган айлыгы же болбосо кызматтык даражасы. Ар кайсы кесиптеги адамдар чогулганда, көбүнчө бүт баары өз кесибин эң жакшы, эң пайдалуу кесип катары көрсөтүүгө, башкаларынын болсо азыраак маанилүү экенин ишарат кылууга аракет кылышат.

«Адам болуу» дининде ар бир кесиптин өзүнө тиешелүү ар кандай психологиялары бар. Эгер бул кесип жогорку билим талап кылган бир кесип болгон болсо, бул кесипке тиешелүү маанай жана психология ал адамга университетке киргенден баштап мугалимдери тарабынан да, жогорку курстагы студенттер тарабынан да сиңирилип баштайт.

Мисалы, докторлор медицина факультетине өткөндөн баштап, «бүт адамдардын жашоолору жана ден-соолуктары бизден көз-каранды», «биздин кылган ишибиз эң ыйык иш» деген сөздөр менен жуурулуп, мындай психологияны өмүр бою өздөрү менен алып жүрүшөт. Албетте бир доктордун оорулуу бир адамды айыктыруу же өмүрү коркунучта турган бир адамды куткаруу үчүн кылган аракети – сонун жана суктаныла турган иш-аракет. Бирок «адам болуу» дининдеги адамдарда «оорулууну мен айыктырам» деген туура эмес көз-караш бар. Чындыгында болсо шыпаа берүүчү – бул Улуу Аллах. Доктор, дары-дармек, дарылоолор болгону себептер гана. Ошондой эле, аптекада иштегендер да ошондой психологияга кабылышат. Укук факультетин аяктагандар өздөрүн адилеттүүлүктүн негизги таянычы, адамдардын эң акылдуулары, эң тыңдары, сындоо таланты эң күчтүү, окуяларды эң туура кабылдап аныктай алган адамдар катары көрүшөт. Инженерлер болсо күнүмдүк жашоодо көргөн бүт нерселер биздин кесибибиздин жемиши же чыгармасы дешип, биздин ордубуз өзгөчө деп ойлошот.

Соода жана ишкердик менен алектенгендер болсо өздөрүн коомдук жана экономикалык жашоонун бел сөөгү жана орду толгус адамдары катары көрүшөт. Булардын баары «биздин кесибибиз болбогондо, адамдар кыйын абалда калышмак, ал тургай жашоолорун да улантыша алмак эмес, биз канчалык керектүү адамдарбыз» деген сыяктуу сөздөрдү дайыма айтышат.

Бул адамдар кишилик жана кулк-мүнөздөрүн кесиптери алардын аң-сезимине сиңирген ушундай орду алмаштырылгыс, калп ыйыктык, өзгөчөлүк сезимдери себеп болгон бой көтөрүү, барктануу, өзүн көтөрүү, өзүн жактыруу сыяктуу психологиялык

адашуулар үстүнө курушат. Ошондуктан «адам болуу» дининдеги адам өз кесибине абдан аяр мамиле кылат. Кесибине карата айтылган ар бир сөздү өзүнө карата айтылган сөздөй кабыл алат жана кесибин намысы сыяктуу коргойт.

Жогорку билим талап кылбаган, көбүнчө дене өзгөчөлүктөрү же тажрыйба же болбосо атадан үйрөнгөн ык, жөндөмгө таянган кесиптердин да «адам болуу» дининде өзүнө тиешелүү өзгөчө психологиялары бар. Мындай жумуштарга кирүүнүн да, киргенден кийинкисинин да, бул жумуштарга тиешелүү чакан ишкана, дүкөн, бутик, бюро сыяктуу ишканалардын да баарынын «адам болуу» дини тарабынан коюлган өздөрүнө тиешелүү ар түрдүү психологиялары жана баалуулуктары бар. Мындай жумуштарда иштегендердин бой көтөрүү, намыс жана өзүн көтөрүүлөрүн сыртка чыгаруу калыптары башкаларга салыштырмалуу көбүрөөк өзүн басынткан, төмөндүк комплекси, каприз, ачуулуулук, урушчаактык, төмөндүк, акылдуу көрүнүү жана ушул сыяктуу негизде болот.

«Адам болуу» дининин жумуш ахлагы жумуш издеп баштаганда эле байкалып баштайт. Жумуш издегенде эң маанилүү, ал тургай жалгыз критерий – ал иш алып келе турган акча. Эмнеге, кайсы ишенимге, ой-пикирге же адамга кызмат көрсөтүлөөрү, жасала турган жумуштун пайдалары жана зыяндары эч эске алынбайт.

«Адам болуу» growth дининде аялдар көбүнчө тандаган кесиптердин бири – бул катчылык. Ишканаларда көбүнчө башчылар – эркек, жана катчылык үчүн атайын аял кызматкер издешет. Бул жерде көбүнчө аялдыктын маанилүү бир ролу бар. Талапкерлер жумушка жөндөмдүүлүгү, илими, тажрыйбасы же акылын көрсөткөндүн ордуна, көбүрөөк тышкы көрүнүшү менен жумушка алуучуга жагууга аракет кылат.

Башчылар көбүнчө жумушта же жеке жашоосунда ага дайыма күбө болуп, жанында жүрчү кызматкерлерди абдан аяр тандашат. Ошондуктан аял болсун, эркек болсун катчы – бул башчынын укпас-көрбөс кызматкери. Башкаларга зарыл болгондо калп айта ала турган бир кулк-мүнөзгө ээ болушу зарыл, бирок башчысына эч калп айтпай, абдан бекем болушу керек. Күнүмдүк жашоодо бир алдамчылыкка күбө болуп унчукпай коюу же ага көмөкчү болуу жакшы кабыл алынбайт. Бирок ушул эле окуя ишканада болгондо, «адам болуу» дини муну жумуш ахлагынын бир бөлүгү деп эсептейт. Катчылыктын мындай тарабы – бул кесиптин караңгы коомдогу ахлактык талабы. Эч ким тарабынан сындалбайт.

Башчынын жумуш чөйрөсүнө, ал тургай кээде үй-бүлөсүнө болгон жашыруун иштерин көрмөксөн болуу аркылуу башчынын ишенимине кирет. Башка бүт адамдарга карата башчысы менен орток бир мамиле жана кызыкчылык биримдиги ичинде болот. Катчылар, ошондой эле, башкаларга башчылары менен мактанышат. Башчынын жумушчу сапарга чыгышы, чет өлкө жолугушуулары, тапкан акчасы катчы үчүн мактаныч себептеринен болуп саналат.

Рынокко чыгаруу, сатуу же көргөзмө кызматы сыяктуу жумуштар да катчылык сыяктуу көрүнүшкө ээ жумуштардан. Башчылар талапкерлерди бир чогулуш бөлмөсүндө суракка алат. Аларга төмөн, пас тамашаларды айтып, жоопторун текшеришет. Мындай

тамаша, мамилелерди жактырбаганын көрсөткөн жооп бериши ал талапкерге кошумча балл болот. Ушул сыяктуу, көп ар кандай адамдарга жолуккан жумуштарда адамдын эч кандай мамиле жана сөзгө карата түрүнүн өзгөрбөшү, урушчаак болбошу, бул темада камырабас болушу, ал тургай мындайларды жактырганын көрсөткөн мамиле жасашы – изделген шарттар арасында. «Жумуш бүтүргөн сатуучу» кулк-мүнөзү буга абдан ылайыктуу. Бул болсо – сатуу кызматкеринин жумуш ахлагынын талабы. Башкалардын көңүлүнө карабоо, туруксуздук сыяктуу төмөн кулк-мүнөз өзгөчөлүктөрү «адам болуу» дининин жумуш ахлагынын бөлүктөрүнөн. Момундарда болсо бул ахлакка тескерисинче, кадырдуулук, ар-намыс, акылдуулук, туруктуулук сыяктуу бийик ахлак өзгөчөлүктөрү болот.

«Адам болуу» Ддининде бир адамдын ишканада көрсөтүшү керек болгон мамилелеринин башында «эңсөө, көксөө» сезими турат. Акча табуу эңсөөсү, лидер болуу эңсөөсү, атак-даңк эңсөөсү коом тарабынан суктануу менен кабыл алынат. Ошондуктан ишканаларда көбүнчө материалисттик маанай өкүмчүлүк кылат. Бүт аракет жана мамилелер, бүт сөздөр акча жана кызмат ордуна жетүүгө багытталган. Кызматкерлердин кызматы, орду белгилүү. Бүт адамдар өз кызматынын калыбына кирет. «Жумушу чачынан көптөй болуп көрүнүү», ачуулуу кыймыл-аракеттер, ачуулуу жүз, шашмалык кызматкерлердин көпчүлүгүнө өкүмчүлүк кылат.

«Адам болуу» дининде башчы ишкананын ээси, айлыктарды берүүчү же башкаруучу адам катары каалагандай сүйлөйт, каалагандай мамиле кылат, кааласа кыйкырат, сөгөт же кызматкерлерди басмырлайт. Эмне болгондо да акчаны ал төлөйт. Анын карамагында иштегендерге башкаларга көрсөткөндөй урмат көрсөтүштүн кажети жок. Ошого карабастан, кызматкерлеринин аны абдан сыйлап-урматташын күтөт. Кол алдындагылар анын ар бир кылганына чыдашы керек. Башчы-кызматкер мамилелеринде бир түр «кул» логикасы бар. Башчы айлыгын төлөгөн адамга карата каалагандай мамиле кылып, сүйлөп, аны каалагандай иштетүү укугуна ээмин деп ойлойт.

Кеңседеги кадимки маектерде да жумуш сөздөрү колдонулат. Өз кесиби менен байланыштуу термин жана сөздөрдүн англисчеси орунсуз болсо да, берки адам түшүнбөсө да «мактануу» жолу катары дайыма колдонулат. Телефонду кармоо калыптары бар. Кызматкерлер арасында бири-биринин ишин жактырбоо, аны дайыма оңдоп «билген адамдай» болуп көрүнүү кеңири тараган. Кеңсе ичинде ушакташуу кеңири тараган. Көптөн бери иштегендер бири-биринин ар кандай алдамчылыктарын билишет, бирок өзүнүн кылгандарынын да ачыкка чыгышынан корккондуктан, бирөөнүкүн да айткандан тартынышат.

Жаңы келгенге баары «минип алат», акылдуусунуп ага «аңкоодой» мамиле кылышат, бул адамдын тынбай катасы изделет. Он беш күндүк кызматкер бир күндүктү башкарууга аракет кылат. Мурдатан иштегендер жаңы келгендерге дайыма ар кандай темада акыл үйрөтүп, бүт темада өйдөлүгүн көрсөтүүгө аракет кылышат. Кээде ишкананын ар кайсы бөлүмдөрү арасында уруштар байкалат. «Ушул ишти бүтүрдүм» дегендей маанай менен «жумуш бүтүрүүчү» бир көрүнүш жаратууга аракет кылынат.

Дүкөн, бутик сыяктуу ишканалардагы психология да ушуга окшош эле. Сатуучулар көбүнчө эч нерсеге ээ эмес экенине карабастан, бүт товарлардын, дүкөндүн ээсиндей маанайга киришет. Бул бүт адамдардын алуучу, анын болсо сатуучу абалында болушунан келип чыгат. Иштеген адам ал жерде болгону бир сатуучу болгону үчүн басынат. Эгер «кардардын» материалдык абалы жакшы эмес экенин байкаса, супсак мамиле кылып буюмдарды алдына ыргытып көрсөтөт, дайыма ачуулуу болот. Башында назик болгонго аракет кылат, бирок кардардын саткысы келген буюмун албашын же ала албашын сезип калса, ылдам мүнөзү катуулашып, аны карабай жанындагы достору менен сүйлөшүп, сыртты карап баштайт. Тескери жоопторду берет. Кардарга менин убактымды алып жатасың дегендей маанайын билдирет. Көбүнчө мындай ишканаларда убакыт бош жана максатсыз маектер менен, витрина терезелеринен сыртты, дүкөн күзгүлөрүнөн өзүн кароо менен өткөрүлөт.

Мамлекеттик мекемелерде болсо абдан калыптанып калган бир маанай бар. Мындай жерлердеги ачуулуу жана кабагы салыңкы маанай бүт адамдар тарабынан кабылданып калган. Кызматкерлердин көпчүлүгү басынуу менен аралаш бир бой көтөрүүгө ээ болушат. Буйругу өткөн жалгыз жер – бул өзүнүн бөлүмү. Ошондуктан иши түшүп, ал жерге келген адамдарга катуу жана ал тургай буйрук берген бир услуп колдонушат. Тынымсыз чай ичүү, коюу тамеки түтүнү, кызматкерлер арасындагы акча жетишпестиги, үй-бүлөлүк көйгөйлөр, базар маектери менен бирге иштердин кол учунан жасалышы – көнүмүш көрүнүштөрдөн.

Кызматкерлерде кылган ишин жаман көргөнүн дайыма байкаткан бир үн тону жана ачуулануу байкалып турат. Жумушу түшкөн адам дайыма акырын сүйлөп, жумушун бүтүрө турган кызматкерге чыдашы керек болот. Ашыкча суроо узатуу кызматкердин ачуусуна тийиши мүмкүн. Узатылган суроого жооп келиши да кыйын, терс бир көз-караш менен жооп берилет. Ал тургай ар дайым кызматкердин урушуп берүү ыктымалы бар.

Бирок мамлекеттик мекемелердеги бардык жогоруда саналган терс, ачуулуу, «акылдуу көрүнгөн» кызматкер көрүнүшү ал мекемеге келген жакыр, сабатсыз, өзүн басынткан же жок дегенде жоош бир көрүнүштөгү адамдарга карата жасалат. Ал эми бай, жакшы кийинген, жогорку кызматта иштээри белгилүү болгон адамдарга карата «адам болуу» дининдеги мамлекеттик кызматкерлер андай мамиле кыла алышпайт. Тескерисинче ал адамдарга карата абдан урмат менен мамиле кылышат. Бул болсо көбүнчө чыныгы бир урмат эмес. Басынуу комплексинен, төмөндүктөн, туруксуздуктан келип чыккан начар, пас бир урмат. Андай бай адамдарга урмат көрсөткөн кызматкер алардан кандайдыр бир кызыкчылык деле ала албайт. Бирок көз-карашы ошондой калыптангандыктан, бай адамга кааласа каалабаса урмат көрсөтөт. Мындай урматты түпкүрүндө кызганычтык аралаш бир суктануу деп түшүнүүгө болот. «Адам болуу» дининин төмөн жана өз кызыкчылыгын ойлогон кулк-мүнөзү бул жерде апачык байкалат.

Бүт мындай окуялар жана мамилелер «адам болуу» дининдегилерге кадыресе, көнүмүш нерселер сыяктуу көрүнөт. Бул балыктын сууну байкабаганына окшош. Балык сууну байкабайт, себеби бүт өмүрү суунун ичинде өтөт. «Адам болуу» динидегилер да өздөрүнүн маанайынын, кулк-мүнөзүнүн, мамилелеринин канчалык акылсыз, канчалык төмөн жана канчалык бош экенин байкашпайт. Аларды Аллах жаратканын, бул дүйнөдө убактылуу бир мөөнөт сыноо максатында жашап жатышканын жана акыр аягында Раббибизге барып сурак беришээрин зарыл деңгээлде, жакшылап билип ойлонушпайт. Ушуларды ойлоп, Аллахка шүгүр кылып Анын ыраазычылыгына жетүүгө аракет кылуу ордуна, бүт күндөрүн, бүт өмүрүн майда-чүйдө уруштар, майда кызыкчылык эсептери менен өткөрүшөт. Жылдар бою кичинекей бир кеңседе иштеп, айлыктарын көбөйтүүгө, кызматта көтөрүлүүгө аракет кылышат, башкалар жөнүндө ушак чыгарышып, кызганычтыктан көңүлдөрү чөгөт, стресс ичинде жашап, рол аткарышат. Бирок Аллахтын ыраазычылыгын ойлонушпагандыктан жана акыретти унутушкандыктан, бул кылгандарынын баары бош жана эч мааниси жок. «Адамдардан сурак алуу (убактысы) жакындашты, алар болсо капылеттик ичинде жүз бурушууда» (Анбия Сүрөсү, 1) аятында билдирилгендей, толугу менен «капылеттик» ичинде жашашат жана Куранда мындай адамдар «Алар «(ичине) чумкуган бош бир алектенүү» ичинде ойноп-алаксыгандар» (Тур Сүрөсү, 12) деп аталат.

«Адам болуу» дининде иши түшкөндү, акчасызды, сулуу эмести, өзүнүн карамагында иштегенди басынтуу жалпыга жайылган бир принцип. Кардар менен түз жолугушкан ишканаларда кардардын көрүнүшү жана кийимине жараша мамиле кылынат. Кардар бай көрүнсө назик мамиле кылынат жана маани берилет, ал эми жакыр көрүнсө басынткан, маани бербеген бир мамиле көрсөтүлөт. Дүкөндөрдө, бутиктерде жалпы мамиле ушундай көз-караште калыптанат.

Ар бир кесиптин өзүнө жараша бир адеби жана эрежеси бар. Бирок товардын рыноктогу баасы кардардын байлыгы же кызматтын өтүмдүүлүгүнө жараша мындай баалуулуктар тепселиши же өзгөртүлүшү мүмкүн. Жарашпаган бир кийимдин жарашканына ишендирүү, сапаты төмөн бир товарды сапаттуу деп сатуу, кымбат товарды арзан деп ишендирүү «адам болуу» дининин тили менен айтканда «профессионалдуулукту» талап кылат. Ансыз деле бул диндегилердин ою боюнча, жумуш ахлагы деген нерсенин өзү да ошол. Жумуш ахлагы деп аталышынын себеби мунун Куран ахлагынан айырмалуу болушунда. Бул ахлак кылмыштын жашыруун жасалышын колдойт. «Адам болуу» дининин туура эмес критерийлери боюнча;

- Апачык уурулук кылуу «адам болуу» динине туура келбейт, бирок ишти ыңгайына жараша кылып, кадыресе көрүнүшкө жамынып, бирөөнүн акысын жеп, өзүнө кызыкчылык алуу – бул «адам болуу» дининин эрежеси.

- Ачык пара алууга тыюу салынат, бирок белек деген ат менен пара алуу эркин.

- Адам өлтүрүү чоң кылмыш, бирок бирөө өлүп баратканда башыма балээ келбесин деп четке качуу акылдуулук.

- Бир адамдын жүзүнө карап сөгүнүү, шылдыңдоо туура эмес, бирок артынан урушгуруу, ушактоо кадыресе көрүнүш.

- Динсиз болуу жаман, бирок «ашыкча» динчил болуу да туура эмес.

Мындан тышкары, «адам болуу» дини өзүнүн логикасына ылайык туура эмес бир Ислам түшүнүгүн да чыгарган. Бул туура эмес түшүнүк боюнча, бир адамдын Курандан айырмаланып өз убактысы жана чөйрөсүнө ылайык, ишине жараган кээ бир ибадаттарды аткарышы туура деп кабыл алынат. Бирок Аллах сүрөттөгөн жашоону толугу менен жашашы, Исламдын бардык эрежелерине баш ийиши ашыкчалык жана туура эмес деп кабыл алынат.

## «АДАМ БОЛУУ» ДИНИНДЕГИ ТУУРА ЭМЕС ИСЛАМ ТҮШҮНҮГҮ

Учурда дүйнөнүн көп өлкөлөрүндө адамдар «дин» түшүнүгүн абдан туура эмес түшүнүшүүдө. Аллах Куранда сүрөттөгөн дин ахлагы менен коом элестеткен дин ахлагы арасында абдан чоң бир айырма бар.

Бир адам жөнүндө сөз кылынганда, анын дини менен бирге дүйнөгө көз-карашы, идеологиясы, жашоо философиясы же жашоо калыбынын да айтылышы – мунун эң ачык көрсөткүчү. Бул туура эмес логика боюнча, бир адам кандайдыр бир динди тутунушу, мисалы Мусулман болушу мүмкүн, бирок муну менен бирге Мусулмандыктан башка бир жашоо философиясы, дүйнө көз-карашы сыяктууларды кабылдашы эч кандай парадокс жаратпайт. Мусулмандык анын «ишенимдери» менен байланыштуу, бирок мындан тышкары «жашоонун чындыктары» да бар.

Мындай туура эмес көз-карашка ээ «адам болуу» дининдегилердин көпчүлүгү чыныгы динди апачык жокко чыгарышпайт. Тескерисинче жакшы Мусулмандарданбыз дешет. Бирок Исламдын кээ бир өкүмдөрүн өздөрүнүн пас, төмөн акылдары менен жактырышпайт. Буларды өзгөртүү керек деп ойлошот. Албетте бул такыр туура эмес, абдан жаңылыштуу бир пикир. Куранда билдирилген дин – акыркы акыйкат дин жана эч кемчиликсиз. Мындай адамдар кабыл алган диндин тараптары болсо – бул алардын кызыкчылыктарына карама-каршы келбеген бөлүктөр. Ошого карабастан, жакшы Мусулмандарбыз дешет. Чындыгында болсо алардын кылгандары Куранда сүрөттөлгөнү боюнча чыныгы ыйман өзгөчөлүктөрүнө туура келбейт. Жана бир мааниде динден баш тартуу дегенди билдирет. Мындай абалдары Куранда «аяттардын бир бөлүгүн кабыл алып, бир бөлүгүнөн баш тарткандардын» абалын мисал келтирүү менен баяндалат. (Бакара Сүрөсү, 85)

Бул жерде «адам болуу» дининдегилердин эмне себептен Исламдын бир бөлүгүн кабыл алышканын жана эмне үчүн мунун каапырлардын бир өзгөчөлүгү экендигин жакшы аныктоо зарыл. Бир адамдын Исламды кабыл алып жашашынын чыныгы себеби – бул анын бир гана Аллахты Рабби кабыл алып, Ага өзүн тапшырышы. Эгер Ислам мындан башкача бир себеп менен кабыл алынып, анын өкүмдөрү кылынып атса, бул чыныгы бир ыйман болбойт. Куранда сөз кылынган бир адамдар коому болгон

мунафыктар мунун эң жакшы мисалы. Алар да Исламды кабыл алышкан сыяктуу көрүнүшөт жана Мусулмандарга окшошуп жашашат. Бирок алардын максаты – Аллахтын ыраазычылыгына жетүү эмес, өз акылдарынча адамдарга көрүнүү. Исламды кабыл алуу менен жакшыраак статуска, кээ бир кызыкчылыктарга жетем деп эсеп кылышат. Куранда мындай адамдар төмөнкүдөй сүрөттөлөт:

**Адамдардын ушундайлары бар: «Биз Аллахка жана акырет күнүнө ыйман келтирдик» дешет; чындыгында болсо ишенишкен эмес. (Калп) Аллахты жана ыйман кылгандарды алдашат. Чынында болсо алар бир гана өздөрүн алдашууда жана муну байкашпайт.» (Бакара Сүрөсү, 8-9)**

Мунафыктар – Исламды Аллах ыраазычылыгынан башка бир максат үчүн кабыл алуунун эч кандай мааниси жок экендигинин мисалы. Ансыз деле алар Исламдын бардык өкүмдөрүн аткарышпайт, башкалар үчүн өз мал-жанын аябаш керек болгон ибадаттардан качышат.

«Адам болуу» дининдегилер да ушуларга окшош абалда. Себеби алар да Исламды Аллахка ыйман келтирген жана Анын ыраазычылыгына жетүүнү максат кылган үчүн кабыл алышкан эмес. Алардын Исламды кабыл алуу себеби – бул каапырлардын негизги өзгөчөлүктөрүнүн бири болгон «ата-бабаларды ээрчүү» логикасы. Алар аталарын жол көрсөтүүчү катары кабыл алышкан. Чыныгы диндери – аталарынан калган батыл (жалган, негизсиз) эрежелер гана. Исламды бул эрежелердин бир бөлүгү катары санашкандыктан, кабыл алышууда. Ошондой эле, аталарынан мурас калган көптөгөн Исламда жок нерселерди (ырым-жырым сыяктуу) кабыл алышы жана Исламдын да бир гана өз кызыкчылыктарына карама-каршы келбеген тараптарын кабыл алышы алардын чыныгы, чын жүрөктөн бир ыйманга ээ эмес экенин көрсөтөт. Исламды өздөрүн тиешелүү деп санаган улуттун маданият, үрп-адатынын бир бөлүгү деп ойлошот.

Исламды аталарынан калган эрежелердин бир бөлүгү деп ойлошкондуктан, Исламдын түркүгү болгон Аллах коркуусуна ээ болушпайт. Колдонгон диний сөздөрү көбүнчө Курандагы сөздөр менен бир. Аллахтын бар экендиги, ыйман, бейиш жана тозоктун бар экендиги, орозо кармоо, 5 убакыт намаз кылуу керек деп айтышат. Бирок булар жөнүндө Аллах коркуусу себеп болгон ачык бир абийир менен ой жүгүртүшпөгөндүктөн, алардан эч таасирленишпейт. Куранда момундар сүрөттөлгөндө, алардын Аллахты эстөө жана аяттарына карата абдан аяр мамиле кылаары мындайча билдирилет:

**Момундар бир гана ушундай адамдар, Аллах эскерилгенде жүрөктөрү титирейт. Анын аяттары окулганда ыймандарын көбөйтөт жана бир гана Раббилерине тобокел кылышат. (Энфал Сүрөсү, 2)**

Ал эми «адам болуу» дининдегилер болсо Аллахты эстегенден таасирленишпейт, б.а. Аллахка карата бир хашйет (урмат толо бир коркуу сезимин) сезишпейт. Аллахты жана акыретти сөз менен гана тастыкташат, ал эми жүрөктөрү болсо бопбош. Куран ахлагын жашашпайт. Куранда мындай өзгөчөлүктөр көптөгөн аяттарда мындайча айтылат:

**Айткын: «Эгер билсеңер (айткыла:) Жер жүзү жана андагы нерселер кимдики?» «Аллахтыкы» деп айтышат. Айткын: «Дагы эле кеңеш (сабак) алып, ойлонбойсуңарбы?» Айткын: «Жети асмандын Раббиси (Жаратуучусу) жана улук Арштын Раббиси ким?» «Аллах» дешет. Айткын: «Дагы эле (күнөөлөрдөн) сактанбайсыңарбы?» Айткын: «Эгер билсеңер (айткыла:) Бардык нерселердин мелекуту (мүлк жана башкаруусу) кимдин колунда? Ал коргоп, кубат берет, бирок Өзү корголбойт (коргоого муктаж эмес).» «Аллахтын колунда» дешет. Айткын: «Андай болсо, кантип мындайча сыйкырланып калуудасыңар?» Жок, Биз аларга чындыкты алып келдик, бирок алар чындыгында жалганчылар. (Мүминун Сүрөсү, 84-90)**

**Ант болсун, аларга: «Асмандан суу түшүрүп, өлгөндөн кийин жер бетин тирилткен ким?» деп сурасаң, шексиз: «Аллах» дешет. Айткын: «Мактоолор Аллахка тиешелүү.» Жок, алардын көпчүлүгү акылын иштетпейт. (Анкебут Сүрөсү, 63)**

«Адам болуу» дининдегилердин Аллахтын бар экендигинен таасирленбешинин, Аллахтын буйругуна каршы жашоону эч тартынбастан улантууларынын себеби – бул алардын тастыктаган чындыктын маанисин аңдап-түшүнө турган акылга ээ болбошу. Мындай адамдар Аллахтын күчүн жана кудуретин да зарыл деңгээлде ойлонуп, түшүнө алышпайт. Алар аң-сезимдүү ойлонуп, «Алар турганда да, отурганда да, жатканда да Аллахты эстешет жана асмандардын жана жердин жаратылышы жөнүндө ойлонушат. (Жана айтышат:) «Раббибиз, Сен буларды жөн гана (максатсыз) жаратпадың. Сен абдан Улуксуң, бизди оттун (тозоктун) азабынан сакта.» (Ал-и Имран Сүрөсү, 191) аятында сүрөттөлгөн момун мамилесин көрсөтүшкөн эмес. Куранда мындай адамдардын мындай ойлонуу мүмкүнчүлүгүнө ээ эмес экендиги, себеби акылдары жок экендиги мындайча кабар берилет:

**Же сен алардын көбүн (сөз) угат же акылын колдонот деп ойлойсуңбу? Алар жалаң гана айбандар сыяктуу; жок алар жол жагынан көбүрөөк адашкан (жана төмөн). (Фуркан Сүрөсү, 44)**

«Адам болуу» дининдегилердин көпчүлүгүнүн дубалары да Куранда момундар кылган дубалардан башкачараак: Аллах коркууларынын артышы, ибадаттарынын жана

ыймандарынын туруктуу болушун сурануунун ордуна, бир гана кыйынчылык ичиндеги бир окуяда жолунун ачылышы, жакшыраак унаага ээ болуу, же болбосо сүйгөн бир кыз же эркек менен турмуш кура алуу үчүн ичтен терең Аллахка жалбарышат. Кыйынчылык ичинде болушканда, мисалы оор бир ооруга чалдыкканда же олуттуу бир кыйынчылыкка кабылышканда да Аллахка дуба кылышат, бирок бул кыйынчылыктан кутулганда Аллахты унутуп, Ага кайрадан шерик кошушат. Алардын мындай мүнөзү Куранда мындайча кабар билдирилген:

**Немат-жакшылык катары силерге келгендин баары Аллахтан, кийин силерге бир зыян жеткенде (кайра эле) бир гана Ага жалбарасыңар. Анан (Аллах) силерден зыянды кетиргенде, силердин бир тобуңар (ошол замат) Раббилерине шерик кошушат; аларга берген нерселерибизге нашүгүрдүк кылыш үчүн. Андай болсо пайдаланып калгыла, келечекте билесиңер. (Нахл Сүрөсү, 53-55)**

Момундардын дубалары болсо Аллахтын ыраазычылыгына, рахматына жана бейишине жете алуу үчүн кылынат. Аллахтын терең ыйман бериши үчүн жалбара жалбара жана ичинен терең дуба кылган момундар Аллахтын дубаларга жооп берүүчү экендигин билүү менен дубаны Аллахка жакындашуунун жакшы бир жолу катары көрүшөт.

«Адам болуу» дининдегилер үчүн болсо ибадаттын эл көргөн абалда кылынышы маанилүү. Ошондуктан намаздарын жалгыз калганда кылышпаса да, адамдар арасында кылуу керек болгондо аяр мамиле кылышат. Аллахтан корккон үчүн жана Анын рахматын үмүт кылган үчүн намаз кылуу керек болгонуна карабастан, адамдардын ыраазычылыгы үчүн намаз кылышат. Аллах Куранда эл көзүнө ибадат кылган адамдар жөнүндө мындайча буйурат:

**Мына (ушул) намаз кылгандардын абалы кандай жаман. Алар намаздарында жаңылыштыкта. Алар эл көзүнө (намаз) кылышууда. (Маун Сүрөсү, 4-6)**

Байкалгандай, «адам болуу» дининин эң кызык тарабы – Куран жана Исламдын чыныгы абалынан жана рухунан толугу менен башкача бир ишеним системасы болгонуна карабастан, аны тутунгандардын көпчүлүгүнүн өздөрүн ыймандуу деп санашы. Себеби «адам болуу» дини -Курандан тышкары өзүнчө- бир адамдын кандай дин түшүнүгүнө ээ болоорун жана эмнелерди жасаарын, кандай бир Аллахка ишеними болоорун, ахлак түшүнүгүнүн кандайча болушу керек экендигин бардык майда-чүйдөлөрүнө чейин аныктап койгон. Бул адашкан диндин ишеним жана ибадаттары да чыныгы момундардын ишеним жана ибадаттарынан толугу менен башкача. Ал тургай көп тарабынан толугу менен карама-каршы.

Адамга өзүн Мусулманмын деп ойлоттуруп, чындыгында Исламдан такыр алыс бир динди кабыл алдырып жашатышы – бул «адам болуу» дининин эң негизги

тузактарынан. «Адам болуу» дининин эрежелерин, ишенимдерин жана ахлагын кабыл алган адам чыныгы дининин «адам болуу» дини экенин байкабайт дагы. Ал шайтан анын алсыздык жана каалоолоруна ылайык коздоп алдына сунган батыл бир динди жашап жатат, бирок муну байкаган да жок.

Бул батыл динде зарыл деңгээлде Аллахтан коркпогон бирок Аллахтын бар экенин кабыл алган, муну да өз шарттарына жараша кылган туура эмес бир көз-караш бар. Аллахтын «Жаратуучу» сыпаты кабыл алынат, бирок жараткан нерселеринин үстүндөгү чексиз Кудурети жана Күчү ойлонулбайт. Кырсык учурунда адамды куткара турган же үмүтсүз бир ооруну айыктыра турган – бул Аллах; өлүм учурун да Аллахтын аныктаганы кабыл алынат. Бирок, булардан башка, күнүмдүк жашоодо, биржада, технологияда, илимий изилдөөлөрдө, соодада, саясатта бүт нерсенин Аллахтын каалоосу менен болоору кабыл алынбайт. Бул туура эмес ишенимде бул нерселердин адамдын күчү, акылы жана кийлигишүүсү менен болооруна ишенишет. Аллах –Раббибизди ар кандай кемчиликтерден аруулайбыз- байыркы диний ишенимдердеги сыяктуу болгону бир катар табигый окуяларды жараткан бир кудай катары кабыл алынат. Бул туура эмес ишеним боюнча шамалды соктуруучу, бороонду кылуучу, жер титирөөнү кылуучу – Ал, бирок учакты, космос кемесин, атомдук энергия станциясын куруучу – бул адамдын чексиз акылы! Эч шексиз, бул – такыр туура эмес жана Куранга туура келбеген бир көз-караш. Ааламдагы ар бир деталь, бир адамдын жашоосундагы ар бир көз ирмем, NASA жасаган ар бир изилдөөдөн баштап CERNде жасалган бир экспериментке чейинки бүт нерсе, жаңы табылган бир табылга, ачылыш, кыскача айтканда, ар бир көз ирмем жана ар бир деталь Аллахтын каалоосу, Бийик Акылы жана буйругу менен пайда болот.

Бул туура эмес ишеним системасынын көз-карашы боюнча болсо, Аллах адамды көргөн жерлер да белгилүү. Адамдар намаз, орозо сыяктуу ибадаттарда же дуба кылганда Аллахтын алдында турабыз деп ойлошот, бирок башка учурларда Улуу Раббибиз Аллах укпаган, көрбөгөн учурлар бар деген такыр туура эмес жана чындыкка жатпаган бир ишеним бар. Ошондуктан жасалган көз бойомочулук, алдамчылыктар, ушактар, жашыруун иштерди Аллахтан жашырууга болот деген сыяктуу батыл (жалган) бир көз-караш бар. Куранда мындай батыл көз-караштын туура эмес экендиги кабардалат:

**Аллахтын асмандарда жана жердегилердин баарын чындыгында билип тураарын көргөн жоксуңбу? (Өз ара жашыруун чогулуштар уюштурушуп) Шыбырашып жаткан үч адамдын төртүнчүсү - сөзсүз Ал (Аллах); бештин алтынчысы да – Ал. Мындан аз же көп болсун, кайсы жерде болушпасын, сөзсүз Ал алар менен бирге. Кийин (алардын) кылгандарын кыямат күнү аларга кабар берет. Шексиз Аллах – бүт нерсени билүүчү. (Мүжаделе Сүрөсү, 7)**

**Кайыптын ачкычтары Анын Кабатында, Андан башка эч ким кайыпты билбейт. Кургактыкта жана деңиздегилердин баарын Ал билет, Анын кабары**

**болбостон бир жалбырак да түшпөйт; жердин караңгылыктарындагы (түбүндөгү) бир урук, суулуусу жана кургагы да баары жана бүт нерсе апачык бир китепте. (Энъам Сүрөсү, 59)**

**Ал – кайыпты да, күбө болунганды (жашалганды) да билүүчү. Абдан бийик, Улуу. Силерден сөздү жашыруун кармаган да, аны ачыкка чыгарган да, түнкүсүн жашырынган да жана күндүз эл арасында кыдырып жүргөн да (Аллах үчүн) бирдей (Ал баарын билет). (Рад Сүрөсү, 9-10)**

Башка бир аятта «адам болуу» дининдегилердин мындай жаңылыштыгы төмөнкүдөй баяндалат:

**Же болбосо, алар сыр сактаган нерселерин жана өз ара шыбырашкандарын, чындыгында, Бизди укпайт деп ойлошобу? Жок, (угуп жатабыз) жана алардын жандарындагы элчилерибиз да (бүт баарын) жазышууда. (Зухруф Сүрөсү, 80)**

«Адам болуу» дининдегилер Аллахтан зарыл деңгээлде коркушпагандыктан, дин ахлагынын талабы болгон түшүнүктөрдү да өз кызыкчылыктарына ылайык бурмалаганга аракет кылышат. Мисалы, Мусулмандыктын маанисин өзгөртүүгө аракет кылышат. Куранда сүрөттөлгөн Мусулман түшүнүгүнүн ордуна, туура эмес бир Мусулман түшүнүгүн чыгарышат. Чындыгында болсо бул бош аракет, бул адамдар чыгарган же ишенген көз-караш, пикирлери кандай гана болбосун, алардын баары дүйнөдө да, акыретте да жараксыз. Мисалы, «Мен да мүмкүнчүлүк тапсам, кээ кээде намаздарымды кылам, эч кимге бир жамандыгым жок, адам өлтүргөн жокмун, уурулук кылган жокмун, билим алып жатам, жакшы жумушум бар, ийгиликтүүмүн, эмне үчүн мен тозокко түшмөк элем!» сыяктуу Ислам дининде жок сөздөр бул диндегилер тарабынан көп айтылат. Мусулмандык «башка адамдарга жамандык кылбоодон» гана турат деп ойлогон жана акыйкат диндин түркүгүнүн Аллахка эч кандай шартсыз, толук баш ийүү экенин түшүнө албаган бул адамдар өздөрүн өздөрү алдашат. Аллахтын дини тилемчилерге бираз акча берүү же болбосо коңшусу менен жакшы мамиледе болуудан гана турат деп ойлогон жана Курандын жүздөгөн өкүмдөрүн көрмөксөн болгон мындай адамдар кээде мындай ыкласысыздыгын логикасы менен түшүндүрүүгө да аракет кылышат. Курандын кээ бир өкүмдөрү жөнүндө «биз жашап жаткан кылымда жашоо ылдамдыгы жогору жана ошондуктан намазга убакыт таба албайм» же болбосо «бул замандын адамдары башкача жана өзүмдү коргоо үчүн чынчылдыкка, жөнөкөйлүккө, мээримге туура келбеген мамилелерди кылуу керек» деген сыяктуу туура эмес логикалар менен ибадаттардан качууга аракет кылышат. Куран аяттарына карата өз ойлорунда бир катар бурмалоолор чыгарууга кол узаткан мындай адамдар төмөнкү аяттын өкүмүнө киришет:

**Айткын: «Силер Аллахка диниңерди үйрөтөсүңөрбү? Чынында болсо Аллах асмандардагы жана жердегилерди билет. Аллах – бүт баарын билүүчү.» (Хужурат Сүрөсү, 16)**

«Адам болуу» дининдегилер чыныгы бир акырет ишенимине да ээ эмес. Акыретти, диндин башка көптөгөн өкүмдөрү сыяктуу, тил учунан кабыл алышат, чындыгында болсо ага ыйман кылышпайт (ишенишпейт). Бирок Куранда мындай туура эмес көз-караштагылардын абалы жана сабак берүүчү жыйынтыгы төмөнкүдөй сүрөттөлөт:

**Адам жакшылык суроодон тажабайт; бирок ага бир жамандык келээр замат, ал үмүтсүз болуп калат. Ал эми ага келген зыяндан кийин тарабыбыздан бир рахмат таттырсак, сөзсүз: «Бул менин (акым). Жана мен кыямат-саатын да келбейт деп ойлойм; эгер Раббиме кайтарылсам да, сөзсүз Анын Кабатында мен үчүн (бул жакшылыктардын) жакшыраагы бар» дейт. Бирок, ант болсун, Биз ал каапырларга кылгандарын кабар беребиз жана ант болсун аларга эң оор азаптан таттырабыз. (Фуссилет Сүрөсү, 49-50)**

«Адам болуу» growinde дагы бир топ бар, алар бир катар ар кимден уккан нерселерге таянып, «күнөөлөрүбүздүн жазасын белгилүү мөөнөт тозокто алгандан кийин бейишке киребиз» деп ойлошуп, бул дүйнөдө ар түрдүү арам жана күнөөлөрдү кылууга өздөрүнө уруксат чыгарып алышкан. Өздөрүнүн төмөн акылы менен тозокто белгилүү мөөнөт «кыйынчылык» тарткан соң «сөзсүз бейишке киребиз» деп ойлошот. Чындыгында болсо бул жалган бир ишеним жана адамдын өзүн өзү алдашынын дагы бир мисалы. Куранда бул жөнүндө мындайча айтылат:

**Бул алардын: «Биз отко саналуу күндөрдөн башка эч коюлбайбыз» дегени себептүү. Алардын мындай дооматтары аларды диндери жөнүндө жаңылыштыкка түшүргөн. Эми аларды анда эч шек болбогон бир күнү топтогонубузда жана ар бир напсиге (адамга) –алар эч кандай адилетсиздикке учуратылбастан- тапкан-чогултканы толугу менен төлөнгөндө эмне болот? (Али Имран Сүрөсү, 24-25)**

Дагы бир аятта да ушундай батыл ишеним жөнүндө айтылат:

**Айтышты: «Саналуу күндөрдөн башка, от бизге эч тийбейт.» Айткын: «Аллах Кабатынан бир убада алдыңарбы? Аллах эч убадасынан кайтпайт. Же болбосо, Аллах жөнүндө билбеген бир нерсени айтып жатасыңарбы?». (Бакара Сүрөсү, 80)**

Чындык алар ойлогондой эмес. Кийинки аятта акыреттеги абал мындайча кабар берилет:

**Жок; ким бир жамандык кылып, күнөөсү аны курчаган болсо, (эми) алар отто калышат, ал жерде түбөлүк жашашат. (Бакара Сүрөсү, 81)**

Ошону менен бирге Аллахтан бир кечирим, рахмат катары Пайгамбар Мырзабыз (сав)дын төмөнкүдөй бир хадиси да бар:

Аз. Пайгамбар (сав) мындай деди: «Жүрөгүндө кыпынчалык ыйманы бар адам оттон чыгат.» Абу Саид айтат: «Ким (бул чындыктан) шек санаса төмөнкү аятты окусун: «Аллах шексиз кыпынчалык да акыйкатсыздык кылбайт...» (Ниса Сүрөсү, 40) (Tirmizi, Sıfatu Cehennem 10, (2601))

«Адам болуу» дининдегилердин жана жалпы эле бардык каапырлардын тозок азабы жөнүндө өздөрүнүн төмөн акылы менен мынчалык начар бир «эрдик» көрсөтүшү – чындыгында алардын Аллахка жана акыретке болгон ыймандарынын алсыз болушунан же такыр ишенбегендиктен келип чыгат. Ал эми момундар болсо бул багытта абдан аяр жана дайыма үмүт жана коркуу ичинде болушат. Аллахтын азабынан коркуп сактанышып, Аллахтын ыраазы болбошу ыктымалынан абдан коркушат. Улуу Раббибиз Аллахка дайыма күнөөлөрүнүн кечирилиши, жүрөктөрүнүн ыймандан тайбашы үчүн дуба кылышат. Куранда мисалы берилген «Раббибиз, бизди хидаятка (туура жолго) жеткиргенден кийин, жүрөктөрүбүздү (ыймандан) тайдырба...» (Али Имран Сүрөсү, 8) сыяктуу дубалар мунун мисалы. Пайгамбар болгон Аз. Йусуф да «Менин жанымды Мусулман абалда ал жана мени салихтердин (ыкластуулардын) арасына кош.» (Йусуф Сүрөсү, 101) деп дуба кылууда.

Кыскача айтканда, момундар эч качан өздөрүн кемчиликсиз, катасыз, эң жакшы адамдар катары көрүшпөйт, тескерисинче колдорунан келишинче кемчиликтерин жоюуга, каталарын оңдоого, өзүн тарбиялап андан да жакшыраак болууга аракет кылышат. Ошондуктан, Курандын көпчүлүк аяттарында билдирилгендей, аларга жасалган эскертүүлөрдү абдан аярдык менен көңүлгө алышат. «Адам болуу» дининдегилер өздөрүн жакшы көрүп, «кемчиликсизмин» деп ойлошкондуктан аларга берилген кеңештерди эч угушпайт. Аллахтын китебине чакырылганда жүз бурушат жана «мен ансыз деле өрнөктүү Мусулманмын» деп сөздү башкага буруга аракет кылышат. Мындай адамдардын абалы бир аятта мындайча кабар берилет:

**Ага Раббиңдин аяттары кеңеш менен эскертилгенде, жүз бурган жана колдорунун алдынан жөнөткөндөрүн (амалдарын) унуткандан да заалимирээк барбы? Биз чындыгында, жүрөктөрү үстүнө аны аңдап-түшүнүүлөрүнө тоскоол болгон бир парда (тарттык), кулактарына бир оордук койдук. Сен аларды туура жолго чакырсаң да, алар түбөлүккө чейин эч туура жолду (хидаят) таба алышпайт. (Кехф Сүрөсү, 57)**

Ал тургай, «мен абдан динчил бир үй-бүлөнүн баласымын», «менин чоң атам дин темасында суктанылган, пикир суралган бир аалым эле, ажы эле, молдо эле» сыяктуу

өзүн актоону максат кылган сөздөрдү айтышат. Же мурда кылган бир жакшылыгын, мисалы кедей адамга берген бир акчасын айтышат жана канчалык жакшы адам экендигин (!) ишарат кылышат. Куранда мындай адамдар жөнүндө төмөнкүдөй айтылат:

**Өздөрүн (мактануу менен) тазага чыгаргандарды көрбөдүңбү? Жок, Аллах каалаганын тазалап жогорулатат. Алар «бир курма данегиндеги жипчелик» да адилетсиздикке кабылышпайт. Аллах жөнүндө кандай жалган чыгарып жатышат, бир кара. Бул апачык бир күнөө катары жетиштүү. (Ниса Сүрөсү, 49-50)**

Муну менен бирге, «адам болуу» дининдегилер өздөрүнүн туура эмес көз-карашына ылайык кээ бир ибадаттарды чыгарышат жана ушуларды аткаруу менен бейишке киребиз деп ойлошот. Бул диндегилердин оозунан «иштөө да бир ибадат» деген сөздү көп угууга болот. Иштөө сонун нерсе жана ар бир момун таза жана жакшы бир ахлак көрсөтүү менен иштейт. Бирок ишти шылтоо кылып, Аллахтын өкүмдөрүн аткарбай коюу, албетте, ыкластуу бир мамилеге туура келбейт. «Адам болуу» дининдегилер бул логикага таянып өз кесиптерин да бир ибадат дешет. Бул туура эмес көз-караш боюнча, кесиптери менен «кызмат кылышкандыктан», ага кошумча Курандын өкүмдөрүн аткаруунун кереги жок. Мындай сөздү кээде мамлекеттик кызматкер, кээде чачтарач, кээде доктор, кээде соодагер, кээде сатуучу айтат. Алардын баары «адамдарга кесибибиз менен жардамчы болобуз, бул эң чоң ибадат» деп ойлошот. Адамдарга жардамчы болуу жакшы бир сыпат, бирок өзү жалгыз жетиштүү эмес. Анын үстүнө бул чоң бир жаңылыштык.

Бул адамдар өздөрүнө эң жакшы акча, эң жакшы даража, эң жакшы атак-даңк алып келе турган же болбосо өздөрүнө ыңгайлуу жумушту жана жашоо калыбын тандап алышып, андан соң бул кылгандарын ибадат деп аташууда. Ибадат – Аллахка кулчулук (пенделик) кылуу дегенди билдирет. Адамдарга көрсөтүлгөн жардам болсо чындап Аллахтын ыраазычылыгы максат кылынып жасалса гана ибадат болот. Бирок бир адам Куран ахлагын жашабастан туруп, анан «мен ушул адамга жардам берип жатам, ушуну дарылап жатам, бул ибадат» деп айта албайт. Эгер ибадат кылгысы келсе, б.а. Аллахка кулчулук кылгысы келсе, анда ал адам Аллах парз кылган өкүмдөрдү кемчиликсиз аткарууга аракет кылышы зарыл жана аны менен бирге Аллах буйруган ахлакты да толугу менен жашашы керек.

Тообо Сүрөсүндөгү кээ бир аяттар муну эң жакшы түшүндүрөт. Аяттарда Пайгамбарыбыз (сав) доорунда Меккедеги мушриктердин Каабаны оңдоо жана ажылык үчүн Каабага келгендерге суу берүү адаты жөнүндө сөз кылынат жана мушриктер кылган бул иштин, жакшы бир кызмат болсо да, ибадат катары саналбашы билдирилет. Себеби ибадат, жогоруда да айтылгандай, Аллахка кулчулук кылуу дегенди билдирет. Ал эми мушриктер болсо Аллах ыраазычылыгы үчүн эмес, эл көзүнө жана үрп-адат катары бул кызматты жасашууда:

**Шерик кошкондордун, өз каапырчылыгына өздөрү күбө болуп туруп, Аллахтын мечиттерин оңдоого (акы жана укуктары) жок. Кылгандары текке кеткен мына ушулар. Жана алар – отто түбөлүк калуучулар. (Тообо Сүрөсү, 17)**

**Ажыларга суу берүүнү жана Месжиди Харамды оңдоону, Аллахка жана акырет күнүнө ыйман келтирген жана Аллах жолунда жихад кылгандын (кылгандарына) тең деп ойлодуңарбы? (Булар) Аллах Кабатында бирдей эмес. Аллах зулумдук кылган бир коомду туура жолго баштабайт. (Тообо Сүрөсү, 19)**

«Адам болуу» дини чыгарган туура эмес Ислам түшүнүгүнүн түрлөрүн санап бүтүүгө болбойт. Кээ бир бул диндегилер болсо жүргөн бул жолун туура деп ишенишет жана «Аллах мени сүйөт, сүйбөсө бул үйдү, үй-бүлөнү, мал-мүлктү бермек беле? Ушуга чейин Аллахтан эмне сурасам баары болду» сыяктуу сөздөр менен өздөрүнө болгон ишенимин билдиришет. Ушул сыяктуу сөздөр менен өздөрүн актоого аракет кылып жатышканда, төмөндөгү аяттардын өкүмүнө кирип калаарын байкашпайт:

**Биз алардын мал-дүйнөсүн, бала-чакасын көбөйтүп коюшубузду аларга жакшылыктарды тездетишибиз деп ойлошобу? Жок, алар сезбей жатышат. (Мүминун Сүрөсү, 55-56)**

Дагы бир аятта окуянын чыныгы жүзү төмөнкүдөй баяндалат:

**Демек алардын мал-мүлктөрү жана балдары сени кызыктырбасын; Аллах булар менен аларды дүйнө жашоосунда азаптандырууну жана жандарынын каапырлык ичинде кыйынчылык менен чыгышын гана каалайт. (Тообо Сүрөсү, 55)**

Эч кимдин өзүн өзгөчө сезүүгө акысы жок. Бир адам Аллахка баш ийип, Анын өкүмдөрүн колунан келишинче аткарып, күнөөлөрү үчүн Аллахтан кечиришин суранып жатса гана Аллах Кабатында бир кутулуу жана бактылуулук үмүт кыла алат. Аллахка баш көтөрүп, Анын өкүмдөрүнөн билип туруп баш тарткан, Андан башка кудайлар тутунган адамдардын өздөрүн «динчил» сыяктуу көрсөтүүгө аракет кылышы болсо чын көңүлдүү, ыкластуу мамилеге туура келбейт. Аллах Куранда ушул сыяктуу сөздү айткан кээ бир еврейлер менен байланыштуу мындай буйурууда:

**Айткын: «Эй еврейлер, эгер силер (бүт) адамдардан өзгөчөлөнүп, бир гана биз чындап Аллахтын велилерибиз (дос жана сүйүктүү кулдарыбыз) деп ойлоп жатсаңар, анда өзүңөргө өлүмдү тилегиле; эгер чынчыл болсоңор (муну тартынбай ылдам кылгыла).» Чынында болсо, алар колдорунун жасагандары себебинен муну эч качан тилей алышпайт. Аллах заалимдерди билет. (Жума Сүрөсү, 6-7)**

«Адам болуу» дининдегилердин Мусулмандык түшүнүгүндө кээ бир ибадаттар гана бар, же көбүнчө эч жок, тилдеринде гана бар. Мусулмандарга жардамчы болуу, Аллах үчүн жашоо, 5 убакыт намаз кылуу, Куранды окуу керек экендиги жөнүндө көп айтылат, бирок бул талаптар аткарылбайт. Ансыз деле «адам болуу» дининде Куран ахлагынын кайсы даражада жашалаары жана чектери Курандан айырмалуу бир абалда аныкталган. «Динди да жашоо керек, бирок чеги менен, бүт нерсенин бир чеги бар. Чектен чыкпаш керек, бүт нерсенин ашыкчасы жакшы эмес» сыяктуу туура эмес көз-караштар бул адамдардын оозунан көп айтылат.

Мындай туура эмес көз-караштагы адамдар диндин «ашыкчасы» дегенде дин үчүн өз мал-жанын аябастан жасалган иш-аракеттерди айтышат. Мындай адамдар Мусулмандар тарабында сыяктуу көрүнүп калбоо, алар менен бирге атынын эскерилбеши, Аллах үчүн кандайдыр бир иш-аракетти кылбоо, мал-жанын Аллах жолунда колдонбоо же муну өз кызыкчылыктарына карама-каршы келбей турган деңгээлде кылуу багытында абдан аяр мамиле кылышат. Куранда диндин бир гана өз кызыкчылыктарына карама-каршы келбеген тараптарын аткаргандар мындайча сүрөттөлөт:

**Адамдардын кээ бирлери Аллахка бир учунан ибадат кылат, эгер ага бир жакшылык жетсе, буга ыраазы болот жана эгер ага бир фитна тийсе, жүзү терс бурулат. Ал дүйнөнү жоготту, акыретти да. Мына ушул апачык бир жоготуу. (Хаж Сүрөсү, 11)**

Куранда сүрөттөлгөн Мусулмандык болсо – бул Аллахтын ыраазычылыгын жана сүйүүсүн бүт жеке кызыкчылыктарынан өйдө туткан, бир гана акыреттен үмүт кылган, олуттуу бир аракет талап кылган жана Аллахка карата чынчыл болгон бир Мусулмандык. Ал эми «адам болуу» дининде болсо кызыкчылыктар көбүнчө ар кандай ишеним, достук, сүйүүдөн өйдө турат. Ошондуктан «адам болуу» дининдегилер момундарды апачык колдоодон коркушат. Кадыр-баркымды жоготом деп коркуп, ишенимдерин чындап жашай алышпайт. Туура деп билген нерселерин дайыма жактай алышпайт. Алар үчүн алар жашаган коомдун ой-пикирлери, иштери, достору же мал-мүлктөрү Аллахтан жана Анын ыраазычылыгынан маанилүүрөөк. Куранда мындай абалдагы адамдар жөнүндө мындай өкүм берилет:

**Айткын: «Эгер силердин атаңар, бала-чакаңар, ага-иниңер, жуп-жубайыңар, тууган-уругуңар, тапкан мал-дүйнөңөр, жүрүшпөй калышынан корккон соодаңар жана өзүңөргө жаккан үй-жайыңар силерге Аллахтан, Анын Пайгамбарынан жана Аллахтын жолунда жихаддан (аракет кылуудан) сүйүктүүрөөк болсо, анда Аллахтын буйругу келгенге чейин күтө тургула. Аллах бузуку коомду туура жолго баштабайт. (Тообо Сүрөсү, 24)**

Аятта «адам болуу» дини бийик туткан бир катар негизги баалуулуктар саналган жана бул баалуулуктарды Исламдын баалуулуктарынан бийик тутуунун «фасык» (жолдон чыккан, Аллахка баш көтөргөн) бир коомдун өзгөчөлүгү экендиги айтылган. Бул фасыктар коомунун сүйүү түшүнүгү да ушул баалуулуктар арасында орун алат. «Адам болуу» дининде коом жана адамга болгон сүйүү көбүнчө Аллах сүйүүсүнөн өйдө турат. «Адамдардын ыраазычылыгы» Аллахтын ыраазычылыгынан өйдө тутулат. Бул абал Куранда «ширк», т.а. Аллахтан башкасын кудай тутунуу деп айтылат:

**Адамдардын арасында кээ бирөөлөр Аллахтан башка нерселерди (Аллахка) тең (шерик) кылып алышат (жана) аларды Аллахты сүйгөндөй сүйүшөт. Ыймандуу адамдар болсо Аллахты көбүрөөк сүйүшөт... (Бакара Сүрөсү, 165)**

Бирок бул адамдар ширк жыгач, тактайдан жасалган идолдорго сыйынуудан гана турат деп ойлошкондуктан, өздөрүн ширктен алыспыз деп ойлошот. Ичинде жашап жаткан системасынын ширк системасы экендиги аларга айтылганда болсо буга абдан ачууланышат. Бирок ширк (шерик) кошкондор канчалык өздөрүн актаганга аракет кылышса да, Аллахтын өкүмү так белгилүү, Куранда «Эч шексиз, Аллах Ага шерик кошкондорду кечирбейт. Мындан башкаларды болсо (алардан) каалаганын кечирет. Ким Аллахка шерик кошсо, албетте ал абдан адашкан.» (Ниса Сүрөсү, 116) аяты аркылуу мушриктердин абалы билдирилген.

«Адам болуу» дининин «батыл китеби» болсо – бул ата-бабалардан келген маданият жана коомдун ошол учурдагы шарттары жараткан эрежелер жыйындысы. Ошондуктан, төмөн бир акылсыздык менен, Куран «жол көрсөтүүчү» катары кабыл алынбайт. Ушул себептен да көбүнчө Куран окулбайт. Куран окуу үчүн бир гана жаназалар сыяктуу белгилүү окуялар болушу керек. Чындыгында болсо бул – чебер жана тымызын шайтандык ыкма менен Курандын адам жашоосунан алыстатылышы дегенди билдирет. Аллах Куранда мындай адамдардын абалы менен байланыштуу мындайча билдирет:

**Жана элчи айтты: «Раббим, чындыгында менин коомум бул Куранды ташталган (бир китеп) катары артка ташташты.» (Фуркан Сүрөсү, 30)**

Андан соң, коомдун батыл принциптери, кызыктай эрежелери, туура эмес тарбиялап өстүрүү калыптары, ар кимден уккан нерселер кабыл алынат жана Улуу Аллах билдирген динден башка батыл критерийлерге ылайык өмүр сүрүлөт. Ал эми Аллах болсо Курандан башка бир системаны өздөрүнө жол көрсөткүч кылып алгандарга жана ошого карабастан өздөрүн дагы эле Мусулманмын дегендерге мындайча кайрылат:

**Силерге эмне болуп жатат? Кандай өкүм чыгарып жатасыңар? Же (колуңарда) сабак алган бир китебиңер барбы? Ичинде, эмнени тандап-**

**жактырсаңар, сөзсүз силердики болот деген. Же болбосо силер үчүн (Биздин) үстүбүздө кыяматка чейин уланган бир ант барбы, силер кандай өкүм чыгарсаңар, сөзсүз силердики бойдон калат деген. (Калем Сүрөсү, 36-39)**

«Адам болуу» дининдегилер Аллах тандаган диндин ордуна өздөрүнүн каалоо жана арзууларын, ата-бабаларынан келген маданиятты же жашаган коомунун батыл эрежелерин жол көрсөтүүчү кылып алышып, жолдон адашышкан. Натыйжада аларга Аллахтын бир рахматы менен жөнөтүлгөн эң кемчиликсиз жана жалгыз кутулуу үмүтү болгон акыйкат динди, аз же көп кыска мөөнөттүк бир дүнүйөлүк кызыкчылыкка саткан болушат. Мунун кандай жаман соода экендиги Куранда мындайча айтылат:

**Акыретти берип, дүйнө жашоосун сатып алгандар – мына ушулар; ушул себептен азаптары жеңилдетилбейт жана аларга жардам берилбейт. (Бакара Сүрөсү, 86)**

**Мына ушулар акыретти берип, бузукулукту сатып алышкан; бирок мындай соодалары бир пайда алып келген жок, (жана) туура жолду да таба алышпады. (Бакара Сүрөсү, 16)**

## Жалган (батыл) динди таштоо

Аллахтын динине (Исламга) кирген бир адамдын негизги өзгөчөлүгү – бул өзүнө бир гана Аллахты Рабби кылышы. Аллахты Рабби кылып тутунган соң, Андан башка эч кандай жандык же нерсени өзүнө жол көрсөтүүчү кыла албайт. Бүт өмүрүн Аллах көрсөткөн негизде, б.а. Анын «...муттакилер (Аллахтан корккондор) үчүн жол көрсөтүүчү болгон...» (Бакара Сүрөсү, 2) китебине, Куранга ылайык калыптандырат. Мындай абалда башка бир ахлак системасын кабыл алышы эч мүмкүн болбойт. Ошондуктан ыйман келтирген бир адам Куран ахлагына толугу менен карама-каршы келген бир ахлактык системага баш ийбейт. Бир тараптан Мусулман болуп, экинчи тараптан аталарынан келген динде жок үрп-адат, салттарды туурабайт. Өз башынча бир «жашоо философиясын» да чыгарбайт. Ал бир гана Мусулман; башка бир аты жок. Ага бул ысымды Аллах берген. Куранда бул мындайча билдирилет:

**Аллахтын жолунда чындап (бүт мүмкүнчүлүгүңөр менен) жихад (аракет) кылгыла. Ал силерди тандап алды. Ал силер үчүн диниңерге (ашыкча) оорчулук жүктөгөн жок, атаңар Ибрахимдин дини(нде болгон сыяктуу). Ал (Аллах) мындан мурда да, мында (Куранда) да силерди «мусулмандар» деп атады, элчи силерге күбө болушу үчүн, силер да (башка) адамдарга күбө болушуңар үчүн. Эми намазды толук (туура) окугула, зекетти бергиле жана өзүңөрдүн (чыныгы) Кожоюнуңар – Аллахка**

**бекем (ыклас менен) байлангыла. Ал кандай жакшы Кожоюн (Мевла) жана кандай жакшы Жардамчы. (Хаж Сүрөсү, 78)**

Курандын көптөгөн сүрөлөрүндө ичинде жашаган коомдун батыл дининен толугу менен кол үзүп, бөлүнгөн жана толугу менен Аллахтын динине багытталган момундар жөнүндө сөз кылынат. Ичинде жашаган коомдун батыл динин кабыл алышпаганы үчүн өлүм коркунучуна кабылган жана коопсуздук үчүн үңкүргө корголонгон «Асхабы Кехф» (үңкүр эли) булардын бир мисалы. Куранда Кехф Эхлинин абалы мындайча баяндалат:

**Сен, же Кехф жана Раким Эхлин Биздин таң калыштуу аяттарыбыздан деп ойлодуңбу? (Кехф Сүрөсү, 9)**

**Биз сага алардын кабарларын бир чындык (окуя) катары билдирүүдөбүз. Чындыгында Алар Раббилерине ыйман келтирген жаштар эле жана Биз алардын хидаяттарын арттырган элек. Алардын жүрөктөрүнө (сабыр жана чечкиндүүлүктү) байлаган элек; (падышага каршы) Кыям кылышканда (баш көтөрүшкөндө) айтышкан эле: «Биздин Раббибиз, асмандардын жана жердин Раббиси; Кудай катары биз Андан башкага сыйынбайбыз, (эгер карама-каршысын) айткан болсок, ант болсун, чындыктан чыккан болобуз. Булар биздин коомубуз; Андан башкасын кудайлар кылып алышты, аларга (ал кудайларына) апачык бир далил алып келиши керек эле. Демек Аллах жөнүндө оюнан жалганды чыгарып, жалаа жапкандан заалимирээк барбы?» (Араларынан бирөөсү айтты:) «Демек, силер алардан жана Аллахтан башка сыйынгандарынан бөлүнүп-ажырадыңар, анда (тоолорго чыгып) үңкүргө жашырынгыла да Раббиңер силерге рахматынан (көп көп) жаадырсын жана ишиңерден силерге бир пайданы жеңилдетсин.» (Кехф Сүрөсү, 13-16)**

Аяттардан байкалгандай, Аллахтын динине баш ийген бир момун батыл диндеги адамдардан пикирдик жактан толугу менен алыстап, бөлүнүшү керек. Бул сөзсүз эле алыска көчүп кетүү маанисине келбейт. Асхабы Кехф башкалар кол салгандыктан, ал жерден качып, үңкүргө киришкен. Момундар өзгөчө пикирдик, көз-караш жагынан батыл диндеги адамдардан бөлүнүшү керек. Аз. Йусуф буга мисал. Египетте ага жабылган бир куру доомат себебинен зынданга кирген убакта көз-караш жагынан каапырлардан толугу менен бөлүнүп, айрылган. Зынданда ага суроо узаткандарга мындай дейт:

**«...Чынында мен Аллахка ыйман келтирбеген, акыретти да таанybагандардын дал өзү болгон бир коомдун динин таштадым. Аталарым Ибрахимдин, Исхактын жана Йакубдун динине баш ийдим. Аллахка бир нерсени шерик кошушубуз биз үчүн такыр туура эмес. Бул бизге жана адамдарга Аллахтын**

**берешендиги жана ихсаны, бирок адамдардын көпчүлүгү шүгүр кылышпайт. Эй зындан курдаштарым, бири-биринен башка (көптөгөн) Раббилер жакшыбы, же Каххар болгон жалгыз бир Аллахпы? Силердин Аллахтан башка сыйынгандарыңар – Аллах алар жөнүндө эч далил түшүрбөгөн, силер жана атаңар ат коюп, атап алганыңардан башка нерсе эмес. Өкүм бир гана Аллахка тиешелүү. Ал Өзүнөн башкасына кулчулук кылбашыбызды буйрук кылган. Туптуура дин – мына ушул, бирок адамдардын көпчүлүгү билишпейт.» (Йусуф Сүрөсү, 37-40)**

Дагы бир аятта болсо Аз. Ибрахим жана аны менен бирге ыйман келтирген момундардын батыл диндеги коомдон бөлүнүп-айрылышы мисал көрсөтүлөт:

**Ибрахим жана анын жанындагыларда силерге сонун бир өрнөк бар. Өз коомдоруна мындай дешкен эле: «Биз силерден жана Аллахтан башка сыйынган нерселериңерден чындыгында алыспыз. Силерден (эми) тааныбай-баш тарттык. Силер менен арабызда, силер Аллахты жалгыз деп ыйман келтиргенге чейин, түбөлүк бир душмандык жана бир өч пайда болду...» (Мүмтехине Сүрөсү, 4)**

Кафирун Сүрөсү болсо момундар менен батыл диндегилердин арасындагы айырманын дагы бир сүрөттөлүшү:

**Айткын: «Эй каапырлар. Мен силердин сыйынганыңарга сыйынбайм. Менин сыйынганыма силер сыйынбайсыңар. Мен да силердин сыйынганыңарга сыйынбайм. Силер да менин сыйынганыма сыйынбайсыңар. Силердин диниңер силерге, менин диним мага.» (Кафирун Сүрөсү, 1-6)**

Момун батыл диндегилер менен өзүнүн арасындагы айырманы сөзсүз абдан аярдык менен аныкташы керек. Каапырлардын дининин эч бир тарабы, мисалы баалуулуктары, ахлак эрежелери, кыймыл-аракет калыптары, маек калыптары ж.б. момундар тарабынан кабыл алынып жасалбашы керек. Момун батыл диндеги кыймыл-аракеттерди эмес, Куранда сүрөттөлгөн кыймыл-аракеттерди кылууга жоопкерчиликтүү. Себеби Куранда момундардын кадырдуулугуна, ахлагы жана ишенимине эң жарашкан басуу калыбы жана ал тургай үн тону да сүрөттөлөт. Аллах аяттарда мындай буйурат:

**Адамдардан жүзүңдү буруп (бой көтөрбө) жана жер бетинде көпкөн абалда жүрбөгүн. Себеби Аллах текебер мактанчаактарды сүйбөйт. Басканда орто бир жолду карма (кичипейилдик менен бас), добушуңду көтөрбө. Себеби добуштардын эң жаманы эшектин добушу. (Локман Сүрөсү, 18-19)**

Бирок бул жерде бир нерсеге көңүл буруу керек: батыл диндин көп түрлөрү бар жана кээ бирлери гана, мисалы марксизмдеги сыяктуу, Аллахты жокко чыгарганын ачык

айтышат. Ал эми батыл диндегилердин көпчүлүгү, Курандан көргөнүбүздөй, Аллахка ишенебиз, Ага баш ийебиз дешет. Бирок бул ыклассыз сөз жана чындык менен эч байланышы жок. Алардын жашаган жашоосу жана кабыл алган ахлак түшүнүгү алардын бул сөзүнө карама-каршы келет. Бир аятта батыл диндегилердин мындай сөзүнө төмөнкүдөй мисал берилет:

**Кабарың болсун; калыс (кошумчасыз) болгон дин бир гана Аллахтыкы. Андан башкаларды өзүнө дос туткандар (мындай дешет:) «Биз буларга бизди Аллахка көбүрөөк жакындаштырсын деп ибадат кылып жатабыз.» Албетте, Аллах өз ара (Ал) жөнүндө талашкан нерселеринин өкүмүн берет. Чындыгында Аллах жалганчы, каапыр адамды туура жолго баштабайт. (Зүмер Сүрөсү, 3)**

Башка аяттарда болсо батыл диндегилердин аларга суралганда Аллахтын бар экендигин жана кудуретин кабыл алышаары, бирок тилдери менен кабыл алган бул чындыктын маанисин түшүнө албашы жана Андан коркушпаары кабар берилет:

**Айткын: «Асмандардан жана жерден силерге ырыскы берүүчү ким? Кулактар жана көздөрдүн ээси (малик болгон) ким? Тирүүнү өлүктөн чыгарган жана өлүктү тирүүдөн чыгарган ким? Жана иштерди ороп-курчаган ким? Алар: «Аллах» дешет. Андай болсо айткын: «Силер дагы эле коркуп-сактанбайсыңарбы?» Мына ушул силердин чыныгы Раббиңер – Аллах. Демек акыйкаттан кийин адашуудан башка эмне бар? Кайда бурулуп баратасыңар? Ушундайча Раббиңдин ал бузуку адамдар жөнүндөгү «алар шексиз эч ыйман келтиришпейт» деген сөзү ишке ашты. (Йунус Сүрөсү, 31-33)**

**Ант болсун, аларга: «Асмандарды жана жерди ким жаратты, күндү жана айды ким (Өз) буйругуна моюн сундурган?» деп сурасаң, шексиз: «Аллах» дешет. Анда кантип (туура жолдон) бурулуп кетишүүдө? (Анкебут Сүрөсү, 61)**

Ошондуктан, батыл диндерди аныктоодо абдан аяр мамиле кылуу керек. Батыл диндегилер Курандын да бир гана «өз кызыкчылыктарына карама-каршы келбеген тарабын» кабыл алышы мүмкүн. Бирок, жогоруда айтылгандай, алар Курандын бир бөлүгүн гана кабыл алышат жана Аллахтын өкүмү боюнча, Курандын бир бөлүгүнө ыйман келтирип, бир бөлүгүн жокко чыгаруу каапырдык болот:

**...Же силер Китептин бир бөлүгүнө ишенип, бир бөлүгүн жокко чыгарып жатасыңарбы? Эми силерден мындай кылгандардын бул дүйнө жашоосундагы жазасы кордук жана кыямат күнүндө да эң оор азапка жолугушат. Аллах силердин кылганыңардан бейкапар (кабарсыз) эмес. (Бакара Сүрөсү, 85)**

Аллах бир аятта момундарга мындай буйурууда:

**... (Эми) Бүгүн каапырдык жолун туткандар силердин диниңерден (диниңерди жыгуудан) үмүттөрүн үзүштү. Бүгүн силерге диниңерди толук кылдым, немат-жакшылыгымды толуктадым жана силерге дин катары Исламды тандап-жактырдым... (Маиде Сүрөсү, 3)**

Аллах бизге дин катары Исламды тандаган. Жалгыз туура жол Ислам жана андан башка жолдордун баары (бүт диндер) батыл (жалган, далил-негизсиз). Баарыбыз кандай ойлонушубуз, кандай кыймыл-аракет кылышыбыз, кандай сүйлөшүбүз, кандай жашашыбыз керек экенин Аллахтын дининен үйрөнүүгө милдеттүүбүз.

Ошондуктан, Мусулмандын милдети – бул чогуу жашаган коомунун абалын Курандын критерийлери менен анализ кылуу жана ошого жараша аракет кылуу. Эгер сиз жашаган коомдун мүчөлөрү өздөрүнө Рабби катары Аллахты эмес, бири-бирин же ата-бабаларын кабыл алышкан болсо, өздөрүнө жол көрсөтүүчү катары Аллахтын китебин эмес, башка булактарды кабыл алышкан болсо, анда Аллахты унуткан жана Анын өкүмдөрүнөн жүз бурушкан болушат.

# ЖЫЙЫНТЫК

Бул китепте «адам болуу» дининин биз жашаган коомдо пайда болгон кээ бир маанилүү тараптарын карап чыктык. Бирок, «адам болуу» дининин бир гана биз жашаган доор жана коомго тиешелүү батыл бир дин эмес экендиги бир чындык. Тескерисинче, бул шайтандын дини ар бир доордо жана ар бир аймакта акыйкат динден адашкан коомдордун орток дини абалында. Болгону бул жасалма диндин калыптарында бир катар өзгөрүүлөр болот. Убакыт жана аймакка жараша коомдордун үрп-адаттары, кыймыл-аракет калыптары өзгөрөт, бирок түпкү логика ошол бойдон калат. Мисалы, «адам болуу» дининин эң негизги өзгөчөлүктөрүнүн бири болгон өзүн көрсөтүп, мактануу ар кандай коомдордо, ар кандай абалда ишке ашышы мүмкүн же болбосо бой көтөрүү жана текеберленүүнү көрсөткөн мимика жана ишараттар ар кандай абалда жасалып жаткан болушу мүмкүн. Бирок натыйжада түпкү көз-караш бирдей.

Бул көз-караш – китептин башынан бери баса айтып келаткандай, «адам болуу» дининин Аллахты унутуп, Куранда билдирилгендей, «(Аллахты) аркаларында унутулган (маанисиз) бир нерсе кылып алган» (Худ Сүрөсү, 92) болушунун бир натыйжасы. Бул жасалма диндегилер бул дүйнөгө Аллахка кулчулук кылуу үчүн келишкенин, жалгыз кутулуунун Анын ыраазычылыгы экендигин билишпейт. Чынында болсо, бизди жараткан, бизге эне курсагында калып жана келбет берген, бизди бул дүйнөгө жайгаштырган, бул дүйнөнү биз үчүн төшөп-даярдаган, бизге ырыскы берген, бизди жашаткан жана өлтүрө турган – бул Аллах. Биздин Андан башка эч бир Велибиз (досубуз), Раббибиз, Ээбиз, Кудайыбыз жок. Андан келдик жана Ага баратабыз. Бул дүйнөдө да көпкө турбайбыз.

Демек, бар болушубуздун, бул жашообуздун маңызы ушундай экен, анда убактылуу бир мөөнөт жашай турган бул дүйнөнүн кичинекей кызыкчылык эсептерине кирүү, дүйнөдө бири-бирибизге мактануу, жок боло турган мал-мүлккө күчтүү арзуу менен байлануу, Аллахтын мининен тышкары өзүбүзгө башка жол көрсөтүүчүлөр, башка максаттар, башка «амбицияларды» тандоо – акылдуунун иши болбойт. Бул дүйнө акыреттин бир эгин талаасы катары жаратылган. Аллахтын жолуна баш ийүү, «Аллахка бекем байлануу» менен гана акыретте Аллахтын рахматына жана бейишине жетишибиз, бул дүйнөдө да бактылуу, бейпил бир өмүр сүрүшүбүз мүмкүн. Бизге Аллахтын буйругу да ушундай:

**... Аллахка бекем байлангыла, силердин Мевлаңар (Кожоюнуңар) – Ал. Ал кандай жакшы Мевла (Кожоюн) жана кандай жакшы жардамчы. (Хаж Сүрөсү, 78)**

Бул китеп боюнча карагандарыбыздын баары бизге «адам болуу» дини чыгарган туура эмес ой пикир, көз караш, адат жана мамилелерди көрсөтүүдө. «Адам болуу» дининин мындай өзгөчөлүктөрүн Куранда сүрөттөлгөн акыйкат дин менен

салыштырганыбызда, экөөсү арасында канчалык чоң айырма бар экенин апачык көрөбүз. Бул айырма – ыйман менен каапырдыктын айырмасы. Башкача айтканда, Аллахтын дини менен шайтан чыгарган батыл дин арасындагы айырма. Ошондуктан, «адам болуу» дини менен Исламдын кандайдыр бир тараптан окшош болушу, Мусулмандардын «адам болуу» дининин кандайдыр бир бөлүгүн кабыл алышы эч мүмкүн эмес. Ошондуктан момун «адам болуу» дининин коому арасында ылдам айырмаланып байкалат; коомдун мүчөлөрү анын өздөрүнөн эмес экенин кыска мөөнөттө түшүнүшөт. Бирок анын кандайча алардын динине мынчалык карама-каршы бир кулк-мүнөзгө ээ экендигин түшүнө алышпайт. Момундун логикасы алардын логикасына толугу менен карама-каршы. Ансыз деле, ушул себептен, тарых боюнча «адам болуу» дининдегилер момундардын кандай логикада экендигин аңдап-түшүнө алышкан эмес жана ал тургай, аларга «жинди» деп айып тагышкан.

Чынында болсо, өздөрүнүн системасынын эч кандай логикага туура келген, акылдуу бир таянычы жок. Сүйлөгөн сөздөрү көбүнчө бири-бирине карама-каршы келет. Исламды ээрчүү керек дешет, кийин болсо буга өз ойлорунда чектерди коюшат. Диндин кээ бир өкүмдөрүн өздөрүнүн төмөн акылдары менен «жактырышат», бирок көп «ашыкча» кетпеш керек деп кээ бир өкүмдөрдүн аткарылбашына тараптар болушат. «Биз Мусулманбыз» дешет, бирок Исламга ылайык жашагылары келбегенин айтышат.

Мындай логикага сыйбаган, парадоксалдуу сөздөрүнөн да байкалгандай, бир «адам болуу» дининдеги адамдын диний темаларда жасаган жоромолдору, айткан пикир жана көз-караштары көбүнчө Куран аяттарына толугу менен карама-каршы келет. Куранда мындай адамдар жөнүндө төмөнкүдөй билдирилет:

**Адамдардын кээ бирлери, эч кандай маалыматы же жол көрсөтүүчүсү же нурдуу китеби болбостон туруп, Аллах жөнүндө талаша берет. Аллахтын жолунан адаштыруу максатында «бой көтөрүү менен моюн толгоп» ушундай кылат. Дүйнөдө ал үчүн шерменделик бар, кыямат күнү болсо күйгүзүүчү азапты таттырабыз. (Хаж Сүрөсү, 8-9)**

Чынында болсо, Курандагы чыныгы динди түшүнүп ишке ашыруу үчүн аң-сезимдин толук ачык болушу жана акылга муктаждык бар, мындай өзгөчөлүктөргө болсо момундар гана ээ. Каапырлардын жана мушриктердин болсо аң-сезимдери жана кабылдоолору жабык, аңдап-түшүнө албаган адамдар экендигин Аллах көптөгөн аятында билдирген:

**Аллах алардын жүрөктөрүнө жана кулактарына мөөр баскан; көздөрүндө пардалар бар. Жана аларга чоң азап бар. (Бакара Сүрөсү, 7)**

**Ант болсун, тозок үчүн жиндерден жана адамдардан көп санда киши жараттык (даярдадык). (Алардын) Жүрөктөрү бар, муну менен аңдап-түшүнө**

**алышпайт; көздөрү бар, муну менен көрө алышпайт; кулактары бар, муну менен уга алышпайт. Булар – айбандар сыяктуу, ал тургай андан да төмөн. Дал ушулар – капылет калгандар. (Араф Сүрөсү, 179)**

**... Чындыгында алар аңдап-түшүнбөгөн бир коом болгону себептүү, Аллах алардын жүрөктөрүн буруп койгон. (Тообо Сүрөсү, 127)**

Ошондуктан, «адам болуу» дини – бул акылсыз жана аң-сезимсиз адамдардын батыл дини. Чынында болсо, акылы жана абийири (выжданы) аны дин ахлагын жашоого багыттайт, жана чынында адамдын чыныгы атак-даңкы, аброй жана түбөлүк бактылуулугу ушул динде, т.а. Исламда.

Эки диндин бирин тандоо адамдын колунда. Бир аятта бул мындайча баяндалат:

**Динде мажбурлоо (жана басым жасоо) жок. Шексиз, туура жол (рүшд) адашуучулуктан апачык ажыратылган. Эми ким таагуттан баш тартып, Аллахка ыйман келтирсе, эч качан ажырап кетпей турган, абдан бекем бир тутканы кармаган болот. Аллах – угуучу, билүүчү. (Бакара Сүрөсү, 256)**

# ДАРВИНИЗМДИН КЫЙРАШЫ

Дарвинизм, башкача айтканда, эволюция теориясы – жаратылуу (креационизм) чындыгынан баш тартуу максатында ойлоп чыгарылган, бирок ийгиликке жете албаган илимге туура келбеген бир калп. Жандуулардын жансыз заттардан кокустуктар натыйжасында пайда болгонун жактаган бул теория ааламда жана жандууларда абдан ачык бир тең салмактуулук, жаратылуу чеберчилиги бар экендигинин илим тарабынан далилдениши менен бирге кыйрады.

Натыйжада бардык ааламды жана жандууларды Жаратуучу жараткандыгы жөнүндөгү чындык илим тарабынан да далилденди. Бүгүнкү күндө эволюция теориясын сактап калуу үчүн дүйнө жүзүндө жүргүзүлгөн пропаганда жалаң гана илимий чындыктардын бурмаланышы, теорияга жан тартуучу багытта жоромолдоо, илимий көрүнүшкө жамынып айтылган калптар жана алдамчылыктарга таянууда.

Бирок мындай пропаганда чындыкты жашыра албайт. Эволюция теориясынын эң чоң адашуу, калп экендиги акыркы 20-30 жылдан бери илим чөйрөсүндө барган сайын көп айтылууда. Өзгөчө 1980-жылдардан кийин жүргүзүлгөн изилдөөлөр Дарвинист көз-караштардын толугу менен туура эмес экендигин аныктады жана бул чындык көптөгөн илимпоздор тарабынан сөз кылынууда. Өзгөчө АКШда биология, биохимия, палеонтология сыяктуу ар кандай илим чөйрөлөрүнөн келген көптөгөн илимпоздор Дарвинизмдин туура эмес экендигин көрүүдө, жандуулардын жаралуусун эми «жаратылуу чындыгы» менен түшүндүрүшүүдө.

**Дарвинди кыйраткан кыйынчылыктар**

Эволюция теориясы тарыхы эски Грецияга чейин барган бир көз-караш болгонуна карабастан, 19-кылымда кеңири болуп ортого чыкты. Бул теорияны илим чөйрөсүнө киргизген эң маанилүү окуя – Чарльз Дарвиндин 1859-жылы чыгарган *Түрлөрдүн келип чыгышы* аттуу китеби эле. Дарвин бул китепте дүйнөдөгү бардык жандык түрлөрүнүн Жаратуучу тарабынан өз-өзүнчө жаратылганына каршы чыккан. Дарвиндин ойу бойунча, бардык түрлөр орток бир атадан келишкен жана убакыттын өтүшү менен кичинекей өзгөрүүлөр менен өзгөрүүлөргө дуушар болушкан.

Дарвиндин теориясы эч кандай так илимий табылгага таянган эмес; өзү да кабыл алгандай жөн гана бир «ой жүгүртүү» болчу. Ал тургай Дарвиндин китебиндеги «Теориянын кыйынчылыктары» аттуу узун бөлүмдө мойнуна алгандай, теория көптөгөн абдан маанилүү суроого жооп бере албайт эле.

Дарвин теориясына каршы кыйынчылыктар келечекте илим тарабынан жок кылынат, жаңы илимий табылгалар теориясын күчтөндүрөт деп үмүттөнгөн эле. Муну китебинде көп жолу белгилеп кеткен. Бирок илимдин өнүгүшү, Дарвиндин үмүтүнө каршы, теориянын негизги көз-караштарын бир-бирден жараксыз кылды.

Дарвинизмдин илим тарабынан кыйратылышын 3 негизги багытта кароого болот:

1) Теория жашоонун жер бетинде алгач кандайча пайда болгонун эч түшүндүрө албайт.

2) Теория сунуштаган «эволюция механизмдеринин» чындыгында эволюциялык күчкө ээ экендигин далилдеген эч кандай илимий далил жок.

3) Фоссилдер эволюция теориясынын туура эмес экендигин далилдейт.

Бул бөлүмдө бул үч негизги теманы тереңирээк карайбыз.

**Өтө албаган алгачкы баскыч: жашоонун келип чыгышы**

Эволюция теориясы бардык жандуу түрлөрү болжол менен мындан 3,8 миллиард жыл мурда алгачкы дүйнөдө пайда болгон жалгыз жандуу клеткадан келди деп айтышат. Жалгыз бир клетканын кандайча миллиондогон комплекстүү жандуу түрлөрүн пайда кылгандыгы жана эгер чындыгында мындай бир эволюция болгон болсо эмне үчүн бул процесстин издеринин фоссил булактарында байкалбашы теория түшүндүрө албаган суроолордон. Бирок булардан мурда сөз жүзүндөгү эволюция процессинин алгачкы баскычы жөнүндө сөз кылуу туура болот. Сөз кылынган ошол «алгачкы клетка» кантип пайда болду?

Эволюция теориясы жаратылуудан баш тарткандыктан, эч кандай табият үстү кийлигишүүнү кабыл албагандыктан, ал «алгачкы клетканын» эч кандай проект, план жана жөнгө салуу болбостон, табият мыйзамдары ичинде кокустуктан пайда болгонун айтат. Башкача айтканда, теория боюнча жансыз нерселер кокустуктар натыйжасында пайда болгон бир клетка жараткан болушу керек. Бирок бул – билинген эң негизги биология мыйзамдарына карама-каршы бир көз-караш.

**«Жашоо жашоодон келет»**

Дарвин китебинде жашоонун келип чыгышы жөнүндө эч сөз кылган эмес. Себеби анын доорундагы илим түшүнүгү жандыктарды абдан жөнөкөй бир структурада деп гипотеза кылышкан. Ортоңку кылымдан бери ишенилип келе жаткан «спонтане женерасйон» аттуу теория боюнча, жансыз нерселер кокустуктар менен чогулуп, жандуу бир нерсе жарата алышат деген ишеним бар болчу. Бул доордо коңуздар тамак таштандыларынан, чычкандар буудайдан пайда болот деген түшүнүктөр кеңири жайылган. Муну далилдөө үчүн ар кандай кызыктуу эксперименттер жасалган. Кир бир кебездин үстүнө буудай койулуп, бираз күткөндө бул аралашмадан чычкан пайда болот деп божомолдонгон.

Эттердин куртташы да жашоонун жансыз заттардан пайда болушу мүмкүн экендигине бир далил катары кабыл алынчу. Бирок кийинчерээк аныкталгандай, курттар өзүнөн-өзү жаралбайт эле, чымындар таштаган көзгө көрүнбөгөн личинкалардан чыгышат эле.

Дарвиндин *Түрлөрдүн келип чыгышы* аттуу китебин жазган учурда бактериялардын жансыз нерселерден пайда болушу ишеними илим дүйнөсүндө кеңири жайылган көз-караш болчу.

Бирок, Дарвин китебин чыгаргандан беш жылдан кийин атактуу Француз биолог Луи Пастер эволюциянын негизи болгон бул ишенимди толугу менен кыйратты. Пастер жасаган көптөгөн аракет жана эксперименттер натыйжасында барган жыйынтыгын мындай жыйынтыктайт: **«Жансыз заттардын жашоо пайда кылышы мүмкүн экендиги эми толугу менен тарыхка көмүлдү.»**[1]

Эволюция теориясынын жактоочулары Пастердин табылгаларына көп жылдар бойу тирешишти. Бирок өнүккөн илим жандуу клетканын татаал түзүлүшүн ортого койгондо, жашоонун өзүнөн-өзү пайда болушу мүмкүн эместиги абдан ачык абалга келди.

### 20-кылымдагы натыйжасыз аракеттер

20-кылымда жашоонун келип чыгышы темасын изилдеген алгачкы эволюционист, атактуу орус биолог Александр Опарин болгон. Опарин 1930-жылдары сунуштаган көптөгөн тезистери менен жандуу клетканын кокустуктар натыйжасында пайда болушу мүмкүн экендигин далилдөөгө аракет жасады. Бирок бул аракеттер ийгиликсиз аяктап, Опарин минтип мойунга алууга мажбур болгон: *«Тилекке каршы, клетканын келип чыгышы эволюция теориясын толугу менен камтыган эң караңгы (белгисиз) чекитти түзүүдө.»*[2]

Опариндин жолунан жүргөн эволюционисттер жашоонун келип чыгышы темасын чече турган эксперименттер жасоону улантышты. Мындай эксперименттердин эң атактуусу Америкалык химик Станлей Миллер тарабынан 1953-жылы жасалган. Миллер алгачкы дүйнө атмосферасында бар деп эсептеген газдарды бир экспериментте бириктирип, бул аралашмага энергия кошуу менен протеиндердин структурасында колдонулган бир канча органикалык молекулаларды (амино-кислота) синтездеген.

Ал жылдары эволюция атына маанилүү бир баскыч катары таанытылган бул эксперименттин жараксыз экендиги жана экспериментте колдонулган атмосферанын дүйнө шарттарынан абдан айырмалуу экендиги кийинки жылдарда ачыкка чыккан.[3]

Көпкө уланган бир жымжырттыктан кийин Миллер өзү да колдонгон атмосфера чөйрөсүнүн чындыктан алыс экендигин мойнуна алган.[4]

Жашоонун келип чыгышы маселесин түшүндүрүү үчүн 20-кылым бойу жасалган эволюционисттик аракеттердин баары ийгиликсиз аяктады. Сан Диего Скриппс Институтунан атактуу гео-химик Жеффрей Бада эволюционисттердин *Earth* журналынын 1998-жылкы санында чыккан макалада бул чындыкты мындайча кабыл алат:

Бүгүн, 20-кылымды артка калтырып жатып, дагы эле 20-кылымга киргенде ээ болгон эң чоң чечилбеген маселе алдыбызда турат: Жашоо жер бетинде кантип башталды?[5]

### Жашоонун комплекстүүлүгү

Эволюция теориясынын жашоонун келип чыгышы темасында мынчалык чоң жоопсуз маселеге кабылышынын негизги себеби – эң жөнөкөй деп саналган жандуу структуралардын да укмуштуу татаал түзүлүшкө ээ болушу. **Жандуу клетка адамзат жасаган бардык технологиялык продукттардан да татаал түзүлүшкө ээ**. Натыйжада

бүгүн дүйнөнүн эң алдыңкы лабораторияларында да жансыз заттар чогултулуп, жандуу бир даана клетка өндүрүү мүмкүн эмес болууда.

Бир клетканын жаралышы үчүн керектүү шарттар кокустуктар менен эч түшүндүрүлө албай турган деңгээлде көп. Клетканын эң негизги түзүүчү бөлүкчөсү болгон протеиндердин кокустуктар натыйжасында синтезделүү (пайда болуу) ыктымалдуулугу 500 амино-кислотадан турган орточо бир протеин үчүн **$1/10^{950}$ге** барабар. Бирок математикада $1/10^{50}$дөн кичине ыктымалдуулуктар иш жүзүндө ишке ашпас, башкача айтканда, 0 деп кабыл алынат. Клетканын ядросунда жайгашкан жана генетикалык маалыматты сактаган ДНК молекуласы болсо, таң калаарлык бир маалымат сактоочу болуп саналат. Адам ДНКсы камтыган маалымат эгер кагазга түшүрүлсө, 500 беттен турган 900 томдук бир китепкана болоору эсептелүүдө.

Бул жерде абдан кызыктуу дагы бир дилемма бар: ДНК жалаң гана бир канча атайын протеиндердин (энзимдердин) жардамы менен жуптала алат. Бирок бул энзимдердин синтези да жалаң гана ДНКдагы маалыматтар жардамы менен ишке ашат. Бири-биринен көз-каранды болгондуктан, жупталуу ишке ашышы үчүн экөөсү тең бир убакта бар болушу керек. Бул болсо «жашоо өзүнөн-өзү пайда болду» деген сценарийди жокко чыгарууда. Сан Диего Калифорния университетинен атактуу эволюционист проф. Лесли Оргел *Scientific American* журналынын 1994-жылы октябрдагы санында бул чындыкты мындайча мойунга алат:

*Абдан комплекстүү түзүлүшкө ээ болгон протеиндердин жана нуклеиндик кислоталардын (РНК жана ДНК) бир жерде жана бир учурда кокустуктан пайда болушу – ыктымалдуулуктан абдан алыс. Бирок булардын бири болбостон, экинчисин алуу (жасоо) да мүмкүн эмес. Ошондуктан, адам баласы жашоонун химиялык процесстер натыйжасында келип чыгышынын такыр мүмкүн эместиги жыйынтыгына барууга мажбур болууда.*[6]

Шек жок, эгер жашоонун табигый таасирлер натыйжасында келип чыгышы мүмкүн эмес болсо, анда жашоо табият үстү бир абалда «жаратылганын» кабыл алуу керек. Бул чындык негизги максаты «жаратылыштан (натыйжада Аллахтан) баш тартуу» болгон эволюция теориясын апачык жараксыз кылууда.

**Эволюциянын ойлоп табылган механизмдери**

Дарвиндин теориясын жараксыз кылган экинчи негизги сокку, теория «эволюция механизмдери» катары сунуштаган эки түшүнүктүн да чындыгында эч кандай эволюциялык күчкө ээ эмес экендигин түшүнүү натыйжасында ишке ашты.

Дарвин чыгарган эволюция көз-карашын толугу менен «табигый тандалуу» механизмине байланыштырган эле. Бул механизмге берген мааниси китебинин атынан да ачык көрүнүп турат эле: *Түрлөрдүн келип чыгышы, табигый тандалуу жолу менен...*

Табигый тандалуу табияттагы жашоо күрөшү ичинде табигый шарттарга ылайыктуу жана күчтүү жандуулардын жашоосун улантаары көз-карашына таянат. Мисалы, жырткыч жаныбарлар тарабынан коркунучка кабылган бир кийик тобунда ылдамыраак чуркаган

кийиктер жашоосун улантат. Натыйжада кийик тобу ылдам жана күчтүү кийиктерден куралат. Бирок, албетте, бул механизм кийиктерди эволюция кылбайт, аларды башка жаныбар түрүнө, мисалы аттарга айландырбайт.

Демек, табигый тандалуу механизми эч кандай эволюциялык күчкө ээ эмес. Дарвин да бул чындыкты билчү жана *Түрлөрдүн келип чыгышы* аттуу китебинде *«Пайдалуу өзгөрүүлөр пайда болмойунча, табигый тандалуу эч нерсе кыла албайт»* деп айтууга мажбур болгон.[7]

**Ламарктын таасири**

Мындай «пайдалуу өзгөрүүлөр» кантип болмок? Дарвин ошол учурдун алгачкы илим түшүнүгү ичинде бул суроого Ламаркка таянуу менен жооп берүүгө аракет жасаган. Дарвинден мурда жашаган Француз биолог Ламарктын ойу бойунча, жаныбарлар жашоолору бойу ишке ашкан физикалык өзгөрүүлөрдү кийинки урпактарга өткөрүп берүүдө, урпактан урпакка чогулган мындай өзгөрүүлөр натыйжасында жаңы жаныбар түрлөрү пайда болууда эле. Мисалы, Ламарктын ойу бойунча, жирафтар жейрендерден пайда болгон эле, бийик дарактардын жалбырактарын жеш үчүн аракет кылып жатып, урпактан урпакка мойундары узарып кеткен эле.

Дарвин да ушул сыяктуу мисалдар берген. Мисалы, *Түрлөрдүн келип чыгышы* аттуу китебинде тамак табуу үчүн сууга түшкөн кээ бир аюулар убакыттын өтүшү менен киттерге айланды деп айткан.[8]

Бирок Мендел тапкан жана 20-кылымда өнүккөн генетикалык илим менен бекемделген тукум куучулук мыйзамдары «ээ болунган өзгөчөлүктөрдүн кийинки урпактарга берилиши» жомогун толугу менен кыйратты. Мунун натыйжасында табигый тандалуу «жалгыз» жана натыйжада толугу менен жарабаган бир механизм болуп калды.

**Нео-Дарвинизм жана мутациялар**

Дарвинисттер болсо бул абалга бир чечүү жолун табуу үчүн 1930-жылдардын аягында «Модерн синтетикалык теорияны» же кеңири таралган аты менен нео-дарвинизмди чыгарышты. Нео-дарвинизм табигый тандалуунун жанына «пайдалуу өзгөрүү себеби» катары мутацияларды, башкача айтканда, жаныбарлардын гендеринде радиациялар сыяктуу тышкы таасирлер же копиялоо каталары натыйжасында пайда болгон бузулууларды кошушту.

Бүгүнкү күндө дагы эле дүйнөдө эволюция атына жарактуулугун сактаган модел – бул нео-дарвинизм. Теория жер бетинде жашаган миллиондогон жандык түрү, бул жаныбарлардын кулак, көз, өпкө, канат сыяктуу сансыз комплекстүү органдары «мутацияларга», башкача айтканда, генетикалык бузулууларга таянган бир процесс натыйжасында пайда болду деп эсептейт. Бирок теорияны жокко чыгарган ачык бир илимий чындык бар: **Мутациялар жаныбарларды жакшы жакка өзгөртпөйт, тескерисинче дайыма жаныбарларга тескери таасир беришет**.

Мунун себеби абдан жөнөкөй: ДНК абдан комплекстүү түзүлүшкө ээ. Бул молекулада пайда болгон ар кандай туш келе (стохастикалык) бир таасир жалаң гана зыян берет. Америкалык генетикчи Б.Г. Ранганатхан муну мындайча түшүндүрөт:

*Мутациялар – кичинекей, стохастикалык жана зыяндуу. Кээ-кээде гана ишке ашат жана эң жакшы ыктымалдуулук учурунда эч кандай таасир жаратпайт. Бул үч өзгөчөлүк мутациялардын эволюциялык бир өнүгүү жарата албасын көрсөтөт. Ансыз деле жогорку даражада өзгөчө бир организмде пайда болгон бир туш келе өзгөрүү – же таасирсиз болот же болбосо зыяндуу. Бир кол саатында болгон бир өзгөрүү ал кол саатын жакшыртпайт. Чоң ыктымалдуулук менен ага зыян келтирет же эң жакшы учурда ага эч кандай таасир бербейт. Бир жер титирөө бир шаарды өнүктүрбөйт, ага кыйроо алып келет.*[9]

Чындыгында эле бүгүнкү күнгө чейин эч бир пайдалуу, башкача айтканда, генетикалык маалыматты жакшырткан, өнүктүргөн мутация мисалы байкалган жок. Бардык мутациялардын зыян алып келгени байкалды. Эволюция теориясы тарабынан «эволюция механизми» катары көрсөтүлгөн мутациялардын чындыгында жандууларды бузган, майып кылган генетикалык окуя экендиги ачык түшүнүлдү. (Адамдарда мутациялардын эң көп кездешкен натыйжасы – бул рак оорусу). Албетте, талкалоочу, бузуучу бир механизм «эволюция механизми» боло албайт. Табигый тандалуу болсо, Дарвин да кабыл алгандай, «өзү жалгыз эчтеке кыла албайт». Бул чындык бизге табиятта эч кандай «эволюция механизми» жок экендигин көрсөтөт. Демек, эволюция механизми жок болгон болсо, эволюция деп аталган кыялдагы процесс эч качан болгон эмес.

**Фоссилдер: ортоңку звено жок**

Эволюция теориясы жактаган сценарийдин эч болбогондугунун эң ачык көрсөткүчү – бул фоссилдер (мис. вулкан атылганда жаныбар, канаттуу же өсүмдүк жабышып катып калган таш калдыктар).

Эволюция теориясы бойунча, бардык жандуулар бири-биринен пайда болгон. Мурда бар болгон бир жандуу түрү убакыттын өтүшү менен башка бир түргө айланган жана бардык түрлөр ушундай жол менен пайда болгон. Теория бойунча, мындай өзгөрүүлөр миллиондогон жылдарга барабар узун убакытта болгон жана баскыч баскыч алдын (өйдө) көздөй уланган.

Мындай учурда сөз кылынган узун убакыт бойу өзгөрүү процесси ичинде сансыз көп «ортоңку звенолордун» пайда болуп, жашап өткөн болушу керек эле.

Мисалы, өткөн учурларда балык өзгөчөлүктөрүнө ээ болгонуна карабастан, бир тараптан да кээ бир сойлоп жүрүүчү өзгөчөлүктөргө ээ болгон жарым балык-жарым сойлоп жүрүүчү жандыктар жашаган болушу керек эле. Же сойлоп жүрүүчү өзгөчөлүктөрү менен бирге, бир тараптан да кээ бир канаттуу өзгөчөлүктөрүнө ээ болгон сойлоп жүрүүчү-канаттуу пайда болгон болушу керек эле. Булар бир өткөөл абалда болгондуктан, майып, кемчиликтүү, кээ бир органдары жарым-жартылай болгон жандыктар болушу

керек эле. Эволюционисттер өткөн учурда жашап өткөн деп ишенген мындай теориялык жандыктарды «ортоңку звенолор (формалар)» деп аташат.

Эгер чындыгында мындай түрдөгү жандыктар өткөн учурларда жашаган болгондо, алардын сандары жана түрлөрү миллиондогон, ал тургай миллиарддаган болушу керек эле. Жана мындай майып, кемчиликтүү жандыктардын калдыктарынын сөзсүз фоссилдери табылышы керек эле. Дарвин *Түрлөрдүн келип чыгышы* китебинде муну мындайча түшүндүрөт:

*Эгер теориям туура болсо, түрлөрдү бири-бирине байланыштырган сансыз көп ортоңку формалардын (звенолордун) түрлөрү сөзсүз жашаган болушу керек... Булардын жашап өткөндүгүнүн далилдери жалаң гана фоссил калдыктары арасынан табылышы мүмкүн.*[10]

Бирок бул сөздөрдү жазган Дарвин мындай ортоңку формалардын фоссилдеринин эч табылбаганын да билчү. Мунун теориясы үчүн чоң бир тупик экенин көрүп турган. Ошондуктан, Түрлөрдүн келип чыгышы китебинин «Теориянын кыйынчылыктары» (Difficulties on Theory) аттуу бөлүмүндө мындай деп жазган эле:

*Эгер чындап эле түрлөр башка түрлөрдөн акырын өнүгүү менен келип чыккан болсо, эмне үчүн сансыз ортоңку өткөөл звенолорго учурабай жатабыз? Эмне үчүн табият бир хаос абалында эмес, толугу менен белгиленген жана орду ордунда? Сансыз ортоңку өткөөл звено болушу керек, бирок эмне үчүн жер бетинин сансыз көп катмарында көмүлүү таппай жатабыз... Эмне үчүн ар бир геологиялык түзүлүш жана ар бир катмар мындай звенолорго толо эмес? Геология жакшы даражаландырылган бир процесс ортого чыгарбоодо жана балким бул менин теорияма каршы айтыла турган эң чоң каршы пикир болот. (Кошумча дипнот: Charles Darwin, The Origin of Species, s. 172, 280)*

**Дарвиндин үзүлгөн үмүтү**

Бирок 19-кылымдын ортосунан бери дүйнөнүн бардык тарабында кемчиликтүү жандык фоссилдери изделгенине карабастан, мындай ортоңку формалардын бир да фоссили табыла албады. Жасалган казуулар жана изилдөөлөрдө табылган табылгалар, эволюционисттердин үмүтүн үзүп, жандуулардын бир заматта, кемчиликсиз жана толук органдары менен пайда болгонун көрсөттү.

Атактуу англиялык палеонтолог (фоссил илимпозу) Дерек В. Агер бир эволюционист болгонуна карабастан, бул чындыкты мындайча мойунга алат:

*Маселе мындай: Фоссил табылгаларын жакшылап изилдегенде, түрлөр же класстар деңгээлинде болсун, дайыма бир эле чындыкка жолугабыз; баскычтуу эволюция жолу менен эмес, бир заматта жер бетинде пайда болгон группаларды көрөбүз.*[11]

Башкача айтканда, фоссил табылгаларында бардык жандуу түрлөрү ортолорунда эч кандай өткөөл форма болбостон, кемчиликсиз абалдарында бир заматта пайда болушкан. Бул Дарвин жактаган көз-карашка толугу менен карама-каршы. Тагыраак айтканда, бул – жандуу түрлөрүнүн жаратылгандыгын көрсөткөн абдан күчтүү бир далил. Себеби бир жандуу түрүнүн башка бир түрдөн («атасынан») эч кандай эволюция болбостон, бир

заматта жана кемчиликсиз бир абалда пайда болушунун жалгыз түшүндүрмөсү болуп «ал түрдүн жаратылган болушу» саналат. Бул чындык атактуу эволюционист биолог Дуглас Футуйма тарабынан да кабыл алынат:

«Жаратылуу жана эволюция жашап жаткан жандуулардын келип чыгышын түшүндүрүүнүн альтернативдүү эки жолу. Жандуулар дүйнөдө же толугу менен толук жана кемчиликсиз бир абалда пайда болушкан же мындай болгон эмес. Эгер мындай болгон эмес болсо, анда бир өзгөрүү процесси натыйжасында алардан мурда бар болгон кээ бир жандуу түрлөрүнөн эволюциялашып, жаралган болушу керек. Бирок, эгер кемчиликсиз жана толук абалда пайда болгон болсо, анда чексиз күч-кудурет ээси бир акыл тарабынан жаратылган болушу керек.»[12]

Фоссилдер болсо жандуулардын жер бетинде кемчиликсиз жана толук абалда пайда болгонун көрсөтүүдө. Башкача айтканда, «түрлөрдүн келип чыгышы» - Дарвин ойлогондун тескерисинче, эволюция эмес, жаратылуу.

**Адамдын эволюциясы жомогу**

Эволюция теориясынын жактоочулары эң көп сөз кылган тема – адамдын жаралышы темасы. Бул жөнүндө дарвинисттер бүгүнкү күндө жашаган адамды маймыл сыяктуу ар кандай жандыктардан келип чыккан деген гипотезаны жакташат. 4-5 миллион жыл мурда башталды деп гипотеза кылынган бир процессте заманбап адам менен аталары арасында «ортоңку формалар» жашаган деп айтылат. Чындыгында толугу менен ойлоп табылган бул сценарийде төрт негизги «категория» саналат:

1- австралопитек

2- хомо хабилис

3- хомо эректус

4- хомо сапиенс

Эволюционисттер адамдардын сөз жүзүндөгү алгачкы маймыл сымал атасын «түштүк маймылы» маанисине келген «австралопитек» деп аташат. Бул жандыктар чындыгында өлүп жок болгон бир маймыл түрү гана. Лорд Солли Зукерман жана профессор Чарльз Окснард сыяктуу Англия жана АКШдан дүйнөгө таанымал эки анатомист тарабынан жасалган терең изилдөөлөр бул жандыктардын жалаң гана өлүп жок болгон бир маймыл түрүнө тиешелүү экендигин жана адамдарга эч кандай окшошпогондугун көрсөткөн.[13]

Эволюционисттер адам эволюциясынын кийинки баскычын «хомо», башкача айтканда, адам деген класска бөлүшөт. Көз-караш боюнча хомо сериясындагы жандыктар австралопитектерден көбүрөөк өнүккөн. Эволюционисттер бул түрдүү жандыктарга тиешелүү фоссилдерди биринин артынан бирин тизип алышып, ойлоп табылган эволюция графигин жасашат. Бул график ойлоп табылган, себеби иш жүзүндө бул ар түрдүү класстар арасында эволюциялык байланыш бар экендиги эч качан далилдене алган эмес. Эволюция теориясынын 20-кылымдагы эң маанилүү жактоочуларынын бири Эрнст Майр «Хомо сапиенске баруучу чынжыр – иш жүзүндө кайып (жок)» деп бул чындыкты кабыл алат.[14]

Эволюционисттер *«австралопитек > хомо хабилис > хомо эректус > хомо сапиенс»* деп катарга койууда бул түрлөрдүн ар биринин кийинкисинин атасы сыяктуу көрүнүш сүрөттөшөт. Чындыгында болсо палеонтологдордун акыркы табылгалары австралопитек, хомо хабилис жана хомо эректустун дүйнөнүн ар кайсы аймактарында бир учурда жашаганын көрсөттү.[15] Мындан тышкары, хомо эректус классына тиешелүү адамдардын бир бөлүгү азыркы учурга чейин жашаган, хомо сапиенс неандерталец жана хомо сапиенс сапиенс (заманбап адам) менен бир эле чөйрөдө жанаша жашашкан.[16]

Бул болсо бул класстардын бири-биринин атасы деген көз-караштын туура эмес экендигин ачык далилдейт. Гарвард университети палеонтологу Стефен Жай Гоулд өзү да бир эволюционист болгонуна карабастан, дарвинист теория такалган бул жарды (тупикти) мындайча түшүндүрөт:

«Эгер бири-бири менен бир убакта жашаган үч түрдүү хоминид (адам сымал) сүрөтү бар болгон болсо, анда биздин санжыра дарагыбыз эмне болду? Булардын бири экинчисинен келип чыкпагандыгы ачык. Мындан тышкары, бири экинчиси менен салыштырылганда, эволюциялык бир өзгөрүү тенденциясын көрсөтпөөдө.»[17]

Кыскача айтканда, массалык маалымат каражаттарында же окуу китептеринде орун алган ойлоп табылган бир топ «жарым маймыл, жарым адам» жандыктардын сүрөттөрү аркылуу, башкача айтканда, пропаганда жолу менен гана сактоого аракет кылынган «адамдын эволюциясы» сценарийи – эч кандай илимий далили, таянычы жок бир жомок гана.

Бул теманы көп жылдар бойу изилдеген, өзгөчө австралопитек фоссилдери жөнүндө 15 жыл изилдөө жасаган Англиянын эң атактуу жана урматтуу илимпоздорунун бири Лорд Солли Зукерман, бир эволюционист болгонуна карабастан, маймыл сымал жандыктардан адамга чейин уланууучу чыныгы бир санжыра дарагы жок экендиги жөнүндөгү жыйынтыкка барган.

Зукерман, мындан тышкары, кызыктуу бир «илим көрсөткүчү» даярдаган. Илимий катары кабыл алган илим тармактарынан, илимден алыс деп кабыл алган илим тармактарына чейин бир катарга койгон. Зукермандын бул таблицасы бойунча, эң «илимий», башкача айтканда, так далилдерге таянган илим тармактары – химия жана физика. Катарда булардан кийин биология илимдери, андан кийин коомдук илимдер келет. Бул катардын эң «илимден алыс» бөлүгүндө болсо, Зукермандын ойу бойунча, телепатия, алтынчы сезим сыяктуу «сезимден тышкаркы кабылдоо» түшүнүктөрү жана ошондой эле «адамдын эволюциясы» бар! Зукерман катардын бул учун мындайча түшүндүрөт:

*Объективдүү чындыктын чөйрөсүнөн чыгып, биологиялык илим катары гипотеза кылынган бул чөйрөлөргө, башкача айтканда, сезимден тышкаркы кабылдоо жана адамдын фоссил тарыхынын түшүндүрүлүшүнө киргенибизде, эволюция теориясына ишенген бир адам үчүн бардык нерсе мүмкүн экендигин көрөбүз. Ал тургай, теорияларына чындап ишенген бул адамдардын бири-бирине туура келбеген жоромолдорду да бир эле убакта кабыл алышы да мүмкүн.*[18]

Мына «адамдын эволюциясы» жомогу да – теорияларына далилсиз ишенген бир топ адамдардын тапкан кээ бир фоссилдерди өздөрү каалагандай божомолдоолорунан гана турат.

**Дарвиндин формуласы!**

Буга чейин караган бардык илимий далилдер менен бирге, ылайыктуу көрсөңүз, эволюционисттердин кандайча күлкүмүштүү ишенимге ээ экендигин жаш балдар да түшүнө турган ачык бир мисал менен көрсөтөлү.

Эволюция теориясы жандыктар кокусунан пайда болду деген ойду жактайт. Демек, бул көз-караш бойунча, жансыз жана акылсыз атомдор биригип, алгач клетканы жаратышкан жана андан кийин ошол эле атомдор кандайдыр бир жол менен башка жандыктарды жана адамды жаратышкан. Эми ойлонуп көрөлү: жандыктардын негизи болгон көмүртек, фосфор, азот, калий сыяктуу элементтерди бир жерге чогултканыбызда бир заттар тобу пайда болот. Бул атомдордун тобу кандай процесстерден өткөрүлбөсүн, бир даана да жандык жарата албайт. Кааласаңыз бир «эксперимент» да жасайлы жана эволюционисттер жактаган, бирок ачык үн менен айта албаган көз-карашын алардын атынан «Дарвин формуласы» деген ат менен анализдеп көрөлү:

Эволюционисттер көптөгөн, чоң идиштердин ичине жандыктардын түзүлүшүндө болгон фосфор, азот, көмүртек, кычкылтек, темир, магний сыяктуу элементтерден каалашынча салышсын. Ал тургай нормалдуу шарттарда кездешпеген, бирок бул аралашма ичинде болсун деп каалаган заттарды да бул идишке салышсын. Бул аралашманын ичине каалашынча амино-кислота, каалашынча (бир даанасынын кокусунан пайда болуу ыктымалдуулугу $1/10^{950}$ болгон) протеин кошушсун. Бул аралашмаларга каалаган деңгээлде ысыктык жана нымдуулук беришсин. Буларды каалаган эң алдыңкы инструменттер менен аралаштырышсын. Идиштердин жанына дүйнөнүн алдыңкы илимпоздорун койушсун.

Бул адистер атадан балага, урпактан урпакка өткөрүп, алмак-салмак миллиарддаган, ал тургай триллиондогон жылдар бойу идиштердин башында туруп күтүшсүн. Бир жандык пайда болушу үчүн кандай шарттар керек болгон болсо, каалагандай шарт түзүү эркин болсун. Бирок эмне гана кылышпасын, ал идиштерден эч качан бир жандык чыгара алышпайт. Жирафтарды, арстандарды, аарыларды, булбулдарды, тоту куштарды, аттарды, дельфиндерди, гүлдөрдү, орхидеяларды, банандарды, апельсиндерди, алмаларды, курмаларды, помидорлорду, коондорду, дарбыздарды, жүзүмдөрдү, түркүн түстүү көпөлөктөрдү жана ушулар сыяктуу миллиондогон жандык түрүнүн эч бирин жарата алышпайт. Бул жерде саналган бул жандыктардын бирөөсүн эмес, булардын жалгыз бир клеткасын да пайда кыла алышпайт.

Кыскача айтканда, акылсыз атомдор бир жерге чогулуп, клетка жарата алышпайт. Кийин кайрадан бир чечим кабыл алып, бир клетканы экиге бөлүп, андан кийин кайра кайра чечим кабыл алышып, электрондук микроскопту ойлоп тапкан, анан өз клеткасынын түзүлүшүн бул микроскоп жардамы менен изилдеген профессорлорду жарата алышпайт.

Зат жалаң гана Аллахтын жогорку күч-кудурет менен жаратышы аркылуу гана жашоого ээ болот.

Мунун тескерисин жактаган эволюция теориясы болсо – акылга толугу менен туура келбеген бир жалган гана. Эволюционисттер жактаган көз-караштарды бир аз гана ойлонуу, жогоруда мисалда көрсөтүлгөндөй, бул чындыкты апачык көрсөтөт.

**Көз жана кулактагы технология**

Эволюция теориясы эч качан түшүндүрө албаган башка бир нерсе – көз жана кулактагы кабылдоонун жогорку сапаты.

Көз менен байланыштуу темага өтүүдөн мурда «кантип көрүп жатабыз?» суроосуна кыскача жооп берели. Бир заттан келген нурлар көздөгү торчого тескери болуп түшөт. Бул нурлар бул жердеги клеткалар тарабынан электрдик импульстарга (сигналдарга) айландырылат жана мээнин арка тарабындагы көрүү борбору деп аталган кичинекей бир чекитке жетет. Бул электрдик импульстар бир канча процесстен кийин мээдеги көрүү борборунда сүрөттөлүш катары кабылданат. Бул маалыматтарды алгандан кийин эми ойлонолу:

Мээ жарык өткөрбөйт. Башкача айтканда, мээнин ичи капкараңгы, жарык мээ жайгашкан жерге чейин кире албайт. Көрүү борбору деп аталган жер – капкараңгы, жарык эч жетпеген, балким эч биз көрбөгөндөй караңгы бир жер. Бирок, сиз бул чымкый караңгылыкта нурдуу, түркүн-түстүү бир дүйнөнү көрүп жатасыз.

Болгондо да, бул көрүнүш ушунчалык даана жана сапаттуу болгондуктан, 21-кылым технологиясы да бардык мүмкүнчүлүктөргө карабастан мынчалык даана сүрөттөлүшкө жете алган жок. Мисалы, азыр окуп жаткан китебиңизди, китепти кармаган колуңузду караңыз, андан соң башыңызды көтөрүп, айланаңызды караңыз. Азыр көрүп турган дааналык жана сапаттагы бул сүрөттөлүштү башка бир жерден көрдүңүзбү? Мынчалык сапаттуу сүрөттөлүштү сизге дүйнөнүн эң алдыңкы фирмасынын эң алдыңкы телевизор экраны да тартуулай албайт. 100 жылдан бери миңдеген инженерлер мындай даана сүрөттөлүшкө жетүү үчүн аракет кылышууда. Бул үчүн заводдор, ири ишканалар курулууда, изилдөөлөр жүргүзүлүүдө, план жана проекттер жасалууда. Ошого карабастан, телевизор экранын бир карап, колуңуздагы китепти карап салыштырып көрүңүз. Экөө арасында сүрөттөлүштүн дааналыгы жана сапаты арасында чоң бир айырма байкайсыз. Болгондо да, телевизор экраны сизге эки өлчөмдүү бир сүрөттөлүш тартуулайт, сиз болсо үч өлчөмдүү, тереңдиги бар бир сүрөттөлүштү көрүп жатасыз.

Көп жылдар бойу он миңдеген инженер үч өлчөмдүү телевизор жасоого, көздүн көрүү сапатындай сапатка жетүүгө аракет кылышууда. Ооба, үч өлчөмдүү бир телевизор жасай алышты, бирок аны көз айнексиз үч өлчөмдүү кылып көрүүгө мүмкүн эмес, ошондой эле бул үч өлчөм – жасалма. Арка тарабы бозомук, алдыңкы тарабы болсо кагаздан жасалган декорация сыяктуу көрүнөт. Эч качан көз көргөн сыяктуу даана жана сапаттуу бир сүрөттөлүш жаралбайт. Камерада да, телевизордо да сөзсүз сүрөттөлүштө сапат, дааналык төмөндөшү болот.

Эволюционисттер ушундай сапаттуу жана даана сүрөттөлүштү жараткан механизм кокусунан жаралды деген ойду жакташат. Азыр бирөө сизге бөлмөңүздөгү телевизор кокусунан пайда болду, атомдор чогулду жана бул сүрөттөлүш пайда кылган инструментти (телевизорду) пайда кылды десе сиз эмне деп ойлойсуз? Миңдеген адам чогулуп жасай албаган нерсени атомдор кантип жасашсын?

Көз көргөн сапаттан алда канча төмөн болгон бир сүрөттөлүштү пайда кылган нерсе кокусунан пайда болбосо, көз жана көз көргөн сүрөттөлүштүн да кокусунан пайда боло албашы айдан ачык. Ушул эле абал кулакка да тиешелүү. Тышкы кулак айланадагы үндөрдү кулак лакатору жардамы менен топтоп, ортоңку кулакка берет; ортоңку кулак үн толкундарын күчөтүп, ички кулакка өткөрүп берет; ички кулак бул толкундарды электрдик импульстарга айландырып, мээге жөнөтөт. Көрүү процессинде болгон сыяктуу угуу процесси да мээдеги угуу борборунда ишке ашат.

Көздөгү абал кулакка да тиешелүү, башкача айтканда, мээ жарык өткөрбөгөн сыяктуу, үн да өткөрбөйт. Ошондуктан, сырт тарап канчалык ызы-чуу болсо да, мээнин ичи толугу менен жымжырттыкта. Ошого карабастан, эң даана үндөр мээде кабылданат. Үн өткөрбөгөн мээңизде бир оркестрдин симфонияларын угасыз, көчө толо адамдардын бардык ызы-чуусун угасыз. Бирок ошол учурда атайын бир прибор менен мээңиздин ичиндеги үн өлчөнсө, ал жерде толук жымжырттык өкүм сүрүп жаткандыгы байкалат.

Жогорку сапаттуу сүрөттөлүштү алуу үчүн аракет кылынган сыяктуу, үн үчүн да ондогон жылдар бойу ушундай аракеттер жасалууда. Үн жаздыруу аппараттары, музыкалык борборлор, көптөгөн электрондук аппараттар, үндү кабылдаган музыка системалары–бул аракеттердин кээ бир жыйынтыктары. Бирок болгон технология, бул технологияда иштеген миңдеген инженер жана адиске карабастан, кулак пайда кылган даана жана сапаттагы бир үнгө жете алынган эмес. Музыкалык аппарат өндүргөн эң ири фирма тарабынан өндүрүлгөн эң сапаттуу музыкалык борборду элестетип көрүңүз. Үн жаздырганда, сөзсүз үндүн бир бөлүгү жоголот же бир аз болсо да шум пайда болот же музыкалык борборду жандырганда, музыка баштала электе эле бир шум угасыз. Бирок адам денесиндеги технологиянын продукту болгон үндөр абдан даана жана кемчиликсиз. Адамдын кулагы музыкалык борбордогу сыяктуу шум жаратпайт, үн кандай болсо ошондой угат. Бул абал адам жаралгандан бери уланып келе жатат.

Бүгүнкү күнгө чейин адам баласы жасаган эч кайсы сүрөттөлүш жана үн аппараты көз жана кулак сыяктуу сапат жана ийгиликтеги бир кабылдоочу боло алган жок.

Ошондой эле, көрүү жана угуу процессинде, булардан сырткары, абдан чоң дагы бир чындык бар.

**Мээнин ичинде көргөн жана уккан аң-сезим кимге тиешелүү?**

Мээнин ичинде, түркүн түстүү дүйнөнү караган, симфонияларды, чымчыктардын сайраганын уккан, гүлдү жыттаган ким?

Адамдын көздөрүнөн, кулактарынан, мурдунан келген импульстар электрдик сигнал катары мээге барат. Биология, физиология же биохимия китептеринде бул сүрөттөлүштүн

мээде кантип пайда болоору жөнүндө көптөгөн терең маалыматтар окуй аласыз. Бирок бул тема жөнүндөгү эң маанилүү чындыкты эч жерден көрбөйсүз: мээде бул электрдик сигналдарды сүрөттөлүш, үн, жыт жана сезүү катары кабылдаган ким?

Мээнин ичинде көзгө, кулакка, мурунга муктаж болбостон бардык бул нерселерди кабылдаган бир аң-сезим бар. Бул аң-сезим кимге тиешелүү?

Албетте, бул аң-сезим – мээни түзгөн нервдер, май катмары жана нерв клеткаларына тиешелүү эмес. Мына ушул себептен улам, бардык нерсе заттан гана турат деген дарвинист-материалисттер бул суроолордун эч бирине жооп бере алышпайт. Себеби, бул аң-сезим – Аллах жараткан рух. Рух сүрөттөлүштү көрүү үчүн көзгө, үндү угуу үчүн кулакка муктаж эмес. Ал тургай, ойлонуу үчүн мээге муктаж эмес.

Бул ачык жана илимий чындыкты окуган ар бир адам мээ ичиндеги бир канча $см^3$дук, капкараңгы жерге бардык ааламды үч өлчөмдүү, түркүн түстүү, көлөкөлүү жана жарык нурлуу кылып батырып койгон улуу Аллахты ойлонуп, Андан коркуп, Ага корголошу зарыл.

**Материалисттик ишеним (дин)**

Буга чейин карагандарыбыз эволюция теориясынын илимий табылгаларга ачык карама-каршы келген бир көз-караш экендигин көрсөттү. Теориянын жашоонун келип чыгышы жөнүндөгү ойу илимге эч туура келбейт, теория жактаган эволюция механизмдеринин эч кандай эволюциялык күчү жок жана фоссилдер теория муктаж болгон ортоңку формалардын эч качан жашабаганын көрсөтүүдө. Бул учурда, албетте, эволюция теориясы илимге туура келбеген бир пикир катары тарыхка калтырылышы керек. Тарыхта да «дүйнө борбордуу аалам» модели сыяктуу көптөгөн пикирлер илимден чыгарылып салынган. Бирок эволюция теориясы илим катары сакталып калууга аракет кылынууда. Ал тургай кээ бир адамдар теорияга сын-пикирлерди «илимге кол салуу» катары көрсөтүүгө аракет кылышууда. Эмнеге мындай?..

Бул абалдын себеби – эволюция теориясынын кээ бир чөйрөлөр үчүн андан эч баш тартыла албай турган догма бир ишеним болушунда. Бул чөйрөлөр материалисттик философияга эч кандай далилсиз байланып алышкан жана дарвинизмди болсо жападан жалгыз материалисттик көз-караш катары жакташууда.

Кээде муну ачык-ачык мойнуна да алышат. Гарвард университетинен атактуу бир генетикчи жана ошол эле учурда алдыңкы бир эволюционист болгон Ричард Левонтин «алгач материалист, андан соң илимпоз» экенин мындайча мойнуна алат:

*Биздин материализмге бир ишенимибиз бар, априори (мурдатан (далилсиз) кабыл алынган, туура деп гипотеза кылынган) бир ишеним бул. Бизди дүйнөгө материалисттик түшүндүрмө жасоого зордогон нерсе – илимдин ыкмалары жана эрежелери эмес. Тескерисинче, материализмге болгон «априори» байланганыбыз себептүү, дүйнөгө материалисттик түшүндүрмө алып келген изилдөө ыкмаларын жана түшүнүктөрүн чыгарабыз. Материализм абсолюттук туура болгондон кийин, Илахи бир түшүндүрүүнүн ортого чыгышына жол бере албайбыз.*[19]

Бул сөздөр – дарвинизмдин материалисттик философияга байлануу (көз-каранды болуу) үчүн жашатылган бир догма экендигинин ачык баяны. Бул догма заттан башка эч кандай жандык жок деп гипотеза жасайт. Ошондуктан, жансыз, аң-сезимсиз, акылсыз зат жашоону жаратты деп ишенет. Миллиондогон ар түрдүү жандыктарды, мисалы чымчыктар, балыктар, жирафтар, кабыландар, курт-кумурскалар, дарактар, гүлдөр жана адамдарды заттардын өз-ара реакциялары аркылуу, башкача айтканда, жааган жамгыр, чагылган аркылуу жансыз заттар ичинен жаралып калды деп кабыл алат. Чындыгында болсо бул акылга да, илимге да сыйбайт. Бирок дарвинисттер өз сөздөрү менен айтканда «Илахи бир (Кудай жаратты деген) түшүндүрмөнүн ортого чыкпашы» үчүн мындай нерсени жактоону улантышууда.

Жандуулардын келип чыгышына материалисттик көз-караш менен карабаган адамдар болсо төмөнкү ачык чындыкты көрүшөт: бардык жандыктар – жогорку бир күч-кудурет, илим жана акыл ээси болгон бир Жаратуучунун чыгармалары. Жаратуучу – бардык ааламды жоктон бар кылып жараткан, эң кемчиликсиз абалда жасаган жана бардык жандыктарды жаратып, келбет берген Аллах.

**Эволюция теориясы дүйнө тарыхынын эң таасирдүү сыйкыры**

Бул жерде муну да айта кетүү керек: алдын-ала сын-пикирсиз, эч кандай идеологиянын таасири астында калбастан, жалаң гана акылын жана логикасын колдонгон ар бир адам илим жана маданияттан алыс коомдордун негизсиз ишенимдерин элестеткен эволюция теориясынын ишенүүгө мүмкүн эмес бир көз-караш экендигин оңой эле түшүнөт.

Жогоруда да айтылгандай, эволюция теориясына ишенгендер чоң бир идиштин ичине көптөгөн атомду, молекуланы, жансыз заттарды толтуруп койсо, булардын аралашмасынан убакыт өтүшү менен ойлонгон, акыл жүгүрткөн, ачылыштар жасаган профессорлор, университет студенттери, Эйнштейн, Хаббл сыяктуу илимпоздор, Франк Синатра, Шарлтон Хестон сыяктуу искусство адамдары, ошондой эле лимон дарактары, гүлдөр, жаныбарлар чыгат деп ишенишүүдө. Болгондо да мындай акылга сыйбас пикирге ишенгендер – илимпоздор, профессорлор, илимдүү адамдар болууда. Ошол себептен, эволюция теориясы үчүн «дүйнө тарыхынын – эң чоң жана эң таасирдүү сыйкыры» сөзүн колдонуу туура болот. Себеби дүйнө тарыхында адамдардын мынчалык акылын башынан алган, акыл жана логика менен ойлонууларына тоскоолдук кылган, көздөрүнүн алдына бир перде сыяктуу тосмо тартып, алардын айдан ачык чындыктарды көрүүлөрүнө тоскоол болгон башка ишеним же көз-караш жок. Бул эски египеттиктердин күн кудайы Рага, африкалык кээ бир уруулардын тотемдерге, Саба калкынын күнгө сыйынуусунан, Аз. Ибрахимдин коомунун колдору менен жасап алган идолдорго, Аз. Мусанын коомунун өздөрү алтындан жасаган музоого сыйынуусунан бир топ коркунучтуу (рисктүү) жана акылга сыйбас бир сокурдук. Чындыгында бул абал – Аллах Куранда ишарат кылган акылсыздык. Аллах кээ бир адамдардын андап-түшүнүүлөрүнүн жабылып калаарын

жана чындыктарды көрүүгө алсыз болуп калаарын көптөгөн аятында билдирген. Бул аяттардын кээ бирлери төмөнкүдөй:

**Шек жок, чындыктан баш тарткандарды эскертсең да, эскертпесең да алар үчүн айырмасы жок; (алар) ишенишпейт. Аллах алардын жүрөктөрүн жана кулактарын мөөрлөгөн; көздөрүнүн үстүндө перделер бар. Жана чоң азап – аларга. (Бакара Сүрөсү, 6-7)**

**… Жүрөктөрү бар, бирок аны менен аңдап-түшүнүшпөйт, көздөрү бар, бирок аны менен көрүшпөйт, кулактары бар, бирок аны менен угушпайт. Алар – айбандар сыяктуу, ал тургай андан да төмөн. Дал ушулар – капылет калгандар.» (Араф Сүрөсү, 179)**

Аллах башка аятында болсо бул адамдардын укмуштар (можизалар) көрсө да ишенбей турган деңгээлде сыйкырланып калгандыктарын мындайча билдирет:

**Алардын үстүнө асмандан бир эшик ачсак, ал жерден жогору көтөрүлсөлөр да, сөзсүз «Көздөрүбүз айландырылып койулду, балким биз сыйкырланган бир коомбуз» деп айтышат. (Хижр Сүрөсү, 14-15)**

Мынчалык көп адамдарга бул сыйкырдын таасир этиши, адамдардын чындыктардан мынчалык алыс кармалышы жана 150 жыл бул сыйкырдын бузулбашы болсо - сөздөр менен түшүндүрүүгө мүмкүн болбой турган деңгээлде таң калаарлык бир абал. Себеби, бир же бир канча адамдын ишке ашышы мүмкүн эмес сценарийлерге, акылга жана логикага сыйбаган нерселерге толгон пикирлерге ишенишин түшүнүүгө болот. Бирок дүйнөнүн төрт бурчундагы адамдардын акылсыз жана жансыз атомдордун кокусунан бир чечим кабыл алышып, чогулушуп, укмуштай уюштуруу, дисциплина, акыл жана аң-сезим көрсөтүп, кемчиликсиз бир система менен иштеген ааламды, жандуулар үчүн ыңгайлуу болгон ар кандай өзгөчөлүккө ээ болгон жер планетасын жана сансыз көп комплекстүү системалар менен камсыз кылынган жандыктарды жараткандыгына ишенишинин – «сыйкырдан» (гипноздон) башка бир түшүндүрмөсү жок.

Аллах Куранда баш тартуучу философиянын жактоочусу болгон кээ бир адамдардын кээ бир сыйкырлар аркылуу адамдарга таасир бергендигин Аз.Муса жана Фираун арасында болгон бир окуя аркылуу бизге билдирет. Аз.Муса Фираунга (Фараонго) чындык, акыйкат динди түшүндүргөндө, Фираун Аз.Мусага өзүнүн «илимдүү сыйкырчылары» менен адамдар топтолгон бир жерде жолугуусун айтат. Аз.Муса сыйкырчылар менен жолугушканда, сыйкырчыларга алгач «таланттарын» көрсөтүшүн буйрук кылат. Бул окуяны баяндаган аяттар мындай:

**(Муса:) «Силер таштагыла» деди. (Асаларын) таштаары менен, адамдардын көздөрүн сыйкырлап жиберишти, аларды коркутушту жана (ортого) чоң бир сыйкыр алып келген болушту. (Араф Сүрөсү, 116)**

Байкалгандай, Фираундун сыйкырчылары жасаган «калптары» менен, Аз.Муса жана ага ишенгендерден башка, адамдардын баарын сыйкырлай алышкан. Бирок алардын таштаган нерселерине каршы Аз.Муса ортого койгон далил алардын бул сыйкырын, аяттагы баян менен «ойлоп тапкандарын жуткан», башкача айтканда таасирсиз кылган:

**Биз Мусага: «Асаңды ташта» деп вахий кылдык. (Ал таштап жибергенде) бир караштты, ал бардык ойлоп тапкан нерселерин топтоп жутууда. Ушундайча чындык өз ордун тапты, алардын бардык кылып жаткандары жараксыз болду. Ал жерде жеңилишти жана басмырланып тескери бурулушту. (Араф Сүрөсү, 117-119)**

Аятта да билдирилгендей, мурда адамдарды сыйкырлоо менен аларга таасир берген бул адамдар кылган нерселердин бир алдамчылык экендиги билинээри менен бул адамдар уят болуп, басмырланышкан. Бүгүнкү күндө да бир сыйкырдын таасири менен калп илимий көрүнгөн акылга такыр сыйбас жалгандарга ишенген жана буларды жактоого жашоосун арнагандар эгер бул ойлорунан (дарвинизмден) баш тартышпаса, чындыктар толугу менен ачыкка чыкканда жана «бул сыйкыр бузулганда», катуу уят болушат. Алсак, дээрлик 60 жашына чейин эволюцияны жактаган жана атесит бир философ болгон, бирок кийин чындыктарды көргөн Малкольм Муггеридж эволюция теориясынын жакынкы келечекте кабыла турган абалын мындайча сүрөттөйт:

«Мен өзүм эволюция теориясынын, өзгөчө жайылган тармактарында, келечектин тарых китептеринде эң чоң анекдот темаларынын бири болооруна толук ишендим. Келечек урпактар мынчалык чирик жана белгисиз бир гипотезанын таң калаарлык абалда кабыл алынганын таң калуу менен тосушат.»[20]

Бул келечек алыста эмес, тескерисинче, абдан жакын бир келечекте адамдар «кокустуктардын» илах (кудай) боло албашын түшүнүшөт жана эволюция теориясы дүйнө тарыхынын эң чоң калпы жана эң күчтүү сыйкыры деп аталып калат. Бул күчтүү сыйкырдан (гипноздон) дүйнөнүн төрт бурчунда адамдар абдан бат кутула башташты. Эволюция калпынын сырын үйрөнгөн көптөгөн адамдар бул калпка кантип ишенгенин таң калуу менен ойлонушууда.

**Айтышты: «Сен – Улуксуң, бизге үйрөткөнүңдөн башка биздин эч кандай илимибиз жок.**
**Чындыгында, Сен – бардык нерсени билүүчү, өкүм жана хикмат (терең акыл) ээсисиң.»**
**(Бакара Сүрөсү, 32)**

**ДИПНОТТОР**

1- Sidney Fox, Klaus Dose, Molecular Evolution and The Origin of Life, New York: Marcel Dekker, 1977, s. 2

2- Alexander I. Oparin, Origin of Life, (1936) New York, Dover Publications, 1953 (Reprint), s.196

3- New Evidence on Evolution of Early Atmosphere and Life, Bulletin of the American Meteorological Society, cilt 74, Kasım 1982, s. 1328-1330.

4- Stanley Miller, Molecular Evolution of Life: Current Status of the Prebiotic Synthesis of Small Molecules, 1986, s. 7

5- Jeffrey Bada, Earth, Şubat 1998, s. 40

6- Leslie E. Orgel, "The Origin of Life on Earth", Scientific American, cilt 271, Ekim 1994, s. 78

7- Charles Darwin, The Origin of Species: A Facsimile of the First Edition, Harvard University Press, 1964, s. 189

8-Charles Darwin, The Origin of Species: A Facsimile of the First Edition, Harvard University Press, 1964, s. 189

9- B. G. Ranganathan, Origins?, Pennsylvania: The Banner Of Truth Trust, 1988

10- Charles Darwin, The Origin of Species: A Facsimile of the First Edition, Harvard University Press, 1964, s. 179

11- Derek A. Ager, "The Nature of the Fossil Record", Proceedings of the British Geological Association, cilt 87, 1976, s. 133

12- Douglas J. Futuyma, Science on Trial, New York: Pantheon Books, 1983. s. 197

13- Solly Zuckerman, Beyond The Ivory Tower, New York: Toplinger Publications, 1970, ss. 75-94; Charles E. Oxnard, "The Place of Australopithecines in Human Evolution: Grounds for Doubt", Nature, cilt 258, s. 389

14- J. Rennie, "Darwin's Current Bulldog: Ernst Mayr", Scientific American, Aralık 1992

15- Alan Walker, Science, cilt 207, 1980, s. 1103; A. J. Kelso, Physical Antropology, 1. baskı, New York: J. B. Lipincott Co., 1970, s. 221; M. D. Leakey, Olduvai Gorge, cilt 3, Cambridge: Cambridge University Press, 1971, s. 272

16 - Time, Kasım 1996

17- S. J. Gould, Natural History, cilt 85, 1976, s. 30

18- Solly Zuckerman, *Beyond The Ivory Tower*, New York: Toplinger Publications, 1970, s. 19

19- Richard Lewontin, *"The Demon-Haunted World"*, The New York Review of Books, 9 Ocak, 1997, s. 28

20-Malcolm Muggeridge, The End of Christendom, Grand Rapids: Eerdmans, 1980, s. 43

KAPAK YAZISI:

Адамдардын көпчүлүгүн, алар байкабаса да, таасири астына алган жалган, негизсиз (батыл) бир дин бар. Бул - өзүн ачык тааныштырбаган жашыруун бир дин. Эч кандай жазылуу эрежелери жок. Аты да жок. Бирок адамдардын кыймыл-аракеттерин, ой-пикирлерин башкарат. Көп адамдар эч маани берип, байкабастан жашоолору боюнча бул диндин эрежелерин аткарышып, бул диндин буйрук жана тыюуларына ылайык жашашат. Бул жалган динге баш ийген адамдардан суралганда балким «Мен Мусулманмын» же «Мен Христианмын» деши мүмкүн. Кээ бир адамдар динсиз же ал тургай атеист болушу да мүмкүн. Бирок булардын баары чынында бул жашыруун динди тутунушат.

Бул жалган дин башында адамдардын алдына толугу менен коюлуп, аларга сунуш кылынбайт. Адамдар бул динди бул дүйнөгө келгенден баштап алган көп жылдык «тарбиянын» натыйжасында кабыл алышат. Ошондуктан, кыймыл-аракет, ой-пикир, мамилелеринин, ал тургай, мимикаларынын да бул динге таянганын байкашпайт.

Бул жалган дин аны тутунгандарга максат катары «адам болууну» көрсөтөт. «Адам болуу» - бул ошол диндин баалуулуктарын кабыл алуу, эрежелерин, тыюуларын жана кыймыл-аракет калыптарын жасоо, анын кулк-мүнөз өзгөчөлүктөрүнө ээ болуу дегенди билдирет. Коом тарабынан кабыл алынуу, алардан бөлүнүп калбоо, белгилүү бир жерге жетүү үчүн адам болуу шарт. Бул дин «адам болуу» дини. Биз бул динге, кыскача, «адам болуу дини» деген атты ыйгардык.

# АВТОР ЖӨНҮНДӨ
# YAZAR HAKKINDA

Эмгектеринде Харун Яхья атын колдонгон автор (Аднан Октар) 1956-жылы Анкарада (Түркия) төрөлдү. 1980-жылдардан бери ыйман, илимий жана саясий темаларда көптөгөн эмгектер даярдады. Мындан тышкары, автордун эволюция теориясынын жактоочуларынын алдамчылык ыкмаларын, алардын жактаган нерселеринин (эволюция теориясынын) туура эместигин жана Дарвинизмдин кандуу идеологиялар менен болгон караңгы (жашыруун) байланыштарын ортого койгон абдан маанилүү эмгектери бар.

Автордун бардык эмгектериндеги орток, негизги максат – Куранга чакырууну бүт дүйнөгө жеткирүү, мындай жол менен адамдардын Аллахтын бар экендиги, жалгыздыгы жана акырет сыяктуу негизги ыйман темалары жөнүндө ой жүгүртүүлөрүнө түрткү болуу жана чындыктан (Аллахтан) баш тартуучу системалардын чирик фундаменттерин жана туура эмес иш-аракеттерин ачыкка чыгарып, адамзатка көрсөтүү. Учурда дүйнөнүн 60

тилине которулган дээрлик 300 ашуун болгон автордун эмгектери дүйнөнүн төрт тарабында кызыгуу менен окулууда.

Харун Яхья эмгектери, Аллахтын буйругу менен, XXI кылымда дүйнө инсандарын Куранда сүрөттөлгөн бейпилдик жана тынчтыкка, чынчылдык жана адилеттүүлүккө, сулуулук жана бактылуулукка жеткирүүгө бир себепчи болмокчу.